


WOMEN






Остановим насиль-ый
Брак!
STOP

T-PEER
EMPOWERMENT


УДК 396
ББК 66.74
М 50

М 50 «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» / Кыргыз Республикасындагы «ООН-женщины» структурасынын башкы офиси. 2-жаңыртылган басылмасы – Б.: «Тех.плюс», 2016. – 184 бет.

ISBN 978-9967-27-747-2

***ООН-женщины*** – Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) гендердик теңдештик, аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери боюнча иш алып барган структурасы. Глобалдык деңгээлде аялдар менен кыздардын укуктарын активдүү жолдо коргоочу жана кызыкчылыктарын билдирүүчү «*ООН-женщины*» структурасы бүткүл дүйнө жүзүндөгү аялдар менен кыздардын укуктарын коргоо жаатындагы иштердин прогрессин ыкчамдатуу максатында түзүлгөн.

*«ООН-женщины»* структурасы гендердик теңдештикке жетишүүнүн эл аралык нормаларын жана стандарттарын аныктап чыгып, ишке киргизүүсүндө Бириккен улуттар уюмунун мүчө мамлекеттерине колдоо көрсөтөт; аталган стандарттарды жүзөгө ашыруу үчүн талап кылына турган мыйзамдарды, саясат принциптерин, программаларды жана кызматтарды иштеп чыгуу жаатында өкмөттөр жана жарандык коом уюмдары менен кызматташтыкта иш алып барат. Приоритетүү иш-аракеттердин беш багытына өзгөчө көңүл буруу менен «*ООН-женщины*» структурасы аялдардын жашоо-турмуштун бардык сфераларында тең укуктуу негизде катышуусуна активдүү түрдө көмөктөшөт. Ал багыттар - аялдардын лидерлик ролун күчтөндүрүү жана алардын коомдук жашоодогу иштерге тартылуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; аялдарды басмырлоону түп тамыры менен жоюу; тынчтыкты жана коопсуздукту орнотууга байланышкан бардык спектрдеги маселелерди чечүүгө аялдарды катыштыруу; экономика тармагында аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү; улуттук өнүгүү жаатындагы пландоо жана аларга тиешелүү бюджетти иштеп чыгуу процесстеринде гендердик теңдештикке жетишүүдө аялдардын борбордук ролун камсыздоо. «*ООН-женщины*» структурасы бүткүл БУУ системасынын алкагында гендердик теңдештикке жетишүүнү илгерилетүү жаатындагы иштери боюнча да координациялоону камсыздайт.

United Nations Peacebuilding Support Office

Тынчтыкты орнотууга колдоо көрсөтүү башкармалыгы Тынчтыкты орнотууга колдоо көрсөтүү комиссиясы менен Тынчтыкты орнотуу фондунун башкармалыгына жардам берип, колдоо көрсөтүү, ошондой эле Бириккен улуттар уюмунун мекемелеринин тынчтыкты орнотуу жаатындагы аракеттерин координациялоо аркылуу Генералдык секретарга кызматтарды көрсөтүү максатында түзүлгөн.

Колуңуздагы басылма БУУнун Тынчтыкты орнотуу фонду тарабынан каржыланган «ООН-женщины» структурасынын «Тынчтыкты бекемдөөнүн өбөлгөлөрүн жана жактоочу тараптарын түзүү» проектинин алкагында даярдалган жана басылып чыккан.

«Менин коопсуз жана бейпил мектебим» окуу куралы орто мектептердин 9-, 10- жана 11-класстарынын окуучуларына арналган. Бул окуу куралы аркылуу жаш кыз-келиндер менен эркектер Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболорунун негизинде өз укуктары, гендердик теңдик, ошондой эле өз классташтарынын, түрдүү этникалык топтор менен калктын ар кыл катмарларынын арасында адам укуктары бузулуп жаткандыгын аныктоо үчүн конфликттик ситуацияга кандайча анализ жүргүзүү керектиги жөнүндө кабардар болушат. Окуу куралдын мазмунуна ылайык аракеттерди көрүүнүн натыйжасында, курдаштар өз карьерасын өстүрүүдө жана өздүк мамилелерди ийгиликтүү жолдо түзүүдө жардам бере тургандай, жашоо-турмуш үчүн маанилүү болгон шык-жөндөмдөргө үйрөнүшөт.

**Авторлор:**
Гюнтер Геральд, Джээнбекова Марал, Кулышманова Амина, Хаслвантер Катя, Аманова Назик

**Со-авторлор:**
Айткурманова Анара, «ООН-женщины»; Аманбаева Дарика, Y-Peer Бишкек; Кабылбек кызы Зина, Y-Peer Бишкек;
Каравашкина Александра, Y-Peer Ош; Курманбекова Айчурек, «ООН-женщины» структурасынын волонтеру;
Мурзаканова Махабат, «ООН-женщины»; Норузбаева Мунира, «Маана» Кризистик борбору;
Эркинбаева Айзада, Y-Peer Бишкек

**Редакторлор:**
Монтгомери Джеймс и Браун Элистейр (англис тили)
Абдыкалыкова Гульбара (кыргыз тили)
Айткурманова Анара и Кулышманова Амина (орус тил)

**Фото сүрөттөр:**
ООН-женщины

ОсОО «Тех.плюс» басмаканасынан басылып чыккан

Колуңуздагы басылмада чагылдырылган ойлор авторлорго таандык, бирок ал «ООН-женщины» структурасынын, БУУнун же анын алкагындагы уюмдардын расмий көз карашы менен дал келбөөсү мүмкүн.

М 0803010200-15

УДК 396
ББК 66.74

ISBN 978-9967-27-747-2

Автордук укук © ООН-женщины, 2016

Кыргыз Республикасындагы «ООН-женщины» структурасынын башкы офиси
720040, Кыргызстан, Бишкек шаары, Коенкозов көчөсү 144
Тел: +996 312 325226
Факс: +996 312 325226 (105)
http://eca.unwomen.org/en/where-we-are/kyrgyzstan

<table>
<tr><th>2016-жылдагы өтө турган күндөр</th><th>Бөлүм</th><th colspan="2">Сессиянын аталышы<br>Күтүлүүчү натыйжалар</th><th>Беттери</th></tr>
<tr><td>12-16-сентябрда</td><td>Биздин коопсуз жана бейпил мектебибиз</td><td colspan="2">Биздин коопсуз жана бейпил мектебибиз</td><td>5</td></tr>
<tr><td>19-23-сентябрда</td><td rowspan="2">1-бөлүм. Тимбилдинг жана Теңме-тең окутуу принциби</td><td colspan="2">1-сессия: Тимбилдинг (топту түзүү)</td><td>15</td></tr>
<tr><td>26-30-сентябрда</td><td colspan="2">2-сессия: «Теңме-тең» принциби</td><td>30</td></tr>
<tr><td>3-7-октябрда</td><td rowspan="4">2-бөлүм. Гендердик адилеттүүлүк жана адам укугу</td><td colspan="2">1-сессия: Адам укугунун жана аял укугунун тарыхы</td><td>42</td></tr>
<tr><td>10-14-октябрда</td><td colspan="2">2-сессия: Гендер жана гендердик зомбулук</td><td>64</td></tr>
<tr><td>17-21-октябрда</td><td colspan="2">3-сессия: Кызды күч колдонуп ала качуу</td><td>72</td></tr>
<tr><td>24-28-октябрда</td><td colspan="2">4-сессия: Үй-бүлөдөгү зомбулук</td><td>86</td></tr>
<tr><td></td><td>Каникулдар</td><td colspan="2"></td><td></td></tr>
<tr><td>14-18-ноябрда</td><td></td><td colspan="2">5-сессия: Жашы жете электер менен никеге туруу<br>Гендердик проблемаларды талдоо</td><td>98</td></tr>
<tr><td>21-25-ноябрда</td><td rowspan="2">3-бөлүм. Эдвокаси</td><td colspan="2">1-сессия: Аракет кылчу кез келди! Эдвокаси</td><td>109</td></tr>
<tr><td>28-ноябрда-2-декабрда</td><td colspan="2">2-сессия: Кампаниянын стратегиясын пландоо<br>Гендердик талдоо натыйжалары боюнча иш-аракеттер планы</td><td>115</td></tr>
<tr><td>5-9-декабрда</td><td rowspan="2">4-бөлүм. Суицид жана алдын алуу чаралары</td><td rowspan="3">Иш-аракеттер планын ишке ашыруу</td><td>1-сессия: Суицид жана анын түрлөрү</td><td>132</td></tr>
<tr><td>30-ноябрда-4-декабрда</td><td>2-сессия: Суициддин алдын алуу</td><td>139</td></tr>
<tr><td>12-16-декабрда</td><td>5-бөлүм. Аксакалдар соту</td><td>1-сессия: Аксакалдар соту<br>Иш-аракеттерди ишке ашыруу боюнча отчеттор</td><td>150</td></tr>
<tr><td>19-23-декабрда</td><td></td><td colspan="2">2-сессия: Сот процессин сахналаштыруу</td><td>158</td></tr>
<tr><td>26-30-декабрда</td><td>6-бөлүм. Укук Элчи</td><td colspan="2">1-сессия: Укук Элчинин ролу жана ыйгарым укугу</td><td>175</td></tr>
<tr><td></td><td>Каникулдар / тең насаатчылар үчүн машыгуулар</td><td colspan="2"></td><td></td></tr>
</table>

* Төмөнкү түс берилген натыйжаларды тең насаатчылар өз убагында «ООН-женщины» же анын өнөктөрүнө тапшырышы абзел болгонун билдирет

# Тең насаатчылардын «Улуттук Аялдар Форумуна» катышуусу

Менин атым Осмонова Айжан. Мен 14 жаштамын. Бишкек шаарынын № 58 мектебинин 9-классынын бүтүрүүчүсүмүн. «ООН-женщины» структурасы өткөрүп жаткан «Кыздардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана гендердик теңчиликти орнотуу» долбоорунун катышуучусумун.



2015-жылдын 2-3-мартында Улуттук Аялдар Форуму Бишкек шаарында болуп өттү. Ушул жылы Кыргызстан аялдар кыймылынын 90 жылдыгын, дүйнө кыз-келиндеринин абалын жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин Пекин платформасынын 20 жылдыгын, БУУ Коопсуздук кеңешинин тынчтыкты сактоодо, чыр-чатактан кийин абалды калыбына келтирүүдө аялдардын салымын таануу боюнча 1325-резолюциясынын кабыл алынгандыгынын 15 жылдыгын белгилейт. Республикабыздын бардык аймактарынан жана чет өлкөлөрдөн келген миңден ашык адамдын катышуусу менен болуп өттү. Ошондой эле «ООН-женщины» структурасы Кыргызстандын ар бир аймагынан чыккан мыкты тең насаатчыларын катыштырды.



Улуттук аялдар форумунда катышуучулар ар тараптуу темаларды жана кыз-келиндердин укугуна байланышкан ар кандай көйгөйлөрүн алып чыгышты. Өзгөчө баса белгилөөчү жагдай – бул үй-бүлө, аялдар жана балдардын кордолуп жатышы болуп эсептелет. Ал эми биздин тең насаатчылар тарабынан жасалып кеткен иш-чаралар жөнүндө айта кетсем. Биринчи күнү форум улуттук китепканада болуп өттү. «ООН-женщины» структурасынын волонтеру Марал Дженбекова «Менин коопсузду жана бейпил мектебим» курсу жөнүндө презентация жасап тең насаатчылар эки сценка көргөзүштү.

Биринчи сценкабыз «Апельсин»аттуу болду. Бул сценкада, конфликтик кырдаалды чечүү үчүн медиация инструменттерин колдонсок болот экенин көрсөттүк. Ал эми, экинчиси «Ала качуу»сценкасы. Ала качууну биз салт катары эсептейбиз, бирок сценкада «Ала качуу» - мыйзам бузуу экенин далилденди.

Экинчи күнү Т. Сатылганов атындагы улуттук филармонияда болуп өттү. Бул күнү биз флешмобду өткөрдүк. Эң кызыктуусу форумдун катышуучулары эч нерсе билген эмес. Форумдун катышуучулары залдан тамактанууга чыкканда, биздин тең насаатчылар колдоруна плакаттарды кармап, эки-экиден ордунда катып туруп калышты. Ал эми плакаттарда жазуулар болду.




Мисалы: «Саясатта 20 % гана аялдар» жана «кош бойлуу энелерибиздин өлүмүн токтотобуз». Өтүп бара жаткан катышуучулар токтоп, окуп, сүрөткө, видеого тартып, таң калып жатышты. Ушул иш-чара менен катышуучулардын кыз-келиндердин көйгөйлөрүнө көңүлүн бура алдык. Ошол эле кезде биздин тең насаатчыларыбыз форумдун катышуучуларынын арасында сурамжылоо өткөрүп турду: «Сиз үчүн гендердик теңчилик деген эмне?». Улуттук Аялдар Форумуна катышуу тең насаатчылар үчүн пайдалуу, кызыктуу болду.

# Биздин коопсуз жана бейпил мектебибиз

*Кеп баштардан мурун айталы дегенибиз, эгерде, бул колдонмо сенин колуңа тийсе, демек, ал СЕНИКИ. «ООН-женщины» структурасы жана Европа комиссиясы бул колдонмону жеке Сага берди деп эсепте. Сен аны өзүң окуп бүткөндөн кийин,өз каалооң менен башка бирөөлөргө берсең болот. Ал сенин өз эркиң. Бирок, сен аны сатпашың керек! Колдонмонун көчүрмөлөрүн Кыргызстандагы «ООН-женщины» структурасынын өкүлчүлүгүнүн кеңсесинен алууга болот. Ал эми сенин колуңдагы бул китеп атайын СЕН үчүн, анын ичине жазууга ылайыкташтырылып иштелип чыгарылды. Демек, бул китептин ичине жазууга болот жана аны окуп бүткөндөн кийин өзүң окуган окуу жайга кайтарып берүүң милдет эмес. Андыктан, кимдир – бирөө сенден бул китептин ичине жазбоону жана аны кайтарып берүүнү талап кыла турган болсо, ал тууралуу “ООН-женщины” структурасына электрондук почта аркылуу MSPS.KG@gmail.com билдирип коюуну өтүнөбүз. Биз алар менен байланышып, бул колдонмо эмне үчүн сенин жеке китебиң боло тургандыгын түшүндүрөбүз.*

*Сенин колдонмо китебиң жоголуп кетпеши үчүн,*
*бул жерге атыңды жазып кой:*

Кымбаттуу дос!

“ООН-женщины” структурасы жана Европа комиссиясы сени, сен үчүн жаңы болгон ачылыштар дүйнөсүнө бирге саякат жасоого чакырат. Ал жактан сен гендердик теңчилик, адам укугу, жөнөкөй жарандардын укук ээси катары жана мамлекеттик кызмат адамдарынын жоопкер тарап катары укуктары менен милдеттери тууралуу эле билип тим болбостон, колуңдагы китептин аталышы айтып тургандай (Менин коопсуз жана бейпил мектебим), сен окуган окуу жайда болобу, же жашаган коомдо болобу, дегеле турмушта жолуга турган ар кандай кооптуу жагдайдайларда (алсак, чыр-чатактардын алдын алууга, болуп калган учурда аларды туура чечүүгө) терең талдоо жүргүзүү менен туура баа берүүнү үйрөнөсүң.

Эгерде сен жетиштүү деңгээлде аракетчил болсоң, өз курбуларың менен чакан команда түзүп, бул колдонмо боюнча утурлап иш жүргүзсөң болот. Ал эми биз, сен бул китептен өзүңдүн жеке, коомдук жана кесиптик турмушуңда жардамчы боло турган жашоо жөндөмдөрүн үйрөнөсүң деп, сөз беребиз. Бул жөндөмдөр сага келечекте жакшы акы төлөнүүчү ишке орношууга, ал эми жеке бизнес менен алектенүүнү чечкен болсоң, ишиңдин ийгиликтүү жүрүп кетишине жакшы өбөлгө болмокчу. Демек, сен бул китептен кооптуу абалды терең талдай билүү менен анын негизинде тийиштүү чараны колдонуу жөндөмүнө, ошондой эле, курбуларың менен команда (5-15 адамдан турган) курап, топтун мүчөлөрүнүн арасында ролдорду жана милдеттерди бөлүштүрүү менен топто иш алып барганды үйрөнөсүң.

Эмесе биз сени жана кыргыз, орус, өзбек тилдеринде жазылган бул колдонмону окуп жаткан 10000дей жигердүү жаштарды, биздин долбоор менен тааныштыра кетели. Биздин долбоор «Гендердик акыйкаттыкты орнотуу жана кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» – деп аталат. Бул долбоор «ООН-женщины» структурасы тарабынан «Адам укуктары менен демократияга көмөк көрсөтүүчү Европа куралы» программасынын алкагындагы Европа комиссиясынын гранттык кароо-сынагына сунушталып, көп сандаган сунуштардын (заявкалардын) ичинен тандалып алынган бир нече сунуштардын катарына кирди.

Долбоордун негизги максаттары төмөнкүлөр:

- Гендер, адам укугу, ошондой эле жаңжалдуу жагдайларга талдоо жүргүзүү жана алардын алдын алуу өңдүү темаларына кайрылган, кийин билим берүү мекемелеринде пайдаланууга ыңгайлуу болгон өспүрүмдөр үчүн бир нече колдонмолорду басып чыгаруу;
- Гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары боюнча расмий эмес юридика ассистенттерин жана жаш тренерлерди окутуу;
- Гендердик адилеттүүлүктү жана аялдардын/кыздардын укуктарын жакшыртуу үчүн жергиликтүү бийлик органдары менен үзгүлтүксүз өз ара аракеттешүү;

- Жаштардын укуктары жана жаш уул-кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жөнүндө маалыматтык материалдарды жайылтуу жана аларды үндөө кампанияларын түзүү;
- Гендердик адилеттүүлүктү ишке ашыруудагы жетишкендиктер менен кыйынчылыктарга көзөмөл (мониторинг) жүргүзүү;
- Этностор аралык жана чек аралык чатактарды болтурбоо жана тынчтыгын сактоо иштерин жүргүзүүчү ыктыярчыл жаштардын билимин жана мүмкүнчүлүгүн чыңдоо.

Биздин долбоордун башкы каарманы – бул сен жана сенин теңтуштарың. Бул колдонмо боюнча кадам артынан жүрүп отуруп, сен төмөндөгүлөр тууралуу терең түшүнүк аласың:

- ► гендердик теңчилик, адам укугу жана укуктуу жаран түшүнүгүн;
- ► туруктуулукка, экономикалык жактан өнүгүүгө жана бейкут жашоого качан адамдар арасында теңчилик жана баарына бирдей мыйзам үстөмдүк кылган шартта гана жетүүгө болорун;
- ► адам укуктарын коргоодо мамлекеттин жана анын өкүлдөрүнүн милдеттерин;
- ► гендердик жаатында адам укугунун негиздерин (буларды билүү менен сен укуктары бузулган адамдарга кеңеш берүүгө, ошондой эле, жарандардын укугун коргоого жоопту адамдарга көзөмөл жүргүзүүгө жана ал милдеттерин аткарбагандар тууралуу билдирүүгө үйрөнөсүң);
- ► жер-жерде тынчтыкты калыптандыруу, ага кызыкдар бардык тараптарды аны орнотууга тартуу дегенди билдирерин;
- ► социалдык оң өзгөрүштөрдүн болушу үчүн эдвокаси куралдарын кантип пайдаланууга болорун;
- ► сенин мектебиңдеги, университетиңдеги же коомчулугуңдагы чатакты басууга кантип арачы болууну жана этностор аралык жана чек аралык чоң чатак иштерди басууга кантип башкаларды да тартууга болорун.

Демек, бул сессияларды аяктоо менен сен ар кандай жагдайларда туура чечим кабыл алууга өбөлгө боло турган жөндөмдөргө ээ болосуң. Алсак, мамлекеттик түзүлүшкө, коомго жана анын бейкуттугуна коркунуч келтиргендер менен күрөшүүгө жана өз өлкөңдүн демократиялык табиятын коргоого карата туура кадам таштоого үйрөнөсүң. Ошону менен бирге, бул жөндөмдөр сага укуктары бузулган адамдарды коргоого, мыйзам бузгандардын эркиндикте жүрүшүнө алып келген мыйзам бузууларга каршы күрөшүүгө таяныч курал бомокчу.

Биз, жаштарды жана жаштар уюмдарын гендердик адилеттүүлүктү үндөөгө тартуу алардын (жаштардын) жергиликтүү деңгээлдеги чыр-чатактарды ортомчу катары чечүү жөндөмдөрүн жакшыртат деп ишенебиз. Бул болсо өз кезегинде, мектептерде, жогорку окуу жайларында жана коомчулуктарда болуп келген каршылашуулардын жана чыр-чатактардын азайышына өбөлгө болмокчу.

Биздин долбоордун дагы бир максаттарынын бири бул, жаш аялдарды керектүү жөндөмдөргө окутуу менен аларды жетекчилик ролдорго даярдоо. Ошондой эле жаш улан-кыздардын өздөрү коомдо тынчтыкты орнотуудагы ролу жергиликтүү деңгээлде чыңдалып, тынчтыкты өркүндөтүү мааниси артат, алар анда чатакты азайтуу жана тынчтыкты калыптандыруу боюнча белгилүү иштерди аткарышат. Мындай иштерге кошумча иретинде эркектердин жаш кыз-келиндердей эле улгайган аялдардын да укуктарын коргоосун камсыз кылуу жана алардын кыз ала качуу өңдүү укуктарынын бузулушун болтурбоо максатында долбоорго эркектерди катыштыруу да каралган.

«ООН-женщины» структурасы долбоордун болжолдонгон жыйынтыгынын жетишкендиктерин сага жана сенин теңтуштарыңа ыйгарышат.

Биздин кеңселерге кош келгиле же төмөнкү дарек боюнча биздин бөлүккө кошулгула facebook: *My Safe and Peaceful School*.

Бул долбоордо «ООН-женщины» структурасы Европа союзуна отчеттуу. «ООН-женщины» структурасыны 2010-жылы, он жылдар бою гендердик акыйкаттыкты орнотуу жана кыздардын

укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү иштерин жүргүзүп келишкен 4 мекемесин камтуу менен түзүлгөн. «ООН-женщины» структурасы үч багыт боюнча иш жүргүзөт:

- Гендердик акыйкаттыкты орнотуу жана кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана БУУнун Кыргыз Республикасы өңдүү мүчө-мамлекеттери тарабынан ыктыярдуу түрдө кабыл алынган милдеттенмелерине тиешелүү милдеттүү эл аралык конвенцияларды бузбоо жаатындагы мамлекеттик ишмердиктерге мониторинг жүргүзүү жана басым жасоо, ошондой эле мүмкүнчүлүктү чыңдоо үчүн өкмөт менен жакшы мамиледе болуу;

- Гендердик акыйкаттыкты орнотуу жана кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча программаларды түзүүдө алар кабыл алган милдеттенмелердин толук аткарылышы үчүн БУУнун башка түзүлүштөрүн окутуу жана мониторингин жүргүзүү;

- Гендердик акыйкаттыкты орнотуу жана кыздардын укуктары менен мүмкүнчүүлктөрүн кеңейтүү боюнча үлгүлөргө сынактык иштерди жүргүзүү боюнча өткөрүлгөн сабактардын жана жарандык деңгээлде саясатты колдонууга жардам көрсөтүү боюнча жарандык жана жеке менчик секторлор менен, ошондой эле бийлик түзүлүштөрү менен да иш жүргүзүү.

Кыргызстандагы «ООН-женщины» структурасынын кеңсеси Чыгыш Европа жана Борбордук Азия чөлкөмдөрүндө уюштурулган алгачкы өнүккөн өкмөттүк кеңсе болуп саналат. «Кыздардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана гендердик теңчиликти өрнөтүү» долбоору 2013-2015 жылдары ишке ашкан. Долбоор аяктагандан кийин «ООН-женщины» уюмунун өз каражаты менен улантып келет.

**Агенты перемен** – бул долбоордо «ООН-женщины» структурасынын өнөктөшү болуп, иш алып барган. Бул Таласта уюштурулган өкмөттүк эмес уюм (ӨЭУ), ал юридикалык маселелер боюнча иштеп, өз ишмердигине жаштарды тартууда. Ал башка ӨЭУлар жана Талас обласынын администрациясы менен гендердик акыйкаттыкты орнотуу жана кыздардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселеси боюнча тыгыз кызматташып, иш жүргүзгөн.

**SPARK** – бул долбоордо «ООН-женщины» структурасынын өнөктөшү болуп, иш алып барган. SPARK да Кыргызстан спутниги катары белгилүү, ал 2005-жылы Баткен обласында Германия эл аралык кызматташтык коомунун колдоосу менен түзүлгөн, анын Кызыл-Кыяда филиалы бар, ал да бул долбоорго катышкан. SPARK аял кыздар менен иш жүргүзүп, аларды кесиптик жана иштик ыктарга үйрөтөт, ошондой эле жаштардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жаатындагы иштерди жүргүзөт. SPARK Кызыл-Кыянын жергиликтүү бийлиги менен тыгыз кызматташуу менен бирге бир топ демөөрчүлөрдөн колдоо алып турат.

**Y-PEER** Кыргызстан бул долбоордо «ООН-женщины» структурасынын өнөктөшү болуп, иш алып барган. Y-PEER Кыргызстандын эки офиси тең (башкы офиси Бишкекте жана филиалы Ошто) 2001-жылы БУУнун Калк фонду (ЮНФПА) тарабынан негизделген. Y-PEERдин башкы кыймылына байланыштуу долбоорго тартылган. 2003-жылдан тартып Y-PEER Кыргызстан жаштар менен репродуктивдик саламаттык боюнча Форум-театр аркылуу тең-теңи менен принциби боюнча, ал эми 2011-жылдан тартып гендердик маселелер боюнча окутуу иштерин жүргүзөт.

Бул үч өнөктөш «ООН-женщины» структурасы тарабынан сынактык негизде, төмөнкү критерийлер боюнча: кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүү жана жаштарды тартуу жаатында тажрыйбалуу ӨЭУ катары, ар кайсы этностук топтордон турган, волонтерлор түйүнүн топтоого жөндөмдүү катары жана географиялык жайгашуусунун ар тараптуулугу боюнча тандалып алынган.

**Башка өнөктөштөр:**

Долбоордун ийгиликтүү ишке ашырылышы үчүн «ООН-женщины» структурасынын тобу долбоордун максаттык тобу болгон жаштар менен өз ара натыйжалуу аракеттешүү менен чектелбестен, билим берүү, сот акыйкаты жана укук коргоо органдары жаатындагы мамлекеттик бийлик органдары менен да иш жүргүзүшү керек. Келечекте долбоордун тобу жергиликтүү өз алдынча башкаруу түзүлүштөрүн (айыл өкмөтү менен айыл кеңештерин) жана жергиликтүү баштоочуларды, анын ичинде сот акыйкатынын натыйжалуулугуна жетүү үчүн аксакалдар сотун камтууну жана жаштарды катыштыруу мүмкүнчүлүгүн берүү жагын кароодо.

## Бул колдонмону кантип пайдалануу керек:

Биздин колдонмо «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» өз алдынча окуу же теңме-тең принциби боюнча окууну пайдалануу менен 14 жаштан 25 жашка чейинки кыз, уландардын максаттуу тобунун өз алдынча окууларына жардам көрсөтүү максатына арналган.

«Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосу ар кандай шарттарда пайдаланылышы мүмкүн:

- Сенин орто мектебиңде класстан тышкаркы иш-чараларына бөлүнгөн убакыттын ичинде;
- Расмий окуу программаларынын чегинде ар кайсы сабактарды өтүүгө көмөк көрсөтүү максатында;
- Сенин окуу жайыңда ачылган сабактан кийинки клуб учурунда;
- Мектептен тышкары үй-бүлөдө же жамаатта;
- Жайкы лагерде болуу убагында.

## Буга эмне керек:

- Сенин окуу жылынын ичинде жумасына эки саатты бөлүүгө жана дагы бир аз убакытты талаа тапшырмаларына бөлүүгө даярдыгың;
- «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосун өз алдынча үйрөнүүдө кызматташуу үчүн топтук иштин эрежелерин колдой турган он беш теңтуш-талапташтардын болушу;
- Ачыктык жана үйрөнүүгө дилгирлик;
- Колдонмонун ар кайсы баптарын үйрөнүүдө ар кайсы командалык орундарды аткарып көрүүгө даярдык;
- «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосун дагы сабактардын ар кайсы суроолорун жана куралдарын үйрөнүү – сенин коомдук жана кесиптик турмушуңда жардам берерин, ошондой эле бүт жамаатка пайда келтире турганын түшүнгөн ата-энелердин болушу;
- Эгерде сен «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосун мектептен бөлөк жерде үйрөнбөсөң, мектептеги үйрөнүүгө жагымдуу шарттын болушу;
- Силер бир окуу жылынын ичинде жума сайын эки саатка чогулуп окуй тургандай бөлмөнүн болушу;
- «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосунун көчүрмөсү жана ар бир катышканда үчүн калем саптын болушу.

# Биздин коопсуз жана бейпил мектебибиз



**Жүрүм-турум эрежелери:**

Мектепте, университетте жана семинарларда окуу иштерин жеңилдетүү үчүн жүрүм-турум эрежелери болот. Мисалы, биз үчүн мектептерде – алып баруучу мугалимдин каршысында элпек окуучу өңдүү көндүм көрүнүштөр болбогон, абдан жигердүү ыкмага негизделген, теңметең принциби боюнча окутууну пайдаланып жаткандыктан, биздин чогуу окуган убагыбыздын ичинде коопсуздугубузду камсыз кылуучу бир нече принцип боюнча макулдукка келишибиз абдан маанилүү. Татаалдарына кирүүдөн мурун эң жөнөкөй принциптерден баштайлы. Төмөндө ар бир катышуучунун милдеттеринин тизмеси берилди, алар сакталышы, орундалышы жана алардын аткарылышынын көзөмөлгө алынышы зарыл:

- Гендердик жактан аралаш жана ар кайсы этностогу 15 тей теңтуштардан турган топту түзүүгө аракет кылуу;
- Чылым чегүүгө, ичкилик ичүүгө жана башка баңгизаттарын пайдаланууга болбойт («сабак учурунда» деп айтканыбыз болбостур, анткени бул чаташууга алып келет);
- Сессияга кечикпей өз убагында келүү;
- Ар бир сессияны, өзгөчө силер аткара турган оюнуңар бар сессияны калтырбоо;
- Эгерде ата-энеңер үйдөгү иштерге калтыргылары келсе, силер тобуңарга келем деп сөз бергениңерди жана айткан сөзүңөргө турбасаңар, силердин үй-бүлөңөрдүн «жүзүн»көргөзөрүн жана баркыңарды кетирерин түшүндүргүлө. Үй-бүлөңөрдүн мүчөлөрүнө бир жылдын ичиндеги ар бир жуманын эки саатынын ичиндеги силердин убактыңарды сыйлап, бул убакыттын ичинде силерге өз иштерин бербешин түшүндүргүлө. Эгерде кыйынчылык болсо, ал туурасында өз теңтуштарыңар менен кеңешкиле, алар өз кезегинде силердин тууғандарыңар менен силердин сессияда болушуңардын зарылдыгы туурасында сүйлөшүшөт;
- Топтун бардык мүчөлөрүн алардын көз карашы силерге жакса да жакпаса да сыйлоо;
- Бирөөлөр сүйлөп атканда сөзүн бөлбөө. Бирок, дайыма эле бир эле адамдардын сүйлөй беришине жол бербөө;
- Ар бир сессия учурунда бирдейликти жана топтун бардык катышуучуларынын тартылышын камсыз кылуу;
- Айрым сессияларда катышуучу фасилитатордун, стенографисттин (кабар жазуу) ж.б.у.с. ролдорун аткарып жатканда бул ролдордун ар бир бапта ар башка киши аткарышына көңүл бөлүү. Мындай ыкма бир «баштоочунун» дайыма эле фасилитатордун ролун аткара беришине мүмкүнчүлүк бербейт жана сенин тобуңда жасалма көнүмүштүн калыптанышын пайда кылбайт;
- Эгерде кимдир-бирөө топто артыкчылыкта болууга аракет кылса, аны менен топтун ачык талкуусунда бул туурасында сөз кыл. «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» долбоору бири-бирин сыйлоо, көп түрдүүлүк жана тең укуктуулук өңдүү баалуулуктарга үйрөнүүгө багытталгандыктан топтук талкууда бирөөлөрдүн башчылык кылуусуна жол бербөө, ошол эле учурда эч кимди тыйбоо, анткени анын башкача пикири болушу мүмкүндүр, башка этностук топтун өкүлүдүр, же башка бир жактары менен айырмалуудур, бул ар биринин өзгөчө болушуна өбөлгө болот;
- «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосун үйрөнүү, пайдалануу учурундагы бүт айтылган пикирлер жашыруун болуп саналат. «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» боюнча сабактардын ичинде айтылган, жасалган иштерди башка кишилерге айтпагыла. Мындай ушактар ишенимди жана сөз эркиндигин жокко чыгарат, каршылыктарды жаратат жана долбоордун аткарылбай калышына алып келет. Алар тынчтыкты орнотмок түгүл, бүлдүрөт. Эгерде сен талкуулардын жашыруундугун сактай албасаң, анда «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» долбооруна катышпа.Ошондой эле окуучуларга жана ата-энеңерге сессия учурунда айтылган жана жасалган иштердин баары жеке иш экендигин айткыла. Эгерде алар «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» долбооруна кызыгышса, аларга колдонмону көрсөтүп, андан бир нече көнүгүүлөрдү жасап бер. «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» долбоорунда жашыра турган эч нерсе жок, бирок сенин теңтуштарыңдын тигил же бул суроолор боюнча кандай ойдо, пикирде экендиги, теңме-тең принциби боюнча окуу учурунда алар эмнени айтып, эмнени жасагандарын эч ким билбеши керек;
- Биз сага «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» долбоорунун баптарын ырааттуулук менен үйрөнүү керек деп кеңеш бермекчибиз. Эгерде кээ бир баптар айрым окуучуларга таптакыр жакпаса, ал баптарды калтырып,  башка кийинки бапты үйрөнүүдө кошулуусуна мүмкүнчүлүк берүү керек. Бул кимдир бирөө сабакка тартылбай отурганга, же келбей койгонго, же сабак жүргүзүүгө тоскоолдук кылып, башкаларды алаксытканга  караганда жакшыраак.

# Биздин коопсуз жана бейпил мектебибиз

Жогоруда айтылгандарга жетиштүү маани берүү үчүн, биз сага жогоруда саналган жүрүм-турумдарга карата өзүңө расмий милдеттенме алышыңды сунуш кылабыз. Өтүнөөрүбүз жогоруда айтылгандарды жакшылап ойлонуп туруп, үч нерсени аткар:

1. Бул жүрүм-турум эрежелерин сактоого сөз берип, бул жерге колуңду кой;
2. Сенин тобуңдагы теңтушуң да бул эрежени сактагандан тышкары, сенин да сөзүңдү аткара турганыңа күбө болуп, бул жерге колун койсун;
3. Дагы өтүнүч, сенин колдонмоңо бул эрежени сактайт деп кол койгон теңтушуңдун колдонмосунун экинчи сабына сен да өз колуңду кой.

Алынган бул милдеттенме сенин төмөнкүлөрдү түшүнүшүңө өбөлгө болмокчу: 1) Кол коё турган документиңди эң алгач жакшылап окуп алып, анан кол коюу керектигин; 2) Кандайдыр-бир милдеттенмени аткарам деп кол койгон соң, аны аткарышың керек экендигин. Юридикалык жактан күчү бар келишимдерге караганда сенин милдеттенмеңде андай күч жок. Ошондой болсо да, адамдар берилген сөздөрүн аткаруулары керек, ал эми сенин милдеттенмең муну сенин эсиңе салып турат да, сени да, теңтуштарыңды да жоопкер болууга үйрөтөт.

### Бул колдонмону эмне үчүн иштеп чыкканыбыздын 9 себеби бар:

1. Акыркы жылдарда Кыргыз Республикасында адамдык өнүгүү көрсөткүчү төмөндөдү, себеби адамдар мыйзамдын үстөмдүк кылуусуна ишенбей калышты, ал эми мамлекет менен жарандардын ортосундагы байланыштын солгундашына эки тараптын тең бири-бирине карата өз милдеттенмелерине кайдыгерликтери себепкер;
2. Советтер Союзунун жоюлушу менен социалдык кыйынчылыктар курчуду, ошол эле учурда коопсуздукту камсыз кылуу, өнүгүүнү өркүндөтүү жана коомдук тартипти коргоо маселелериндеге мамлекеттин кубаттуулугу начарлады;
3. Кыргыз Республикасынын демократиялык мүнөзү жарандарга коомдун, мамлекеттин жана өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө катышуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү берди. Бирок, андан пайдалангандар жокко эсе;
4. Көп жарандар кийинки муунга тарбия берүү үчүн өз коомчулугун жакшыртуу боюнча өздөрү кандай салым киргизе ала тургандарын аныктай албай арсар абалда;
5. Жоопкер адамдар катары иштөөнүн ордуна, көп адамдар аз адамдардын кызыкчылыгын канааттандыруу максатында көптөгөн адамдарга кыянаттык кыла турган катаал жана көбүнчө бузукулук аракеттерди колдонуп,учурдагы укуктук жактан жазасыздык абалдан кыянаттык менен пайдаланышууда;
6. Демократиялык мамлекеттеги эркиндик түшүнүгү боюнча эркиндик башка бирөөнүн эркиндигине зыянын тийгизбегенге чейинки деңгээлде гана өкүм сүрө турганын билдирери эстен чыгып калууда;
7. Көп адамдар өз маданий салттары жана диний баалуулуктар менен сыймыктанышат, бирок, тилекке каршы, аларды өтө сейрек колдонушат, эгерде аны колдонушса да, баалуулуктар болбогон көрүнүштөргө айланат.Эгерде адамдар «ашар» өңдүү жакшы баалуулуктарды ишке ашырып, алардын катарында билимдүү, элге кадыр-барктуу, жарандык-укуктук талаштарды чече ала турган аксакалдар кошо жүрүшсө, анда көптөгөн кыйынчылыктарды жеңүүгө жана чыр-чатактарды болтурбоого болор эле;
8. Дүйнө жүзүндөгү абдан өнүккөн коомдордо гана, керек болсо, гендердик теңчилик баарынан кыйын өнүккөн;

9. Кыргыз Республикасы эл аралык коомчулуктун мүчөсү жана Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУнун) мүчө-мамлекети болгондуктан, өз жарандарынын укуктарын сакташы жана алардын коопсуздугун камсыз кылышы керек. Бириккен Улуттар Уюмунун бир бөлүгү болгон «ООН-женщины» структурасынын өкүлдүгү мамлекеттин бул жааттагы кудуретинин өнүктүрүүгө өз салымын кошуу үчүн жарандык коом менен өз ара аракеттешип, иштөөсү керек.

Бул жетекчиликтин негизинде жаткан өзгөрүү теориясы төмөнкүдөй чечмеленет: өз коомчулугунун өнүгүшүнөн жана өз билим берүү мекемелерининде,укуктары корголуп жана урматталып турган жаш келин-кыздарды бул иштерди аткарууга толук катыштырып, тынчтыкты коргоого көмөк көрсөтүүдөн улам жаштар өз жарандык укуктарын жана милдеттерин аныктаары менен, жакшы жакка карай өзгөрүүлөр болушу мүмкүн, ал эми жардамы сейрек тие турган, бирөөнүн пикирине көз каранды болуу маданияты коомчулук үчүн жеке ар биринин аракетине же теңтуштары жана кошуналары менен биргелешкен аракетке айланышы мүмкүн. Эгерде баалуулуктар калыбына келтирилсе социалдык өзгөрүүлөрдүн болушу күтүлөт, ал эми бул максаттар үчүн тийиштүү чаралар көрүлсө, алардын жолун жолдоолору да ыктымал. Биздин жетекчиликтин максаты жаш улан кыздарга социалдык жакшы өзгөрүүлөргө жетүү үчүн пайдаланылуучу айкын мүмкүнчүлүктү жана шаймандарды берүү.



# Тимбилдинг жана «Теңме-тең» принциби

01


Тимбилдинг 15
«Теңме-тең» принциби 30

## Кыялдарыбызды жана эргүүлөрүбүздү турмушка ашыруу менен толук кандуу жашоого кантип даярданабыз:

Кыялдарыбызды жана эргүүлөрүбүздү толук кандуу жашоого айлантуу үчүн биз келечегибизди жакшылап пландап, ар бир кадамыбызды көзөмөлдөп, кыялдарыбызды ишке ашыруубуз керек. Кыска мөөнөттүү чечимдер узак мөөнөттүү натыйжаларга ээ болот. Ошентип, биздин бүгүнкү чечимдер коюлган максаттарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө кандай таасир этет жана кыялдарыбызды эртең жүзөгө ашырууга кандай түрткү берерин тоскоолдуктарды жаратарын так карап чыгышыбыз зарыл.

Он же он беш жыл алдыга саякат жасап, элестетип көргүлө. Силер каалаган жашоо тууралуу ойлонгула. Өзүңөрдү ден соолугу чың жана жигердүү элестете аласыңарбы. Үй-бүлө менен каалаган кызматты айкалыштырып толук кандуу жашоо менен күн кечире аласыңарбы? Кыялыңарга жетүү үчүн силерге өнөк боло турган адамдарды колдоо канчалык маанилүү же алар силерди өздөрүнүн кызыкчылыктарына кармап турабы?

Бул көнүгүү Сиздин дараметиңиз менен ишке ашуучу жаркын жана бактылуу келечекти берүүгө көмөк көрсөтүүгө арналган. Бул үчүн Сизге максаттарды коюп, ага жетүү пландарын түзүү керек.

**Кыска мөөнөтүү максаттар:** окуу жылында аяктоочу долбоор.

Мисалы: «Мен азыркы окуу жылында «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» машыгуусуна активдүү катышып, кийин өзүм тандаган университетте окуп, социалдык жана турмуштук көндүмдөрүмдү жакшыртсамбы? деген ойдомун»

**Узак мөөнөттүү максат:** Бир нече жылдар ичинде аяктай турган долбоор.

Мисалы: «Университетти бүкөндөн кийин, мен алгач карьера жасайм, анан 20 жаштан өткөндө үйлөнөм/турмушка чыгам жана бактылуу үй-бүлө курам».

Эми төмөндөгү таблицаны карап, аны толтуралы. Эгер анда жетишерлик орун болбосо, сиз сол жактагы бош бетти колдоно аласыз:

№1 окуу материалы: Максаттар боюнча иш кагазы

| Кыска мөөнөттүү максат | Узак мөөнөттүү максат |
|---|---|
| | |
| Өз максатыңа жетүүдөгү артыкчылык | Өз максатыңа жетүүдөгү артыкчылык |
| | |
| Менин жолумда эмнелер турат? | Менин жолумда эмнелер турат? |
| | |
| Мен эмнени билишим жана кылышым керек? | Мен эмнени билишим жана кылышым керек? |
| | |
| Мени ким колдойт? | Мени ким колдойт? |
| | |
| Иш-аракеттер планы – кийинки кадамдар | Иш-аракеттер планы – кийинки кадамдар |
| | |
| Аяктоо датасы | Аяктоо датасы |
| | |



01

# Тимбилдинг

## Киришүү

Тимбилдинг (топту түзүү) деген эмне? Биз муну жакшы түшүнүү үчүн эң оболу «команда» деген термин эмнени билдире тургандыгын аныктап алганыбыз туура. Топ – бул, жалпы максаттары бар жана ал максаттарды ишке ашыруу үчүн милдеттерди бөлүшүп алып кызматташуучу адамдардын тобу. Иш жаатында топтун мүчөлөрү өз ара бири-бири менен тыгыз мамиледе болушу милдеттүү эмес, бирок биргелешип аткарып жаткан иштин жалпы максатына жетүү үчүн аларда бири-бирине ишенүү болушу зарыл. Ал эми ишти жүзөгө ашыруу үчүн, топтун ар бир мүчөсү макулдашылган милдеттерин аткарышы керек. Жакшы топ команданын айрым бир жеке мүчөлөрүнө караганда жакшы натыйжа берет. Топтун иерархиялык түзүмү солгун, ал эми андагы ишенимдүүлүк жогору болуп, анын мүчөлөрү статусу боюнча эмес кошкон салымы боюнча бааланат.

**Эгерде топтун мүчөлөрү төмөндөгүдөй болсо, топтун иши үзүрлүү болот:**

- ишенимдүү;
- ишенимге ээ боло алган;
- чогуу иштей билген;
- эмгекчил;
- жаңы, чыгармачыл ойлорду жана жолдорду колдонууга даяр.

Демек, топтун мүчөлөрүнүн жигердүүлүгүнө жана аларда жогоруда саналган сапаттардын болушуна таянат. Ошондой болсо да, жакшы топ мүнөздөрү жана адаттары ар түрдүү мүчөлөрдөн түзүлөт. Ал эми топ ичиндеги мындай көп түрдүүлүк жалпы топтун күчтүү болушун камсыздайт. Себеби, топтун айрым бир мүчөлөрүнүн уюштуруучулук жөндөмү абдан күчтүү келсе, башкалары – чыгармачылык ойго бай келип, үчүнчүлөрү – иште кылдаттыкты баалоо менен планды ишке ашыра билген жөндөмүнө ээ. Бул сапаттардын бардыгы абдан керектүү болгондуктан, топтун ар бир мүчөсү бирдей чоң мааниге ээ жана мындай топтун мүчөлөрү бири-бирине тең мамиледе болушат.

Айрым учурда бир баштоочуну ээрчиген адамдардын курамын топ (команда) деп түшүнүшөт. Бирок, топту түзүүдө жана топтук иш мамилелеринде, баштоочунун ролу топтогу иштин жүрүшүн камсыздоо жана андагы ишти алып баруу менен чектелет: ал буйрук берүү, башкаруу, көзөмөлдөө жана топ мүчөлөрү «баштоочу» катары анын айтканын аткарып, аны ээрчүү керек дегенди түшүндүрбөйт.

Эмесе, сен төрөлгөндөн бери өзүң мүчө болгон топтону элестете аласыңбы? Албетте, ал сенин үй-бүлөң. Үй-бүлөдөн тышкары, балким, сен өз турмушуңда башка топтордун, мисалы, спорттук, музыкалык же ашар тобунун ж.б.у.с. мүчөсү болгон чыгарсың. Ал эми азыр сен классташтарың менен бир топту түзүп отурасың. Топту түзүүдө алгач, анын максаттарын жана милдеттерин аныктап алуу зарыл (Сен өз тобуна эмне каалайсың?  Эмне үчүн коюлган максатка жетүү үчүн топ түзүү керек? Ал максатка жеке өзүң, же бир досуң менен эле жетүүгө болбойбу?).

Мына ушул суроолор тууралуу ойлорду сессия учурунда  талкууга алып чыгып, өзүң мүчөсү болгон топтун топтук духун чыңдоо менен төмөнкү ураанды баса белгилегиле: «Сен топтун жүзүсүң, ал эми топтун мүчөлөрү - сенин жүзүң!»

Чындыгында эле, топ чынжыр сымал, анын начар же алсыз бөлүгү жалпы чынжырдын кубаттуулугуна таасирин тийгизет. Демек, өз милдетин аткара албагандар топтун ишин үзгүлтүккө учуратат жана анын башка мүчөлөрүн уятка калтырат.  Бул үчүн эреже катары,

иштен бошотулат, ал эми топто бул үчүн теңтуштардын тобунан чыгарылат, анткени, мындай адамга ишенүүгө болбойт. Натыйжада, топтун мындай мүчөсү теңтуштарынын ага болгон сый-урматынан ажырайт. Топтун ийгиликтүү жана кадырлуу мүчөсү болуу үчүн сен ишеничтүү жана жоопкерчиликтүү болушуң зарыл. Ошондой эле, сен өз теңтуштарыңды сыйлоо менен бирге аларды уятка калтырбаганга аракет жасашың керек. Бул сенин жеке турмушуңда да, кесиптик турмушуңда да ийгиликтүү болуу үчүн эң жакшы сабак!

**Сессиянын максаты:**

- Катышуучуларды бири-бири менен тааныштыруу;
- Топ түзүүдө жана топтун биримдигин чыңдоодо колдонулуучу ыкмаларды тааныштыруу;
- Тартынууну жоюу;
- Топтогу ар бир мүчөнүн ролунун маанилүүгүн түшүндүрүү.

**Убактысы:** 2 саат 5 мүн.

## Сессиянын жүрүшү:

| № | Көнүгүүнүн аталышы | Материалдар | Убактысы |
|---|---|---|---|
| | Пре-тест | | 5 мүн. |
| 1 | Таанышуу | | 15 мүн. |
| 2 | Топ (команда) деген эмне? | Флипчарт, Скотч, Маркерлер | 15 мүн. |
| 3 | Шамал кайдан согууда? (көнүгүү) | Отургучтар | 20 мүн. |
| 4 | Сүрөт тартуу | Кагаз, Түстүү калемдер | 10 мүн. |
| 5 | Топтук талкуу | Флипчарт, Скотч, Маркерлер | 10 мүн. |
| 6 | Топтогу менин ролум (өзүн таанып билүү) | | 5 мүн. |
| 7 | Роль алмашуу | | 10 мүн. |
| 8 | «Мунара» көнүгүүсү | Флипчарт, Скотч, Маркерлер, Түстүү кагаз | 20 мүн. |
| 9 | Корутунду | | 5 мүн. |
| | Пост-тест | | 10 мүн. |

## Пре-тест:

1. Топ (команда) деген эмне?

2. Иштин натыйжалуу болушу үчүн топто кандай сапаттар болушу керек?

3. Сен топ болуп иштегенди жактырасыңбы, же жалгыз иштегендиби?

4. Сенин оюң боюнча топто иштөө пайдалуубу?

☐ Ооба ☐ Жок

5. Сен өзүңдүн жашооңдо, кандай топтордун мүчөсүсүң?

6. Сен үчүн мектепте топ мүчөсү катары иштеген кандай?

7. Сенин оюң боюнча топ болуп иштеген натыйжалуубу же жалгыз иштегенби?



## 1. Таанышуу:

**Максаты:** Катышуучуларды бири-бири менен тааныштыруу, жагымдуу маанайды түзүү.

**Сессиянын жүрүшү:** Фасилитатор катышуучулар менен учурашкандан кийин аларды эки-экиден бөлүнүп, төмөнкү суроолорду талкууга алууну сурайт (5 мүн.):

1. Өзүң жөнүндө маалымат бер (аты-жөнү, жаш курагы, хоббиси, кызыкчылыктары).
2. Келечекте кайсы кесиптин ээси болууну каалайсың?
3. Бул тренингден эмнени күтөсүң?

Талкуу аяктагандан кийин ар бир катышуучу жогорудагы суроолорго алынган жооптор боюнча өз өнөктөшүн жалпы топко тааныштырат.

**2. Топ деген эмне?**


Бул сессиянын башынан аягына чейин катышуучулар топтун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында тимбилдинг боюнча ар кандай көнүгүүлөрдү аткарышат. Натыйжада көпкө жашай турган (балким, катышуучулар мектепти бүтүргөндөн кийин да) күчтүү топ түзүлүшү мүмкүн!

Тренинг учурунда катышуучулар натыйжалуу топту түзүү боюнча тажрыйба алышат. Ошондой эле алар бири-бири менен жакындан таанышып, алардын ортосундагы ишеним мамилелеринин түзүлүшүнө шарт түзүлөт. Катышуучулар төмөндөгүдөй эки түрдүү көнүгүүлөрдү аткарышат:

1. Ой жүгүртүүчү көнүгүүлөр;
2. Билим берүүчүлүк максатындагы оюндар же «көңүлдүү» көнүгүүлөр.

Ой жүгүртүүчү көнүгүүлөр топтун мүчөлөрүн жана топтун өзүн жакшы түшүнүүгө жардам берсе, ал эми оюндар же «көңүлдүү» көнүгүүлөр катышуучулардын ортосунда жылуу мамиленин түзүлүшүнө көмөк берет.

Бул суроо катышуучулар арасында да талкууга алынышы мүмкүн. Фасилитатор талкууну демилгелеп, талкуунун аягында катышуучуларга топ (команда) түшүнүгүнүн жалпы аныктамасын берет.



**Топ (команда) – бул жалпы максатка жетүү үчүн бири-бири менен өз ара аракеттешүүчү адамдардын тобу.**

Аныктама талкуулангандан кийин фасилитатор, акыл чабыты ыкмасын пайдалануу менен, катышуучулардан топтун иши натыйжалуу болушу үчүн эң негизги элементтер тууралуу сурайт.

Айрым элементтер төмөндө берилди:

- өз ара аракеттешүү;
- биримдик;
- жалпы максат;
- милдеттердин бөлүштүрүлүшү;
- ролдордун аныктыгы;
- жоопкерчилик;
- координатор/фасилитатор («баштоочу»);
- ж.б.у.с.

### 3. Шамал кайдан согууда?

**Максаты:** Катышуучулардын жалпы кызыкчылыктарын аныктоо.

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Фасилитатор катышуучулардан отургучтарын тегерете коюп, отуруулабын өтүнөт. Катышуучулардын бирөөсү тандалып ортого чыгат, анын отургучу алынып ташталат. Ортого чыккан катышуучу өзүнө мүнөздүү болгон бир нерсени топко айтат, мисалы, «Шамал Ч. Айтматовдун чыгармаларын жакшы көргөндөр тарапка согот», «Шамал коопсуз жана бейпил мектеп үчүн дегендер тарапка согот» ж. б.у. с.

Ким Ч. Айтматовдун чыгармаларын жакшы көрсө, же коопсуз жана бейпил мектеп үчүн болсо, анда алар ордуларынан туруп, башка бош орундарды таап отуруулары керек. (Эсиңерде болсун: жакын турган жана өзү отурган отургучка кайрадан отурууга болбойт). Акырында отургучсуз калган катышуучу ортого чыгып, ал өзүнө мүнөздүү болгон бир нерсени топко айтат. Оюн андан ары уланат.

Бул көнүгүүнү аткарууда бир отургучка эки же андан көп катышуучу отурууга болбойт!

Көнүгүү аяктагандан кийин фасилитатор төмөнү суроолорду берүү менен талкууну баштайт:

1. Бул көнүгүү учурунда өзүңөрдү кандай сездиңер?
2. Бул көнүгүү силерге жактыбы? Эмнеси менен жакты? Эмнеси менен жаккан жок?
3. Силерге теңтуштарыңар менен окшош жактарыңар көп экендигин билүү кызыктуу болдубу?

### 4. Сүрөт тартуу

**Максаты:** Катышуучулардын өз ара аракеттешүүсүн чыңдоо.

**Материалдар:**

- сүрөт тартылуучу кагаз;
- түстүү калемдер.

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Катышуучулар анча чоң эмес топторго бөлүнүп, ар бир топко өз тобуна мүнөздүү болгон жактарын сүрөттөгөн сүрөт же карикатура тартуу тапшырмасы берилет.

Андан кийин ар бир топ өз сүрөттөрүн башка топторго тааныштырышып, фасилитатор талкуу жүргүзөт. Талкуунун жүрүшүндө катышуучулар топ болуп иштөө тууралуу жалпы түшүнүктү аныкташат.

### 5. Топтук талкуу

Буга чейинки көнүгүүнүн негизинде талкуу жүргүзүлөт. Фасилитатор тандалып алынган үч суроо боюнча жалпы абалдан чыгуу жолдорун табуу үчүн талкууну баштайт. Мисалы, төмөндөгү маселелер талкууга алынса болот:

- топтун бардык мүчөлөрүнүн ишке бирдей катышуусун кантип камсыз кылса болот? (топто ар дайым тартынчаак жана үстөмдүк кылуучу адамдар болот. Бирок, эсиңерде болсун: топтун күчү анын эң чабал мүчөсүнүн күчүнө барабар);
- топ мүчөлөрүнүн ишке катышуу активдүүлүгүн кантип жогорулатса болот? (топтун жөн эле начар мүчөсү болуу жетишсиз, мүчөлөр активдүү болуп, «командалык маанайды» көтөрүшү керек);
- пикир келишпестиктерди кантип чечүү керек? (жалпы максатка жетүү үчүн макулдашуу жолун табуу абдан маанилүү, мисалы, добуш берүү жолу менен);

Маселелер талкууланып бүткөндөн кийин катышуучулар 3 топко бөлүнүшөт. Ар бир топ жогоруда каралган үч маселенин бирин төмөндөгү суроолорго жооп берүү менен кеңири талкууга алышат:

1) Маселенин келип чыгуу түпкү себептери кайсылар?
2) Маселени кантип алдын алууга болот?
3) Маселе чечилген жана чечилбей калган учурларда кандай натыйжалар күтүлүшү мүмкүн?
4) Бир эле адам бул маселени өз алдынча чече алабы?
5) Чогуу иштеген бир топ маселени чечүүдө жакшы ийгиликтерге жете алабы?

## 6. Менин топтогу ролум (өзүн таанып-билүү)

**Максаты:** Өзүн таанып-билүү түшүнүгүн жана адам өзүн-өзү көзөмөлдөө, анын маанилүүлүгүн аныктоо.

Эң акыркы жеке адам жөнүндө изилдөөлөр тармагынан жеке адамдын **аң-сезими** болуп эсептелет. Жеке адамдын **аң-сезими** - бул өзүнүн “Мен” жөнүндө аныктоо, айланадан бөлөк болуунун жөндөмдүүлүгү. Аң-сезимсиз жеке адам бар боло албайт.

Адамдын аң сезими төрөлгөндөн эле пайда болот, эң башынан эле жеке адамдын аң сезими түрлүү болуп өзгөрөт, мүнөзү түзүлүү жана жеке адам болуу бою. Төрөлгөндөн баштап, кичинекей бөбөк “Мен” аркылуу өзүнү башкалардан бөлөк көрөт. Бул психикалык кубулуш, көрүү өздөштүргөн түрлөр аркылуу бөлөк болууну жөндөмдөп, өзүнүн “Мен” (Менин көз карашым) деп башкалардан бөлөктөнөт, ошондой эле өзүнүн эмоциалык сезимдерин баамдоосун (Мен сезем, Менин оюмча) деп билдирет. Ушул кубулушка таянып, адам өзүн башкалардан бөлөкмүн деп жөндөмдөй алат.

**Адамдын аң-сезими** - эң биринчи кадамдан баштап, жаш өспүрүм куракка чейин түзүлөт, ошол мезгилде адамдын психикалык өнүгүүсү өрчүйт. Аң-сезимдин түзүлүшүндө биринчи этап - бул өзүнүн денесине мамилени аныктоо, мейкиндик кыймыл жана физикалык денеге тиешелүү мамилеси, өзүн ыңгайлуу же ыңгайсыз сезүү. Андан кийин аң-сезим башка адамдарга кандай кыймыл жасоону жөндөмдөп өзүнүн туруктуулугун көрсөтөт (Башкача айтканда, “Мен” өзүнчө кыймыл жасадым, башкалардын жардамысыз). Андан ары жыныс аныктоо мамилеси түзүлөт жана башка жыныска болгон кабатыры аныкталат. Сүйлөгөнгө ээлү болуп, адам башка адамадардын кыймылын өз пикирине карай багыттайт.

**Аң-сезимдин эң негизги милдеттеринен бири** - адамдын жүрүш-турушун жолго салуу. Жеке адамдын жүрүш-турушу топтолгон билим жана өзү жөнүндө түшүнүгү менен жөндөмдөлөт. Адам өзүн ушунчалык ишке ашырат, канчалык өзү жөнүндө билимди өздөштүрөт. Өзүнө берген баа жүрүш-туруштун эгемендүүлүк жана өз-өзүнө ишенимдүүлүк даражасыны аныктайт. Аң-сезим жөндөмдүүлүк жыйынтыгынан “Мен” деген сөз концепциясы болуп эсептелет. Бул сөздүн мааниси боюнча адамдын өзү жөнүндө түшүнүгүнүн жыйынтыгы деп эсептесе болот. Бул жалпы адамдын кебетеси, байкоо, анализ жана өзүн ар бир ролдо өздөштүрүү аркылуу пайда болот. “Мен” деген концепция адамды коомдо болгон эң негизги дэңгээлди жөндөмдөйт. Бирок бул концепция ар түрдүү образды колдонууда ар түрдүү болуп өзгөрөт. Мисалы, “Мен” - реалдуу, “Мен” - идеалдуу, “Мен” - жомоктогудай, “Мен” - күзгүдөй. “Мен” деген концепция адам өзүнө берген баага жана айланадагы коомго байланыштуу. Жеке адамга сын баа берүү менен ал түзүлөт жана өнүгөт.


Демек, адам өзүнүн анык акыл-эс даражасы болуусу зарыл, анткени өзүн көзөмөлдөө максатында жана жакшы тарабынан коомго таасир тийгизүүсү зарыл.

## 7. Ролдорду өздөштүрүү

**Максаты**: Топто ар кандай ролдорду аныктоо.

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Фасилитатор катышуучуларды текшерүү максатында алардын ар бирине ар кандай ролдорду дайындайт.






**Тактоочу:** Түшүндүрөт же болжолдойт: шарттарды аныктайт, команда алдына коюлган маселелерди тактайт, түшүндүрөт, чаташкан жагдайларды чечмелейт.

**Элдештирүүчү (макулдаткыч):** Ою талаштуу болуп калган учурда компромисстик жолду сунуштайт; топтун биримдигин сактоо үчүн ойлорду өзгөртөт же жалпыга тууралайт. Ошентсе да, элдештиргич (макулдаткыч) өз оюнан жеңил эле баш тартпастан, ал топтун жалпы кызыкчылыгы үчүн башка мүчөлөр менен өз ара «эпке келүүгө» даяр болушу керек.





**Консенсус кабыл алуучу:** Команданын чечим чыгарууга даярдыгын сурайт, ар кандай суроолорду жана комментарийлерди берүү аркылуу мүмкүн болгон чечимдердин бар же жоктугун текшерет, аныктайт.

**Дем берүүчү:** Ачык-айрым, кайрымдуу жана жардам берүүгө даяр; бет мимикасы же ымдоо белгилери аркылуу топ мүчөлөрүнүн «салымдарын» жактырарын жана кабыл аларын билдирет.





**Коштоочу:** Топту ээрчийт; башкалардын оюн көңүл кош кабыл алат; команда ичиндеги талкууларга жана чечим кабыл алууга катышпайт, жөн гана угат.

**Ортомчу:** Коммуникация жолдорунун ачык сакталышын көзөмөлдөйт; бардык тараптардын катышууларына көмөктөшөт; комментарий берүүгө же аны менен бөлүшүүгө мүмкүндүк берүүчү жолдорду сунуштайт.





**Келиштирүүчү:** Пикир келишпестиктерди чечүү аракетин кылат; курч абалды жеңилдетет, айырмачылыктарды түшүнүүгө үндөйт.


**Маалымат издөөчү:** Талкууга тиешелүү фактыларды, фактыга негизделген түшүндүрмөлөрдү талап кылат.





**Маалымат берүүчү:** Фактыларды сунуш кылат;
ой пикирлерди билдирет.


**Демилгечи:** Милдеттерди, максаттарды жана иш-аракеттерди сунуш кылат; команданын көйгөйлөрүн аныктайт, аларды чечүү жолдорун сунуш кылат.





**Пикир издөөчү:** Талкууланып жаткан темага катышы бар баалуулуктарды түшүндүрүп берүүнү же тактап алууну суранат;
альтернативалык сунуштардакаралып жаткан баалуулуктарды карайт, изилдейт.

**Багыттоочу:** Команданын максаттарына карата анын ордун (позициясын) аныктайт;
макулдашылган багыттан же максаттардан четтеп бараткануучурларды көрсөтөт;
багыттар тууралуу маселелерди топ ичиндеги талкууларга алып чыгат.






**Сындоочу:** Ойлорду сындан, талкуудан өткөрөт;
ар кандай идеялардын тигил же бул жагдайга канчалык деңгээлде туура келишин текшерет.

**Стандарттарды аныктоочу:** Команда жетүүгө аракет кылышы керек болгон стандартарды аныктайт;
командалык иштин сапатын текшерүүдө стандарттарды пайдаланат.





**Жыйынтык чыгаруучу:** Бири-бири менен байланышы бар идеяларды бириктирет;
сунуштарды кайрадан түзөт;
чечимдерди же корутундуларды топтун кароосуна сунуш кылат.

*Катышуучуларга суроо: топто адам дайыма эле бир ролду ойнойбу? (Байкап көрсөңөр, топто адамдар бир нече ролдорду аткарышы мүмкүн, бирок алардын бири үстөмдүк кылышы мүмкүн).*

## Символдук ролдордун барагы

Нускама:

Катышуучулар төмөндөгү форманы толтурушат. Алгач алар тизмеде келтирилген ролдор «мүнөздөмөлөрү» менен таанышып, топтун кайсы мүчөсүнө кайсы роль туура келе тургандыгын аныкташат. Андан соң, алардын аттарын ролдордун тушуна жазып, форманы толтурушат. (Бир катышуучуга бир же андан көп роль туура келиши мүмкүн, бирок үчтөн ашпашы керек; ага туура келген негизги ролду тегеректеп коюу керек). Ролдорду бөлүштүрүү топтун динамикасын, милдеттери менен жоопкерчиликтерин, мүчөлөрдүн жеке мүнөзүн эске алуу менен жалпы топтун чечимине (роль берилген жеке адамдын пикирине эмес) негизделиши керек.



| Роль | Аты | Аты | Аты | Аты | Аты |
|---|---|---|---|---|---|
| Аттары: | | | | | |
| Тактоочу | | | | | |
| Элдештирүүчү (макулдаткыч) | | | | | |
| Консенсус кабыл алуучу | | | | | |
| Дем берүүчү | | | | | |
| Коштоочу | | | | | |
| Ортомчу/Көзөмөлдөөчү | | | | | |
| Келиштирүүчү | | | | | |
| Маалымат издөөчү | | | | | |
| Маалымат берүүчү | | | | | |
| Демилгечи | | | | | |
| Пикир издөөчү | | | | | |
| Багыттоочу | | | | | |
| Сындоочу | | | | | |
| Стандарттарды аныктоочу | | | | | |
| Жыйынтык чыгаруучу | | | | | |

## 8. «Мунара» көнүгүүсү.

**Максаты:** Ар бир катышуучунун өзүнө тиешелүү мүнөздөмөсүн аныктоо.

**Материалдар:**
- 2 флипчарт
- 1 маркер
- 0.3 м скотч
- 3-4 түстүү кагаз

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Фасилитатор катышуучуларды эки топко бөлөт. Ар бир топтон бирден катышуучу байкоочу болуп шайланат. Топторго «мунара» куруу тапшырмасы берилет. «Мунара» бийик, туруктуу жана келишимдүү болушу керек. Байкоочулар «мунара» куруу ишинин жүрүшүнө жана катышуучулардын өздөрүнө бөлүнгөн ролдорду аткарып жатабы же жокпу, байкоо жүргүзүшөт.

Бул көнүгүүнү аткаруу учурунда катышуучулар топтогу ар бир катышуучунун ролунун маанилүүлүгүн жана ошондой эле ролдордун туура бөлүштүрүлүшү канчалык деңгээлде иштин натыйжалуулугуна таасир бере тургандыгын түшүнүшөт.

Курулган бардык «мунаралар» менен топтор таанышып чыккандан кийин байкоочулар топтордогу тигил же бул катышуучуга туура келген мүнөздөмөлөр тууралуу айтып беришет.

## 9. Корутунду

Фасилитатор катышуучулар менен бирге өтүлгөн сессиядан алар эмнелерди үйрөнгөндүгү жана аларды өздөрүнүн кийинки иш аракеттеринде кантип пайдаланыша тургандыгы тууралуу талкуу жүргүзүү менен жыйынтык чыгарат. Ошондой эле катышуучулар бул сессияны өткөрүүдө өздөрүнүн кошкон салымдары тууралуу да айтып беришет. Эми алар өздөрүнүн мүнөзүнө туура келген топтогу ролдорун билишет. Ошол эле учурда, «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» курсунун жүрүшүндө ар бир катышуучу өзүнө туура келбеген ролдорду да аткарып көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Ошентсе да, өзүнө туура келген ролдорду жакшы аткаруу менен алар топтук ишке көбүрөөк салым кошо тургандыгын түшүнүшөт.

**«Менин коопсуз жана бейпил мектебим» Бишкек ш. №24 мектептин практикасында** ***Алтынай Юсупова менен маек, бирдей насаатчы, 9-класс***



**Сен өз тобуңду 15 адамдан кантип түздүң?**

*“Башынан баштайын, мектебимдеги шайлоодон кийин, топ түзүшүм керек эле. Мен ишти аягына чейин чыгара аларыма күмөн санап тургам. Бирок машыктыруучубуз Марал эженин: «Силердин ордуңарда болсом, мындай мүмкүнчүлүктү колдон чыгармак эмесмин!» деген сөзүнөн кийин, ишти улантууга канат байлап калдым!*

*Алгач мага «Биз ал жерде эмне кылабыз?», «кызыктуу болобу?» деген сыяктуу деген суроолор жаап турду. Мен балдарды катышууга жазылууга тартып жатып, топто темаларды талкуулоо, ойноо, сахналаштырылган оюндарды коюу канчалык кызык болорун айттым.*

*Башкача айтканда, мен долбоордо аткарыла турган иштердин кызыгына батуу менен өз тобумду түздүм десем болот. Мен топ түзгөндөн кийин, кыйынчылыктар көп болду, андан ары улантуудан баш тартып койгум келди, бул иш чын эле максатына жетеби деп көпкө ойлонуп жүрдүм, бирок ошол эле мезгилде классташтарымдын, досторумдун жана Марал эженин колдоосун сезип турдум.*

*Мунун баары өмүр бою көкүрөгүмө сактап, баалай турган таасирлерди калтырды!»*

**Сен бул долбоордон эмнени күтөсүң?**

*«Мен көздөгөн жетишкендиктерди жана натыйжаларды, келечекте кеңири келечекке жол ачууга пайда алып келген маалыматтарды күтөм.*

*Долбоордон кийин мен ишенимдүү болуп, адамдардын мүмкүнчүлүгүн ачып, билим берип, үстөмдүк кылуу, адилетсиздик болуп жатканын айтам, алар менен күрөшүү ыкмаларын, башка бирөөгө жардам берүү кандай жагымдуу экенин көрсөтөм!*

*Мен өзүмдү жана курчаган адамдарымды өзгөртүп, жакшы иштерди жасоого түрткү берип, өз тобума билим бермекмин жана алар мындан кийин ишке киришмек! Так ушул өзгөртүүлөрдү мен ушул долбоордун аягында көргүм келет.*

*Бул долбоордон кийин менин билимим жана тобумдун билими сөзсүз жогорулайт!*

*Биз өзүбүздүн укуктарыбыз жөнүндө, чындык жөнүндө, үстөмдүк кылуунун түрлөрү жана коом тарабынан коюлган чектелген көз караштар жөнүндө билебиз. Биз келечегибизди өзгөртө турган баалуу билимдерди алабыз».*

## Пост-тест:

1. «Тимбилдинг» (топту түзүү) сессиясынан сен кандай эң негизги сабактарды алдың?

2. Мектептеги коопсуздукту сактоо үчүн «Тимбилдингди» кантип колдонууга болот?

3. Сен алган билимиңди күндөлүк турмушта кантип колдоном деген оюң бар?

4. «Тимбилдинг» сессиясын жакшыртуу боюнча Сенин кандай сунуштарың бар?

5. «Команда» түшүнүгүнө аныктама бер.

6. Иштин натыйжалуу болушу үчүн топто кандай сапаттар болушу керек?

7. Сен топ болуп иштегенди жактырасыңбы, же жалгыз иштегендиби?

8. Сенин оюңча, топ менен иштеген пайдалуубу?

☐ Ооба ☐ Жок

9. Сен өз жашооңдо кайсы топтордун мүчөсү болосуң?

10. Мектепте бир топ болуп иштеген кандай болот?

11. Сенин оюңча, топтун айрым мүчөлөрү кандай ролдорго туура келмек?

12. «Топтун маанайга» дем берүү үчүн топ мүчөсү кармана турган эң жакшы ролдор кайсылар?

13. Сенин оюңча, топ болуп иштеген натыйжалуубу же жалгыз иштегенби?




02

# «Теңме-тең» принциби

**Максаты:** «Теңме-тең» билим алуу принцибинин усулдары жана натыйжалуулугу менен тааныштыруу, ошондой эле теңтуштардын теңчилик, ыңгайлуу жүрүш-туруш түшүнүктөрүн «теңме-тең» принциби аркылуу өнүктүрүү.

**Убактысы: 1 саат 20 мүн.**

**Сессиянын жүрүшү:**

| № | Иш-чаралар | Максаты | Тийиштүү материалдар | Убак-тысы |
|---|---|---|---|---|
| | Пре-тест | | | 5 мүн. |
| 1 | «Теңме-тең» билим алуу принцибине киришүү<br>Ыкма: дарс | ТТ билим алуу принциби менен таанышуу жана анын философиясын, максатын жана жалпы идеясын түшүндүрүү. | | 20 мүн. |
| 2 | Жандандыруучу көнүгүүлөр.<br>Акыл чабыты:<br>- ТТ билим алуунун артыкчылыктары жана кемчиликтери кайсылар?<br>- ТТ билим алууну сен теңтуштарыңдын арасында кантип жайылтасың? | ТТ билим алуу принцибин тактап түшүндүрүү, сессия аяктагандан кийин анын колдонулушу тууралуу ой-пикирлерди топтоо. | Флипчарт | 30 мүн. |
| 3 | Жыйынтыктоо:<br>Сессиянын жүрүшүндө сен эмнени үйрөндүң жана кандай тажрыйбаларга ээ болдуң? | Сессиядагы негизги түшүктөрдү жана өтүлгөн материалдарды бышыктоо. | | 15 мүн. |
| | Пост-тест | Сессияны жалпы баалоо жана өтүлгөн материлдар боюнча катышуучулардын билимин текшерүү. | | 10 мүн. |

## Пре-тест:

«Теңме-тең» билим алуу принцибин үйрөнгөнүңөр үчүн ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Силердин өтүп бүткөн тема боюнча билим деңгээлиңерди баалоо үчүн төмөнкү суроолорго жооп берүүңөрдү суранабыз. Көңүл бургула, туура эмес болгон жооптор жок. Булар өтүлгөн тренинг боюнча кеңешмелер.

Жынысы: ☐ эркек ☐ аял

1. «Теңме-тең» билим алуу - теңдеш адамдардын бири-бирин окутуп үйрөтүүсү

☐ Толук кошулам ☐ Билбейм ☐ Кошулбайм

2. Теңтуш - сен таандык болгон социалдык, жыныстык жана курактык категориядагы адам.

☐ Толук кошулам ☐ Билбейм ☐ Кошулбайм

3. Мен бул сессияга активдүү катышуу менен келечек турмушумда керектүү болгон пайдалуу билимдерге ээ болом.

☐ Толук кошулам ☐ Билбейм ☐ Кошулбайм

4. Сессия бүткөндөн кийин мен алган билимим жана материалдар/маалыматтар менен досторумду жана туугандарымды тааныштырам.

☐ Толук кошулам ☐ Билбейм ☐ Кошулбайм

5. Ар бир адам өз теңтуштарын окута алат.

☐ Толук кошулам ☐ Билбейм ☐ Кошулбайм

### 1-дарс: «Теңме-тең» (ТТ) билим алуу деген эмне: анын максаты, натыйжалуулугу жана философиясы?

**Максаты:** Окуучуларды ТТ билим алуу принциби менен тааныштыруу, алардын теңдештик жөнүндөгү түшүнүктөрүн тереңдетүү жана ТТ билим алуу аркылуу туура жүрүм-турумга тарбиялоо.



**Эсиңерде болсун! «Теңме-тең» окуу/мамиле кылуу теңдештик принцибине негизделет. Андыктан, бул сессия учурунда бардык катышуучулар теңдеш жана бирдей. Бири-бириңерди сыйлап, бири-бириңерге тилектеш болгула. Катышуучулар арасында бөлүнүүгө жана теңдеш эмес мамиле жасоого жол берилбесин!**

### «Теңме-тең» билим алуу принцибине киришүү

«Теңме-тең» билим алуу деген эмне? Сессияны баштаардан мурун биз «Теңме-тең менен» (мындан ары ТТ) билим алуу принциби деген эмнени билдире тургандыгын, анын максатын, ошондой эле бул ыкманын билим алуучулар/окутуучулар үчүн артыкчылыктары эмнеде экендигин аныктап алалы.

ТТ билим алуу – бул окутулган (керектүү билимдерге ээ) жана кызыккан адамдардын өз теңтуштары менен бирге формалдуу эмес окутуу иш-чараларын өткөрүшү.
Теңтуштар – булар бир курактагы, билим деңгээли, кызыкчылыктары, максаттары, көз караштары, дини жана турмуштук көндүмдөрү да бирдей болгон адамдардын тобу. Алар «Теңме-тең» билим алуунун жүрүшүндө бири-биринин жүрүм-турумуна оң таасирин тийгизишет.

«Теңме-тең» билим алуунун жалпы максаты болуп, топтун атайын (үлгүлүү) жүрүм-турумун иштеп чыгуу жана ага жетүү эсептелет. Ал эми «атайын жүрүм-туруму» дегенибиз жагдайды, топ мүчөлөрүнүн көз караштарын жана топтун ишенимдерин терең түшүнүү дегенди билдирет. Мисалы, эгерде топтун (сабакты жалаң бешке окуган) кадырлуу мүчөсү теңтуштар арасындагы теңдешсиздик коомдун өнүгүшүнө терс таасирин тийгизе турганына ишенсе, анда топтун башка мүчөлөрү да анын көз карашын туура кабыл алуу менен, аны өздөрүнүн күнүмдүк турмушунда пайдаланышат.

«Теңме-тең» билим алуу программасында бирдей социалдык топтогу бири-биринен билим алуучу адамдардын тобу камтылат. Мында билим алуучулар (теңтуштар) ортосундагы мамиле мугалим менен окуучунукундай эмес (мугалим бардыгын билет жана бийликке ээ), теңдештиги менен айырмаланат. Мисалы, балдар балдарды, чоң адамдар өздөрүнүн коомундагы (чөйрөсүндөгү) теңтуш адамдарды окутуусу, же белгилүү бир тажрыйбага ээ адамдардын ал тажрыйбаларды башка бирөөлөргө үйрөтүүсү, ж.б.у.с.

«Теңме-тең» окутуу - бул керектүү маалыматтарды/билимдерди жалпы коомго жайылтуу аркылуу кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу жолу. Мындай программалардын жардамы менен адамдар өз коомун чыңдоодо, укуктарын коргоодо жана өз жашоосун көзөмөлгө алууда керек болгон билимдерге ээ болушат. Кыш (кирпич) коюуну үйрөнгөн окуучу өз ишинин устаты болуп, кийин өзүнө шакирттерди алып үйрөтө баштагандай эле, «теңме-тең» билим алуу программасынын катышуучулары өз коомдорунун баштоочтору (лидери) болуп, өздөрү окуп үйрөнгөндөрүн башкаларга үйрөтө алышат.

«Теңме-тең» билим алуунун негизи - максаттуу топтун пикирине, теңтуштарга болгон ишеним эсептелет. Ишеним, ТТ билим алуу программасынын жаш тренерлеринин айтымында, билим берүүчү менен билим алуучулардын карым-катнашын жеңилдетет. Себеби, ТТ билим алууда тренер менен окуучулардын жалпы кызыкчылыктары бирдей, балким жактырган музыкалары, белгилүү инсандары да бирдей болушу мүмкүн: Алар бир тилде сүйлөшөт жана алардын көйгөйлөрү да (үй-бүлө мамилелери, көз карандысыздык үчүн күрөшүү, билими, өзүнүн ордун табуу) бирдей. Андыктан мындай жаш маалыматчыларды бой көтөргөндөрдүн жана жүрүм-туруму тууралуу айтылган сындарды туура эмес кабыл алгандардын катарына кошуу туура болбосо керек. Тескерисинче, теңтуш өткөргөн сабак, жаш болуу деген эмне экенин түшүнгөн достун кеңеши катары кабыл алынат. Жаштардын өз курбуларынан алган маалыматтарынын көпчүлүгү алар үчүн коомдо талданылбай турган маселелерден боло тургандыгы бекеринен эмес. Мындай окутуулар жаштарга аларга тиешеси бар маселелерге катышуу жана алар муктаж болгон маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

«Теңме-тең» окутууну анча чоң эмес топторго (же өз алдынча) ар кандай шарттарда: мектептерде, жаштар клубдарында, көчөлөрдө, мечиттерде жана теңтуштар/жаштар чогула турган жерлерде өткөрүүгө болот.



### 2. Акыл чабыты

**Максаты:** ТТ принциби боюнча билим алуу принцибин тактап түшүндүрүү, сессия аяктагандан кийин анын колдонулушу тууралуу ой-пикирлерди топтоо.

**Көнүгүүнүн жүрүшү:**

Катышуучулар эки топко бөлүнөт. Ар бир топко төмөндөгү эки суроо берилет:

1. ТТ принциби боюнча билим алуунун кандай артыкчылыктары менен кемчиликтери бар?
2. ТТ принциби боюнча билим алууну сен теңтуштарыңдын арасында кантип жайылтасың?

Аталган суроолорго карата топ ичинде акыл чабыты жүргүзүлгөндөн кийин ар бир топ бири-бирине өздөрүнүн ойлорун билдиришет. Фасилитатордун жардамы менен жыйынтыктарды талкууга алышат. Андан кийин катышуучулар «акылчабыты» көнүгүүсү тууралуу ой бөлүшөт.

3. Жыйынтыктоо: Бул сессиядан сен эмнени үйрөндүң жана кандай тажрыйбаларга ээ болдуң?

**Максаты:** Сессиядагы негизги түшүнүктөрдү жана өтүлгөн материалдарды бышыктоо.

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Сессия учурундагы талкууларга жана көнүгүүлөргө катышуу менен ар бир катышуучу алган билимин көрсөтөт. Фасилитатор ар бир катышуучуга топту ыргытуу менен («кар топ» оюну) жалпы суроолорду берип, сессиянын жыйынтыгын чыгарат.

**Баалоо тести**

**Максаты:** Сессияны жалпы баалоо жана өтүлгөн материлдар боюнча катышуучулардын билимин текшерүү.

**Тестин жүрүшү:** Бардык катышуучулар пост-тестти толтурушат.

## Пост-тест:

1. Өтүлгөн сессия сага жактыбы? Эмнеси менен жакты?
2. Бул сессияда баарынан эмнеси жакты?
3. Бул сессиядан сен эмнени үйрөндүң?
4. Бул сессияда эмне жаккан жок, так жазгыла.
5. Сессиядан алган маалыматты күндөлүк турмушуңда пайдалана аласыңбы?
6. Бул сессияны мындан дагы жакшы уюштуруу боюнча сунуштарың барбы?



# Гендердик адилеттүүлүк жана адам укуктары

02


| | |
|---|---|
| Адам укугунун жана аял укугунун тарыхы | 42 |
| Гендер жана гендердик зомбулук | 64 |
| Кызды күч колдонуп ала качуу | 72 |
| Үй-бүлөдөгү зомбулук | 86 |
| Жашы жете электер менен никеге туруу | 98 |

# Киришүү

**Бөлүмдүн максаты** - жаш адамдардын жашоодо жигердүү болушуна колдоо көрсөтүү. Адилеттүүлүккө жетүү үчүн жыныстык белгиси боюнча укугун бузуу, никеге, анын ичинде эрте никеге туруугa мажбурлоо жана үй-бүлөдөгү зомбулук өңдүү көрүнүштөргө жооп иретинде ар кандай иш-чаралар аткарылат.

Бул бөлүм жогорку класстардагы мектеп окуучуларынын жана башка жигердүү жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн арттырууга – мектептерде, коомчулукта кыздардын жана балдардын укугун жана коопсуздугун атуул (патриот) катары коргоо менен, эркектерге жана аялдарга бирдей мамиле кылуу зарылдыгы белгиленген. Ошондой эле кыздарга, анын ичинде үй-бүлөдөгү аялдарга зомбулук көрсөтпөө, ага каршы туруу аркылуу өз мекенинин кызыкчылыгы үчүн ой жүгүртүүгө жана аракеттерди кылууга арналган. Ошентип, Кыргызстандын жаштары ар бир адамга коопсуздукту жана урмат-сыйды камсыз кылган туруктуу мамлекетти түзүүгө көмөк көрсөтөт. Бардык жарандарга жана тургундарга бирдей мамиле кылган мамлекет гана гүлдөп өнүгүүгө жетиши мүмкүн. Эгерде, биз жакырлыкты, наадандыкты жана тийиштүү башкаруунун жоктугун жеңгибиз келсе, анда бири-бирибизге бирдей мамиле кылуу жана кадырлоо принциптерин тутунуу менен иш-аракеттерди аткарышыбыз абзел.

Айта кетүүчү нерсе, коомчулук жана алардын негизинде пайда болгон баалуулуктар убакыт менен кошо өзгөрүлүп турат. Америкада кулчулуктун жоюлганына 150 эле жыл болсо, кара түстүү адамдар 50 жыл мурун гана добуш берүү укугун алганын тарых барактары тастыктап турат. Россияда крепостнойлук укук Октябрь революциясынан кийин жоюлганы да белгилүү. Кыргызстандын көп жерлеринде адамдар ат менен көчүп-конуп жашап келсе, азыр көпчүлүгү шаарларда жашап, машине минип жүрүшөт жана айылдык тургундардын көпчүлүгү шаарда жашап, иштегилери келет. Биздин баалуулуктарыбыз менен салттарыбыз да убакыттын өтүшү менен өзгөрүлө тургандыгы талашсыз. Учурдагы заманбап индустриялуу коом жумушчу күчүнө: өнөр жайда жана тейлөө жаатында иштөө үчүн мыкты адис аялдарга жана эркектерге муктаж. Эгерде башкаруучу кызмат орундарын ээлеген аялдардын көпчүлүгү экономиканын бардык тармактарында жигердүүлүк менен иштешпесе, азыркы бай өлкөлөр жашоо деңгээли жогору бакубат турмуш кура алмак эмес. Экономикалык өнүгүүнүн эң жогорку деңгээлине жетишкен Азия өлкөлөрү, анын ичинде көпчүлүгү ислам динин туткан Малайзия өңдүү өлкөлөрдүн бардык тармактарында абдан жакшы даярдалган аял кадрлар басымдуулук кылат.

Эгерде Кыргызстан гүлдөгөн өлкөгө айлангысы келсе, өзүнүн эски адаттарынан баш тартышы керек. Баары үчүн бирдей укуктардын жана теңчиликтин камсыз кылынышына карай социалдык жактан өз үй-бүлөсүнүн алга жылуусу, жамаатынын жана өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн тынбай эмгектенип жаткан билимдүү жана чебер адис адамдарга негизделген, өз адамдарына ыңгайлуу шарт түзүүчү экономикалык жана техникалык жактан такай жакшыртылып туруучу шарттар гана башка өлкөлөргө кошулууга мүмкүндүк берет. Бардыгы үчүн бирдей мүмкүнчүлүк жана гендердик теңчилик үстөмдүк кылуучу мыйзам менен жашоосун жакшырткан Скандинавия жана түндүк Европа өлкөлөрүндөй эле, аталган өлкөлөр да абдан өнүккөн жана өмүрдүн узактыгынын көрсөткүчү да эң жогорку деңгээлде экени таң калтырбашы керек. Ошентип, өлкөнүн, Кыргызстандын келечеги да жаркын болору туурасындагы чечим, азыр мектепти бүтүрүп жатышкан балдардын колунда. Эч кандай өзгөрүүлөрсүз көнгөн жолду улоо жакырлыктын кеңири жайылышына, мыйзамды жана бийликти кыянаттык менен пайдаланууга жол ачып, калктын калың катмарынын турмушун жакшырткан жок. Андыктан, эгерде силер бул абалды жакшырткыңар келсе, өлкөнүн жараны катары «өткөн чындыкты» жана буга чейин кандай иштер болгонун жана дагы эле болуп жатканын жакшылап ойлонушуңар керек, мыйзамды бекем тутушуңар жана силерге Конституция тарабынан кепилдик кылынган жарандык укуктарыңардан пайдаланышыңар шарт. Бирок, бул иштердин натыйжалуулугун арттыруу үчүн, силер гендердик мамилелердин теңчилик жаатына карай өзгөрүлүшүн түшүнүмүңдөр керек, ал акырындык менен кыйла адилеттүү коомдун жана жалпы өнүккөн өлкөнүн түшүмүн

берет. Ошентип, гендердик ролдор өзгөрүүсүз калабы же жакшы багытка өзгөрүлөбү, ал коомчулуктун, аялдар менен эркектердин Кыргызстандын келечекте кандай болушун каалашына жана жеке салым деңгээлине жараша болот.

Бул бөлүмдө жаш адамдар гендер жана гендердик теңчилик жаатындагы негизги түшүнүктөр менен тааныша алышат, «жыныс» менен «гендердин» ортосундагы айырманы аныкташат жана гендердик зомбулук эмне экенин билишет. Кыздарга карата зомбулуктардын түрлөрү тууралу маалыматтарды алышат, мындай зомбулуктардын, кызды күч колдонуп ала качуу, эрезеге жете электер менен никелешүү жана үй-бүлөдө зомбулук көрсөтүүнүн түрлөрү тууралу кеңири таанышышат. Жаш адамдар Гендердик адилеттүүлүктү жакшыртуу жана үй-бүлөдө, мектепте жана коомчулукта аракеттерди көрүү жана өз милдеттерин аткарууга жоопкер адамдардын (мамлекеттик кызматкерлердин) аракеттеринин мониторингин түзүү аркылуу кыздарга көрсөтүлүүчү зомбулуктарды азайтуу боюнча сунуштарды иштеп чыга алат деген ишенич бар.

**«Менин коопсуз жана бейпил мектебим» Бишкек ш. № 58 мектептин практикасында**

**Айжан Осмонова менен маек, насаатчы, 9-класс.**



**15 адамдан турган топту кантип түздүң?**

“Биринчиден, мен тандоодо мага добуш бергендерге чоң ыраазычылыгымды билдирем. Алардын көмөгү менен мен бул долбоорго келдим.

Менин тобума мени колдоо үчүн эле жазылгандар иштин маңызын ал учурда такыр эле түшүнбөсө керек, бирок баары бир аларга ырахмат. Бирок кантсе да бекем жана ынтымактуу топту түздүк. Топ мүчөлөрү бири-бирине ишенет, бири-бирин урматтайт жана өздөрүнө ишенимдүү.

Албетте, кыйынчылыктар болду, кыйынчылык кимде гана болбойт! Эң башында мен бул мүмкүн эмес го деп ойлогом, т.а. 15 адамдан турган команданы жума сайын эки саатка келип туруусун кантип камсыздайм деп коркком. Бирок долбоор жөнүндө туура түшүнүк берүү кырдаалды толук өзгөрттү. Бирок негизинен оор деле болгон жок, анткени менин досторум мени колдоп турушту, аларга өзүнчө ырахмат. Менин тобум ынтымактуу, сабырдуу топ болорун күткөн дагы эмесмин десем болот. Тобумдун мүчөлөрү ишенимге кирген, мен аларга толук бойдон таянып, иш кылсам болот. Мен коюлган максаттарыбызга жетебиз деген ойдомун».

**Бул долбоордон эмне аласың?**

“Менин оюмча, биринчиден, өз дараметимди жогорулатам, өзүмө ишенимдүү болуп калам. Экинчиден, өз мектебиме, коомго жана өлкөгө пайдалуу болом.

Мен өзүмдүн лидердик сапатымды жогорулатам деп ойлойм. Элди башкаруу үчүн эмес, тескерисинче, туура жолго салып, өз коомума жардам берсемби дейм.

Мен өз дүйнө таанымымды кеңейттим, тобумду кантип топтогонду, топ топтоордун алдында максат коюуну үйрөндүм. Ошондой эле гендердик теңчилик, гендердик стереотиптер жана зомбулук, сыйлабоо жана үстөмдүк кылуу сыяктуу аялдарга карата адилетсиз мамиле деген эмне экенин билдим.

Башында мунун баары кыйын болорун айткым келет, анткени ар кимдин пикири ар кандай да.

Кимдир бирөө бул жөн эле бекерчилик деп ойлойт, ал эми кимдир бирөө баарын билгиси келет жана ага бул кызыктуу. Мен дагы сен бул тууралуу кандай ойлогонуңа жана кандай таасир берериңе жараша кызыктуулугу артат демекчимин.

## Пре-тест:

1. Кыздар/аялдар менен эркектер тең укуктуу жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү да бирдей.

☐ Ооба ☐ Жок

2. Аялдар төрөгөндөн кийин, балдарды каратуу маселеси чечилген болсо, ишке орношууга укуктуубу?

☐ Укуктуу ☐ Укуктуу эмес

3. Бирдей иш үчүн аялдардын айлык акылары эркектердикине караганда аз болушуна жол берилеби?

☐ Укуктуу ☐ Андай эмес

4. Эгерде аялы бир нерсеге күнөөлүү болсо, анда күйөөсү төмөнкүдөй кылууга укуктуубу:

☐ Аны урууга ☐ Акча бербей коюуга

☐ Үйдөн кууп чыгууга ☐ Баланы алып алууга

☐ Үйгө камап коюуга ☐ Башкалар ___________________

5. Кызды зордоп ала качуу – бул:

☐ Кыргыздын салты ☐ Кылмыш

6. Ала качууга кыздар өздөрү күнөөлүү:

☐ Ооба ☐ Жок

7. «Ала качуу» менен никелешүүгө мажбурлаган учурда, кыз кайда кайрылса болот? (Бир же бир нече жоопту белгилесе болот)

☐ Ички иштер органын ☐ Ата-энесине

☐ Прокуратурага ☐ Кризистик борборлорго

☐ Сотко ☐ ӨЭУга

☐ Аксакалдар сотуна

8. КРнын мыйзамдары боюнча кыз-жигиттин макулдугу менен канча жашка чыкканда баш кошууга болот?

☐ 19 жашка ☐ 17 жашка

☐ 18 жашка ☐ 16 жашка


9. Силердин оюңарча нике катталышы керекпи жана кайсы жерде?

- [ ] Мамлкеттик никени каттоо органдарында
- [ ] Мечиттерде эле
- [ ] Башкалар: _______________________________________________

10. Аялдарга же силерге көрсөтүлгөн зомбулуктун кандай түрлөрүн билесиңер же күбө болгонсуңар?

11. Силердин оюңарча, аялдарга зомбулук көрсөтүү - бул:

- [ ] Коомдук-маанилүү көйгөй
- [ ] Аялдардын жана алардын үй-бүлөсүнүн жеке көйгөйү
- [ ] Башкалар_______________________________________________



# 01

# Адам укугунун жана аял укугунун тарыхы

# 1-Сессия: Адам укугунун жана аял укугунун тарыхы

**Максаты:** Адам укугу жана аялдардын укугунун жаралуу жана өнүгүү тарыхы, адам укуктарын сактоо жана коргоону камсыздоодо мамлекеттин милдеттери менен таанышуу.

**Убактысы:** 2 саат.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Убактысы |
|---|---|---|
| | Пре-тест | 10 мүн. |
| 1 | Көнүгүү | 1 саат 15 мүн. |
| 2 | Байыркы Ислам халифаты | |
| 3 | «Манас» эпосу | |
| 4 | Орто кылым | |
| 5 | Агартуу дооруна карай | |
| 6 | Иммануил Кант: Бардык адамдардын бирдейлиги жана адам укугун коргоодо мамлекеттин милдеттери | |
| 7 | XIX кылымдан Биринчи Дүйнөлүк согушка чейин | |
| 8 | Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк согуштун ортолорундагы мезгил | |
| 9 | Адам укуктарынын жалпы декларациясы | |
| 10 | Аялдардын тең укуктары: Аялдарды басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндөгү Конвенция (CEDAW) | |
| 11 | Адам укуктарынын Кансыз согуштун аякташына тийгизген таасири | |
| 12 | БУУнун Коопсуздук кеңешинин Аялдар, тынчтык жана коопсуздук маселелери боюнча резолюциясы | |
| 13 | Кансыз согуштан жана 9/11 дан кийинки мезгилдердеги адам укуктарынын сакталышы боюнча проблемалар | |
| 14 | Адам укугунун келечеги | 5 мүн. |
| 15 | Кыргыз Республикасынын Конституциясы | 10 мүн. |
| 16 | Кыргыз Республикасынын Гендердик теңчиликке жетүү боюнча стратегиясы | 10 мүн. |
| | Пост-тест | 10 мүн. |

## Пре-тест:

1. Жөнгө салынбай турган жалпы укуктар болобу? Болсо, алар кайсылар?

- Ооба
- Жок

2. Жынысына, улутуна жана тутунган динине карабастан, бардык адамдар бирдей укуктуу болушабы?

Ооба Жок

3. Аялдар менен кыздар укуктарынын өзгөчө корголушуна муктажбы? Эмне үчүн?

- Ооба
- Жок

4. Адам укуктарынан каалаган үчөөнү ата.


- ,
- ,
- .

5. Кыз ала качуу адам укугун бузуу болуп саналабы?

- Ооба. Эмне үчүн?
- Жок. Эмне үчүн?

6. Эгерде адам укугу бардык адамдарга төрөлгөндө кошо берилсе, анда эмне үчүн айрым адамдар башкалардын укуктарын бузушат да, аны салт - ченеми деп түшүндүрүшөт? Алардын башкалар өз укуктарына ээ болбошу керек деген мамилесин кантип түшүндүрүүгө болот?

## Адам укугунун жана аял укугунун тарыхы



**«Адам укугу – булар бир адамдын улутуна, жашаган жерине, жынысына, этносуна, терисинин түсүнө, туткан динине, тилине же башка бардык белгилерине карабастан ээ болгон ажыратылгыс укугу. Бардык адамдар эч дискриминациялоосуз бирдей укуктарга ээ. Бул укуктар бири-бири менен байланыштуу, бири-бирине көз каранды жана ажыратылгыс». (БУУ АУЖКБ)**

**«Адам укуктарын таануу - аларды ишке ашыруу укугун эле эмес, алардын белгилүү бир милдеттенмелеринин аткарылышын да билдирет. Эл аралык укуктарга ылайык, мамлекеттер өздөрүнө адам укуктарын кадырлоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди алышат. Адам укуктарын кадырлоо дегенибиз - адам укуктарын ишке ашырууда мамлекеттин кийлигишпөөсүн жана укуктарды чектөөгө жол бербөөсүн билдирет. Адам укуктарын коргоо боюнча милдеттенме мамлекеттен укук бузууларга жол бербөөнү талап кылат. Адам укуктарын аткаруу мамлекетти адамдардын негизги укуктарынын кедергисиз ишке ашырылышына кепилдик берүүгө милдеттендирет. Жеке деңгээлде ар бир адам башка адамдардын укуктарын сыйлашы керек.» (БУУ АУЖКБ)**

*Маалымат булагы: БУУ АУЖКБ - Бириккен Улуттар Уюмунун Адам Укуктары Боюнча Жогорку Комиссар Башкармалыгы*

### 1. Көнүгүү

**Максаты:** Адам укуктарынын жана аялдардын укуктарынын тарыхы тууралуу катышуучулардын билимин тереңдетүү.

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Фасилитатор катышуучуларды үч топко бөлүп, ар бир топко берилген тарыхтагы үч мезгилди 5 мүнөттө окуп чыгуу менен ар бир мезгилдин оң жана терс жактарын төмөндөгү таблицага 10 мүнөттө жазып чыгуу тапшырмасын берет.

Биринчи топко берилүүчү мезгилдер:

Байыркы Ислам халифаты, «Манас» эпосу, Иммануил Кант: Бардык адамдардын бирдейлиги жана адам укугун коргоодо мамлекеттин милдеттери.

Экинчи топко берилүүчү мезгилдер:

Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк согуштун ортосундагы мезгил, Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Аялдардын тең укуктары: Аялдарды басмырлоонун бардык формаларын жоюу жөнүндөгү Конвенция (CEDAW).

Үчүнчү топко берилүүчү мезгилдер: Адам укуктарынын Кансыз согуштун аякташына тийгизген тассири, БУУнун Коопсуздук кеңешинин Аялдар, тынчтык жана коопсуздук маселелери боюнча резолюциясы, Кансыз согуштан кийинки жана 9/11 нан кийинки мезгилдердеги адам укуктары боюнча проблемалар.

| | Байыркы Ислам халифаты | «Манас» эпосу | Иммануил Кант |
|---|---|---|---|
| + | | | |
| – | | | |

| | Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк согуштун ортосундагы мезгил | Адам укуктарынын жалпы декларациясы | Аялдардын тең укуктары (CEDAW) |
|---|---|---|---|
| + | | | |
| – | | | |

| | Адам укуктарынын Кансыз согуштун аякташына тийгизген таасири | БУУнун Коопсуздук кеңешинин Аялдар, тынчтык жана коопсуздук маселелери боюнча резолюциясы | Кансыз согуштан кийинки жана 9/11 нан кийинки мезгилдердеги адам укуктары боюнча проблемалар |
|---|---|---|---|
| + | | | |
| – | | | |

Таблицалар толтурулуп бүткөндөн кийин ар бир топко аларга берилген мезгилдердин оң жана терс жактары тууралуу айтып берүүгө 15 мүнөт убакыт берилет. Андан соң фасилитатор берилген мезгилдердин негизги учурларына катышуучулардын көңүлүн буруу менен талкууну баштайт.

## 1. Байыркы Ислам халифаты

Ислам аристократиянын өзгөчөлөнгөн абалын туура эмес деп таап, иерархиялык бөлүнүүнү четке каккан жана ийгиликтин негизи катары, адамдын кандайдыр-бир урууга тиешелүүлүгүн эмес, анын шык-жөндөмүн койгон. Пайгамбар (с.а.с.) ымыркай кыздарды өлтүрүү аракеттерин, кембагалдарды эзүүнү, сүткордукту, өлтүрүүнү, жалган келишимдерди жана уурулукту жаман көрүп, жектеген. Исламдын теңдештикти жактоо мүнөзү Грек-Римдегидей эле Байыркы фарс дүйнөсүнүн жогорулашына да өбөлгө болгон.

Медина конституциясы 622-жылы түзүлгөн. Ал Мукамбет менен башкы уруулардын жана Мединадагы үй-бүлөлөрдүн ортосунда мусулмандар, еврейлер менен бутпарастар кошулуп түзгөн расмий келишим болуп саналат. Документ Мединанын жамааттарынын уруулар аралык касташууларын токтотуу максатында иштелип чыккан. Бул максат менен Мединанын мусулман, иуда жана бутпарас жамааттарын бир жамаатка – уммага бириктирип туруп, конституция алардын бир топ укуктарын жана милдеттерин аныктаган. Конституция жамааттын коопсуздугун бекемдеген, дин тутуу эркиндигин, ыйык жер катары Мединанын маанисин аныктаган, Мединада зордук-зомбулуктун бардык түрүнө жана курал колдонууга тыюу салган, аялдардын коопсуздугун, Мединадагы уруулар аралык туруктуу мамилелер, чыр-чатактар болгон учурларда жамаатка колдоо көрсөтүү үчүн салык тутумун, сырткы саясий кошуундардын чендерин, адамдарга колдоо көрсөтүү тутумун, ошондой эле келишпестиктерди чечүү үчүн сот тутумун аныктаган.

Ислам байыркы кулчулукка эки негиздүү өзгөртүүнү киргизген. Алардын бири эркиндик ниети болсо, экинчиси, эркин адамдарды кул кылууга тыюу салуу болгон. Ошондон кийин кул жөн гана кыймылдуу мүлк болбостон, белгилүү дини жана ага ылайык социалдык статусу, ошондой эле кандайдыр бир деңгээлде белгиленген уктары бар адам болуп каралган.

Аялдардын уктары жаатындагы реформа никелешүү, ажырашуу жана мурас алуу өңдүү көрүнүштөрдүн келип чыгышына өбөлгө болгон. Башка маданияттарда аялдарда мындай уктар бир нече кылымдар бою болгон эмес.

Ислам боюнча Оксфорд сөздүгү араб аялдарынын жалпы статусунун жакшырышы ымыркай кыздарды өлтүрүүгө тыюу салууну жана аялдардын толук өз алдынчалыгын таануусун камтыгандыгын ырастайт. Мурда кызды бүлө катары алууда кыздын атасына бериле турган калың, эми баш кошууда тартууланууучу белек катары кыздын жеке менчиги болуп сактала турган болду. Мусулман уктарына ылайык, нике эми «статус» катары каралбай, ал «келишим түзүү» болуп, анда аялдардын макулдугу милдеттүү шарттын бирине айланды. Аялдар патриархалдык коомдо мурастоо укугуна ээ болду, мурда мурастоо эркек жынысындагы туугандарга гана таандык көрүнүш болгон.



Аялдардын исламга чейинки абалына салыштырганда, ислам мыйзам-ченемдери бул жаатта негиздүү жетишкендиктерди киргизди: Аялдар, мыйзамга ылайык, үй-бүлөсүнө өзү алып келген же өзү иштеп тапкан каражатын башкарууга уктуу болуп калды. Пайгамбар аялдардын уктарынын корголушун карап, менчик укугун, мурастоо, билим алуу жана ажырашуу уктарын аныктоо менен аялдардын абалын жакшырткан. Ошентип, аялдар негизги кепилдиктерге ээ болушкан. Муххамад пайгамбар аялдарды үй-бүлө, никелешүү, билим алуу жана экономикалык ишкердиктер жаатындагы уктар жана коомдо аялдардын статусун жакшыртууга жардам берүүчү уктар менен камсыз кылган.

Аялдардын абалы алардын исламга чейинки статусунан кыйла өзгөргөн: исламга чейин аялдар көбүрөөк кадырга ээ болсо (исламга чейинки Меккеде аял бутпарастарга сыйынуудан байкоого болот), эми алар белгилүү укуктарга жана аларга теңдеш катары мамиле кылуу укугуна ээ болушту. Алгачкы ислам коому коллективдик жана топтук жоопкерчиликке караганда, адамдардын жеке жоопкерчилигине өзгөчө баалуулуктарды тартуулагандай. Бүгүнкү күндө кээ бир исламды жактоочулар тарабынан исламдын консервативдик негизде түшүндүрүлүп келиши өкүндүрбөй койбойт, себеби диндин мындай интерпретацияланышы исламдын түпкү негизине жана анын алгачкы мезгилдердеги прогрессивдүүлүгүнө каршы келиши мүмкүн.

## 2. “Манас” эпосу

1994-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы «Манас» эпосун, Борбордук Азия элдерин: «Алардын байыркы тарыхында колдой жана бириктире турган өтө маанилүү байланыштыруучу байламтасы» - деп аныктаган. Бул кыргыз тилинин жана адабиятынын булагы эле эмес, ал бүтүндөй адамзатынын көксөгөн ой жана баалуулуктарын жайылтуучу, кыргыз элинин маданий, адеп-ахлактык, тарыхый, социалдык жана диний салттарынын негизи. Бирок, аялдардын эркектерге тиешелүү иштерди аткарышы жана ал эмес өз үйүн, элин эркектер менен тең катар колуна курал алып душмандардан коргоосуна карабастан, аларга эреже катары казандын төрт кулагын кармап, үй ишин кылып, бала төрөп, өстүрүү өңдүү гендердик көнүмүш орун гана ыйгарылат, анан эгерде алар өз милдеттерин аткара алышпаса, аларга күңдөн жаман мамиле кылышат, сабашат, майып кылышат, кууп чыгышат, төркүнүнө кетиришет. Ошол эле учурда күчкө салынган никелешүү такыр болбой турган көрүнүш экендиги айгине. Кыздын макулдугун алуу үчүн жаш жигит анын ишенимине ээ болушу керек, анын кызды зордоп колукту кылууга укугу жок.

## 3. Орто кылым

Улуу эркиндик хартиясы (лат. Magna Carta) 1215-жылы чыккан англиялык байыркы жазма. Ал конституциялык укукка башчылыкты берген эң манилүү биринчи кадам болгон. Улуу эркиндик хартиясы бир нече кылымдардан кийин да Америка Кошмо Штатынын Конституциясы жана Укуктар тууралуу билль өңдүү конституциялык документтердин жана жалпы укуктун өнүгүшүнө таасир эткен. Алгач ал папа Иннокентий III, Иоанн падыша жана англиялык барондордун падышалык укуктары туурасындагы пикир келишпестиктеринен улам жазылган.

Улуу эркиндик хартиясы падышанын айрым укуктардан баш тартышын, белгилүү юридикалык жол-жоболорду сакташын жана анын эрки мыйзам тарабынан чектелиши мүмкүн экендиги тууралуу чындыкты кабыл алышын талап кылган. Бул, өзгөчө мыйзамсыз эркинен ажыратууга даттанууга мүмкүнчүлүк берүүчү хабеас корпусунун жазмасы, падышанын карамагындагы эркин ошондой эле туткундагы адамдардын кээ бир укуктарын ачык коргогон, Улуу эркиндик хартиясы адилеттүү соттук териштирүүнү да өзүнө камтыйт:

*«Өлкөнүн мыйзамы боюнча жана ага теңдердин (анын пэрлеринин) мыйзамдык өкүмү болмоюнча бир да эркин адам камакка алынбайт же абакка камалбайт, ээлигинен же эркиндигинен, же эркин адаттарынан ажыратылбайт, же мыйзамдан тышкары деп эсептелбейт, же куугунтукка алынбайт, же кандайдыр-бир жолдор менен үлүшүнөн ажыратылбайт жана биз ага барбайбыз, бирөөлөрдү да жибербейбиз. Эч кимге укуктарды жана адилеттикти сатпайбыз, аларды (укуктарды жана адилеттикти) берүүдө эч кимге баш тартпайбыз жана аларды берүүнү кечиктирбейбиз».*

**Улуу эркиндик хартиясынын XXIX беренеси.**



## 4. Агартуу дооруна карай

15-16-кылымдардагы Улуу географиялык ачылыштар кылымында Испания менен Американы басып алуу боюнча жеке баскынчылык кампаниялар колониялык Америкадагы адам укуктары тууралуу кызуу талаштарга алып келген. Мындай абал Фердинанддын католиктик Бургос мыйзамын чыгаруусуна негиз болгон. Бургостун мыйзамдарынын жоболорунун ичинде балдардын эмгеги, аялдардын укуктары, эмгек акысы, жашоого жарамдуу турак-жайдын түрлөрү, эс алуу/өргүү тууралуу беренелер болгон.

17-18-кылымда бир нече европалык философтор, биринчи кезекте Жон Локк табигый укуктар түшүнүгүн, албетте адамдардын эркин жана бирдейлиги тууралуу түшүнүктү иштеп чыгышкан. Локк табигый укуктар - адамды Кудай жараткандыктан кудай берген укуктар деп эсептеген, анын мындай пикири укуктун заманбап түшүнүгүнүн өнүгүшүндө абдан маанилүү болгон. Табигый укуктар жарандын да, мамлекеттин да кандайдыр бир мыйзамына жараша болуп, айкын этностук, маданий же диний топ менен чектелбейт. Болжол менен ошол эле учурда, 1689-жылы укуктар жөнүндө англиялык Билль түзүлгөн.

18-кылыма Америка Кошмо Штаттарында (1776-ж.) жана Францияда (1789-ж.) эки ири ынкылап болуп өткөн. Укуктардын Виржиния Декларациясы 1776-жылы бир топ негизги укуктарды жана эркиндиктерди аныктаган. Кийинчерээк АКШнын Көз карандысыздык декларациясы табигый укуктар түшүнүгүн киргизип, «бардык адамдар бирдей болуп жаралышкан, алардын Жараткан тарабынан аныкталган ажыратылгыс укуктары бар, алардын катарына жашоого, эркиндикке жана бакытка умтулуу кирет», - деп ырасташкан. Мындан тышкары, француздардын Адам укуктарынын Декларациясы адамдардын жеке жана жамааттык укуктарынын тобун аныкташкан. Документте алар француз жарандарына эле эмес, «бүтүндөй адамдарга» универсалдуу деп жарыяланган.

## 5. Иммануил Кант: Бардык адамдардын теңдештиги жана адам укугун коргоодо мамлекеттин милдеттери.

18-кылымдын аягында немец философу Иммануил Кант саясат чегиндеги адам укуктарын мындай деп аныктаган: «Мыйзам менен аныкталган өлкө гана биздин эркиндикке, табигый укугубузга кепилдик берет, ал эми калган укуктарыбыз ушул эркиндиктен чыгат». Канттын пикири боюнча, укуктарды жаратуу, өнүктүрүү жана ишке ашыруу биринчи кезекте мамлекеттен жана мамлекеттеги өкмөттүн ишинен көз каранды. Мындан тышкары, Кант, эгерде фундаменталдык укуктар, мыйзамдар жана адам укуктары мамлекет тарабынан камсыз кылынса жана жакшыртылса, анда коом мамлекетке карата саясий гана болушу мүмкүндүгүн баса көрсөткөн. Кант «адилет мыйзамдар» төмөнкү үч рационалдуу принципке негизделет деген:

- Коомдун ар бир мүчөсүнүн эркиндигин адам катары;
- Коомдун бардык мүчөлөрүнүн бирдейлигин субъект катары;
- Мамлекеттин ар бир мүчөсүнүн көз карандасыздыгын жаран катары.

Бул принциптердин эң маанилүү аспекттеринин бири - бул алардын мамлекет тарабынан камсыз кылынбагандыгында, бирок мамлекеттин өзүнүн эли тарабынан түзүлүшүндө жана кабыл алынышында негиз салуучу болуп саналат. Ошентип, бул принциптер мамлекеттин табиятына таандык жана эгер мамлекет бул принциптер боюнча иштей албаса, анда ал мамлекет эмес. Бул мааниде Кант, аталган принциптер негизинен «адилеттүү мыйзамдарды өнүктүрүү үчүн эле эмес», биринчи кезекте мамлекеттин болушу үчүн зарыл деп эсептейт. Анткени мамлекет анын калкы тарабынан кабыл алынбаса, мамлекет болуп өкүм сүрбөйт, андыктан укуктар мамлекетке элдин мамлекетти колдоосун сактоо үчүн керек.


«Адилеттүү мыйзамдарга» негиз болгон биринчи принцип, адамдын «эркиндиги» идеясына негизделет. Адамдын эркин болушу маанилүү, анткени мамлекет адамдардын жашоосун башкара албайт. Эгер ал ошондой болсо, анда ал элине атасындай кам көргөн өкмөткө айланмак. Ошондуктан Кант: «Адамдын эркиндиги мекенчил өлкөдө гана болушу мүмкүн», - деп аныктайт, анткени андай өлкөдө адам укуктарына орун берилет, алар да ошондой эле өкмөттүн ыйгарым укуктарынын чегинде болот.

Коомдун бардык мүчөлөрүнүн бирдейлиги, башкача айтканда, тең укуктуулугу - экинчи маанилүү принцип, ага ылайык укуктар түзүлөт. Мамлекет башчысынын жетекчилиги астындагы коомдун мүчөлөрүнүн бардыгынын бирдейлигинде мамлекеттин, тагыраак айтканда, бардыгы үчүн жалпы негиздин болушу маанилүү. Мамлекеттин башчысы бул бирдейликке кирбейт, анткени мамлекеттин негиздөөчүсү катары анда гана бирдейлик идеясынын мыйзамдар аркылуу ишке ашырышын аныктоо милдети болот. Мамлекеттин ар бир мүчөсүнүн укуктары бирдей болушу керек, анткени мында мыйзамдарды баалоо жана аны баарына бирдей колдонууга мүмкүндүк болот. Ошондуктан бирдейлик ар бир адамдын укугунун алгач жаралуусуна негиз болот.

Кант тарабынан мамлекетте укуктардын пайда болушун түшүндүрүү үчүн пайдаланылган акыркы туура принцип болуп ар бир мүчөнүн жаран катары көз карандысыздыгы эсептелет. Укуктар ушул принциптен чыгат, анткени, эгерде укук же мыйзам колдонулса, адам өз алдынча аракеттерин кыла берет. Эгерде коомдун мүчөсү мамлекетке көз каранды болбой аракет кыла албаса, укукка карата муктаждык болбойт. Жол башчы же башкаруучу коомдун мүчөлөрү үчүн бардыгын аныктай алса, бул мүчөгө өз укугун  талап кылуу же суроо зарылдыгы жаралбайт, анткени мамлекет жарандарды кандай багыттап жаткандыгы жаатында «укуктуу». Көз карандысыздык саясат жаатындагы укуктардын жаралышына шарт түзөт. Ошентип жол башчыда же


өкмөттө, мамлекеттин табиятына туура келген, жеке адамдарга укук берүү «бийлиги» дагы эле чоң.

Бул үч принциптен кантип табигый жол менен укуктар жана «адилеттүү мыйзамдар» өнүгө тургандыгы түшүнүктүү болду. Мындан тышкары, мамлекеттеги жана шериктештеги эркиндиктин мааниси баса көрсөтүлөт, анткени Канттын теориясы боюнча, бул бардык укуктар пайда боло турган негиз болуп саналат.



## 6. 19-кылымдан Биринчи Дүйнөлүк согушка чейин

Томас Пейн, Джон Стюарт Милль жана Георг Вильгельм Фридрих Гегель өңдүү философтор 18-19-кылымдардагы универсалдуулук темасын толук изилдеп чыгышкан. 1831-жылы Уильям Ллойд Гаррисон «The Liberator» газетасына ал өз окурмандарын «адамдардын укуктарынын улуу ишине» тартууга аракет кылып жаткандыгын жазган. 1849-жылы анын замандашы Генри Дэвид Торо өзүнүн «Жарандардын баш ийбөө милдеттери жөнүндө» трактатында адамдардын укуктары жөнүндө жазган, кийин ал адамдардын жана ойчулдардын жарандардын укуктары жөнүндөгү адам укуктарына таасирин тийгизген. 1867-жылы Кошмо Штаттардын Жогорку сотунун адъюнкт-судьясы Дэвид Дэвис «Адам укуктары мыйзам менен корголуп турат; эгерде ал коргоо алып салынса, алар каардуу башкаруучулардын же толкунданган адамдардын каарында калат», - деп билдирген.



Көптөгөн топтор жана кыймылдар 20-кылымдын ичинде адам укуктары жаатына терең социалдык өзгөрүүлөрдү киргизе алышкан. Батыш Европа менен Түндүк Америкада профсоюздар жумушчуларга иш таштоого укук берүүчү, эмгектин төмөнкү шартын жакшыртуучу же балдардын эмгегин жөнгө салуучу мыйзамдардан пайдаланышууда. Мындай укуктарды тутуунун жоктугу падышалык Россияда 1917-жылдагы Октябрь революциясына алып келген.

Аялдардын укуктары үчүн кыймылдарды үч топко бөлүп кароого болот. Биринчи толкун 19-кылымда жана 20-кылымдын башында болуп, аялдарга шайлоо укугун берүү жаатын көтөргөн. Биринчи толкундун негизги жетишкендиктеринин бири болуп, көпчүлүк өлкөлөрдө аялдар шайлоо укугуна ээ болушкандыгы эсептелет. 1960-1980-жылдардын ортосундагы экинчи толкун мыйзамдардагы жана маданияттагы гендердик теңсиздик жаатына байланыштуу болгон, ошону менен бирге бул Бириккен Улуттар Уюмунун «Аялдарга карата укук бузуулардын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө» (CEDAW) конвенциясынын кабыл алынышына алып келген.

Үчүнчү толкун 1990-жылдардын башында болуп, аялдардын саясий укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган. Мисалы, кыймылга салым киргизген ойчул-айымдардын катарына Кристин де Пизан, Вирджиния Вульф, Симона де Бовуар, Мэри Уолстонкрафт ж.б.у.с. кирет. Ошондой эле аялдардын укуктары тууралуу көп материалдарды жарыкка чыгарган Джон Стюарт Милль өңдүү ж.б. ойчул-мырзалар да болгон.

Аялдардын укуктары үчүн кыймылдарынан тышкары, көпчүлүк өлкөлөрдө улуттук-боштондук кыймылдары да иш алып барган, алардын натыйжасында мамлекеттен колониялык ээликти четтетүүгө мүмкүн болду. Кыймылдардын ичинен өз мекени Индияны британиялык колониялык режимден бошотуу максатында Махатма Гандинин кыймылы эң маанилүү кыймылдардын бири боло алды. Көпкө эзилип келген расалык жана диний аз сандуулардын кыймылдары дүйнө жүзүнүн көпчүлүк бөлүктөрүндө түзүлүп, иш алып барып жатты, алардын ичине жарандык укуктар үчүн, андан кийинчерээк аялдардын атынан, аз сандуулардын жана АКШдагы түстүү адамдардын атынан саясий бирдейлик үчүн күрөшүүчү ар кандай кыймылдар жаралган.

1864-ж. Либер Коуд Эл аралык Кызыл Крест комитетинин жана 1864-ж. биринчи Женева конвенциясынын негизделиши эл аралык гуманитардык укуктардын негизин түптөгөн, алар экинчи дүйнөлүк согуштун натыйжасында кеңири өнүктү.

## 7. Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштардын ортолорундагы мезгил

Улуттардын Лигасы 1919-жылы Биринчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн кийин Версаль келишими жөнүндө сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө өткөн. Лиганын максатына куралсыздануу, сүйлөшүү, дипломатия жана абдан жетиштүүлүк абалын жакшыртуу жолу менен ар кайсы өлкөлөрдөгү талаштарды чечүү, жамааттык коопсуздук аркылуу согуштарды болтурбоо кирген. Анын Уставында көптөгөн укуктарды көтөрүү мандаты бекитилген, алар кийин Адам укуктарынын жалпы декларациясына киргизилген.

Улуттардын Лигасы батыш-европалык колониялык ээликтердин мурунку колонияларына, колониялардан көз карандысыз өлкөлөргө өтүү жолунда колдоо көрсөтүү мандаты болгон. Бирок Улуттар Лигасынын курамына кирбеген, согушта жеңишке ээ болгон өлкөлөр Советтер Союзу жана Германия менен биргелешкен эч бир иш-чара өткөрүшкөн эмес.

Улуттар Лигасынын агенттиги катары түзүлгөн, азыркы учурда Бириккен Улуттар Уюмунун бир бөлүгү болгон (анткени БУУ Улуттар Лигасынын ордун басуучусу) Эл аралык Эмгек уюмунун (ЭЭУ) да ошондой эле айрым укуктарды көтөрүү жана коргоого мандаты болгон, кийин ал Адам укуктарынын жалпы декларациясына кирген.

Бүгүнкү күнгө карата ЭЭУнун негизги максаты - аялдар менен эркектердин эркиндик, теңчилик, коопсуздук жана адамдык кадыр-баркынын шартында татыктуу жана үзүрлүү ишке жетүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү болуп саналат.

**Женева конвенциялары** 1864-1949-жылдардын ортосунда Эл аралык Кызыл Крест комитетинин негиздөөчүсү Анри Дюнандын күч-аракетинин натыйжасында пайда болгон. Бул конвенциялар пикир келишпестиктерге катышкан адамдардын укуктарын коргойт, ал 1899-1907-жылдардагы эл аралык коомчулуктун биринчи жолу согуш адаттарын жана мыйзамдарын аныктоо аракетин кылган Гаага конвенцияларынан келип чыккан. Биринчи Конвенция Экинчи дүйнөлүк согуштун алдында иштелип чыккандыгына карабастан, эки Конвенция тең Экинчи дүйнөлүк согуштан улам кайра каралып чыгып, 1949-жылы эл аралык коомчулук тарабынан кайрадан кабыл алынган.

## 8. Адам укуктарынын жалпы декларациясы (АУЖД)

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылы Экинчи дүйнөлүк согуштун ырайымсыздык мүнөзүнө карата кабыл алынып, милдеттүү мүнөзгө ээ эмес. Адам укуктарынын жалпы декларациясы ага мүчө-өлкөлөрдү айрым адам укуктарын, ошондой эле бул укуктар «эркиндиктин, адилеттүүлүктүн жана жалпы тынчтыктын орношуна негиз» болот деп ырастоо менен жарандык, экономикалык жана социалдык укуктарды көтөрүүгө чакырат.

*«Адамзат үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүнө мүнөздүү болгон нарк-касиетти жана алардын тең жана ажыратылгыс укуктары эркиндиктин, адилеттүүлүктүн жана жалпы тынчтыктын негизи болуп саналат».*
1948-жылы кабыл алынган Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын преамбуласы.

Адам укуктарынын жалпы декларациясы Адам укуктары боюнча комиссиянын мүчөлөрү тарабынан Элеонора Рузвельттин төрагалыгы астында түзүлүп, 1947-жылы Укуктар тууралуу эл аралык Билл талкуулана баштаган. Комиссиянын мүчөлөрү укуктар тууралуу Биллдин формалары, анын болор/болбосу, кантип ишке ашырыла тургандыгы тууралуу дароо макулдукка келише алышкан эмес. Комиссия Адам укуктарынын жалпы декларациясын жана коштоочу келишимдердин үстүндө иштөөнү уланта берген, бирок биринчиси тез эле эң артыкчылыктуулардын катарына кирген. Декларациянын беренелери преамбуланын жалпы принциптерин чечмелеген. Документ башта кадыр-барк, эркиндик, теңчилик жана боордоштуктун негизги принциптерин, андан кийин жеке адамдардын укуктары, жеке адамдардын бири-бирине, топторго карата укуктары, руханий жана коомдук укуктар, экономикалык, социалдык жана маданий укуктарды камтыгыдай болуп түзүлгөн. Акыркы беренелер чектөөлөр, милдеттер жана алар менен ишке ашырыла турган, социалдык-саясий тартип жаатындагы укуктарды карайт.

*«…адам акыркы арга катары зомбулукка жана эзүүгө каршы көтөрүлүп чыгууга аргасыз болбошун камсыз кылуу максатында адам укугу мыйзам күчү менен корголушу зарыл экендигин көңүлгө алып...».*

*1948-жылы кабыл алынган Адам укуктарынын жалпы декларациясынын преамбуласы.*

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын айрым пункттары адам укуктары жаатындагы эл аралык эксперттер комитети тарабынан, бардык континенттин жана негизги диндердин өкүлдөрүнүн бардыгын киргизүү менен Махатма Ганди өңдүү жол башчынын кеп-кеңештерине таянуу менен иштелип чыгып, жазылган. «Жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий укуктардын киргизилиши адамдын негиз болуучу укуктары ажыратылгыс экендигине жана саналган укуктардын ар кайсы түрлөрү бири-бирине тыгыз байланыштуулугуна негизделет», - деп билдирилген. Декларацияны кабыл алууда бир да мүчө-мамлекет бул принципке каршы чыккан эмес, бирок Советтер блогу, Түштүк Африкадагы апартеид жана Сауд Араб өлкөлөрү буга макул экендиктерин айтышкан.

## 9. Аялдардын тең укуктары: Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу конвенциясы (CEDAW)

«Аялдарга карата басмырлоонун бардык формаларын жоюу конвенциясы (CEDAW)» катары белгилүү болгон аялдардын укуктары жөнүндө келишим аял жана кыздардын укуктарын караган эл аралык макулдашуу болуп саналат.

CEDAW бекитилген өлкөлөрдө аялдар менен кыздардын абалдарын жакшыртуу үчүн аялдар өз өлкөлөрүнүн өкмөттөрү менен кызматташышат, натыйжада аялдардын жана алардын

үй-бүлөлөрүнүн кыйла коопсуздугун камсыз кылуу жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн мыйзамдар жана саясий багыттар өзгөртүлгөн. Аял менен кыздар үчүн CEDAW чоң мааниге ээ, анын ичинде секс-сатууларынын жана тиричилик зордук-зомбулуктарынын деңгээлин азайтуу, билим менен камсыздуулукка жетүү, шайлоо укугу, мажбурлаган никелерди жана жашы жете электер менен никени токтотуу, энелердин саламаттыгын сактоону жетиштүү кылуу менен энелерге жана үй-бүлөлөргө жардам берүү жана эмгекке жана эч кандай укук бузууларсыз бизнеске жана жерге ээ болуу укуктарын камсыз кылуу жаатындагы жардамдары маанилүү.

Келишим 1979-жылдын 18-декабрында БУУнун  Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган. Иран, Сомали, Судан, АКШ өңдүү 186 өлкө CEDAWты бекитишкен жана башка бир нече чакан өлкөлөр, анын гендердик укуктарга карата жоболоруна байланышпоого аракеттенүү менен аны ишке ашырыша элек.

## 10. Адам укуктарынын Кансыз согуштун аякташына тийгизген таасири

Экинчи дүйнөлүк согуштун акыры 1945-1990-жылга чейинки мезгилде Кансыз согуштун аяктагандыгы боюнча расмий түрдө жарыяланганда, ал Америка тараптан жетектелген капиталисттик Батыш жана Советтер Союзу жетекчилик кылган Чыгыш блогу аталган эки блок ортосунда жүргөн. Саясий укуктар маселеси Чыгыштын эл аралык чөйрөдө алсызданышы үчүн Батыш тарабынан да пайдаланылган. Чыгыштын жообу катары Батыштагы экономикалык теңчиликтин жетишсиздигин адам укуктарын бузулушу катары уяткаруу болгон.

Элдин өз ара аракеттешүүсүнүн кызыкчылыгында Европадагы Батыш менен Чыгыш ортосунда идеологиялык бөлүнүүнү жоюуга аракеттенген Германия канцлери Вилли Бранддун учурунда башталган разряддар саясаты 1975-жылы Хельси макулдашуусуна алып келген.

Анда бардык Европа мамлекеттери, Советтер Союзу, АКШ жана Канада төмөндөгүлөр боюнча макулдашышкан:

1. Европадагы чек аралар тынчтык жолу менен гана өзгөртүлүшү мүмкүн;
2. Экономикалык, илимий жана экологиялык кызматташуунун түрдүү формалары жөнүндө;
3. Бардык эл үчүн адамдын маданий, саясий жана экономикалык укуктарынын камсыздалышы жөнүндө.

Америкалык президент Джеральд Форддун пикири боюнча, “Хельсинки документи чымыркануунy азайтууга жана Чыгыш менен Батыштын эли ортосундагы мындан аркы байланыштарды ачууга багытталган саясий жана моралдык милдеттерди өзүнө камтыйт. Эгерде аталган документтин жок дегенде бир бөлүгү ийгиликтүү ишке аша турган болсо, анда келечекте Чыгыш Европанын эли эркиндик жыргалы менен пайдалана алышат”.

Анатолий Добрынин 1962-1986-жылга чейин Вашингтондогу Советтер Союзунун элчиси Хельси Актысынын акырындык менен Советтер Союзунун адам укуктарынын эркиндиктери жана корголушунун жогорулашына карата өз пикирлерин айтуу боюнча расмий уруксат талап кыла алган диссиденттик жана либералдык кыймылдын манифестине айлангандыгын белгилеген.

Административдик-пландык (командалык) система убакыттын өтүшү менен Батыштын атаандаштыкка жөндөмдүү ачык экономикасына салыштырмалуу өзүнүн майнапсыз жана ачык-айкын эместигин далилдеди, бул Советтик коомдун өз элинин гүлдөп өнүгүшүн камсыздоо боюнча Батыштан артта калган.

Андан тышкары, эркиндикке жана адам укугун коргоого умтулуу Советтер Союзун жана аны ичиндеги өлкөлөрдү начарлаткан. Ага карабастан, Россия дүкөндөрүнүн текчелери Бишкекке салыштырмалуу бош болгон, ошондой болсо дагы Москва Кыргыз ССРин субсидиялоону уланткан, бул Советтер Союзунун чек ара менен чектеш талылуу аймактарынын нааразычылыгына алып келген.

1989-90-жылдары Борбордук Чыгыш Европанын, андан кийин Россиянын элдери тынчтык жолу менен болгон революциялардын жүрүшүндө демократияга, адам укугуна жана базар экономикасына ыктаган улуттарды жаратты. Кыргыз Республикасы 1991-жылы өзүнүн көз карандысыздыгы жөнүндө жарыялоо менен өзүнө советтик мамлекеттин милдеттенмелерин, демократияны, адам укуктарын алды, булардын баары келечекте адам укугу жаатында эл аралык укуктар менен байланышып, CEDAW аялдарына карата үстөмдүк кылуунун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө Конвенция сыяктуу адам укуктары жөнүндө кошумча пактылардын бир нечесине кол коюлду.

## 11. БУУнун Коопсуздук кеңешинин Аялдар, тынчтык жана коопсуздук маселелери боюнча резолюциясы

2000-жылдан баштап, БУУ КК 1325 резолюциясынан тартып, Аялдар, тынчтык жана коопсуздук тууралуу Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук кеңешинин бир катар резолюциялары кабыл алынган. Бул резолюциялар бардык мүчө-өлкөлөр үчүн милдеттүү болуп саналат. Алар мамлекеттерде жаңжалдарды болтурбоо жана жаңжал учурунда жана андан кийин кыздардын жана аялдардын корголушун камсыз кылуу иштерине аялдарды да бирдей деңгээлде жигердүү болууга чакырышат. Ошондой эле алар адилеттүү жана бирдей укуктуу коомду калыбына келтирүүдө жана куралдуу зордук-зомбулук жаңжалынан



качууда кыздар менен аялдардын өзгөчө муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн кагылыштан кийинки калыбына келтирүү иштеринде аялдардын укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейтилишин көтөрүшөт.

2010-жылдын жай мезгилинде Ош менен Жалал-Абад шаарларындагы жаңжалдан кийин БУУнун ушул резолюциялары Кыргыз Республикасы үчүн абдан маанилүү болуп калды. Ушул себептерге байланыштуу, БУУ КК 1325 резолюциясы боюнча «Улуттук Аракеттер» планы иштелип чыгып жатканда, 2013-жылдын февралында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

Кыргызстандагы БУУ Аялдар өкүлдүгүнүн колдоосу менен «Улуттук Аракеттер» планын (УАП) кабыл алып, учурда анын жоболорун аткарууда. Бул КМШ өлкөлөрүндөгү биринчи «Улуттук Аракеттер» планы болгон. Балтия жана Грузия мамлекеттеринде да башка көптөгөн Европа өлкөлөрүндөгүдөй эле «Улуттук Аракеттер» планы колдонулат.

## 12. Кансыз согуштан жана 9/11дан кийинки мезгилдеги адам укуктарынын сакталышы боюнча проблемалар



Америкалык окумуштуу Франсис Фукуяма сыяктуу Батыштын кээ бир тарыхчылары 1990-ж.ж. башында Батыш жана анын баалуулуктары Кансыз согушту жеңгенин түшүндүргөн "Тарыхтын соңу" жөнүндө жарыялагына карабастан, анын баары тескерисинче болуп чыкты.

2001-жылдын 11-сентябрындагы АКШдагы террордук чабуулдун сериясы өлкө узак убакыт үнүн бийик көтөрүп, сөз кылып келе жаткан жарандык эркиндик жана адам укугу катуу кыйрап, өлкөнүн түркүгү болгон эркиндик принцибинин тамырына балта чапты.

Америка Кошмо Штаттары жана "Каалоочулардын коалициясы" менен 2001-жылдагы террор согушу төмөнкүлөрдү түшүндүрүп калды:

- Иракка жана башка өлкөлөргө басып кирүү менен эл аралык укукка чакырык ташталды;
- Америка аскерлери тарабынан кармалган шектүүлөрдү сотко кайрылбастан, АКШ карамагындагы түрмөдө кармашкан, анда кээ бир шектүүлөрдү кыйнашкан;

- АКШ башында турган көптөгөн өлкөлөр глобалдык коммуникацияларга тыңчылык кылуу үчүн жаңы технологияларды киргизүүдө, ошентип адамдардын негизги укугун олуттуу бузуу менен чет өлкөлүк өкмөттүн кийлигишүүсүнөн эркин жашоону киргизип, сот адилеттиги системасын жана чабуул коркунучунан эркиндикке ээ болуп, алар менен макул болбогондордун бардык адамдардын укугун тепсеген террорчулардын жаңы муунуна көмөк көрсөтүүдө.

## 13. Адам укуктарынын келечеги

Мамлекет биздин укуктарыбызды коргоого кепилдик бериш үчүн, биз жашаган өлкөбүзгө карабастан кыраакы болушубуз керек. Кыргызстанда эркектер жана аялдар, балдар жана кыздар мамлекет тарабынан корголушу керек.

Ошол эле убакта Кыргыз Республикасынын Конституциясы адам укугун коргоону кепилдикке алгандай, жарандарга кызмат кыла турган мамлекеттик органдар аны аткара албайт. Экинчисин уруп жаткан жубайлардын бирине чара көрбөстөн жана кыз ала качуудан кийинки чараларды көрбөстөн, бизнесменди бизнесин опузалап алып коюуга аракет кылган кызыкдар адамдардан коргобостон, мамлекеттик кызматчылар өз функцияларын мыйзамсыздык жана башаламандык өкүм сүргөн чөйрөдө дайым эле аткара албайт.

Биз баарыбыз мындан жоготууга учурайбыз, жаш кыздар өздөрүн коопсуз сезе албайт, ошол эле убакта ийгиликтүү бизнесмен катары өзүнүн көндүмдөрүн жана капиталын башка өлкөдө өнүктүрүүгө далалат жасап, Кыргызстандан тыш аймакта жумуш орундарын түзүүгө улантат. Сот адилеттигинин ачык-айкын болбошу экстремисстердин жашообузга шыр кирип, өз мүмкүнчүлүктөрүн, ниеттерин ишке ашыруусуна жакшы шарт түзүп берет. Бул Конституция менен бекитилген баалуулуктарга, мамлекет коопсуздугуна да коркунуч туудурмакчы. Мыйзамды жана адилеттикти туу тутуп иштөө менен гана өзүбүздү жана балдарыбызды коргой алабыз.

## 14. Кыргыз Республикасынын Конституциясы

Кыргыз Республикасынын бардык Конституциялары аялдар менен эркектердин теңдигине кепилдик берип, адам укуктарын коргоо милдеттерин толук бойдон мамлекеттин карамагына ишенип ыйгарышкан. Кыргыз Республикасынын учурдагы Конституциясы жалпы референдум менен бардык эл тарабынан колдоого алынган. Ошентип, ага добуш берген Кыргыз Республикасынын көпчүлүк жарандары бул Конституцияны колдошкон. Ал бардыгынын башын бириктирип турат жана эч ким ага каршы чыга албайт. Ошентип, шектүү «салттарга» негизденип, Конституцияны тоотпоо же каршы чыгуу аны барктабагандыктын белгиси.

**Төмөндө Конституциядан үзүндүлөр берилди.**

«Биз, куттуу Кыргызстандын эли, элибиздин эркиндиги үчүн канын төгүп, жанын берген баатырларды эске сактап;

адам укугун урматтоону жана коргоону туу туткан эркин, демократиялык мамлекет кура тургандыгыбызды тастыктап;

укуктун үстөмдүгүн аныктоо менен социалдык адилеттикти, теңдикти, элдин экономикалык бакубаттуулугу менен жыргалчылыгын жана руханий өнүгүшүн өргө сүрөөгө умтулуп;

[…]ушул Конституцияны кабыл алабыз.

### Кыргыз Республикасынын Конституциясынан алынган маанилүү беренелер:

6.3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

16.1. Адам укуктары жана эркиндиктери ажырагыс, ал ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык. Адам укуктары менен эркиндиктери эң жогорку баалуулук болуп эсептелет. Алар түздөн-түз колдонулат, мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маани-мазмунун аныктап турат.

16.2. Кыргыз Республикасы өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясында турган бардык адамдардын укуктары менен эркиндиктерин урматтайт жана аларды камсыз кылат.
Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, бир улутка таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес.
Эл аралык милдеттенмелерге ылайык, ар кайсы социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталып, мыйзамда белгиленген атайын чаралар кодулоо деп эсептелбейт.

16.3. Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.

16.4. Кыргыз Республикасында эркектер менен аялдар бирдей укуктарга жана эркиндиктерге, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ.

17. Ушул Конституция менен белгиленген укуктар менен эркиндиктер бардык жактан толук жетишерлик деп эсептелбейт жана адамдын, жарандын башка жалпы таанылган укуктары менен эркиндиктерин тануу же басмырлоо катары чечмеленбеши керек.

20.3. Конституцияда каралгандан тышкаркы максаттарда жана андан ашкан даражада укуктарга жана эркиндиктерге мыйзам менен чектөө коюлушу мүмкүн эмес.

36.5. Нике курагына жеткен адамдар никеге турууга жана үй-бүлө күтүүгө укуктуу. Бир дагы нике баш кошуучу адамдардын ыктыярдуу, эки тараптуу макулдугусуз түзүлбөөгө тийиш. Нике мамлекет тарабынан каттоого алынат.

37.1. Кыргыз Республикасында адам укугу менен эркиндигин чектебеген элдик үрп-адаттар, каада-салттар мамлекет тарабынан колдоого алынат.

40.3. Ар ким юридикалык квалификациялуу жардам алууга укуктуу. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт.

41.2. Ар ким бузулган укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн эл аралык келишимдерге ылайык, адам укуктары боюнча эл аралык органдарга кайрылууга укуктуу. Көрсөтүлгөн органдар тарабынан адамдын укуктары менен эркиндиги бузулгандыгы таанылган учурда, Кыргыз Республикасы аларды калыбына келтирүү же зыяндын ордун толтуруу чараларын көрөт».

**Эсиңерде болсун! Адам укугун бузуу – бул эч качан эки адам бири-биринин укугун бузуу эмес, бул мамлекеттин адам укугун бузуу боюнча жагдайларга карата аракетсиздиги. Мисалы: эгер адам кызды зордоп ала качса. Эгер милиция жана соттор ала качкан адамды же баласына мыйзамсыз ишке көмөктөшкөн энесин жоопкерчиликке тартпаса, анда ушул кырдаалды адам укугун бузуу деп белгилесе болот.**

## 15. Кыргыз Республикасынын Гендердик теңчиликке жетүү боюнча стратегиясы

2020-жылга чейин Улуттук гендердик стратегиясы жана 2012-2014-жылдарга карата өтө айкын «Улуттук аракеттер» планы бар. Акыркы жылдарда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан аялдардын коомдук жашоого активдүү катышуусуна жана аларды бул ишке тартууга көмөк көрсөтүүгө, аялдардын саясий укуктарына, ошондой эле аялдарды зордук-зомбулуктан корголушуна жардам берүүгө багытталган бир нече мыйзамдарды кабыл алды. Бул мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясында негизи принцип катары алынган аялдар менен эркектердин теңчилигине көбүрөөк маани берет. Мисалы, анда гендердик чектөө (квота) бар, ал боюнча Эсептөө палатасында, Жогорку сотто, Конституциялык сотто жана Борбордук Шайлоо комитетинде бир жыныстын өкүлдөрү 70 пайыздан көп эмес кызмат ордун ээлесе  болот. Де-факто - бул калган 30 пайызы аялдарга берилет дегенди билдирет.



Ошонун өзү партиялык шайлоо тизмелерине да каралган, бирок мыйзамдын анык мааниси, орунду алгандан кийин аял-талапкерлерди орундан баш тарттырып, кетип калууга мажбур кылган адамдар тарабынан бузулат, анткени мыйзам квота сактоо үчүн орундун бир жыныстан экинчи жыныска өткөрүлүшүнө тыюу салбайт. Эгерде бош кызмат орду кийинки ыйгарым укуктуу, аял-талапкери бар партияга берилсе, анда квотаны сактоого болмок.

Ошентип, көп учурда мыйзам айыптуу эмес, аны кандай пайдаланышат жана аны ишке ашыруудагы механизмдердин жоктугу анын бузулушуна алып барат.

Кыз ала качууга карата жазаны күчөтүүгө багытталган мыйзамдар ушундай жолдо колдонулуп, соттор бул берене боюнча абакта кармоо мөөнөтүн, анын мыйзамда бар экендигине карабастан эч колдонушкан эмес. 2012-жылдагы кампаниянын аркасы менен, Кылмыш-жаза кодексинин 155-беренесинде кыз ала качуу катаал жаза катары каралып, аны жасаган кылмышкерлерге 10 жыл эркинен ажыратуу мөөнөтү берилген, учурда адилет сот органы акырындык менен мыйзамды аткарууга киришип, кылмышкерлерди түрмөгө айдай баштады.

**Аялдар Кыргызстандын Парламентинде (Жогорку Кеңеште)**

| Шайланган жылы | Парламенттин мүчө-лөрүнүн жалпы саны | Парламентчи- аялдар | Парламентчи-аялдардын үлүшү |
|---|---|---|---|
| 1995 | 105 | 5 | 5% |
| 2000 | 105 | 7 | 7% |
| 2005 | 75 | 0 | 0% |
| 2007 | 90 | 23 | 26% |
| 2010 | 120 | 28 | 23% |

## 16. Аялдардын шайлоо укугун өнүктүрүү

Аялдардын шайлоо укугун киргизген алгачкы европалык өлкө – бул ошол кезде Россия империясынын курамына кирген Финляндиянын Улуу княздыгы болгон, анда тарыхта биринчи жолу 1907-жылы өткөн парламенттик шайлоолордо аял-депутаттар шайланган. Андан кийин 1913-жылы аялдарга толук шайлоо укугун берген Норвегия болгон. Европа, Азия жана Африка өлкөлөрүнүн көпчүлүгү Биринчи дүйнөлүк согуштун аягына чейин аялдарга шайлоо укугун берген эмес. Андан кийин бул тажрыйбаны пайдалангандар 1944-жылы бошотулган Франция, Италия 1946-жылы, Греция 1952-жылы жана кийинчерек 1971-жылы Швейцария болду.

Диндеги аялдардын шайлоо укугу:

Ислам: Акыйкат халифат учурунда (632-661-ж.ж.) халифти шайлоодо аялдар кошулганына карабастан, бүгүнкү күнү аялдардын укугу түрдүү ислам өлкөлөрүндө өзгөртүлүүдө. Аялдардын имам болу укугу жөнүндө маселе көпчүлүк тарабынан талаш-тартыш туудурууда.

Католицизм: Папа кардиналдар коллегиясы тарабынан шайлануучу жалгыз адам болуп эсептелет. Аялдар кардиналдар кызматына дайындалбайт, ошондуктан аялдар папага добуш бере албайт. Аббатис же игуменьи аял кызмат орундары шайлануучу орун жана ага шайлоо жамаатка тиешелүү жашыруун добуш берүүнүн жардамы менен жүргүзүлөт.




Индуизм: байыркы жана азыркы тарыхта чиркөө жана диний бийликте кызмат ээлеген аялдардын саны салыштырмалуу сейрек.

Ошентсе да, индуисттик салттагы текст булагы аялдарга аскетизмди атайын тыюу салган учурлар аз жана индуизмде бул ролду аткарган аялдардын жетиштүү мисалдары мурда да, азыр да болуп келет.

Иудаизм: иудаизмдин православдык эмес бутактары башынан эле эгалитардык болгондуктан, аялдар көз карашында бекем турган еврей жамааттарындагы жетектөөчү кызматтарга шайлоого жана шайланууга укугу болгон.

*Жазуу: бул плакатка 1919-жылы Герман социал-демокартиялык партиясы эркектер жана аялдар үчүн бирдей укуктарды жана милдеттерди, ошондой эле аялдардын шайлоого катышуу зарылдыгын жарыялаган.*

## Пост-тест:

1. Бул сессиядан кандай маанилүү үч фактыны билдиң. Биринчи сапка адам укуктары тууралуу аңгемеден эсиңде калгандарын, кийинки сапка Кыргызстандагы адам укуктарынын тарыхынан билгениңди, ал эми үчүнчү сапка Кыргыз Республикасынын Конституциясын жаз.

-
-
-

2. Сен өзүңдүн алган билимиңди күндөлүк жашооңдо кандай пайдаланасың? Мисалы, сен башка адамдын укугун бузган жана аны салт болуп калган көрүнүш катары айтууга аракет кылган адамга, бул салттуу көрүнүш эмес экендигин, Конституцияга, мыйзамдарга каршы келерин айтып түшүндүрсөң болот. Бул жагдай боюнча сен кандай тактуу аракеттерди аткара аласың (ала качуу жөнүндө милицияга билдиресиң же коомчулукка мамлекет бул кылмышка эч кандай чара көрбөсүн айтасың):

3. «Адам укуктары» сөз айкашына аныктама бер.

4. Мамлекет адамдын, аялдардын жана кыздардын укуктарын коргошу керекпи?

- «Ооба» десең эмне үчүн?
- «Жок» десең, эмне үчүн?

5. Адам укуктары боюнча үч мисал келтире аласыңбы?

-
-
-

6. Адам укуктарын бузуу деген эмне? Өзүңдүн коомчулугуңдагы адам укуктарынын бузулушу боюнча мисал келтир.

-
-

7. Адам укуктары түшүнүгү жана анын сенин күнүмдүк турмушуңдагы ролу тууралуу кандай оюң бар?



# 02

# Гендер жана гендердик зомбулук

**Сессиянын максаты:**

• «Жынысы» жана «гендер» түшүнүктөрү деген эмне экенин билүү;
Аял менен эркектеги жана алардын денесиндеги жалпы жана өзгөчө белгилерин аныктоо;
• Гендерди социалдык үзүм катары кароо (табият жанан тагдыр менен аныкталбаган), адамдар кантип коллективдүү жашашат, кантип коом өнүккөн сайын гендердик ролдор да өзгөрүлүп турат жана кыздар менен балдардан, аялдар менен эркектерден күткөн нерселер; коомдо кабыл алынган "эркектер" жана "аялдар" түшүнүгү бизге кандайча таасир эте турганын кароо;
• Гендердик зомбулук деген эмне жана кыздарга көрсөтүлүүчү зомбулуктун түрлөрүн талкуулоо.

**Убактысы:** 2 саат.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Ыкмасы | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1 | «Жынысы» жана «гендер» түшүнүгү жана алардын бири-биринен айырмасы | Акыл чабыты<br>Жалпы талкуу<br>Көнүгүү: «Эркектин эркек кылган эмне? Кызды кыз кылган эмне?» | 15 мүн.<br><br>55 мүн. |
| 2 | Гендердик ролдор жана көнүмүш адаттар | Көнүгүү, «Гендердик ролдор – тубасабы же пайда болгонбу?» | 30 мүн. |
| 3 | Гендердик зомбулук жана анын түрлөрү | Жалпы талкуу | 20 мүн. |

## 1. «Жынысы» жана «гендер» түшүнүгү жана алардын бири-биринен айырмасы

«Жынысы» жана «гендер» деген эмне экенин талкуулагыла.



**Эскертүү**

- Гендер – бул коомдо калыптанган (ошондуктан өзгөртүүгө боло турган) аялдар менен эркектердин ортосундагы айырма. Анын «жыныстан» айырмасы, жыныс эркектер менен аялдардын ортосундагы биологиялык айырманы аныктайт.
- Аялдар менен эркектердин биологиялык, жыныстык жана гендердик айырмалары алардын муктаждыктарынын ар кандайлыгын жана каражаттарга жана бийликке жетүү деңгээлинин бирдей эместигин билдирет жана ушул айырмалар гендердик теңсиздиктин пайда болушуна өбөлгө болот.
- «Жыныс» түшүнүгү төрөлгөндө медицина, биология адистери тарабынан айырмасы боюнча жазылат, кийин паспортто калкты эсепке алуу тутуму тарабынан көрсөтүлөт. Коом тарабынан туруктуу түрдө «эркек» жана «аял» деп бөлүнөт. «Гендер» термини көп учурда «жыныс»термини менен алмак-салмак колдонулат, бирок «жыныс» биология жаатында пайдаланылса, «гендер» мисалы, коомдук ишмердикте колдонулат.

**Көнүгүү «Балдар эмнеден жасалган? Кыздар эмнеден жасалган?»**

**Материалдар:**

- калем, карандаштар же маркерлер (сүрөт тартууга болгудай нерселер);
- актай кагаздар;
- оюн үчүн социалдык ролдор жазылган барактар (чоң/тай ата, чоң/тай эне, ата, эне, уул, кыз);
- таблицалуу баракчалар

| № | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |
| 6 | | | | | |
| 7 | | | | | |
| 8 | | | | | |
| 9 | | | | | |
| 10 | | | | | |
| 11 | | | | | |
| 12 | | | | | |
| 13 | | | | | |
| 14 | | | | | |
| 15 | | | | | |
| 16 | | | | | |
| 17 | | | | | |
| 18 | | | | | |
| 19 | | | | | |
| 20 | | | | | |

**Көнүгүүнүн жүрүшү:**

1. Катышуучулар үч топко бөлүнүшөт. Үч үй-бүлө «үй-бүлөсүндө» баланын төрөлгөнүн көрсөтүшөт. Оюн туруп аткарылат.
2. Катышуучуларга түтүкчө кылып оролгон кагаздар берилет, аларда үй-бүлө мүчөсүнүн социалдык ролу жазылган. Катышуучулар бөлмөдө ары-бери тез басып белги (сигнал) берилгенче бул түтүкчөлөрдү бири-бирине бере беришет.
3. «Үй-бүлө»белгиси берилгенден кийин катышуучулар колдорундагы түтүкчөлөрдү ачып, аты-жөнүн жана тигил же бул үй-бүлөлүк өзүнүн социалдык ролун окушат да бөлмөнүн ар кайсы бурчуна өз үй-бүлөсү боюнча топтолушат, анан бири-биринин тизесине төмөнкү тартип боюнча отурушат: «чоң атасы – чоң энеси – атасы – энеси – уулу - кызы». Бул кезде үй-бүлөнүн ар кандай түрлөрүн сунуштоого болот. Бул үчүн чоң ата, чоң энеси ата-энеси болгон үй-бүлөнү, ата-энесинин бири бар үй-бүлөнү ж.б.у.с. сунуштоого болот.
4. Үч үй-бүлөнү топтоп алгандан кийин ар бир үй-бүлөгө таблицасы бар баракча таратып берилет жана 1-графага 20 жеке сапатты белгилөө сунуш кылынат. Бул учурда үй-бүлөдө күтүлүп жаткан баланын жынысы аныктала элек болот.
5. Андан кийин үй-бүлөлөргө УЗИ кыз деп көргөзгөнү билдирилет. Экинчи графага биринчи тизмеде көрсөтүлгөн сапаттардын ичинен кызда болсун деген сапаттарды алып, жазуу сунуш кылынат.
6. Жаңылыштык болуптур! Үй-бүлө эркек баланын болушун күтүүдө. Үчүнчү графага катышуучулар биринчи тизмеде көрсөтүлгөн сапаттардын ичинен эркек балада болсун деген сапаттарды алып жазышы керек.
7. Катышуучуларга төмөнкүдөй тапшырма берилет:
   - **кызга да эркек балага да мүнөздүү болгон жактарды белгилөө;**
   - **балага ат коюу (эки ат  - кызга/балага);**
   - **ымыркай баланын портретин тартып кыздын/баланын дене мүчөлөрүн сүрөттөө;**
   - **экинчи (кыз) жана үчүнчү (эркек бала) тизмедеги сүрөттөөлөрдө «идеалдуу» баланын белгилери болор/болбосун талкуулагыла.**

**Талкууда каралуучу суроолор:**

1. Кызга мүнөздүү кандай дене мүчөлөрүнүн белгилери көрсөтүлгөн?
2. Эркек балага мүнөздүү кандай дене мүчөлөрүнүн белгилери көрсөтүлгөн?
3. Эркек баланын жана кыздын жеке сапаттарын тандоого эмне таасир этти?
4. Саналган сапаттардын кайсылары кыздарга жана аялдарга же балдарга жана эркектерге гана тиешелүү болот?
5. Кайсы бир жыныстагы балдар бир эле жыныска ыйгарылган сапаттарды өнүктүрүүгө колдоо көрүшү керекпи? Кыздар трактор айдаганга үйрөнүшү керекпи? Эркек балдар арыктан же кудуктан суу ташууга үйрөнүшү керекпи?
6. Биздин айырмалар бизде тандоо мүмкүнчүлүгү бар деген ой менен, турмушту тандоо мүмкүнчүлүгүбүзгө кантип таасир этет (карьерага карата; үйлөнүп/күйөөгө чыгып атканда; кимге үйлөнүү/кимге күйөөгө чыгууну тандаганда; үй-бүлөгө камкордук көрүүдө; жамааттагы биздин ролубузда ж.б.у.с.)?
7. Гендердик айырмалар эркектер менен аялдардын аныкталган айрым милдеттерин аткарылышында  тоскоолдук кылат. Кантип гендердик айырмалар коом үчүн пайдалуу боло турган нерсеге тоскоолдук кылат?



**Эскертүү**
Бул көнүгүүнүн негизги милдети – катышуучулардын,эркек балдар менен кыздардын, аялдар менен эркектердин биологиялык айырмалары (жынысы) бар экендигин, ал эми, кандай болсо да биз адамдарга таңуулаган социалдык айырмалары (гендер) деле, алардын биологиялык таандыгына карата алына тургандыгын түшүнүүсүнө көмөк көрсөтүү керек. Мисалы, аялдар менен эркектердин жыныс органдары бири-биринен айырмаланат, бирок, эгерде аларды кичине кезинен эле гендердик көнүмүштөргө байланыштуу буга үйрөтпөсө, ал мүчөлөр аялдардын өтө сезимталдуулугуна же эркектердин күч кубатына жана катуу мүнөзүнө таасир эте албайт. Ошондой эле бул көнүгүүнү талдоодо үй-бүлөнүн ичиндеги ролдорду ар бирин өзүнчө караса болот. Баланы тарбиялоого үй-бүлө кандай таасир этет?Кантип биз үй-бүлөдө үйрөнгөн гендердик ролдор үй-бүлөнүн улуу мүчөлөрүнүн ичинде бул ролдордун кандай бөлүнгөндүгүнө жараша болот (мисалы, ким идиш жууйт, ким баланы карайт ж.б.у.с.). Ошондой эле дагы маанилүү суроо: эгерде үй-бүлөдө ата-эненин бири болбосо (мисалы, интернат, чоң/тай эне жана эне, башка туугандардын катышуусу менен ж.б.у.с.) алардан балдарды салт боюнча тарбиялагандан башка нерселерди күтүүгө болобу?

## 2. Гендердик ролдор жана көнүмүштөр



**Эскертүү**
- «Гендердик ролдор» жана «гендердик көнүмүштөр» терминдери көп учурда синоним катары пайдаланылат. Бул салттуу ролдор – балким, «жакшы» аялдын маданий кабыл алына турган аныктамасы болуп: мурун башка жигиттер менен кезигишпей жүрүп, күйөөгө эрте чыккан, көп уулдары бар, балдары жана күйөөсү үчүн үй жайын таза жана иреттүү кармап көп иштеген, алардын муктаждыктарын өзүнүкүнөн жогору койгон, оор басырыктуу жана жумшак, каяша айтпаган ж.б.у.с. аял эсептелер. Мындай көнүмүш мүнөздөр бул маданияттагы аялдардын гендердик ролун чагылдырат;
- Гендердик ролдор кээде жагдайына жараша өзгөрүлөт. Мисалы, эгерде энеси ооруп калган баланы кароо үчүн ишине барбай үйдө калса, ал салт болгон «аялдардын гендердик ролун» аткарып аткан болот. Эртеси ал баласын мектепке жиберип, өзү ишке фабрикага, ал түгүл, үй-бүлөнүн жалгыз багуучусу катары, ишке барганда – ал салттуу болгон «эркектердин гендердик ролун» аткарып жаткан болот;
- Гендердик ролдор коом тарабынан калыптангандыктан жана жыныс өңдүү өзгөргүс болбогондуктан, гендердик ролдорун акырындык менен өзгөртүү максатында, аларга каршылык көрсөтүү керек. Бардык ар кайсы коомдордо бул ролдор өнүккөн жана убакыттын өтүүсү менен өзгөрүлгөн. Биз аялдар менен эркектер айырмалуу дегенибизде, биз биологияны (биологиялык/жыныстык айырманы) эле айтып жаткан жокпуз, биз коомдо түзүлгөн айырмалуу ролдорду да (гендерлик айырманы) айтып жатабыз.

**«Гендердик ролдорду жана көнүмүштөрдү» катышуучулар менен талкуулагыла.**

**Көнүгүү:** «Гендердик ролдор – тубасабы же пайда болгонбу?».

**Материалдар:**
- **Эки түстөгү стикер**
- **Таблицасы бар флипчарттар (эркектер, аялдар).**

**Көнүгүүнүн жүрүшү:**

Катышуучулар учурдагы заманбап коомдо «гендердик ролдор» болуп эсептелген ролдорду санашы керек. Катышуучуларга эки түстөгү (сары жана жашыл) стикерлер таратылат. Сары стикерлерге катышуучулар эркектердин коомдогу ролдорун, жашылына аялдардын ролдорун жазат. Катышуучулар жазып бүткөндөн кийин флипчарттын бир бетине аялдардын ролдору жазылган стикерлер, экинчи бетине эркектердин ролдору жазылган стикерлер илинет.

| ЭРКЕКТЕР | АЯЛДАР |
|---|---|
| Ишеничтүү, көп аялдуу, булчуңдуу, өтө сексуалдуу, кайраттуу, спортчу, ата, жеңүүчү, бай, ийгиликтүү, эр жүрөк, жетекчи, алсыздарды, өзгөчө аялдарды коргоочу, акча табуучу, жигердүү, компетенттүү, үй-бүлөнү багуучу, интеллигенттүү, узун, акылдуу, катуу, өз сезимин билдирбейт (ачуулангандан башка учурда), бизнесмен, депутат. | (Жакшы) эне, сулуу, назик (ошондой болушу керек, бирок ал кыздарды баласына күйөөгө чыксын деп мажбурлап атса ошондойбу?) күйөөлүү, сексуалдуу, бир эле күйөөсү бар, кыздыгы бар, токтоо, (жакшы) кожоюн-аял, балдарын тарбиялайт, төрөйт, шайыр, арык, эркекке караганда акылы азыраак, келишимдүү, дене боюн карап кам көрөт, ачуулуу эмес, салтты карманат, эскиче кийинет, тил алчаак, үй-бүлөсүнө гана байыр алган, үндөбөгөн, сулуу, баамчыл, мугалим, дарыгер, медицина кызматчысы болуп иштеген. |

Талкууланууч суроолор:
- Бул тубаса мүнөздөрбү же кийин пайда болгонбу?
- Алар эркек жынысындагы адамдарга мүнөздүүбү же аялдаргабы? Эки жыныска теңби?
- Алардын кайсынысы жаралгандан «аялдардыкы» болуп саналат жана эркектерди досторунун алдында ыңгайсыз абалга калтырат? Эгерде бул салттуу түрдөгү аялдардын ролу болсо, анда эмне үчүн алар ыңгайсызданат?

Тапшырма аткарылгандан кийин катышуучуларга аялдардын ролу бар жана эркектердин ролу бар стикерлердин орундарын алмаштырып коюу сунушталат.

Бул көнүгүү мурасталган гендердик ролдор жана коомдошуу, эркектердин коомдук чөйрөгө, өлкөнүн саясий жана экономикалык турмушуна катышуусун колдоого алган далили үчүн кандайдыр бир деңгээлде жоопкер экендигин көрсөтөт. Андыктан, бул тутумдар эркектердин кошумча чындыктарын жана муктаждыктарын көбүрөөк чагылдыра тургандыгы анык. Экинчи жагынан, аялдардын көбүнчө үй-бүлөдө болуп, үйдүн камын көрүшү колдоого алынат, натыйжада алар чечимдерди кабыл алуучу адамдардын арасында аз санда болуп, көбүнчө эркектерге экономикалык жактан көз каранды болушат. Бул аялдардын жашоо турмушун

тандоосунун жана эркиндигинин чектелишине алып келет. Ошентип, коомчулуктун жашоосун жакшыртууга жана экономиканын өнүгүүсүнө өбөлгө боло турган илгерилетүүчү ролдорду аткаруучу жигердүү аялдардан коом куру жалак калат.

Гендердик ролдордун болушу көбүнчө моюнга алынбайт, анткени гендердик ролдор «табигый» көрүнүш болуп саналат. Бирок эгерде бир нерсе ондогон жылдардын же муундардын аралыгында же жүз чакырым аралыкта же чек арадан ары жакта өзгөрүлүп турса, ал кантип табигый көрүнүш жана биздин биологиялык тутумубуздун бир бөлүгү болуп эсептелет? Бул жерден катышуучулар тарабынан акыл чабытында көтөрүлгөн, маданий жана географиялык айырмага токтолсо болот. Көптөгөн кыздар жана балдар, аялдар менен эркектер гендердик ролдорго туура келүүчүн аларга жүктөлгөн милдеттерди аткаруудан кыйналууда. Гендердик ролдордун катаал аныктамасы аялдар менен эркектердин теңсиздигине кыйла өбөлгө болуп, гендердик зомбулукка алып келүүдө. Айрым заманбап түгөйлөр өлкөдөн кетип калып, Канада өңдүү башка өлкөлөрдө жашагылары келет, ал жерде тетик акылдуулар тандалууда жана ал жерде жашоого жарандык сунуш кылынууда, анда эмнеге аялдар өз талантын өркүндөтө ала турган, ал эми балдар бирдей мүмкүнчүлүктөрү бар болуп өсө турган чөйрөгө кетип калууга болбосун? Биз бул адамдарды өлкөбүздөн кетирбей калтырып кала албайбызбы, алар өлкөбүздү өнүктүрүүгө өз салымдарын кошпойт беле?

### «Индеец» көнүгүүсү

**Материалдар:**

- флипчарт;
- маркерлер.

**Көнүгүүнүн жүрүм-туруму:** Катышуучуларды эки топко бөлөбүз. Ар бир топко фасилитатор флипчартка индеецти кантип элестететерин тартуу тапшырмасын берет (кийим, жашоо образы, жашаган орду, атрибуттар ж.б.). Негизи бардык катышуучулар индеецти салттуу кийими менен, абдан боёлгон, кылыч-найза ж.б. менен тартышат. Андан кийин ар бир топ өз сүрөтүн айтып, чечмелеп, коргойт. Бет ачардан кийин фасилитатор катышуучуларга суроо берет:

- Бул сүрөттөрдө эмне жалпылык бар?
- Азыркы индеецтер ушундай кийинишеби?

**Корутунду**: Сүрөттөрдө индеецтин көндүм образы тартылган. Мындай учурда ал социалдык көндүмдү элестетет. Социалдык көндүм – бул социалдык кубулуш же объект жөнүндө түшүнүк, ал адамдын кандайдыр-бир кубулушка социалдык шарттардан жана мурдагы тажрыйбадан улам пайда болгон биринчи мамилесин билдирет.

### 3. Гендердик зомбулуктар жана анын түрлөрү

Аялдардын гендердик зомбулугу – бул аялдарга көрсөтүлүүчү жеке же коллективдүү-зомбулук аракеттери. Анын негизги жүйөсү болуп жабыр тартуучунун гендердик таандыгы эсептелет.

Аялдарга карата зомбулук – бул коомдук турмушта болсун же жеке турмушта болсун жыныстык белгисинин негизинде кылынган зомбулуктун бардык түрү, ал аялдардын дене боюна, сексуалдык же психологиялык жактан зыян келтирет же аларды азапка салат, ошондой эле мындай аракеттер менен коркутуу (мисалы, мажбурлоо же ээн баштык менен эркиндигинен ажыратуу) да зомбулукка жатат.

Азыркы учурда гендердик зомбулуктун төрт негизги түрү бар деп эсептелүүдө, биздин өлкөдө анын баарына орун берилген, анын көбү «салтты» сактамакчы болгон айрым адамдардын аракеттерине байланыштуу:

- Сексуалдык зомбулук;
- Денеге зомбулук;
- Психологиялык зомбулук;
- Экономикалык зомбулук.

Бул зомбулуктардын бардык түрү бири-бирине байланыштуу, ошондой эле бир учурда эле болушу мүмкүн. Мисалы, денеге жана психологиялык (мисалы, кол көтөрүү, кыйкыруу, сабоо жана коркутуу), денеге жана сексуалдык (мисалы, муунтуу жана каалабаган жыныстык катнашка мажбурлоо), экономикалык жана моралдык (мисалы, керектүү буюмду алдырбай коюу жана кордук көрсөтүү) ж.б.у.с., бир убакыттын ичинде кылынышы мүмкүн. Ошондой эле зомбулук түрлөрүнүн ичинде бири-бирине байланыштуу көрүнүштөр да бар, алар "ээрчишме реакция" өңдүү бир түрдөн экинчи түргө уланышы мүмкүн. Мисалы, атасы энесин сабап салса, ал "ачуусун" баладан же келинден чыгарат. Башында психикалык зомбулуктан башталып, ал бир кезде ар кандай оордуктагы кол көтөрүү аракеттери менен коштолуп, акыры дене зомбулугуна же сексуалдык зомбулукка өтүшү мүмкүн.

Аялдарга карата зомбулуктардын бардык түрлөрү - Кыргызстандын учурдагы маанилүү социалдык кыйынчылыктарынын бири, анткени ал үй-бүлөнү бузат, ушуну менен коомду да мамлекетти да артка тартат. Ынтымактуу үй-бүлө гана мыкты коомду жана мамлекетти кура алат. Ошентип, үй-бүлөдөгү зомбулукту бейатуулдук аракеттердин катарына киргизүүгө болот. Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсү токтоп турганда үй-бүлөдөгү зомбулук улана берет, ал түгүл көбөйүшү да мүмкүн. Биздин өлкөдө үй-бүлөлүк жааттагы кыз ала качуу, жашырын көп аялдуулук, эрте никелешүү өңдүү зомбулуктун түрлөрүнүн өнүгүшү, таралышы жана актоо аракеттеринин көрүлүшүнө орун берилген. Бирок бул ошол эле учурда бүт коомчулуктун жана жалпы мамлекеттин начарлоосуна алып келет. Зомбулуктун ушул түрлөрүн кийинки сессияларда да каралат.



03

# Кызды күч колдонуп ала качуу

**Сессиянын максаты:** Катышуучулар менен кызды күч колдонуп ала качуу деген эмне экендигин талкуулоо, бул көрүнүштүн себебине жана кесепетине талдоо жүргүзүү. Кызды күч колдонуп ала качууга кабылып кала турган кыздар жана бул көрүнүштүн башка катышуучулары үчүн сунуштарды иштеп чыгуу жана талкуулоо.

**Убактысы:** 2 саат.

**Сессиянын планы:**

| № | Иш чаралар | Ыкмасы | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1. | Мурунку "Гендер жана гендердик зомбулук" сессиясына сереп | "Эстөө тобу" | 10 мүн. |
| 2. | "Кызды күч колдонуп ала качуу" түшүнүгү.<br>Кызды күч колдонуп ала качууга катышкандарды жана алардын ролун аныктоо. | Акыл чабыты, жалпы талдоо<br><br>"Ала качуу" көнүгүүсү (Кызды күч колдонуп ала качууну катышуучулардын өздөрү кайталап көрсөтүүсү) | 10 мүн.<br><br>Даярдануу – 15 мүн.<br>Оюн – 15 мүн.<br>Жалпы талкуу – 10 мүн. |
| 3. | Кызды күч колдонуп ала качуунун себебине жана кесепетин талдоо жүргүзүү. | Топ менен иштөө<br><br>Кейс менен иштөө + презентация | Топ менен иштөө – 15 мүн.<br><br>Презентация – 10 мүн.<br><br>20 мүн. |
| 4. | Кызды күч колдонуп ала качуу болгондо алардын үй-бүлөсүндө жана коомчулукта эмне кылуу керектиги тууралуу сунуштарды иштеп чыгуу. | Топтордо иштөө | 15 мүн. |

**1. Өтүлгөн гендер жана гендердик зомбулук сессиясына сереп:**


"Эстөө тобу" оюну.

Мурунку теманын баяны үчүн тегерек болуп турушат да, бири-бирине топту берип жатып, мурунку "Гендер жана гендердик зомбулук" сессиясынан эстегендерин айтып беришет. Негизги эрежелер: катышуучулардын ар бири эстегенин айтып, кийинки катышуучу аны кайталабашы керек. Бул оюндун жүрүшүндө жаңы маалыматтар менен гана бөлүшпөстөн, мурунку сессияда жана андан кийин пайда болгон жаңы ойлор жана жаңы пикирлерди да билүүгө болот.

## 2. Кызды күч колдонуп ала качуу

Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлө» кодексинде үй-бүлө түзүү “үй-бүлө күтүү максатында түзүлгөн, жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жарата турган, мыйзамда белгиленген тартипте тараптардын эркин жана толук макулдугу менен эркек жана аялдын ортосундагы тең укуктуу баш кошуусу” катары аныкталат.

Кызды күч колдонуп ала качуу учурдагы Кыргызстанда кеңири таркалган көрүнүш, бирок бул кыйынчылыкка кызыккан изилдөөчүлөр болгону менен толук изилдене элек. Кызды күч колдонуп ала качуу көрүнүшүн изилдөөдө абдан так талдоо талап кылынат жана көп маанилүүлүгүнө байланыштуу айрым татаалдыктар болот. Бул айтылгандарга карата үч түрдүү мамилени бөлүп көрсөтүүгө болот:



1. Ата-энелери макул болбогондо кыз менен жигиттин өз ара макулдугу боюнча кыз ала качуу (бул ата-энелери макул болсо, чыгымдарды азайтуу үчүн);
2. Кыздын макулдугусуз, бирок ата-энесинин макулдугу менен кыз ала качуу (бул үйлөнүүгө макул эмес жигитке да тиешелүү болушу мүмкүн, бирок бул жагдай ага тиешелүү эмес);
3. Кыздын ата-энесинин эркине каршы кыз ала качуу. Мындай учурда кыздар жигитти биринчи жолу көрүп жатышы мүмкүн.

Биринчи жана экинчи жолку ала качууларды никелешүүнүн калыптанган салты боюнча аткарылган жөрөлгө катары саноого болот. Кыз менен жигит нике курагына жеткен болсо, биринчи көрүнүштө мыйзам бузулбайт. Экинчи учурда салт болгон көрүнүштөр кандай болсо да, бул аракет мыйзамга, Конституцияга, Конституцияда жазылган аныктамаларга каршы


кылмыш кылгандыкка жатат жана мыйзамдын аткарылышын жана тартиптин сакталышын камсыздоочу мамлекетке каршы чыккандык болуп калат. Экинчи жана үчүнчү учурларга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында атайын жаза чаралары каралган жана алар сөзсүз аткарылууга тийиш!

Эми айрым адамдар «салт» болгон көрүнүштөр мыйзамды бузууга жатпайт деп айта алышпайт. Алар биздин Конституциябыз жана ага негизделген мыйзамдар үч жол менен гана өзгөрүлүшү мүмкүндүгүн билүүлөрү керек: Биринчиден, Кыргызстандын адам укуктарына каршы чыгышын жана адам укуктары менен эл аралык ченемдерди четке каккан, демократиялык эмес өлкө болууга добуш берген, өлкөнүн өзүнчө бөлүнүшүн каалаган жарандардын саны басымдуулук кылганда; Экинчиден, зордук-зомбулук жолу менен бийликти кулатканда, мындайды каалагандар дээрлик жок; Үчүнчүдөн, мындай адам укуктарын бузууларга мыйзам жол бере турган башка өлкөлөрдү издеп, Кыргызстандан чыгып кеткенде. Чындыгында, бир да мындай өлкө жок, ал түгүл, Ооганстанда да акыркы он жылдын ичинде мыйзамдардын калыптанышында жана аялдардын укуктарынын ишке ашырылышын камсыз кылууда чоң ийгиликтерге жетишти.

Ошентип, бул адамдар жана алардын ардактап сактаган салттары жаңы мезгилге, жалпы билим берүү жана саламаттыкты сактоо, заманбап инфраструктура жана электр кубаты, автомобиль, самолет жана интернет өкүм сүрүп жаткан жаңы мезгилге ылайык өзгөртүлүшү керектиги тууралуу жөнөкөй чындыкты түшүнүп, кабыл алуулары керек. Эмне үчүн айрым адамдар өткөн кылымдардагы, бир адамдын экинчисине кордук көрсөтө турган салттарынын сакталышын каалайт? деген суроону берүү зарыл. Ал кордук көрсөтүүчү андайды кыла бере тургандыгындабы? Же күчтүү эл, өнүккөн маданият кордуксуз жашай албайбы?



Мындай иштерге барууда аларды аткаруучулардын ичинде мындай жүрүм-турумдун мыйзамдуулугу тууралуу ойлонгондор сейрек кезиге тургандыгын белгилей кетүү абдан маанилүү. Бирок, адамдардын баалуу сапаттары моралдык жактан таянып, «бул туура», «тигил туура эмес» деп аныктай ала тургандыгы аларды актабайт. Билимдин чектүү болуу себептеринин бири, акыркы жылдарда мамлекет мыйзамды аткаргысы келген жок жана аткаруу мүмкүнчүлүгү да болгон жок, бул аялдардын жашоосун буза тургандардын кылмыштарынын жазасыз калышына алып келгендигине байланыштуу болду. Балким, силердин эже карындаштарыңар да ушундай абалга калгандыр. Кыз ала качуулар туугандардын, Конституцияда чагылдырылган баалуулуктарды аткарбаган, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн унчукпаган макулдугу боюнча болуп жаткан көрүнүш. Бирок бардыгы өзгөрүлөт, ошондой болсо да адамдарды эркиндигинен ажыратуу эмне үчүн жаман экендигин түшүндүрүү дагы эле кыйын.



Жакында кыздын эркине каршы бир ала качуу болду. Кыздын ата-энеси кызын колдоп, аны алуу үчүн анын көңүлүн таап, макулдугун албастан, кара күчкө салып, зомбулук менен күйөөгө чыгууга мажбурлап, кылмыш жолуна түшкөн чабал жигитке эмес, өзү каалаган мыкты жигитке чыгышын каалагандыктары менен түшүндүрүштү. Ала качып кеткен кыздын ата-энелери массалык-маалымат каражаттарына кайрылып, кечки жаңылыкта ала качылган кыздын сүрөтүн көргөзүп, «уурдагандыгы үчүн жазага тартылат», - деп убада беришиптир. Аны көргөн баланын ата-энеси кызды коё берген. Бирок, аны ала качкандарына жаны кашайган кыз, ал жигитке кылмыш ишин козготом деп ачууланыптыр. Күнөөлүү жигиттин энеси эми анын баласынын тагдыры кандай болот деп санааркап турган кези, анын баласы уурдаган кыздын тагдыры кандай болот деп ойлонду бекен, же баласына татыктуу тарбия бербегендиктен, баласы аялзатын сыйлаганды билбегендигин ойлонду бекен?

Көбүнчө ала качкан кыздын ата-энесинин үйүнө кайта келиши – кыздын жакындары үчүн уят боло турган. Бирок бул да өзгөрүлөт. Ата-энесине кызынын эртең кылмыш иши козголо турган жигитке уурдалып, турмушка чыкканына макул болуу жеңилби?

**Аялдардын эрки, өз ыктыяры менен никеге туруу укугу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси менен корголот.**

**155-статья. Аялды никеге турууга мажбурлоо, никеге туруу үчүн аны ала качуу же анын никеге турушуна тоскоолдук кылуу.**

**(1) Аялды никеге турууга же никелешип чогуу жашоону улантууга мажбурлаганда, ошого тете аялдын никеге турушуна тоскоолдук кылганда – жүздөн эки жүзгө чейинки эсептик көрсөткүчтөрдүн өлчөмүндөгү айыпка же болбосо үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөөгө жазаланат.**

**(2) Аялды никеге туруу үчүн анын эркине каршы ала качуу – беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу менен жазаланат.**

**(КР 2013-жылдын 25-январындагы № 9 мыйзамына ылайык)**

**Кыз күйөөгө чыкканда анын макулдугун алуу зарыл.**

1.

**عَنْ ابْنِ عَبَّاس رَضِي الله عنه قال: إنَّ جَارِيةً بِكْرًا أتَتْ النَّبيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَ سَلَّمَ فذكَرَتْ أن أبَاهَا زَوَّجَهَا وَ هِيَ كَارِهَةٌ.**
**فَخَيَّرَهَا النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَ سَلَّمَ وقالَ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَ سَلَّمَ والْبِكْرُ تُسْتَأْذَنُ (رواه أبو داود و ابن ماجه)**

**Мааниси: Ибн Аббастан (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: «Бир турмушка чыга элек кыз Пайгамбарга с.а.в. келип, анын атасы каалоосуна каршы эле турмушка берип койгондугун айтты эле, Пайгамбар аны (кыздын) ыктыярына койду». Пайгамбар дагы минтип айтт: «(Турмушка чыга элек) кыздан (нике үчүн) уруксат суралуусу тийиш». (Абу Дауд, Ибн Маажах)**

**«Кыз куумай» - кыргыз кызынын жубайын эркин тандоо укугун күбөлөндүрөт.**

Илгерки убактарда бул оюн үйлөнүү жөрөлгөсүнүн бир бөлүгү болгон. Оюнга улуттук кийим кийишкен бир нече түгөй (атчан кыз жана жигит) катышат. Эреже боюнча, кызга абдан күлүк ат берилген, же 20 метрдей алдыга тургузулуп, оюнду баштоо укугу берилген. Жигит кыздын аркасынан түшкөн, бул анын кызды сүйгөндүгүн жана ага үйлөнүү укугун далилдеген. Аты начар болгондуктан, айрым учурда жигит сүйгөн кызын кууп жетпей калчу. Мындай болгондо кыз жигитти камчы менен «сыйлоочу», эгерде кыз келечектеги жубайынан баш тартпаса, анда той өткөрүлчү. Ошентип кыз ал жигиттен баш тартууга укуктуу болгон, бирок, эр жигит аны макул кыла алса, үйлөнүшчү. Мына ушуну кыргыз эли сыймыктана турган салт десе болот. Ойлонуп көргүлөчү, аялдын тандоо укугу болгон, мында бала да, кыз да тең укуктуу болушкан. Анда убакыт менен сыналган бул жакшы салтка эмне үчүн кайта кайрылууга болбойт?

Ала качып алынган аялдарды сурамжылаганда ала качуу убактысына (XX кылымдына жетимишинчи жылдарына же XXI кылымдын биринчи он жылдыгына) карабастан, бул жол-жобонун айрым жактары жана айрым этаптары бири-бирине окшош болот: ала кача турган кызды тандоо, алдоо же күчкө салуу менен ала качуу, эпке келтирип көндүрүү жана коркутуу, айрым учурда зомбулук менен кызды күйөөгө чыгууга мажбурлап макул кылдыруу, кээде кыздын туугандары менен сүйлөшүү, диний жол менен никелешүү көбүнчө жарандык каттоодон өткөрүлбөйт. Жарандык каттоонун жоктугунан, аял нике учурунда топтолгон мүлктүн мыйзамдуу үлүшүнөн кол жууйт жана аны талап кылууда, же күйөөсү эрте каза болсо, ал өзү да, анын балдары да мурастоодо кыйынчылыктарга туш болот.

Интервьюнун маалыматтары (статистика) боюнча, көбүнчө 17ден 23 жашка чейинки кыздарды ала качышат, ал кыздардын орточо курагы 19,6 жаш. Сурамжылангандардын ичинен төртөөнү 15 жашында, жетөөнү 16 жашында ала качышыптыр, бул кылмыштуу иштин мындан ары уланышына өбөлгө болот, ошондой эле жаш энеден чабал балдардын төрөлүшүнө алып келет, өзүнүн дене бою да толук жетиле элек жаш эне, төрөт учурунда өзү да жабыркап калышы мүмкүн.

Ала качылган 268 кыздын 218и (81%) никеге турушкан, калгандарын коё беришкен же качып кетишкен. Сурамжылоого катышкандардын 47 пайызы гана ала качып алган адамдар менен жашайт экен (алардын ичинен үчтөн бири, акыркы үч жылдын ичинде ала качылгандар), ал эми калгандары ажырашып кетишкен. Никеге туруу үчүн кыздарды ала качуу кыз үчүн эле дээрлик кыйроо эмес, анын жаңы үй-бүлөсү үчүн да, эски үй-бүлөсү үчүн да, коомчулук үчүн да жана мамлекет үчүн да дээрлик кыйроо болуп саналат, балким, алар кызга да, анын балдарына да кам көрүүгө мажбур болушат. Чыныгы атуулдар эч качан кызды эркине койбой ала качышпайт, анткени бул мамлекетти алсыздандырат жана кыргыздын «Кыз куумай» өңдүү салттарында аныкталган асыл наркына каршы келет.



Абдан көп аялдар аларды ала качып алгандарына кыжыры кайнап жаткандарына карабастан, акыркы жылдарда он аялдын бири гана милицияга арыз жазып кайрылган. Ошентсе да көп учурларда адамдар ала качуу көрүнүшүн токтотуу үчүн ар кандай аракеттерди кээде укук коргоо органдарынын жардамы менен көрүшөт. Бир нече учурда иш сотко жетип, ала качкан жигиттер үч жылга абакка камалган. Акыркы учурда жаза чарасынын оорлогонуна байланыштуу укук коргоо органдарына түшкөн арыздардын саны арбууда, демек, кыз ала качуу көрүнүшү ала качкычтар үчүн кооптуу иш болуп калды, анын айынан тандалып алынган «колуктунун» эмес, ала качууга катышкандардын өздөрүнүн келечектери бүлгүнгө учурашы мүмкүндүгү анык. Мурда мындай кыздын туугандары менен жигиттин туугандарынын чырлары кийит-пийит жана белгилүү бир акча каражатын төлөп айыбын тартуу менен бүтө турган. Мындай акча суммасы эми кескин көтөрүлө тургандыгы анык, себеби түрмөгө түшүү кепилдиги шексиз болуп калды. Баткендеги бир айылдын аксакалдары бир нече жыл мурун кыз ала-качуу алардын айылында да болгонун айтып бериптир.

Аксакалдар дароо кызды алып келишкен айылга барышып, эгерде кызды дароо бербесеңер эки айылдын ортосунда согуш чыгат деп коркуткан. Кызды дароо чыгарып беришип, андан бери ал аксакалдардын айылынан кыз ала качууга эч ким даап баралбайт экен.

Бул баптын авторлору бул «Ала качуу» темасы боюнча түшүндүрүү иштерин Ысык-Көлдүн айылдарында да жүргүзгөн. Эң кызыгы, бир айылдын диний аалымдары мындай көрүнүштөргө өзгөчө каршы экендиктерин, ала качуу «арам» кылыктардын катарына кире тургандыгын ырасташты жана Ыйык Куранда жазылган ага «каршы» тыюуларды санап чыгышты. Диний аалымдар ошондой эле кыз бойго жете электе, же анын ыктыярына каршы нике кыюу шариатты бузууга жата тургандыгын, андан тышкары бул мыйзамды да бузган көрүнүш экендигин билгизишти. Ошентип, кыз ала качууга мыйзамдын ченемине да, байыркы кыргыздардын салтына да, ислам динине да каршы келген көрүнүш экен. Андай болсо, адепсиз наадандардан башка, бул жаман адатты жазадан коркпой ким кайталайт?

**Көнүгүү. “Ала качуу”.**

**Материалдар:**
- **Жоолук (шарф деле болот);**
- **Ала качууга катышуучулар үчүн колдон келишинче ылайыктуу кийим.**

**Көнүгүүнүн жүрүшү:** Катышуучулар эки топко бөлүнүшөт: артисттер жана байкоочулар. Артисттер тобуна кызды күч колдонуп ала качуу боюнча тийиштүү ролдор бөлүнүп, сахнаны даярдоого 15 мүнөттөй убакыт берилет. Андан кийин топко даярдалган оюнду көрсөтүш үчүн 15 мүнөт бөлүнөт. Оюн көрсөтүлгөндөн кийин артисттерге да көрүүчүлөргө өз ойлорун айтуу мүмкүнчүлүгү берилет.

**Талкууланууучу суроолор:**
- **Катышуучулар бул абалда өзлөрүн кандай сезишти?**
- **Кызды күч колдонуп ала качууда алардын аткарган ролдору кандай экен?**

**Тыянак:** Жигиттин достору менен тууганадары кызды күч колдонуп ала качуунун катышуучулары болушат. Алардын абдан жигердүү катышуусу менен гана бул кылмыш ишке ашырылат.

**Кейс менен иштөө:**

Катышуучулар эки топко бөлүнүшөт, алардын Кейс менен таанышышы жана төмөнкү суроолорго жооп бериши үчүн 15 мүнөт бөлүнөт.




*Анара Кенжебекова 19 жашта, ал Талас шаарында жашайт. Атасы жок өскөн, Анараны жана анын эки эркек бир тууганын энеси жалгыз багып өстүргөн. Анара балдарга билим берүү борборунда иштейт. Өткөн жылы Анараны эки жолу зомбулук менен ала качып, мажбурлап нике кыйдырмакчы болушкан.*

*Биринчи жолу Анаранын агасынын аялы сиңдиси менен ала качкандар менен сүйлөшүп алып, аны ошол балдардын колуна салып беришкен. Анда Анараны энеси алып келип алган. Жеңесинен «Эмне үчүн мындай кылдың, - деп сурашса, ал өз кезегинде, - жигит жакшы үй-бүлөдөн, эмне үчүн ага күйөөгө чыкканга болбосун», - деп жооп берген.*

*Экинчи жолу бир айдан кийин иштен келатканда ала качышты. Жигит аялы менен ажырашыптыр, бир кызы бар экен, өзүнөн 12 жаш улуу. Анара кетип калайын десе, жигит аны байлап салып «Эгерде качып кетсең абийириң төгүлүп, шерменде атка коносуң, экинчи жолу эрге тийбей каласың», - деп коркутуптур. Энеси кызды жигиттин үйүнөн алып кетип, укук коргоо органдарына арыз жазган. Арыз жазгандан кийин жигиттин ата-энеси бир нече жолу жабыр тарткан кыздын үйүнө келип, милициядан арызды алышса, алар салт боюнча куда түшүп, кызды алып, той өткөрүшөөрүн айтып жалдыраган. Кыздын энеси кызымды каргап салышпасын деп коркуп, арызын кайра алмакчы болуптур. Мындай окуялардан кийин кыз «Маана» кризистик борборуна кайрылыптыр. Мындай көп жолку кордуктардан кийин кеп-сөзгө калып, жеңил баа болгонуна кайгырып, санааркаган Анара өзүн элдин кеминдей, кол оюнчукка айлангандай сезип, корунуп калыптыр. Ал түгүл, Анаранын туугандары да: «Үй-бүлөнү уятка калтырдың», - деп күнөөлөй баштапыптыр. Кризистик бордордун адистеринин жардамы менен ал кайра калыбына келтирилди. Азыр ал кадимкисиндей иштеп, жашап жүрөт, сүйгөн жигити бар, ага күйөөгө чыгууга камданууда. Ал элдин сөзүнө көнүп, колун куушуруп, макул болуп отуруп калбай, эч тартынбастан кызын коргогон энесине ыраазы.*

1. Анаранын ордунда болсоңор силер эмне кылат элеңер?
2. Анаранын туугандары аны эмне үчүн жектешти? Силер кандай деп ойлойсуңар, алардын антүүгө акысы барбы, Анаранын каалоосун, анын бактысын ойлогондун ордуна базардын ушагын барктагандары үчүн алар уялып атышса керек?
3. Анарага көрсөтүлгөн зомбулуктун кесепети кандай болду? Ал ошого татыйт беле? Мындай деген аныктама бар: "Адамды өлтүрбөгөн нерсе, аны күчтүү кылат", силер кандай деп ойлойсуңар, Анаранын абалы бул пикирдин аныктыгын ырастайбы?

**3. Кызды күч колдонуп ала качуунун себебин жана кесепеттерин талдоо**

**Топтор менен иштөө:**

Кызды күч колдонуп ала качуунун себебине жана кесепеттерине талдоо жүргүзүү үчүн катышуучулар эки топко бөлүнүшөт. Биринчи топ 15 мүнөттүн ичинде кызды күч колдонуп ала качуунун себебин жана кесепеттерин жазышат, ал эми экинчи топ сүйүү жана макулдук боюнча никелешүүнүн натыйжаларын жазышат.

Себептери:

- Карама-каршы жыныстагы адам менен сүйлөшүү маданиятынын жоктугу;
- Өзүн кадырлоо деңгээлинин төмөндүгү, ала качкычтын, анан көбүнчө анын энесинин коркпостугу, балким, аны да өз кезегинде ала качып келишсе, өзү ага каршылык көрсөтпөсө керек;
- Кыздын атасынын эрксиздиги жана өз кызынын бактысына кам көрбөгөндүгү;
- Башкаларды кадырлоо деңгээлинин төмөндүгү жана менменсингендик;
- Өз акылынын жоктугу;
- Үй-бүлөсүнүн жана тукумунун оюу менен болуу жана тукумунун кызыкчылыгы боюнча гана аракет кылуу;
- Акыл деңгээлинин төмөндүгү жана адам укуктары маселесинен кабардуулук деңгээлинин төмөндүгү;
- Мамлекеттик органдардын өздөрүнүн негизги милдеттерин аткарбоосу;
- Коомчулуктун, өзгөчө ала качылган кыздын туугандарынын үнсүз макулдугу;
- Бул көрүнүштө эрдемсинүү – өзүн «алп» адам сезүү, чынына келгенде, ал кыздарга жага албаган, кудуретсиз бир бечара.

Силер ушундай жигитке турмушка чыгат белеңер? Силер өзүңөрдүн эң жек көргөн душманыңардын ушундай жигитке чыгышын каалайт белеңер?

**Кесепеттери:**

- Талкаланган тагдырлар;
- Эрте никелер;
- Эрте төрөө;
- Ажырашуулар;
- Өзүн-өзү өлтүрүү;
- Кылмыш иштери;
- Жогоруда саналган ар бир пункттун болушу теңтуштардын ичиндеги сыйдан биротоло кол жуудурат;
- Коомчулукка түйшүк салып, ашыкча жүк болот.

**Сүйүү жана макулдук боюнча никелешүүнүн натыйжалары:**

- Күтүлгөн кош бойлуулук;

- Дени сак балдар;
- Үй-бүлөлүк психологиялык жагымдуу жагдай;
- Балким, экономикалык абалдын жакшылыгы;
- Стресске кабылуунун жана оорулардын аздыгы;
- Бактылуу жашоонун натыйжасындагы узун өмүр;
- Коомчулукка салым кошуу.

**4. Кызды күч колдонуп ала качуунун бардык катышуучуларына сунуштарды иштеп чыгуу**

Мурунку талкуулоонун негизинде бардыгына кызды күч колдонуп ала качуу көрүнүшүндө роль аткаруу сунуш кылынат. Ролдор төмөнкүдөй болушу мүмкүн: күйөөнүн ата-энеси, күйөө, күйөөнүн достору, кыз, кыздын ата-энеси, туугандары, кошуналар, ала качуучу, СЕН байкоочу катары, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, диний аалымдар, ӨЭУ кызматкерлери, жигердүү жаштар ж.б. Ролдор бөлүштүрүлгөндөн кийин катышуучулар тегерек болуп отуруп алышып, кызды күч колдонуп ала качууга тиешелүү чечимдерди жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча талкууга киришет. Оюндун ар бир катышуучусу тигил же бул роль туурасында өз пикирлерин айтат.

**Кызды күч колдонуп ала качуунун катышуучуларына берилүүчү сунуштар:**

**СЕН** – 102 номерине чалып, кылмыш тууралуу билдир, ИИМдин кызматкерлери келгиче күтүп туруп, күбө катары чык. Эгерде мүмкүнчүлүк болсо, кызды ала качууга тоскоол болуп, ортого түш, бирок таяк жеп калба. Мындан тышкары, Силердин телефон менен кыздын каршылык көрсөтүп жатканын кылмышты далилдеш үчүн видеого тартып алгыла. Мындай болгондо видео жазууну милицияга берерден мурда анын көчүрмөсүн алып, ишеничтүү жерге катып койгула ж.б.у.с.

**Күйөөнүн ата-энеси** – балаңарга кыздын жактыруусу жана макулдугу боюнча үйлөн деп кеңеш бергиле.

**Күйөө** – үй-бүлөнү сүйүү жана макулдук боюнча түзсүн.

**Күйөөнүн достору** – зомбулук менен кыз ала качууга катышууну суранса, андан баш тартып, бул кылмыш экендигин эскерткиле.

**Кыздын ата-энеси** – кандай болсо, өз кызыңарды колдогула, аны үйгө алып кеткиле.

**Туугандары** – зомбулук менен кыз ала качууга катышуудан баш тарткыла, башка туугандарга, бул кылмыш экендигин, күйөө жана анын жандоочтору түрмөгө отургузуларын жана өмүр бою уятка калышарын эскерткиле.

**Кошуналар** – 102 номерине чалып, кылмыш тууралу билдирип, анын даректи айткыла, ИИМдин кызматкерлери келгиче күтүп туруп, күбө катары чыккыла.

**Укук коргоо органдарынын кызматкерлери** – кызды күч колдонуп ала качуу болгонун каттагыла, КР Кылмыш-жаза кодексинин жоболоруна ылайык иш алып барып, күнөөкөрлөрдүн же катышуучулардын “актануударынын” таасирине кирбегиле.

**ӨЭУ кызматкерлери** – кыздардын укуктары тууралуу маалыматтык жана түшүндүрмө иштерин жүргүзгүлө, кызды күч колдонуп ала качуу маселелери боюнча сотко чейинки жана соттук тескөөлөргө мониторинг жүргүзгүлө.



1. Кылмышка катышкандардын санын жана өзгөчөлүктөрүн эстеп алгыла.
2. ИИМге так маалымат берүү үчүн машиненин номерин жана маркасын эстеп калгыла.
3. Башка кишилердин көңүлүн өзүңөргө бурдурууга аракет кылгыла. Мисалы, жардамга чакыргыла.
4. Эч кандай каргап-шилөөлөрдөн коркпогула, айтканыңардан кайтпагыла, ала качкандардан коё беришин талап кылгыла.
5. Кылмыш-жаза кодексинде жазалардын бар экендигин, кылмыш жазасына тартыларын айткыла
6. Мүмкүнчүлүк болсо, **102** ге чалгыла, ала качуу тууралу билдиргиле.
7. Өткөндөрдү жардамга чакыргыла! Бардык жардам маанилүү! Кимдир бирөө милицияга билдирер!
8. Эгерде силерге кимдир бирөө жардам берсе, алардын дайнын жазып алгыла, ала качуу аракети болгонуна күбө болушу мүмкүн.
9. Кичинекей жаракат алсаңар да, ооруканага кайрылгыла.
10. Чоңураак жаракат болсо тез жардамды чакыргыла.
11. Дарыланып жатканда бардык маа-лымдамаларды жана чектерди чогулткула.
12. ИИМге арыз жазгыла. ИИМдин кызматчысы сиздин арызды каттаганын көзөмөлдөгүлө. ӨЭУга же Бишкектеги БУУ Аялдар офисине кайрылгыла.

**Катышуучуларга жана алардын ата-энелерине зомбулук менен кыз ала качууга каршы ант берүүсүн сунуш кылгыла.**

Кыздардын анты:

«Мен, ______________________________ зомбулук менен ала качууга кабылсам, эч качан өз ыктыярыма каршы, ала качкычтын үйүндө калбайм, никеге макул болбойм деп ант берем. Мен сөзсүз ички иштер органына арыз менен кайрылам. Мен турмушка сүйүү жана макулдук боюнча гана чыгам».

Жигиттин анты:

«Мен, ________________________________ эч качан никеге мажбурлоо максатында кызды ала качпайм деп ант берем. Эгерде менин досторумдун же тааныштарымдын бири кыз ала качмакчы болсо, ал кылмыштан баш тарттырууга ант берем. Мен баарынан достуктан да адилеттүүлүктү артык баалайм, андыктан кыз ала качып жаткан бардык адамды, ал түгүл, ал менин досум болсо да, кой дегенге болбосо, милицияга билдирем. Өз ыктыярыма жана кыздын ыктыярына каршы эмес, ал түгүл, ата-энем күчтөсө да, өз ара макулдук боюнча мамилелешүүгө жана сүйүү жана макулдук боюнча гана үйлөнүүгө ант берем».

Кыздын ата-энесинин анты:

«Мен, _________________________________ атасы/энеси ______________________________ менин кызым ала качуунун курманы болбошу үчүн колумдан келгендин баарын кылам деп ант берем. Кокустан кызымды ала качып кетсе жана аны макулдугусуз никеге мажбурласа, аны ала качкан адамдын үйүнөн дароо алып кетүүгө жана коомчулукту тартууга, ички иштер органдарына жана ӨЭУга кайрылууга ант берем. Мен ал чараларды дароо баштайм. Мен кызыма бардык жагдайда колдоо көрсөтөм, алакачкычтын үйүнөн алып кетем жана менин кызыма зомбулук көрсөтүүгө жол бербейм. Менин кызымды ала качкандар мени акча менен да, мал менен да макул кыла албайт, анткени кызым мага баарынан кымбат».

Баланын ата-энесинин анты:

«Мен, _________________________________ атасы / энеси _____________________________ биздин балабыздын өзүнүн же досторунун аялы боло турган кызды ала качып күнөөлүү болушуна колдон келишинче жол бербөөгө ант беребиз. Эгерде кыздын ала качылганы жана анын эркине каршы никеге мажбурлоо тууралуу билсем, аны дароо үйүнө коё берүүгө ант берем. Мен эч күтүп отурбай, дароо аракет кылам. Өз балдарымды аялдарды сыйлоого жана өзүнүн аялын эркине каршы ала качып албастан, ага мүнөзү, кылык-жоругу менен жагып макулдугу менен үйлөнүүгө тарбиялоого ант берем. Эгерде уулум колуктусун анын эркине каршы ала качып алып, биздин үй-бүлөнүн жакшы атын булгаса, мен баламдын үйлөнүү тоюна катышпайм».

## 3-сессия: Кызды күч колдонуп ала качуу

Сессиянын корутундусунда, биздин Кыргызстанда ала качуу эбак эле кылмыш болуп эсептеле баштаганына карабастан, кызды күч колдонуп ала качуулардын дагы эле болуп жаткандыгын катышуучулардын эсине салгыла. Бирок биз баарыбыз жана ар бирибиз бул уяттуу көрүнүштү азайтууга салым кошо алабыз.

Өтүлгөн материалдарды кайталоо үчүн кийинки сессиянын алдында өтүлгөн суроолорого ылайык, үч топко бөлүнүү керек:

1. "Кызды күч колдонуп, ала качуу" түшүнүгү;
2. Кызды күч колдонуп, ала качуунун себеби жана кесепеттери;
3. Кызды күч колдонуп, ала качуунун негизги катышуучулары үчүн сунуштарды иштеп чыгуу.

Ар бир топ бирден суроону алат да, кийинки сессияга анча чоң эмес отчет жасап келет. Отчет ар кандай түрдө болушу мүмкүн, катышуучулардын каалоосу боюнча, аңгеме, оюн, сүрөт, пародия ж.б.у.с. катышуучулардын фантазия мүмкүнчүлүгүнө жараша болушу мүмкүн.



# 04

# Үй-бүлөдөгү зомбулук

# 4-сессия: Үй-бүлөдөгү зомбулук

**Сессиянын максаты:** Үй-бүлөдөгү зомбулук деген эмне экендигин, анын түрлөрүн аныктоо, зомбулуктардын ар кандай түрлөрү, зомбулуктун өсүшү тууралуу маалымат берүү, үй-бүлө зомбулугу тууралуу жоромолдордун бетин ачуу.

**Убактысы**: 1 саат 45 мүн.

**Сессиянын планы:**

| № | Иш-чаралар | Ыкмасы | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1. | Өтүлгөн сессияга сереп | Үч топтун отчету | 15 мүн. |
| 2. | Үй-бүлөдөгү зомбулуктун аныктамасы жана түрлөрү | Акыл чабыты, жалпы талкуу<br>Көнүгүү “Үй-бүлөдөгү зомбулуктун түрлөрү” | 10 мүн.<br>20 мүн. |
| 3. | Зомбулуктун кайталанма мерчеми | Акыл чабыты, жалпы талкуу | 10 мүн. |
| 4. | Үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу жоромолдор | Көнүгүү | 30 мүн. |
| 5. | Зомбулуктун кесепети | Акыл чабыты, жалпы талкуу<br>Кейс менен иштөө | 15 мүн. |
| 6. | Аялдарды кызды күч колдонуп ала качуудан коргоочу мыйзамдарга сереп | Презентация, жалпы талкуу | 5 мүн. |

**1. Өтүлгөн сессияга сереп**

Үч топко (мурунку сессиянын аягында бөлүнгөн) мурунку өтүлгөн сессиянын жүрүшүндө кандай суроолор талкуулангандыгы тууралуу айтып/көрсөтүп берүүгө беш мүнөт берилет. Биринчи топ өз отчетун айтып бүтүргөндөн кийин, эки топтун катышуучулары суроолорду беришет.

**2. “Үй-бүлөдөгү зомбулук” түшүнүгү**

Төмөнкү суроолорду талкуулагыла:

- “Аялдарга карата үй-бүлөдөгү зомбулук” термини эмнени билдирет?
- “Үй-бүлөдөгү зомбулук” термини эмнени билдирет?
- Бул көрүнүштүн үй-бүлөлүк жана жакындык мамилелериндеги динамикасы кандай?

**Үй-бүлөлүк же турмуштук зомбулук:**

- Бул бир өнөктүн жакындык мамиледеги, биринчи кезекте никедеги, экинчи өнөккө карата кайталанып туруучу зомбулугу. Зомбулук дене боюнча, психологиялык, сексуалдык жана экономикалык түрүндө болушу мүмкүн.
- Бул биз ишенип таяна турган жакын адамдарга карата коркутуу максатында эмес, үстөмдүк жана көзөмөлдүк кылуу максатында дене боюна, сексуалдык, сөз жүзүндө, эмоциялык жана экономикалык жактан көрсөтүлүүчү зомбулуктардын кайталанма мерчеми. Мындай зомбулуктун саны адатта убакыт өткөн сайын көбөйө берет. Ар кайсы өлкөлөрдө жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча, үй-бүлөдөгү зомбулуктар, так гендердик ченемдерге туура келет. Кээде гана башкача болбосо, негизинен, зомбулуктун бул түрүнөн аялдар гана жабыр тартышат.

2013-жылдын январь-февралында Кыргызстанда 457 үй-бүлөдөгү зомбулук катталып, 392 убактылуу коргоо ордерлери берилген. Жабыр тарткандардын жалпы санынын ичинен: дене боюна зомбулук көргөндөр 68%, психикалык - 31,5%. Тилекке каршы, бул расмий гана маалыматтар, себеби айрым гана учурлар билдирилет, анткени жабыр тарткандарды коркутуп алышкан, ачык айтууга айласы жок, атүгүл, уялышат.

Улуттук статкомдун маалыматтары боюнча үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча 23 кылмыш иши козголуп, анын ичинен 186 адам административдик жоопкерчиликке тартылган. Кылмыш кылгандардын 298 адамы эч жерде иштебегендер болгон.

Үй-бүлөдөгү зомбулукту кылган адамдардын саны жана алардын курак боюнча бөлүнүшү:

| Курагы | Эркектер | Аялдар |
|---|---|---|
| 20га чейин | 2 | - |
| 21-30 | 86 | 3 |
| 31-40 | 183 | 2 |
| 41-50 | 79 | 3 |
| 51де жана улуу | 33 | 1 |
| **Бардыгы 392** | **Бардыгы 383** | **Бардыгы 9** |

Үй-бүлөдөгү зомбулук эпидемиядай, өз курмандыгын кандайдыр бир атайын социалдык же этностук топтордон тандабайт, ал калктын ар кайсы катмарындагы үй-бүлөлөрдө өкүм сүрөт.

Бирок үй-бүлөдөгү зомбулуктун калктын бардык топторуна мүнөздүү болгон өзгөчө белгилери болот. Мисалы:

- эгерде мамилелерде зомбулуктун бир түрү болсо, анда анын калган түрлөрүнүн да өнүгүү ыктымалдыгы абдан жогору;
- үй-бүлөдөгү зомбулуктун бардык түрүндө зомбулук кылган адам тарабынан үстөмдүк жана көзөмөлдүк  кылуу аракети көрүнөт;
- зомбулукту кылууга түрткү болгон жана кайталануу мерчемине колдоо көрсөткөн психологиялык, социалдык жана маданий себептер үй-бүлөдөгү зомбулуктун ар кайсы түрлөрү үчүн көбүнчө бирдей болот;
- зомбулуктун натыйжасындагы психологиялык жаракат жана жабыр тартуучуларды сарсанаа кылган белгилер үй-бүлөдөгү зомбулуктун бардык түрү үчүн бирдей.

**Үй-бүлөдөгү зомбулуктун түрлөрү**

**Көнүгүү:** Үй-бүлөдөгү зомбулуктун аныктамасы жана анын түрлөрү

**Материадар:**
- Флипчарттар;
- Маркерлер.

Катышуучуларга зомбулуктун билинишине мисал келтирүү сунуш кылынат. Катышуучулардын айткандары флипчартка жазылып, төмөнкү категорияларга ылайык топтолот: дене бой зордугу, сексуалдык зомбулук, эмоционалдык-психологиялык зомбулук, экономикалык зомбулук. Башында төрт категорияны аталышы боюнча жазууга болот, ал эми мисалдарын тийиштүү категорияларга  жазуу керек.

Үй-бүлө зордугуна кирген беш негизги зомбулук аракеттерин карап көрөлү. Зордугу бар өзүнчө мамилелер, өзүнө бардык беш түрдү тең, алардын бир нечесин же бирөөнү камтышы мүмкүн. Алынган түрлөр да ошондой эле убакыт боюнча утурланышы жана бири экинчисине өтүшү мүмкүн.

**1. Дене бойго зомбулук:**
*түртүү, кармоо, ыргытуу, түкүрүү, алаканы/муштуму/ же башка нерселер менен уруу, токтотуу, муунтуу,сабоо, тепкилөө, курал колдонуу, күйгүзүү, жабыр тартуучунун социалдык же медициналык жардамга ж.б.у.с. кайрылуу жолуна тоскоолдук кылуу.*

**2. Сексуалдык зомбулук:**
*туруктуу сексуалдык зордоо, күчкө салып жыныстык катнашка мажбурлоо, зомбулуктоо менен коркутуу же опузалоо; аялга ылайыксыз абалда жыныстык катнашка мажбурлоо; башка кишилердин көзүнчө жыныстык катнашка мажбурлоо; үчүнчү адамдар менен жыныстык катнашка мажбурлоо; күчкө салып сексtotsexке мажбурлоо же оорутуу же сексуалдык мүнөздөгү аракеттер менен жабыр тартуучунун ден соолугуна зыян келтирүү ж.б.у.с.*

Сексуалдык зомбулук үй-бүлөдөгү зомбулук жагдайында абдан көп боло турганына карабастан, никедеги зомбулуктоо дагы эле кылмыш болуп саналат, аны көп адамдар байкагысы келмек түгүл, анын болушун танат. Маселе социалдык көндүмдө жатат: Дүйнөнүн башка көп өлкөлөрүндөй эле Россияда деле нике эркектердин жубайы менен сексуалдык мамиле кылууга жана жубайы сексуалдык катнашта болгусу келбесе, күч колдонууга толук укуктуулугу катары бааланат.



**3. Психологиялык зомбулук:**

*Сөз менен кордоо, коркутуп-үркүтүү, өнөгүнө көзөмөлдүктү аныктоо үчүн балага же башка адамдарга карата зомбулук көрсөтүү, өзүнө, жабыр тартуучуга же башка адамдарга карата зомбулук коркунучу, үй жаныбарларына карата зомбулук колдонуп коркутуу же менчик буюмдарын талкалоо, артынан түшүү, жабыр тартуучунун иштерине көзөмөлдүк кылуу, жабыр тартуучунун жанындагыларына көзөмөлдүк кылуу, жабыр тартуучунун ар кандай каражаттарга жетүүсүнө (социалдык жана медициналык жардам, дары-дармек, автотранспорт алуусуна, достору менен катышуусуна, билим алуусуна, иштөөсүнө ж.б.у.с.) көзөмөлдүк кылуу, эмоциялык зомбулук, жабыр тартуучуну кемсиндирүүчү аракеттерди жасатууга мажбурлоо, жабыр тартуучунун күн тартибине көзөмөлдүк кылуу ж.б.у.с..*

Зомбулуктун бул түрүнүн натыйжасында өнөкөт оорулар да өрчүшү мүмкүн. Аялдарга зомбулук көрсөтүүнүн айынан жабыр тарткандар менен иштеген көпчүлүк психотерапевттер, сырттан кол салуулардан кайгырып капа болууга, мисалы, көчөдөгү зөөкүр кол салууларга караганда үйдөгү зомбулуктун психикалык кесепеттери кыйла оор, анткени ал сен ишенген, анча чоң эмес жайда, батирде чогуу жашаган, такай кезигип турган адам тарабынан жасалат деп эсептешет.

**4. Экономикалык кордук:**

*Балдарды камсыз кылуудан баш тартуу, кирешени катуу, үй-бүлөлүк акчаны коротуу; көпчүлүк финансылык чечимдерди өз алдынча кабыл алуу – бул, мисалы, азык алууда аялынын, балдарынын муктаждыктары эсепке алынбагандыгынан, натыйжада балдар өз курагына жараша зарыл болгон азык-түлүк менен камсыз болбогондугунан, аялы ар нерсе сатып алганда күйөөсүнө чектерин көргөзүп отчет бере тургандыгы ж.б.у.с.*



### 3. Зомбулуктун кайталанма мерчеми

Үй-бүлөдөгү зомбулук маселеси менен иштеген изилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгы зомбулуктун кайталанма мерчеми боло турганын белгилешет. Биринчи жолу бул теория америкалык изилдөөчү жана үй-бүлөдөгү зомбулук маселеси боюнча көрүнүктүү адис Линор Уокердин «Сабалуучу аялдын синдрому» китебинде пайда болгон, ал жабыр тартуучулар менен такай иштеп жүрүп зомбулук көрүнүштөрүнүн кайталанма мерчемин аныктаган (Walker; 1980). Анын теориясы россиялык кризистик борборлор тарабынан да аныкталган.

Бул теория үй-бүлөдөгү зомбулук жагдайы жалпы жолунан кайталанма мерчем менен биринин аркасынан бири утурлашуучу төрт фазадан тура тургандыгы менен аныкталат. Бул учурда рецидивдердин болушу шексиз. Жакын адамдарына карата зомбулук көрүнүшүнүн улам кайталанышы мурдатан «программалаштырылган» жана зомбулук жагдайынын акырындык менен өсүүсүнөн келип чыгат. Үй-бүлө терроруна өбөлгө болуучу негиздер ар кандай болушу мүмкүн, бирок анын кайталанма мерчеми дайыма бирдей болот.

«Ынак айдан» кийин мамиле кайра биринчи стадияга өтөт, анан кайталануу мерчеми уланат. Мезгилдин өтүшү менен ар бир фаза кыскарат, жаңжал көбөйөт жана келтирилген кесепет оордойт. Жабыр тартуучу абалга көзөмөлдүк кыла албай калат, ага жардам керек.

Сейрек учурларда гана анда-санда боло турган өзгөчө жагдай же бир окуялардын айынан чыккан үй-бүлөдөгү зомбулук жаңжалы, көнүмүш адат болбой, бирин-серин болушу мүмкүн.

### 4. Үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу жоромолдор

**Көнүгүү «Зомбулук тууралуу жоромолдор».**

**Максаты:** Зомбулук тууралуу жоромолдорго талдоо жүргүзүү:

Катышуучуларга 5-6 кишиден бир топ болуп бөлүнүүнү сунуш кылгыла. Катышуучулардын окуу куралындагы зомбулук тууралуу жоромолдордун тизмеси менен таанышуусун өтүнгүлө жана ар бир жоромолду төмөнкү суроолордун коштоосу менен карап чыгышсын:

- Бул чынбы?
- Эмне үчүн чын/чын эмес?
- Бул жоромолдор кайдан чыгат?
- Бул жоромолдор биздин жашообузга кандай таасир берет?

Андан кийин ар бир жоромолду жалпы топто талдагыла. Жоромолдордун жалгандыгын турмуштан алынган мисалдар, статистикалык маалыматтар жана документтер менен далилдегиле.

Коомдук аң-сезимде үй-бүлөдөгү зомбулук маселелерине тиешелүү көптөгөн көнүмүштөр бар. Үй-бүлөдөгү зомбулук маселеси менен иштегендер жоромолдордун, анын тегерегиндеги алынган маселени туура талдап баа берүүдөн алагды кыла турган, чечилишин кечеңдете турган сапаттарын жакшы билүүлөрү керек. Мындай жоромолдор абдан көп. Төмөндө мындай жоромолдордун Кыргызстанда тараган айрым түрлөрүн талкуулайбыз.

**1-жоромол: Аялдар зомбулукка өздөрү себепкер**

Бул кеңири таркалган көз караш, аялдарды сабоо маселеси – социалдык көрүнүш экендиги: ал адамдарга бала кезден үйрөтүлө турган жана аны менен бүт коом пайдалана турган гендердик көнүмүштөргө негизделе тургандыгы тууралуу билдирет. Зомбулукка себепкер дегенибиз, эгерде аял өзүн башкача алып жүрсө – илбериңки, жакшы эне, жакшы аял болсо, анда «жазалоонун» зарылдыгы болмок эместигин билдирет.

Кептин чыны - үй-бүлөдөгү зомбулук аялдын жүрүм-турумуна жараша болбойт. Көпчүлүк аялдардын айтымы боюнча, күйөөлөрү аны сабоо же кордоо үчүн жок жерден кыйкым чыгарып, шылтоо табышат.

Зомбулук болгон жерде бир гана жалгыз күнөөкөр бар. Ал - бул кылмышты кылган адам. Ал бул жолду өзү тандады. Ал бул ишти жабыр тарткан аялдын жүрүм-турумуна карабастан эле жасамак. Бул кылмыш. Жабыр тартуучуну айыптоого болбойт.

**2-жоромол: Аялдар эркектер менен бирдей деңгээлде эле кордоочу болушат**

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө өткөрүлгөн изилдөөлөрдөн аныкталгандай, мындай кордоочулар көбүнчө эркектер болушат. Мисалы, АКШ менен Канаданын аялдары менен эркектерин сурамжылоонун негизинде түзүлгөн жана соттук маалыматтар базасы менен полиция отчетторунан алынган статистикалык маалыматтар боюнча, үй-бүлөдөгү зомбулуктардын 90-95 пайызында кол салуунун жабыр тартуучусу аялдар болушат. Бирок, эркектер да жабыр тартуучу болушу мүмкүн, аны алар, балким, уялып айтпай коюшат.

**3-жоромол: Үй-бүлө мүчөлөрүнө же өнөктөрүнө зомбулук көрсөткөн эркектердин акыл-эси ордунда эмес**

Зомбулук кылгандар ачуусу кайнап, жинин токтото албай калгандан башка учурларда көбүнчө, “кадимкидей” түрдө жашашат. Мындай эркектердин социалдык статусу кыйла жогору да болушу мүмкүн, алар жетекчи орундарды ээлешет, коомдук турмушту жигердүү жүргүзүшү, бизнесте ийгиликтүү болушу мүмкүн. Балким, мындай эркектер өз максатына калгандарды коркутуу жолу менен жетүүгө көнгөн.

Зомбулуктан жабыр тартуучулар бир адамда эки башка мүнөз бар болгондой көрүнөрүн айтышат: бири абдан-абдан жакшы, ал эми экинчиси каардуу жана аябай жаман. Ал бийлигин жана көзөмөлдөөнү сактоо үчүн ар кандай кубулууларды пайдаланып, өзүнүн бир «Менинен» экинчи түргө акырын өтө турган хамелеон. Мындай зордукчу психотерапевттин кеп-кеңешинен кийин өз жүрүм-турумун өзгөртүшү, балким, күнөөсүн сезип, уялышы жана өкүнүшү мүмкүн. Акыл-эси ордунда эместер уялганды билишпейт, өз жеңишине кубануу менен, башкаларды кыйнай берет.

**4-жоромол: Зомбулук көрсөткөн эркектер, сүйгөн күйөө же сүйгөн өнөк эмес.**

Бул жоромол «сүйүү» жана «каардуу мамиле» түшүнүктөрүн айкалыштыруу кыйла татаал болгондуктан чыккан болсо керек. Бирок зордукчулар дайыма эле каардуу болушпайт, өзгөчө зомбулукту кылгандан кийин алар аябай илбериңки, камкор болуп калышат, кечирим сура-

шат, мындай иш экинчи кайталанбайт деп сөз беришет. Алар сүйүүнү аялдарды зомбулук мамилелердин чегинде кармап туруу үчүн пайдаланышат.Бул зомбулуктун кайталанма мерчеми болгондугу менен далилденет. Бирок эгерде зордукчулар психологиялык жардам алууга кайрылышпаса, алардын өзгөрүлөм деген сөзү сөз боюнча кала берет.

**5-жоромол: Зордукчулар бардыгына бирдей өкүмдүү мамиле кылышат. Аларды оңой эле аныктоого болот.**

Чын эле, зордукчу адамдардын жүрүм-турумунда өкүмдүүлүк адаттары байкалат.Бирок алар күчүн чыгаруучу объектини кылдаттык менен тандашат. Алар өз аракетин башкара ала тургандыктарын билдирет жана кайсы жерде каалаганын кылуу керек, кайсы жерде антүүгө болбой турганын жакшы билишет. Алар күбөлөр болгон жерде зордукчу болбой калышат, же андай мүнөзүн иште, милицияда, сотто көрсөтпөйт. Алар эл көзүнө, кошуналардын арасында, иштеги кесиптештерине сүйгөн ата-эне жана сүйгөн жакшы жубай болуп көрүнүшү мүмкүн.

**6-жоромол: Үй-бүлөдөгү чатак, аялына кол көтөрүү жана уруш-талаштар билимсиз жана жарды адамдарга мүнөздүү.
Билимдүү жана жетиштүү турмушта жашаган үй-бүлөлөрдө мындай окуялар аз болот.**

Ошентсе да үй-бүлөдөгү зомбулук калктын белгилүү катмарлары жана топтору менен чектелбейт. Бул билим жана киреше деңгээлине карабастан, бардык социалдык топтордо боло бере турган көрүнүш. Мисалы, кризистик борборлордун статистикалык маалыматтары боюнча жардам сурап кайрылган аялдардын көпчүлүгү жогорку билимдүү экен, демек, сабап кордоого орто класстардай эле жогорку класстарда да жол берилет.Аялдын мүмкүнчүлүгү канчалык жогору болсо, каршылык көрсөтүп, өзүн-өзү коргоого өтөт, анткени ал өз жанын өзү бага аларына көзү жетет.

Зордукчулардын социалдык статусу кыйла ар кыл, алар ар кандай кесиптердин ээси болушу, жооптуу кызматтарда иштеши, абдан жогорку кирешелүү болушу жана бизнесте да абдан ийгиликтүүлөрдөн болушу мүмкүн. Аялдар айткандай, бул эркектер коомдук турмушка жигердүү катышуусу, ал түгүл башка адамдарга колдоо көрсөтүүсү да мүмкүн.

**7-жоромол: Зомбулуктун себеби ичкилик болуп саналат**

Бул абдан кеңири жайылган жоромол. Чынында эле, ичкилик маселеси менен зомбулук маселеси байланыштуу. Аялдар күйөөлөрү мас кезинде каардуу боло турганын айтышат. Бирок сүйлөшүп отурсаң, ал соо кезинде деле каардуу болушу мүмкүн экендиги аныкталат, демек, зомбулук дайыма эле ичкилик менен байланыштуу боло бербейт экен.

Ичкилик ичүү өзүн көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт, ошондуктан аялдарга күйөөсүнүн кылыгын ичкиликтин таасирине байланыштырып түшүндүрүү жеңилирээк. Бирок зордукчулардын ичинде «сергек жашоо жолу» менен жүргөндөр, тамекини, ичкиликти жаман көргөн адамдар да бар. Айрым зордукчулар ичкиликтен ийгиликтүү дарыланып чыккандан кийин деле, жакындарына карата каардуу жана ачуулуу боюнча калышат. Ичкилик же ичкилик ичимдиктерин ичүү зомбулук көрүнүшүн актай албайт. Бул болгону зомбулуктун күчөткүчү же зомбулук кылуу шылтоосу болушу мүмкүн.

**8-жоромол: Аялы менен күйөсүнүн ортосунда уруш-талаштар такай эле болуп келген көрүнүш. "Сүйүшкөндөрдүн урушканы - ойношкону". Демек, анын орчундуу кесепети деле болбойт.**

Уруштар менен талаштар көп эле мамилелерде өкүм сүрөт. Талаштардын болушу – теңчиликтин негизиндеги өнөктүктүн жакшы көрсөткүчү. Мында эки тарап тең утушта болобу, же бир тарап утулабы, кеп ушунда. Зомбулуктун айырмалуу жагы анын олуттуулугу, кайталанма мерчеми жана күчөшү, ошондой эле анын кесепети жана натыйжасы «алдуунун» «алсызга» үстөмдүк кылышында.

Үй-бүлөдөгү зомбулук уруша кетүү эмес, үй-бүлөдөгү кагылышуу эмес. Үй-бүлөдөгү кагылышуу дегенибиз өз пикирлерин айтууга акысы бар жубайлардын/өнөктөрдүн бир нерсеге макул болбогон абалын билдирет. Зомбулук абалында бир адам өзүнүн күчүнө, экономикалык мүмкүнчүлүгүнө, социалдык статусуна ж.б.у.с. таянып, экинчи адамды башкарып, көзөмөлдөө аракетин кылат. Үй-бүлөдөгү зомбулук урушуудан же кагылышуудан пландаштырылгандыгы жана көзөмөлдөп башкарууну бекемдөө үчүн кол салуу кайталанып тургандыгы менен айырмаланат. Үй-бүлөдөгү кагылышуу – дайыма өзүнчө көрүнүш болсо, зомбулук – бул кылдаттык менен түзүлгөн тутум.

**9-жоромол: Жаакка чабуу зордук зомбулук эмес.**

Зомбулук кайталанма мерчеми жана акырындап күчөшү менен айырмаланат. Бул сын айтуудан башталышы мүмкүн, андан кийин басындыруу, обочолонтуу, жаакка чабуу, муштоо, такай сабоо уланып отуруп кээде өлтүрүү менен аяктайт.

**10-жоромол: Бир жолу кордогон, өмүр бою кордоп өтөт.**

Чындыгында, зордукчулардын оңолушу өтө оор. Бирок, эгерде үстөмдүк кылуу мүнөзү кийин пайда болгондор тууралуу психологиялык теория анык болсо, анда зордукчулардын мындай каары кайнаган мүнөзүн таштатууга болот экен. Бирок, бул оор жана көп убакытты талап кыла турган иш. Көпчүлүк өлкөлөрдө өз жакындарына зомбулук көрсөтүүчү эркектер үчүн психотерапевттик жана билим берүү программалары бар. Мындай топтордун максаты - эркектерди өз кылыктарынын анык себептерин жана алардын олуттуулугун билүүгө, ошондой эле өз сезимдерин айтууга, макулдашууга, каардуу болбоого жана бир да адам экинчи адамга үстөмдүк кылып, көзөмөлдөөгө акысы жок экендигин түшүнүүгө үйрөтүү. Кыргызстанда мындай программалар жок.

**11-жоромол: Балдарга каардуу болсо да ата керек, же «Мен балдарым үчүн гана кетпей жүрөм».**

Бул жоромол зомбулуктан жапаа тартып жаткан балдардын санын эсептегенде эле, башкаларга караганда өтө жеңил төгүндөлөт. Балдардын атасы да, энеси да болгону абдан жакшы. Бирок зомбулук көрсөтүлүп турган үй-бүлөдө жашаган балдар өздөрү энесинин атасынан кетип калышын суранышат, зомбулуктан кутулуш үчүн. Көпчүлүк балдар үй-бүлөдөгү кордукту көрбөш үчүн чоң ата/таята, чоң эне/таенесиникинде же, ал түгүл интернатта деле жашаганды артык көрүшөт.

Өз аялын сабаган эркек, көп учурда балдарына да каарын көрсөтө тургандыгы изилдөөлөрдөн аныкталган. Бир изилдөөнүн маалыматтарына ылайык өз аялдарын сабаган 70 пайыз эркек өз балдарына да зомбулук көрсөтөт экен.

**12-жоромол: Үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы күрөшүү болбогон иш–бул жаман аба ырайына каршы күрөшкөндөй эле кеп ал бардык жерде болуп келген жана боло берет.**

Чынында эле, аялды сабоо адаты никенин өзүндөй эле эбактан берки көрүнүш. Эң байыркы замандардагы күбөлүктөрдөн бизге жеткендей, мыйзамда аялын сабоо ачык колдоого алынган жана жактырылган. Ал түгүл, «Манас» эпосунда да, аялы өз милдетин аткара албаган учурда акталган деген жерлер бар. Аялдарга зомбулук көрсөтүүнүн башка түрлөрүнүн узун тарыхы бар. Бирок убакыт алмашылат, анан мындай зомбулук дагы эле улана берсе, анда ал мындан ары укуктук тутумга жана цивилизация деңгээлине ылайык келбейт.

Бирок бардык жерлерде абал бирдей эмес. Келгиле салыштырып көрөлү. Үй-бүлөдөгү зомбулукка каршы күрөшүү жана аны алдын алуу абдан өнүккөн жана адилет сот тутуму иштерди натыйжалуу караган АКШда үй-бүлөдөгү зомбулуктун айынан жылына болжол менен эки миң аял курман болот. Калкы эки эсе аз болгон Россияда бул сан 6 эсе көп. Анткени менен Россиянын мыйзамдарында деле ошондой эле үй-бүлөдөгү зомбулукка тыюу салуулары мүмкүн, бирок алардын аткарылышы ойдогудай тартипке салынган эмес. Зордукчулар жазага тартылбайт, алдын алуу чаралары көрүлбөйт.

Ар кайсы өлкөлөрдү салыштырып талдоодо, үй-бүлөдөгү зомбулук деңгээли көбүнчө зомбулукка каршы эмес, ал түгүл анын пайдаланылышын жактырган, социалдык-маданий жагдайга жараша боло тургандыгын көрсөттү. Ошентип, ал ар кайсы коомдордо көп жагынан айырмаланат жана зомбулуктун эң төмөнкү деңгээли гендердик теңчилик эң жогорку деңгээлде болгон өлкөлөрдө боло тургандыгы табигый көрүнүш.



### 5. Үй-бүлөдөгү зомбулуктун кесепеттери

Кейс менен иштөө:

**Чакан топторго бөлүнгөн катышуучуларга кейс менен таанышып, анан төмөнкү суроолорго жооп берүүнү сунуш кылгыла.**

*Лариса (респонденттин суроосу боюнча респонденттин аты өзгөртүлгөн) күйөөгө эрте 19 жашка чыкканда чыгыптыр. Ошол кезде ага өмүрүндөгү кайталангыс эң чоң сүйүүгө жеткендей сезилиптир. «Мен бардыгы кинодогудай жакшы болот, деп ойлогом», - дейт ал. Азыр 11 жыл чогуу жашагандан кийин коркуп кейиген үн менен. Анын сөзү боюнча, «балээ» биринчи кызын төрөөрү менен, эки жылдан кийин башталып, күйөөсү ага биринчи жолу колун көтөрүптүр.*

*Ал: «Мен үч балам толук үй-бүлөдө өссүн деп, анын бардык сабоолоруна чыдадым», - деп кейийт. «Чатактын себеби, ар кандай «болор-болбос» нерседен чыкчу», - дейт Лариса. Алардын үй-бүлөлүк жашоосунун чырларында кайын энеси да «акыркы ролду ойнобоптур». «Ал күйөөмдү мага каршы көкүтүп турчу». Лариса бир жолу күйөөсүнүн аны балдарынын көзүнчө сабаганын айтат. «Ал мени сабап атты, балдарым болсо бизди карап чаңырып ый-лап турушту». Ал: «Ошондо эле кетип калайын дегем, бирок кете албай койдум», - дейт. «Ажырашуудан коркконумдун» дагы бир себеби ага экономикалык көз карандылыгым болду. «Мен эч качан иштеген эмесмин, бардык убактымды үй-бүлөмө, балдарыма арнагам, анын үстүнө, атайын билимим да жок», - дейт ал.*

*Акыр аягында жаш аял «мындай жашоого чыдай албаптыр», балдарын алып, күйөөсүнөн кетип калыптыр. Алар биринчи күнү көчөдө жатышып, анан бир кайрымдуу киши: БУУ үйүнө баргыла», - деп кеңеш берген экен. Ал жерден «Сезим» калыбына келтирүү борборуна жиберишиптир».*

*Ал борбордо Лариса балдары менен бир нече айдан бери жашап жатат, ага психология-лык жана юридикалык жардамдар көрсөтүлүүдө. Анын айтымы боюнча, «балдары үйүнө кайра баргысы, атасын көргүсү келишпейт» экен. Үй-бүлөлүк турмуштун кесепетинен Ларисанын такай башы, бели ооруйт.*

**Суроолор:**
1. Лариса күйөөсүнүн зомбулугуна эмне үчүн чыдап жүрдү?
2. Зомбулуктун кандай кесепеттерин айтып бере аласыңар?

**Зомбулуктун кесепеттери:**

**Кыска мөөнөттүү**


Дене боюна келтирилген кесепеттер, чочулоо, коркуу сезими, көңүлү чөгүү, сексуалдык турмуштун бузулушу, балдардын чоң кишиден коркуусу, (сексуалдык зомбулук болгондо – коргонуу абалы (жашынышат, далысы менен бурчка тыгылышат, секс тууралу курагынан ашыкча билишет, оюндарында – секс белгилери болот).

**Узак мөөнөттүү**

Кайра үй-бүлө күткүсү келбей калуу, бардык аялдарды жек көрүү, бардык эркектерди жек көрүү, кыска ойлонуу – келечек жашоону пландаштырбоо, психосоматика оорулары — невроз, психикалык оорулар, убакыттын өтүшү менен ээрчиме болуп калуу, жакындык мамилелерде болгусу келбөө, балдарда – коомдошуунун бузулушу, үй-бүлө түзүү коркунучу, криминалдык жүрүм-турум коркунучу (80% кылмыш кылууга ыктуу, 40% – зомбулукка), ичкиликке берилүү коркунучу жогору; сексуалдык зомбулук болгондо – сойку болуу коркунучу.

**Коомчулукка тийүүчү кесепеттер:**

- Адамдан айрылуу;
- Коомдун өндүрүмдүү мүчөлөрүнөн айрылуу (жумушсуз адамдар менен майып адамдардын көбөйүшү);
- Мамлекеттин жабыр тарткандарды калыбына келтирүү, сот тутуму, текшерүү иш чараларын жүргүзүү, жабыр тарткандарды дарылоо чыгымдарынын жогорулугу.



**Ынак мамиле деген эмне?**

**Ынак мамиле – бул эки адам төмөнкүлөрдүн негизинде өз ара мамиле куруусу:**

- Өз ара урмат-сый;
- Ишеним;
- Чынчылдык;
- Колдоо;
- Адилеттик/бирдейлик;
- Жеке окшоштук;
- Жакшы карым-катнаш;
- Аракет, берилгендик, чыныгы достук.

*Булак: ЮВ Сиэтл*



05

# Жашы жете электер менен никеге туруу

**Сессиянын максаты:** Катышуучулар менен «Жашы жете электер менен никеге туруу» түшүнүгүн талкуулоо, мындай никелердин себептерине жана кесепеттерине талдоо жүргүзүү.

**Убактысы:** 2 саат.

**Сессиянын планы:**

| № | Иш чаралар | Ыкмасы | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1. | Өтүлгөн сессияга сереп | Катышуучулардын отчету | 20 мүн. |
| 2. | "Жашы жете электер менен никеге туруу" аныктамасы | Акыл чабыты, жалпы талкуу | 20 мүн. |
| 3. | Эрте никелешүүлөрдүн себептерин жана кесепеттерин талдоо | Жалпы талкуу, топтордо иштөө, кейс менен иштөө | 10 мүн. 30 мүн. 20 мүн. |
| 4. | Кийинки аракеттердин планын иштеп чыгуу | Жеке/топтук иш, бет ачар. | 20 мүн. |

### 1. Өтүлгөн сессияга сереп

Мурунку сессиянын аягында өз ыктыяры менен отчет даярдамакчы болушкан катышуучулар, 3-4 мүнөттүн ичинде «Үй-бүлөдөгү зомбулук» сессиясында өткөн маалыматтарды айтып/көргөзүп беришет. Калган катышуучулар тактоочу суроолорду бериши же материалды толукташы мүмкүн.

### 2. Жашы жете электер менен никеге туруу

Кыргызстандын мыйзам ченемдерине ылайык, никеге турууга 18 жаштан тартып уруксат берилет. Бирок «Үй-бүлө» кодексинде төмөнкүдөй эскертүү бар: айрым учурларда кыздардын нике курагы жүйөлүү себеп болгондо 16 жашка чейин түшүрүлөт.

Биздин өлкөнүн мыйзамдары жүйөлүү себептер болгондо кыздарга 16 жашында күйөөгө чыгуу укугун берет. Адатта, бул кыз кош бойлуу же төрөгөндө берилет. Аталыкты таануу фактысы да никеге турууга негиз болот, никеси катталган болсо, кыз автоматтык түрдө никеге жөндөмдүү болот. Бирок Кыргызстандын «Үй-бүлө» кодексинин 14-статьясынын 2-пунктунда көрсөтүлгөндөй, никени каттатуу үчүн жаңы үйлөнгөндөр жашаган жериндеги өз алдынча башкаруу органына кайрылуулары керек.

Кыргызстанда эрте никелешүүлөрдүн саны арбыды жана алар адатта эч качан никеге турушпайт, ошондуктан ажырашуу болгон учурда жаш энелер материалдык колдоосуз калышат. Алардын көптөрүнө ар кандай зомбулуктар көрсөтүлөт. Жаш энелердей эле алардын балдары да наалатка калып, жек көрүндү болушат.

Үй-бүлө түгөйлөрү мусулман салты боюнча, нике кыйдырышат, имамдар никеге тургандыгы тууралу күбөлүк беришет, бирок анын эч кандай юридикалык күчү болбойт. Ошентип кыз анын «мыйзамдуу аялымын» деп ойлонуп калат. Шариаттын шарты боюнча, мындай никелер күйөөсү тарабынан үч жолу «талак!» деп айтылса эле ажырашкан болуп калат. Эмне ушул өмүрлүк жашоонун негизиби?

«Нике» - бул шариат боюнча никелешүү, ал жубайлардын ортосундагы макулдашуу болуп саналат. Анда мусулмандардын салты боюнча, никеге турган аял менен эркектин укуктары жана милдеттери толук сүрөттөлгөн. Күбөлүктү алуунун оңой түрү көптөрдү, анын ичинде өз келечегин жана балдарынын келечегин ойлобогон аялдарды да кызыктырат. Шариаттын мыйзамдарына ылайык, пайдасы боюнча, бир аз убакыттын ичиндеги сексуалдык мамилелерди мыйзамдаштыруу үчүн кыска мөөнөттүк никелер да кыйылышы мүмкүн. Жарандык мыйзамдарда мындай чектүү сексуалдык мамилелердин болушун тескебейт жана эсепке албайт. Бул адамдардын никесиз бирге жашоосуна же эки жубайдын тең анык укуктары менен милдеттерин кабыл алуу менен никеге туруп, бирге жашоосуна мүмкүнчүлүк берет.

Адам укуктарында болсо, ар кайсы диндерде кандай никеге туруу салты бар экендигине карабастан, аялдардын абалы эч качан өзгөрүлбөйт жана мамлекет тарабынан колдоого алынышы керек.

Мындан тышкары, шариатта аялдарга карата жазылган укуктар, мисалы, «махра» өңдүү, күйөөнүн мүлкүнөн колуктунун белеги үчүн бөлүнө турган, башкача айтканда, ажырашып кеткенде аялга төлөнүп бериле турган, колуктуга берилүүчү белек берүү укугу эске алынбайт.

### 3. Эрте никелешүүлөрдүн себептерин жана кесепеттерин талдоо

Эрте никелер социалдык мүнөздөгү маселе болуп саналат, көп учурда кызынын адеп-абийирин сактоо үчүн жаштыгына карабай, эрте күйөөгө берүү аракетин кылган ата-энелер ага өздөрү себеп болушат. Буга чет өлкөлөрдөн окуп, билим алып келишкен диний аалымдардын, араб жана башка өлкөлөрдүн ченемдерин Кыргызстанга киргизмекчи болушкан аракеттери менен коомдо моралдык эскиликти колдоону жогорулатуу көрүнүшү себеп болууда. Кыргызстандын салтына жана көбүнчө көчмөндүк маданиятына байланыштуу ислам дини өздөрүнүн түшүнүшүнө жараша ачык кабыл алынган, ал азыр чет өлкөлөрдөн алынып келген (ишенчээк адамдарды өздөрүнүн радикалдуу чечмелөөсүндөгү динге тартууга аракет кылган) ар кандай диндердин жана сыйынып табынуулардын көп сандаган таасири менен талашка түшүүдө. Көбүнчө аялдар биринчилерден болуп, радикалдуу «чындыктын» жолун жолдоочулар болушууда, алар тараптагылардын айтымы боюнча талашылбашы керек. Эрте никелердин жана катталбаган никелердин артыкчылыгы да бул радикалдуу динчилдер тарабынан чыккан жоромолдордун бири.

Жаш келин, жаңы үйдүн босогосун аттары менен болуп көрбөгөндөй психологиялык күтүүсүздүккө кабылат. Алтаң эрте туруп кайын энесине, күйөөсүнө, туугандарына жагыш үчүн үй чарбасындагы иштерди аткара баштайт. Жетиле элек жаш дене мындай кара жүккө чыдай албайт, андыктан түрдүү ооруга чалдыгат.

Дарыгерлердин физиологиялык жана психологиялык факторлорго байланыштуу «мындай жаш кезде төрөөгө болбойт» деген кооптонуусу эсепке алынбайт. Анан бул түздөн түз ымыркай балдардын жана эненин өлүмүнүн өсүшүнө таасир этет. Өзгөчө энелерди коргоо жаатындагы сапаттуу шарттан алыс болгон айыл жерлеринде төрөө курагы 18 же андан улуу жашка туура келет. Өтө жаш кезде кош бойлуу болбогону жакшы, себеби дене бала төрөөгө даяр эмес. Бойдон түшүп калуу ыктымалдыгы жогору, ал болсо жаракат алуу, сезгенүүлөр менен коштолот да натыйжада тукумсуздукка алып келет. Адатта тукумсуз аялдын кайра турмуш куруу мүмкүнчүлүгү болбойт. Же анын күйөөсү башка аял алат, же шариатта айтылгандай, эгерде ал аялдарды багып күтө алса, бир нече аялдуу болот, бирок көбүнчө мындай жүк анын колунан келбейт. Эмнеге жаш кызды минтип курутуу керек?

Адистер белгилегендей, эрте кош бойлуу болуу жашы жете элек аялдардын өлүмүнүн эң кеңири таралган түрү болуп жатканын белгилешет. Жаңы төрөлгөн ымыркайлар азап чегишет, алар кенедей кезинен тартып, ар кандай ооруларга, анын ичинде жугуштуу ооруларга туш болушат. Эрте никелерде төрөлгөн балдар адатта аябай чабал болушат. 15-16 жаштагы кыздар эне болууга даяр эмес, өздөрү чоң көрүнгөнү менен алардын психикасы, мүнөзү калыптана

элек болот. Үй-бүлө турумушу ал үчүн жалаң оор кыйынчылыкка айланат, анын натыйжасында ал же оорулуу бала төрөшү мүмкүн, же баласын майып кылып алышы мүмкүн.

Бүткүл дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо Уюмунун маалыматтары боюнча, дүйнө жүзүндө жыл сайын 16 млн. кыз 15-19 жашында эне болушат, алардын 2 млн 15 жашка чейин төрөшөт. Аз кирешелүү өлкөлөрдө кош бойлуулуктун жана төрөттүн татаалдашуусу – 15-19 жаштагы кыздардын өлүмүнүн негизги себебинин бири. Өспүрүм энелер төрөгөн балдар төрөлгөндө көбүнчө өтө кичинекей салмак менен төрөлөт, бул алардын ден соолугуна жана өнүгүшүнө таасирин тийгизиши ыктымал.

Кыргызстандын Улуттук Статистика комитетинин маалыматтары боюнча, 15-19 жаш курагындагы кош бойлуулардын 50% нике катталуусу жок төрөшөт. Энелердин өлүмүнүн басымдуу көпчүлүгү жаш кыздарга туура келет. Эрте никелер адатта эрте эне болуу жана аз акы төлөнө



турган иштерге байланыштуу чечилүүгө кыйын болгон татаал маселелер жана социалдык, моралдык-этикалык кыйынчылыктар менен коштолот. Мындай үй-бүлөлөр көбүнчө мамлекет тарабынан колдоога алынууга көз каранды болуп калышат. Мындан тышкары эрте никелердин көбү ажырашып жатканы да турмуш чындыгы. Колунда кичинекей баласы бар, ажырашып кеткен 17-18 жаштагы аялдар эмне кылышат? Алар кайра турмушка чыгыш үчүн балдарын ата-энелеринин карамагына калтырышат. Натыйжада бардык кыйынчылыктарды балдар тартышат. Чоң адамдардын мындай өзүмчүлдүк мамилелерин кандай деп түшүнүүгө болот!

### Кейс менен иштөө

Кейс менен таанышып чыгып, астындагы суроолорго жооп бергиле.

«Былтыр мен жалпы билим берүүчү мектептин тогузунчу классын бүтүргөндөн кийин күйөөгө чыктым, – дейт 16 жашар өзбек кыз Гүлчахра, – күйөөгө чыга турганымды үйлөнүү тоюна бир жума калганда билдим. Энем айтты, Ош шаарынан бизге куда түшүп келишти, жакшы жашаган үй-бүлө экен, ата-энем бул никеге макул болушуптур».

*Гулчахра жөнөкөй фермердин үй-бүлөсүнөн, күйөөгө чыкканга чейин Ош областынын Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айылында жашаган. Үй-бүлөдө ал бешинчи бала, андан кийин сиңдиси анан иниси бар. Анын улуу эжелерин ата-энеси дагы жашы жете элек кезинде чагында күйөөгө беришкен. Ала качуудай эле - бул кыргыздардын көнүмүшү, макулдашуу боюнча эрте никелер өзбектердин салты деп айтса да болот.*

*Гулчахраны 15 жашында күйөөгө беришиптир, алигиче Жарандардын абалынын актыларын жазуу (ЖААЖ) органдарында алардын никеси каттала элек экен. Жаштарга мусулман дини боюнча «нике» кыйдыруу менен чектелишиптир.*

*«Эки ай мурун мен балалуу болдум, – дейт Гүлчахра, – төрөт үйүндө менин расмий катталган никем жок экенин билишкенде, жаңы төрөлгөн кызым менин фамилиямды алат дешти. Мага сен эми жалгыз бой аялсың дешти, мен буга абдан таң калып, капа болдум. Күйөөм «Биздин нике шариат боюнча кыйылган, ал эми бул баарынан жакшы», – деп санаамды тынчытты».*

*Гулчахра чымыркanып кайратына келип, Улуттук Кызыл крест жана жарым ай коомунун Түштүк чөлкөмдөгү өкүлдүгүнө жардам сурап кайрылыптыр, ал жерден ага юридикалык жардам көрсөтүп, тийиштүү мамлекеттик органдарга баруу керектигин түшүндүрүшүптүр.*

*«Күйөөм «ЖААЖ органына жана Ош шарынын мэриясына барам», – деди. Мен биздин никебиздин расмий катталышын жана менин кызым атасынын фамилиясында болушун, биздин үй-бүлөбүздө мындай жагымсыз жагдайдын болбошун каалайм» – дейт Гүлчахра.*

1. Гулчахранын эрте күйөөгө чыгышына эмне себепкер болду?
2. Анын кандай кесепеттери болду?
3. Мындан ары ал кандай кылышы керек?



**4. Кийинки аракеттердин планын иштеп чыгуу**

Сабакта катышуучуларга адамдардын жүрүм-турумун жана мамилелерин өзгөртүүгө өбөлгө боло турган жана силердин үй-бүлөдө, мектепте же коомчулукта болуп жаткан кыздарга зомбулук көрсөтүүнү азайтууга жана социалдык адилеттикти көтөрүүгө жардам бере турган мындан аркы аракеттердин планын иштеп чыгууну сунуш кылгыла.

| Маселелер | Аракеттер | Мөөнөтү | Өнөктөштөр/жоопкер адамдар (башкаларды жазбагыла, булар силер жана силердин теңтуштарыңар болушу керек!) |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

Күнү жана пландын тигил же бул иштерин аткармакчы болушкан бардык жоопкерлердин колу:

Планды айтып тааныштыргыла, башка катышуучулар өз сунуштарын берип, каалоочулары болсо, планды ишке ашырууга өнөктөш болуп катышышсын.

Талкуулап бүткөндөн кийин бардык катышуучулардын пост-тестти толтуруусун өтүнгүлө.

## Пост-тест:

1. «Гендердик теңчилик» сессиясынан силер үйрөнгөн эң маанилүү сабак?

1.

2.

3.

2. Силердин тобуңар мектебиңерди коопсуз жана бейпил кылуу үчүн үйрөнгөндөрүңөрдү кантип пайдаланасыңар?

1.

2.

3.

3. Силер бул сессиядан алган билимиңерди кадимки турмушта кантип пайдаланасыңар?

1.

2.

3.

4. Гендер менен жыныстын ортосунда айырма барбы?

☐ Ооба ☐ Жок

5. Эркектер менен аялдарга бирдей мамиле кылуу керекпи?

☐ Ооба ☐ Жок

6. Аял жетекчи боло алабы?

☐ Ооба ☐ Жок

7. Нике ар кимдин өз эркине негизделиши керекпи?

☐ Ооба ☐ Жок

8. Никеге тургандан кийин аял дароо төрөшү керекпи же ал (иштегенди же окуганды) тандоо мүмкүнчүлүгүнө укуктуубу?

1.

2.

9. Эркектер аялдарсыз балдарды тарбиялай алабы?

- [ ] Ооба
- [ ] Жок

10. Силер кандай деп ойлойсуңар, эгерде кыз менен жигиттин ата-энеси нике тууралуу сүйлөшүп коюшса, бирок кыз күйөөгө баргысы келбесе, бул нике мажбурлоо болуп саналабы?

- [ ] Ооба
- [ ] Жок

11. Кыз ала качуу учурдагы мыйзамдар боюнча жазага тартылуучу ишпи?

- [ ] Ооба
- [ ] Жок

12. Кайсы мыйзамда никеге туруу үчүн кызды ала качууга кылмыш жазасы каралган?

- [ ] Кыргыз Республикасынын Административдик кодекси
- [ ] Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- [ ] Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси

Башкалар ____________________

13. Силер: «Сабайт, демек сүйөт» деген сөзгө макулсуңарбы?

- [ ] Ооба
- [ ] Жок

14. Зомбулуктан жабыр тарткан аял кайда кайрылса болот?

- [ ] Укук коргоо органдарына
- [ ] Медициналык мекемелерге
- [ ] Кризистик борболорго жана ӨЭУга

15. Никеде зомбулуктоо кылмыш болуп саналабы?

- [ ] Ооба, бул кылмыш
- [ ] Жок, бул кылмыш эмес, бул жубайлык милдет

16. Үй-бүлөлүк кордукка аял өзү себепкер дегенге силер макулсуңарбы?

- [ ] Макулмун
- [ ] Макул эмесмин

17. КР мыйзамдары боюнча, канча жашта никеге турууга уруксат берилет?

- [ ] 19 жашта
- [ ] 18 жашта

18. Кандай деп ойлойсуңар, никенин каттатуу керекпи:

- [ ] Мамлекеттик никени каттоо органдарында гана
- [ ] Мечиттерде эле

Башкалар: ______

19. Аялдарга зомбулук көрсөтүү көрүнүштөрүн токтотуу үчүн силер өзүңөр эмне кыласыңар?




# Эдвокаси

03

Аракет кылчу кез келди! Эдвокаси | 109

Кампаниянын стратегиясынын пландоо | 115

**Бөлүмдүн максаты:** «Эдвокаси» түшүнүгүн жана эдвокаси өткөрүүнүн түрдүү ыкмаларын түшүндүрүү. Эдвокаси контекстинде пландоонун көндүмдөрүнө үйрөтүү.

**Пре-тест:**

1. Сенин жашооңду өзгөрткүң келген бир нерсе барбы? Бул үчүн сен кимдир-бирөөнү ынандырышың керекпи?

2. Кыргыз коомунда сен башкалардын жардамы менен өзгөрткүң келген бир нерсе барбы?


3. Сен «Эдвокаси» деген эмне экенин билесиңби?

4. Сен «Эдвокаси» – бул социалдык өзгөрүштөргө жетүү үчүн натыйжалуу арга деп ойлойсуңбу?

   ☐ Ооба ☐ Жок

5. Сен «Эдвокаси» кампанияларына керектүү куралдарды атай аласыңбы?

6. Кыргызстанда же башка өлкөлөрдө өткөрүлгөн «Эдвокаси» кампанияларына мисал келтире аласыңбы?




# 01

# Аракет кылчу кез келди! Эдвокаси

**Максаты:** «Эдвокаси» тууралуу түшүнүк берүү.

**Убактысы:** 2 саат 30 мүн.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Керектүү каражаттар | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1 | Сессияга жалпы серепп | Кагаз, микрофон | 10 мүн. |
| 2 | «Эдвокаси» түшүнүгүнө аныктама берүү | Флипчарт, маркер, скотч | 30 мүн. |
| 3 | Риторика сабагы | | 50 мүн. |
| 4 | «Эдвокаси» кампаниясынын максаты менен милдеттерин кантип аныктоого болот? | Флипчарт, маркер, скотч | 20 мүн. |
| 5 | Топ менен иштөө | Флипчарт, маркер, скотч | 15 мүн. |
| 6 | Эдвокаси принциптери | Флипчарт, маркер, скотч | 15 мүн. |
| 7 | Корутунду | Флипчарт, маркер, скотч | 10 мүн. |

### 1. Сессияга жалпы сереп

Сессиянын башында фасилитатор өтүлүүчү сессия тууралуу кыскача маалымат берип, иш-чаралардын планы менен тааныштырат.

### 2. «Эдвокаси» түшүнүгүнө аныктама берүү

Катышуучуларды «Эдвокаси» темасына толук тартуу үчүн теманын өзүн чечмелөөдөн баштоо маанилүү.

* «Эдвокаси – бул адамдарды биздин атыбыздан, биз каалаганды жасатуу максатындагы аракеттер».
* «Жергиликтүү эдвокаси – бул өзгөрүүлөргө жетүү үчүн, чечимдерди кабыл алуучу адамдарга таасир этүү жана сүрөмөлөө аркылуу жалпы маселени чечүү талабы».
* «Эдвокаси – бул өзгөрүштөрдүн пайдасына далилдерди жана жүйөлөрдү сунуштоо жолу менен саясатты, орнотулган тартипти же кандайдыр бир мамилелерди өзгөртүү максатындагы уюштурулган иш-аракеттер жана зарыл болгон өзгөртүүлөрдүн сүрөттөмөлөрү».
* «Эдвокасини» жалпы термин катары түшүндүрсө да болот, ал өзүнүн алдында ар кайсы ыкмаларга кирген, бир нече төмөнкү терминдерди камтыйт:

- кампанияларды жүргүзүү;
- сүрөмөлөө (лоббирлөө);
- маалыматтуулук деңгээлин көтөрүү;
- көпчүлүктү топтоо, мобилизациялоо ж.б.у.с.

Эдвокасинин жалпы максаты бул адамдардын жүрүм-турумун өзгөртүү болуп эсептелет. Андыктан, бул жерде талкууга алына турган суроо:

**Кимдир бирөөнүн көз карашын өзгөртүү үчүн силерге кандай жөндөмдөр керек?**


Сессияны улантардан мурун фасилитатор катышуучулар менен кимдир бирөөнүн көз карашын өзгөртүүгө керек болгон жөндөмдөр тууралуу кыскача сөз баштайт. Бул чакан талкуу 15 мүнөттөй убакытка уланат. Бөлүнгөн убакыт аяктагандан кийин фасилитатор негизги пункттарды флипчартка жалпылап жазат. Катышуучулар талкууга алынбай калган айрым жөндөмдөрдү кошумчалап, аларга түшүндүрмө беришет.

- Чечендик өнөр жөндөмү;
- Өзүнө ишенгендик;
- Аргументти кантип түзүүгө болот;
- Улгайган адамдарды кантип ынандырууга болот;
- Кампанияны кантип баштоого болот?

**3. Риторика (чечендик же ынандыра билүү искусствосу) сабагы**

Бул бөлүмдө «риторика» деген эмне жана анын «Эдвокаси» кампанияларын жүргүзүүдө эмне үчүн маанилүү экендиги тууралуу айтылат:

- «Риторика – бул сөздүн күчү менен башкаларды ынандыруу же ишендирүү ыкмаларын жана жолдорун окутуп-үйрөтүүчү илимий дисциплина»
- «Риторика – бул ойдун түпкү маани-маңызын чечмелей жана башкаларга далилдүү жеткире билүү дисциплинасы»
- «Риторика – бул башкалардын көз карашын биздин көз карашка карата өзгөртүү жана ошондой эле, дүйнөдө бардыгы кандай болушу керектиги тууралуу суроолор талаш жаратып жатканда ал көз карашын тууралыгын өзүбүзгө жана башкаларга далилдөө».
- «Рито́рика (бай.-грек. ῥητορική – «чечендик өнөр» ῥήτωρ деген сөздөн – «чечен») – сүйлөө өнөрүн, көркөм сүйлөөнүн эрежесин, чечендик өнөрдү, сөз чеберчилигин изилдөөчү филологиялык дисциплина»



«Риторика – бул дүйнө жөнүндөгү билимдерди түзүү үчүн тилдин колдонулушун кылдат изилдөө жана талашты жаратып жаткан кандайдыр-бир көз караш боюнча аудиторияны ишендирүү максатында ал билимдерди берүү менен талкуу жаратуу».

**Риториканы эдвокасиде кантип пайдаланууга болот?**

Эдвокаси максатында риториканы пайдалануу үчүн баарынан мурда жагдай өзү риторикалуу болушу керек. Демек бул жагдайдын кимдир бирөөнүн оюн өзгөртүү потенциалы болушу керек. Риторикалуу жагдай төмөнкү компоненттерден турушу мүмкүн:

- Спикер (чечен);
- Билдирүү (маалымат);
- Контекст;
- Аудитория.

Бул 4 элемент бири-бири менен өз ара байланышта жана спикер бул компоненттерди жакшы билиши зарыл. Демек, спикер билдирүүнү (маалыматты) аудитория аны түшүнгөндөй кылып түзүшү керек. Ал эми маалымат аудиторияга жеткиликтүү болушу үчүн контекстти жакшы билүү маанилүү.

Жалпы жолунан спикер баштамакчы болгон дискурсту (аудиторияга жеткире турган сөздүн) жакшы «уюштурулушу» ынандырууга жетүүдөгү негизги элемент болуп саналат.

Окумуштуулар аны төмөндөгүдөй уюштуруу ийгиликтүү боло тургандыгын белгилешет:

- Этикетка;
- Үн фрагменти;
- Тема;
- Тарых.

**Бул элементтер эмнени билдирет?**

**1. Этикетка**

Этикетка - бул чечим чыгаруучу аудиторияга же адамдарга сунушталып жаткан маселени чагылдыруучу элемент. Ал эдвокаси-кампаниясынын бүт мүдөөсүн билдирген символдон, же кыскартылган тексттен турушу мүмкүн. Андыктан этикетканы туура тандоо жана угумдуу сөздөрдү (аудитория түшүнгөн тилди) пайдалануу абдан маанилүү.

**2. Үн фрагменти**

Үн фрагменти – бул бир сүйлөмдөй угулган же маанилүү фразалардын тобунан турган слоган. Үн фрагменти креативдүү, уккулуктуу жана эдвокаси-кампаниясында каралган башкы маселени аудиторияга жеткире алгандай  болушу керек. Ошондой эле, бул жерде жагымдуу тондун тандалышы да зарыл.

**3. Тема**

Тема – бул эң негизги фактыларды чагылдырган, аудитория тарабынан оң таасир жаратууга багытталган чакан текст. Теманы сүрөттөөдө, чечимди кабыл алуучу аудиториянын же адамдардын сезим жана акыл деңгээлдери эске алынышы мүмкүн.

**4. Тарых**

Акыркы жана баарынан узун бөлүм.Бул бөлүмдө фактылар чечимдерди кабыл алуучу аудиторияны же адамдарды  ишендирүү үчүн ыңгайлуу абалда жайгаштырылып, мазмундун түзүлүшү төмөндөгүдөй болушу керек: башталышы, ортосу, аныкталган чечим.

**Этикетка, Үн фрагменти, Тема, Тарых  сан менен:**

**Этикетка:** 5 сөз
**Үн фрагменти:** 15 сөз
**Тема**: 30 сөз
**Тарых**: 60 сөз

**4. Эдвокаси-кампаниясынын максаты менен милдеттерин кантип аныктоо болот?**

Максаттарды аныктоо – пландаштыруунун эң маанилүү бөлүгү. Так аныкталган милдеттер аткарыла турган иш-аракеттерди жана алардын мөөнөтүн аныктайт. Аткарыла турган милдеттерди аныктоо үчүн жүргүзүлө турган «Эдвокаси» кампаниясы жардам бере турган адамдар менен түздөн-түз кеңешүү зарыл.  Демек, бул мааниде милдет ишке киргизилген максат болуп саналат.

Коюлган максатка жетүү үчүн ага жетүүдө аткарыла турган иш-аракеттердин так планын иштеп чыгуу зарыл. Бул иш  аракеттер SMART деп аталган атайын үлгү боюнча түзүлүшү керек:

Демек, милдеттер төмөндөгүдөй болушу керек:

S: (Specific) Айкын
M: (Measurable) Өлчөнгүдөй
A: (Achievable) Жетүүгө боло турган
R: (Realistic) Ишке ашырууга боло турган
T: (Time-bound) Убактысы чакан

***Мисалы:***
Кийинки жылы Кыргыз Республикасынан 300 жаш адам гендерлик теңчилик боюнча окутулат.

**Максаты**: Гендерлик теңчиликке жетүү адамдардын туруктуу өнүгүүсүнүн көрсөткүчү жана шарты катары каралат.

**Талкуу: Жогоруда алынган мисалдын максатына жетүү үчүн иш-аракеттердин кандай планы түзүлүшү керек?**

Талкууда каралуучу суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
«Эдвокаси» кампаниясынын максаттуу топтору кимдер болушат? Адатта булар – чечим кабыл алуучу адамдар.
Тийиштүү чечим боюнча, кимге кайрылууга боло тургандыгын жакшы түшүнүү үчүн төмөнкү суроолорго жооп берүү керек:

- Чечим кабыл алуучу адамдын ролу кандай?
- Маселенин аткарылышына ал кандай таасир тийгизиши мүмкүн?
- Анын баштапкы максаттары кандай болушу мүмкүн? (Талкууга жакшы даярдануу үчүн аны кезиккенге чейин билип алуу зарыл).

## 5. Топ менен иштөө

Фасилитатор топту эки командага бөлөт. Ар бир топко бирден маселе берилет, ал маселе өтүлгөн көнүгүүлөрдөн алынган билимдерди пайдалануу менен чечилиши керек. Ар бир топ берилген маселеге карата 5 мүнөттүк «Эдвокаси» программасын иштеп чыгып, жалпы топко тааныштырат.

1-маселе: Кыздарга спорттук клубдун мүчөсү болууга уруксат берилбей жатат.
2-маселе: Жаштар арасында барган сайын вандализм кеңири жайылууда.

Ар бир топ өздөрүнүн программаларын жалпы топко тааныштыргандан кийин, фасилитатор аларга карата комментарий жана эдвокаси принциптерине түшүндүрмө берет. Бул катышуучуларга аталган принциптердин канчасын алар өз туюмдары менен пайдаланышкандыгын аныктоого жардам берет.

## 6. Эдвокаси принциптери

***Катышуу***
Мындагы эрежеге мүмкүн болушунча көп адамдарды тартуу. Ал эми шарт – ар бир катышуучунун эдвокаси максатына жетүүгө өз салымын кошуусу. Андыктан, бардык адамдарга бирдей мамиле кылуу менен жагымдуу маанайды, ошондой эле адамдар өз жоопкерчиликтерин көрсөтө ала тургандай платформаны түзүү зарыл.

***Мыйзамдуулук***

Дайыма мыйзамдын үстөмдүгүн колдоо жана аны эч качан бузбоо.

***Жоопкерчилик жана жооптуулук***

«Эдвокаси» кампаниясы ачык формада өткөрүлүшү керек.

***Урмат***

Адамдарга урмат көрсөтүү менен мамиле кылуу абдан маанилүү. Эдвокаси кампаниясында билим деңгээли ар кандай жана түрдүү мүнөздөгү адамдар менен иштөөгө туура келет. Андыктан, бейпил абалдын сакталышын камсыз кыла турган куралдарды гана колдонуу зарыл.

**Максаттуу аудитория менен тыгыз иштешүү**

Максаттуу аудиторияны уга билүү жана алар менен өз ара кызматташа билүү зарыл.

**7. Корутунду**

Фасилитатор катышуучулар менен бирге сессияда кандай маанилүү маселелер каралгандыгы жана катышуучулар - бул сессияга катышуу менен кандай жаңы билимдерге ээ болушкандыгы тууралуу талкуу жүргүзүү менен сессияны жыйынтыктайт. Ошондой эле катышуучулар сессия аларга жакшы тажрыйба болдубу жана алар ага кандай салым кошо алышкандыгы тууралуу да ойлорун айтышат.




# 02

# Кампаниясынын стратегиясынын пландоо

Белгилер үчүн

# 1-сессия: Кампаниянын стратегиясын пландоо

**Максаты:** Эдвокаси контекстинде пландаштыруу жөндөмдөрүн калыптандыруу.

**Убактысы:** 2 саат 20 мүн.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Керектүү каражаттар | Убактысы |
|---|---|---|---|
| 1 | Өтүлгөн сессияны кайталоо | | 10 мүн. |
| 2 | Көйгөйдү аныктоо | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| 3 | Изилдөө жүргүзүү: ыкмалар | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| 4 | Таасир этүүчү факторлор (сырткы: саясий, экономикалык, социалдык, техникалык; ички: күчтүү жана алсыз жактар, мүмкүнчүлүктөр, коркунучтар) | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| 5 | «Эдвокаси» кампаниясын натыйжалуу өткөрүү үчүн дагы эмнелер каралышы керек? | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| 6 | Эдвокасиге карата ар кандай мамилелер | Флипчарт, маркерлер | 20 мүн. |
| 7 | Мониторинг жана баалоо | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| 8 | «Эдвокаси» кампаниясы тууралуу кыскача жыйынтык | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| 9 | Корутунду | Флипчарт, маркерлер | 15 мүн. |
| | Пост-тест | | 5 мүн. |

### 1. Өтүлгөн сессияны кайталоо

Фасилитатор өтүлгөн сессияны катышуучулар менен бирдикте кайталап кийинки сессияга өтөт.

### 2. Көйгөйдү аныктоо

«Эдвокаси» кампаниясынын ийгиликтүү болушу аны кылдат пландоодон көз каранды. Ал эми анын кылдат планын түзүүдө «Эдвокаси» кампаниясы кайрыла турган көйгөйдү терең түшүнүү абдан маанилүү. Себеби, ал көйгөйдү терең түшүнүү аракети менен «Эдвокаси» кампаниясынын стратегиясы тууралуу идеялар келет.


Ошентип, «Эдвокаси» кампаниясын өткөрүүнүн терең себептерин түшүнүү үчүн төмөнкү суроолорго жооп берүү зарыл:

- Көйгөй эмнеде жана аны эмне үчүн чечүү керек?
- Бул көйгөйдүн бар экендигине кандай далилдер бар?
- Бул көйгөйгө карата силерде кандай маалыматтар бар?

- Көйгөй кимге таасир этет?
- Аны чечүү боюнча башка кампаниялар барбы? Алар менен кызматташуу кыйла натыйжалуу болушу мүмкүнбү? Мүмкүн болбосо, эмне үчүн?
- Кимдир бирөө альтернативдик жолдорду колдонуу менен көйгөйдү чечүү боюнча аракет жасады беле?

Бул суроолордун жоопторун аныктап алгандан кийин, бул көйгөй үчүнчү жакка (чечим чыгаруучу тарапка, бул маселеге жоопкер жактарга ж.б.у.с.) сунуш кылынса болот. Бул үчүн бардык керектүү маалыматтарды б.а. көйгөйдүн келип чыгуу себептерин жана анын кесепеттерин жана ишеничтүү булактардан алынган так далилдерге негизделген көйгөйдү чечүү боюнча сунуштарды камтыган, сунуштап жаткан тарап ишенерлик презентацияны даярдоо керек.

Ал эми көйгөйдү тереңирээк түшүнүү үчүн бакты элестетип көрөлү. Анын тамырларын максат жана негизги себептер деп элестетели да, сөңгөгүн көйгөй, ал эми бутактарын – көйгөйдүн кесепеттери дейли.



**Кесепеттер** – бул адамдардын жашоосунун айрым бир чөйрөлөрүнө терс таасирин тийгизүү менен тоскоолдуктарды жаратуучу кандайдыр бир терең себептердин натыйжасы.

**Көйгөй** – жагымсыз таасир берүүчү, опурталдуу жагдай.

**«Эдвокаси» кампаниясын өткөрүү себеби** – коомго терс таасирин берүүчү көрүнүш.

Катышуучуларга көйгөйдү кантип чечмелөө керектигин түшүндүргөндөн кийин фасилитатор топту эки командага бөлүп, тийиштүү көйгөйдү талкуулоодо алар алган билимдерин кайсы учурда пайдаланууга боло тургандыгын айтат.

### 3. Изилдөө жүргүзүү: ыкмалар

Көйгөй каралгандан кийин ишендирүүчү фактыларды чогултуу зарыл. Алар «Эдвокаси» кампаниясын мындан ары уюштурууда абдан маанилүү.

Бирок, кандай гана изилдөө болбосун, ишеничтүү булактардан маалымат чогултуу ишинде пайдаланууга боло турган ар кандай ыкмаларды билүү зарыл. Эдвокасиде изилдөө жүргүзүү адатта төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Көйгөйдүн таасирине кабылган адамдар менен интервью;
- Эксперттер менен интервью;
- Маалыматтарды чогултуу үчүн сурамжылоо жүргүзүү;
- Көйгөйдүн таасирине кабылган адамдарды ишке тартуу.

* **Максаттуу-топтор/эксперттер менен интервью** – максаттуу-топтордон кеңири интервью алуу зарыл.

* **Жеке интервью** маселени толук түшүнүү максатында алынат.
* **Сурамжылоо** жалпы коомдун пикирин билүү үчүн калктын кеңири катмарына жүргүзүлөт.

Андан кийин өзүңө төмөнкү суроолорду беришиң керек:

1. Мен эмнени билишим керек?
2. Ишеничтүү жана так маалыматты мен кайдан табам?
3. Маалыматты мага ким берет?
4. Мен кандай ыкмаларды пайдаланам?
5. Маданиятты мен туура түшүнөмбү?
6. Саясий тутумду мен туура түшүнөмбү?

Изилдөө жүргүзүүдө төмөндөгүдөй таблицаны толтуруп алуу – алынган маалыматтардын жалпы себебин көрүүгө жеңилдик берет.

**Максаттардын таблицасы**

| № | Максат | Мен кандай маалымат алдым? | Бул респондентке кандай таасир этти? | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |

**«Эдвокаси» кампаниясын өткөрүү планынын элементтери**

Бул план «Эдвокаси» кампаниясын өткөрүүдө пайдаланылат.

| Милдеттер | Максаттуу топ | Индикаторлор | Иш аракет | Акыркы мөөнөт |
|---|---|---|---|---|
| Максаттарга жетүү үчүн башкы милдеттерди аныктап алгыла | Чечимге кыйла түз таасир берүүчү адамдар | Индикаторлорду пайдалануу «Эдвокаси» кампаниясынын иш-аракеттеринин натыйжалуулугун арттырат | Максаттарга жетүүгө карата кадамдар | Ар бир иш-аракет үчүн өзүнчө аныкталышы керек |

**4. Таасир этүүчү факторлор (сырткы: саясий, экономикалык, социалдык, техникалык; ички: күчтүү жана алсыз жактары, мүмкүнчүлүктөр, коркунучтар)**

Эдвокаси аракеттерин ишке ашыра баштоодон мурун анын ички жана тышкы факторлору эске алынышы керек.

**Тышкы факторлор:**

Экономикалык факторлор кырдаалга жана анын өнүгүшүнө байланыштуу. Экономикалык факторлордун мисалына жумушсуздук деңгээли, депозиттердин пайыздык өлчөмү, экономиканын өсүшү, салык деңгээлдери, өндүрүмдүүлүк, валюта курсу, каражаттардын наркы ж.б.у.с. кирет.

Саясий факторлор мыйзамдын үстөмдүгү, соттун жеке иштерге жана жалпы саясий абалдын туруктуулугуна карата чечимдерине байланыштуу. Кандай саясий факторлор келечекте эдвокасиге таасир этиши мүмкүн? Бул факторлор эдвокаси иш аракеттерине кантип таасир этиши мүмкүн?

Социалдык факторлорго социалдык баалуулуктар жана ар кандай жашоо образдары кирет. Социалдык факторлор сандык (төрөттүүлүк деңгээли же Азия калкынын чоңдугуна мүнөздүү белги), ошондой эле сапаттык (бош убакыттын жетишсиздиги же жумуш берүүчүлөр менен жумушчулардын тил табышуусунун жетишсиздиги) да болушу мүмкүн.

Технологиялык факторлорго маалыматтарды жайылтууга тиешелүү технологиянын өнүгүүсү кирет.

**Ички факторлор:**

Ички факторлорду, күчтүү жана алсыз жактарды аныктоо үчүн SWOT – талдоо ыкмасын пайдаланууга болот. SWOT төмөнкүлөрдү билдирет: күчтүү жактар (Strength), алсыз жактар (Weakness), мүмкүнчүлүктөр (Opportunities) жана коркунучтар (Threats).

**Ички дараметтердин күчтүү жактары (S):** көрүнөө жөндөмдүүлүк,акча каражаттарынын жетиштүүлүгү, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жогорулугу, максатты жакшы түшүнүү, түпкү максаттын аныктыгы, үнөмдөлгөн каражатты пайдалануу, өзүнчө сейрек ыкмалар ж.б.у.с.

**Ички дараметтердин алсыз жактары (W):** мүмкүнчүлүктөрдүн айрым көрүнүштөрүнөн айрылуу, акча каражаттарынын жетишсиздиги, сатып алуучулар тууралуу маалыматтарды талдабоо, түпкү максаттын аныксыздыгы, максатты ишке ашыруунун туруксуздугу, каржылоонун жетишсиздиги, эдвокасинин эски ыкмалары, көзөмөлдүн жоктугу, жана ийкемсиздиги ж.б.у.с.

**Тышкы мүмкүнчүлүктөр (О)** – даярдалган команда, максаттуу топтун камтылышы, соода тоскоолдуктарынын азайышы, жагымдуу экономикалык, саясий жана социалдык шарттар, каражаттын болушу ж.б.у.с.

**Тышкы коркунучтар (Т):** максаттуу аудиториянын бош эместиги, жагымсыз экономикалык, саясий жана социалдык шарттар, каражаттын жоктугу ж.б.у.с.

**5. Натыйжалуу эдвокаси – кампаниясын жүргүзүү үчүн дагы эмнелер каралышы керек?**

Бул бөлүмдө «Эдвокаси» кампаниясын пландоодо тизмесинде көрсөтүлгөн куралдар толук эмес, «Эдвокаси» кампаниясынын максатына жараша башка багыттар да каралат. Катышуучуларга «Эдвокаси» кампаниясынын бөлгөн каражаттарын толук берүүгө аракеттенебиз.

### Пикирлештерди тартуу

«Эдвокаси» кампаниясын жүргүзүүнү пландаштырууда башка ӨЭУдардан, түйүндөрдөн, демөөрчүлөрдөн, коалициялардан, жарандык ассоциациялардан, профсоюздардан, аялдар топторунан, силердин көз караншты туура көргөн жана эдвокаси максатына жетүү үчүн силер менен бирге иштөөнү каалаган жигердүү адамдардан жана колдоо алуу үчүн бардык аракеттерди жумшоо зарыл. Потенциалдуу өнөктөштөрдү кантип жана кайдан табууга болот? Мисалы, конференцияларга жана семинарларга катышуу, башка ӨЭУдардын лидерлери менен активисттерин өзүңөрдүн иш чараларыңарга чакыруу, ММКнын тартуу, аркандай жолугушууларды уюштуруу жана өзүңөрдүн изилдөөлөрүңөрдүн жыйынтыктарын жарыялоо менен өнөктөштөрдү табууга жол ачылат. Интернетти пайдаланууну унутпагыла, аны туура пайдалана билүү силердин кандай гана демилгеңер болбосун ага колдоо көрсөтүүчүлөрдү табууда эң натыйжалуу каражат болушу мүмкүн.

### Маалыматтарды берүү жана жайылтуу жолдору

Адатта кампания тууралуу маалыматтарды басылма материалдар, онлайн публикациялар, пресс-релиздер, пресс-конференциялар, маалыматтык китепчелер жана бюллетендер ж.б.у.с. аркылуу жарыялоо жолу менен жайылтууга болот. Маалыматтарды таркатуу ыкмасын тандоодо максаттуу топту жана анын маалыматка жетүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу керек.

### Акча каражаттарын издөө

Акча каражаттары, ошондой эле сырттан келе турган башка каражаттар «Эдвокаси» кампаниясы үчүн абдан керектүү. Алар материалдарды даярдоодо жана таркатууда, жолугушууларды жана семинарларды уюштурууда, жабдууларды сатып алууда, байланыш чыгымдарына ж.б.у.с. пайдаланылышы мүмкүн. «Эдвокаси» кампаниясын пландаштыруудан мурда мүмкүн боло турган демөөрчүнү жана каражаттарды чогултуу (фандрайзинг) ыкмаларынан ыктап алуу керек.

### Кампания учурунда:

Маалыматтарды чогултуу жана аны талдоо маселени аныктоо үчүн керек; эдвокаси иш-аракеттерин аныктоо үчүн көйгөйдү аныктоо; максаттуу аудитория үчүн маалыматтарды даярдоо, пикирлештердин санын көбөйтүү жана саясий секторго таасир этүү жолун табуу.

Ошондой эле «Эдвокаси» кампаниясы учурунда мониторинг жана баалоо иштерин жүргүзүү зарыл. Силер иштин жүрүшүн жана анын жыйынтыктарын кантип баалоо керектигин чечишиңер керек. Албетте жыйынтыктар күтүлгөн өзгөрүүлөргө карата аныкталышы керек. Ошенсте да, эгерде топ абалдын өзгөрүлгөндүгүн байкаса, күтүлгөн өзгөрүү «Эдвокаси» кампаниясы ишин аяктагандан кийин да өзгөрүп кетиши мүмкүн.

### 6. «Эдвокаси» кампаниясын жүргүзүүнүн ар кандай жолдору

«Эдвокаси» кампаниясын жүргүзүүнүн ар кандай жолдору бар. Эң кеңири белгилүү болгон үч түрүн карап көрөлү:

### Сот процесси

«Эдвокаси» кампаниясын жергиликтүү коомдо соттун жардамы менен жүргүзүүгө болот. Жарандык коомдук уюмдар демилгечи болгон  өзгөчө көңүлдү бурдурган сот иштер региональдык, улуттук жана  эл аралык деңгээлдерде өткөрүлүшү мүмкүн.

### Коомдук кампания

Кампания чечим кабыл алуучу адамдарды социалдык жакшы өзгөрүүлөргө жетүүгө багытталган чечимдерди кабыл алууга мажбурлоо максатында аларга басым көрсөтүү үчүн коомчулуктун колдоосун алышы  мүмкүн.  Мисалы, көйгөй тууралуу  коомчулукту кабардар кылуу үчүн демонстрация уюштурууга,  ал тууралуу жергиликтүү депутаттар менен түз байланышууга,   же чечим кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылууга болот.

**Массалык маалымат каражаттары (ММК) менен мамилелер**

Көйгөйгө коомчулуктун көңүлүн буруу үчүн ММК пайдалангыла. Бул силердин аракетиңердин жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде колдоого алынуусуна жардам берүүчү эң кубаттуу жана натыйжалуу курал. ММКна маалымат агенттиктери, радиостанциялар, телевидение жана интернет эсептелет. Жалпы жолунан ММКын коомчулук менен байланыштар боюнча жалпы стратегиянын чегинде пайдалануу - максатка жетүүдөгү эң натыйжалуу курал болуп саналат.

### 7. Мониторинг жана баалоо

Мониторинг – иштин жүрүшүнө үзгүлтүксүз көз салуу процесси. Мониторинг – кандайдыр-бир милдеттерди аткарууга карата көрүлгөн чаралардын ылайыктуулугуна, натыйжалуулугуна жана жарамдуулугуна карата жүргүзүлүүчү мезгилдүү сереп.

Баалоо белгилүү учурда адатта «Эдвокаси» кампаниясынын аягында ишке ашырылат. Баалоонун жүрүшүндө сырткы эксперттер камтылышы керек. Баалоо иши аяктагандан кийин силер алган маалыматтар андан аркы иш-аракеттерде эске алынышы керек.

Баалоо тууралуу отчетто адатта төмөндөгү суроолор каралат:

- Силер коюлган милдеттерди аткара алдыңарбы?
- Иштин ийгиликтүү жана ийгиликсиз болушуна кандай факторлор таасир этти?
- Өзгөчө кайсы демилгелер ишке ашырылды же ашырылган жок, эмне үчүн?
- Кампанияда колдонулган ыкмалар натыйжага оң таасир эттиби же терс таасир эттиби?
- Баалоонун натыйжасынын негизинде эмнени өзгөртүү керек?

### 8. «Эдвокаси» кампаниясын жүргүзүү тууралуу кыскача жыйынтык

1-суроо: Жетмекчи болгон максат(тар) кайсы(лар)?
2-суроо: Эдвокаси жана/же коомчулук бул максатка жетүүгө колдоо көрсөтөбү?
3-суроо: Өзгөчө максаттар кайсылар?
4-суроо: Силер каалаган нерсени бере ала турган, колунда бийлиги бар адам(дар) ким(дер)?
5-суроо: Максатыңарга жетүү үчүн дагы ким(дер)ди ишендиришиңер керек?
6-суроо: Силер эмнени айткыңар келет?
7-суроо: Силердин айтканыңарды колдоо үчүн кандай далилдериңер бар?
8-суроо: Чечим кабыл алуучу адамдарга качан таасир эте аласыңар?
9-суроо: Максатыңарды ишке ашыруу үчүн каражаттарыңар жетиштүүбү?
10-суроо: Натыйжалар кантип ченелет/аныкталат?

### 9. Корутунду

Фасилитатор катышуучулар менен бирге өтүлгөн сессиянын жыйынтыгын чыгарат. Сессиянын негизги идеясы эмнеде жана катышуучулар андан эмнени ала алышкандыгы тууралуу талкуу жүргүзүлөт. Ошондой эле катышуучулар алган пайдалуу тажрыйбалар тууралуу ой бөлүшүү менен бирге өздөрүнүн сессияга кошкон салымдары тууралуу да айтып беришет.

## Пост-тест:

1. Силер «Эдвокаси» сессиясынан кандай эң маанилүү сабак алдыңар?

2. Мектебиңердеги коопсуздукту жана бейпилдикти сактоо үчүн силердин тобуңар бул сессиядан алган билимдерин кантип пайдаланса болот?

3. Алган билимиңерди күндөлүк турмушуңарда кантип пайдаланасыңар?

4. «Эдвокаси» боюнча сессия силерге пайдалуу болду деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн?

5. Эдвокаси тууралуу сессияны кантип жакшыртууга боло тургандыгы боюнча сунушуңар барбы?

6. Эдвокаси кайсы максаттарга карата пайдаланылышы мүмкүн?

7. Эдвокаси кампаниясы кимге карата жүргүзүлүшү керектигин түшүндүрүп бере аласыңарбы?

8. Эдвокаси бул социалдык жакшы өзгөрүүлөргө жетүүнүн натыйжалуу жолу деп эсептейсиңерби, эмне үчүн? Жообун жакшылап ойлонгула.

☐ Ооба ☐ Жок

9. Силер эдвокаси кампаниясын кайсы жааттагы маселелерди чечүүдө пайдаланат элеңер?

## 2-сессия: Кампаниянын стратегиясын  пландоо

Төмөндө ирети менен коюлган иш-чаралардын планынын формасын келтирилди жана силер аны толтуру-шуңар керек. Бул жерде колдонулган атттар жана бирдей насаатчы мектептери ойдон чыгарылган.
Проблема: биздин мектептеги эрте никеге тургандардын өскөн саны

| № Иш чара: | Аудитория: | Иш-чаранын себеби: | Курал: (иш-чаранын аталышы) | Процесс индикатору: (же иш чаранын өтүү индикатоу |
|---|---|---|---|---|
| | | | | Эдвокаси |
| Мисалы | Директор, мектеп педагогу, мектеп психологу, кызыкдар мугалимдер | Эрте никеге туруунун терс көрүнүштөрү жөнүндө мугалимдер-ге кабарлоо | Жолугушуу | 1.Фотосүрөттөр<br>2.Каттоо барагы (катышуучулардын колу менен) |
| Биздин мектептеги иш-чаралар<br>1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | | | | |
| 4. | | | | |

* Белгилер үчүн 116-беттеги бош жерди колдонгула

(Эскертүү: эрте нике - бул никеге туруунун ар кандай формасы же жашы жеткенге (же 18 жашка)) чейин кошо жашоо Тарыхы: Коргон-Атадагы №3 мектепте эрте никеге туруунун сегиз учуру, 2013/14.
Максаты: Эрте никеге туруу учурлардын санын экиге же андан да азайтуу 2014/15.

| Күтүүлүүчү натыйжалар: | Ийгиликтин индикатору: | Иш-чаранын датасы: | Ресурстар: | Кошумча комментарий-лер: |
|---|---|---|---|---|
| боюнча куралдар | | | | |
| Мугалимдер кыздардын ата-энелеринин үйлөрүнө барып, өз кыздарын эрте күйөөгө бербөөгө чакырат | 10 үй-бүлө катышты: бул бирдей нускоочу-ларга кабарланат (кыздардын атын жана инсандыгын ачыкка чыгарбастан) | Жолугушуудан кийин 10 күн | Директордун урукса-ты (бөлмө дайындал-ган жерде) 2 маалымат мате-риалдары (баракча-лар, статистика, эрте никенин кейстери (өз айылынан) | «ООН-женщи-ны» + ӨЭУ барак-чаларды берет |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Отчеттуулукту |
| . | | Бир же бир нече<br>а) муниципалдык кеңеш/айыл өкмөтү<br>б) аксакалдар соту<br>в) курултай<br>г) ырым-жырымды өткөрүүчү диний лидерлер | Теманы толук билүүнү камсыздоо; кызмат адамдары тарабынан иш-аракеттерди кабыл алууну суроо; өзүнүн калыстыгын суроо/каршы лоббирлөө. Балдарга карата катаал мамилени алдын алуу | Тегерек стол | 1. Фото сүрөттөр<br>2. Катышуучулардын тизмеси<br>3. Айтылганды колдоп жана аткарууга макулдук берип кол көтөрүү |
| Биздин мектептеги иш-чаралар | 1. | | | | |
| | 2. | | | | |
| | 3. | | | | |
| | 4. | | | | |

| камсыздоо үчүн куралдар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Тандалып алынган аудиторияга жараша, катышуучулар эрте никеге каршы туруу иштери үчүн өз абалын пайдаланат (мисалы: молдо нике кыюуну күбөлөрсүз жүргүзүүдөн баш тартат, жок дегенде алар өнөктөштөр бойго жеткениен алардын паспортун текшерүү менен ынанат) | Нике ырымынын жардамы менен эрте никеге туруунун болбой калышы | «Эдвокаси» сессиясы аяктагандан кийин эки жуманын ичинде | 1. Аудиторияны алдын ала ээлөө<br>2. Маалыматтык материалдар (таратмалар, жергиликтүү окуялар, статистика) | «ООН Женщины» + ӨЭУ баракчаларды таратат |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

## 2-сессия: Кампаниянын стратегиясын пландоо

| Укуктар жана | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Коркунуч алдындагы кыздар | Билим, ишенимдүүлүк жана статус берүү менен коркунуч алдындагы кыздарга мүмкүнчүлүк берүү | Машыгуулар (алгач аларды өзүнүн тобуна тартып, андан ары бирдей насаатчы катары окутуу керек) | 1. Алардын сессияга катышуусу<br>2.Ирети менен өтүүчү иш-чаралардын планын иштеп чыгууга жана анын ишке ашырууга катышуу |
| Биздин мектептеги иш-чаралар 1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | | | | |
| 4.. | | | | |

| мүмкүнчүлүктөр боюнча куралдар | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Коркунуч алдындагы кыздар укугун коргоп, ага каршы сүрөмөлөөнү ийгиликтүү жүргүзө алат (аларды эрте күйөөгө бергенде) | Кыздарды эрте күйөөгө берүү алардын жашы жеткенге чейин жылдырылат | Кыздардын 11-классты бүтүп кеткенге чейин эрте күйөөгө тийип кетүүсүн окуу жылында алдын алууга даяр туруу | Окутулган бирдей насаатчылар, бирдей насаатчыларды колдоочу жана жардам берүүчү МБМШ курстарын киргизүүнү колдоо | «ООН Женщины», ӨЭУ |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |



# Суицид жана аны алдын алуу чаралары

04


Суицид жана анын түрлөрү 132

Суициддин алдын алуу 139

# Киришүү

*"Ааламды сактап каларыбыз эми күмөн, бирок адамды сактап калуу толук мүмкүн".*

Суицид... Өзүнүн актуалдуулугу менен бизди стресс менен депрессияга түрткөн үчүр көйгөйү. Көп учурда алдын алуу кыйынга турган кырсык. Адамды өз өмүрүнө өзү кол салуу себептери жакын адамдары үчүн да жашырын бойдон калып келет. Жүрөктү титиреткени – бул кадамга он гүлүнүн бирөөсү да ачыла элек жаштардын барып жатканы. Мындай кайгылуу көрүнүштүн түпкүрү кайда?

Сырдуу жана түшүнүксүз болуп эсептелген өзүнө кол салуу көйгөү коомчулуктун көңүлүн дээрлик буруп, кесипкөйлөрдүн изилдөөсүнө алынган эмес. Азыр суицид жөнүндө көп айтып, жазып жатышат. Өткөн жыйырма жылдыкта, көбүнчө бул көйгөйлүү көрүнүш тууралуу изилдөөчүлөр көбүрөөк маалымат топтошту.


Кээ бир окумуштуулар өспүрүмдөрдүн суицидине көбүрөөк көңүл буруп, аны эң маанилүү топ деп эсептешет, тилекке каршы, калган топтордо да бул көрсөткүч жогору. Анын себеби бир нече көрүнүштөр менен коштолот. Изилдөөчүлөрдү дагы ал көбүрөөк кабатырлантат, анткени жаш балдар менен кыздар таптакыр эле жаш кезинде жашоо менен кош айтышууда. Өспүрүмдү жаңы гана жашоого көзү ачылып, бул дүйнөнүн бүтпөс кызыгы башталган гүлдөп турган курагында кууратkan мындай кадамга баруусу көптөргө бүдөмүк бойдон калып келет.

Көпчүлүк көйгөйлөрдөн айырмаланып өспүрүмдөр аарсында суицидали тыкыр иликтене элек. Өз өмүрүнө өзү кол салган адамдар негизинен жан дүйнөсү катуу жабыркап, стресс абалында болот, ошондой эле өзүнүн проблемаларын чече албай тургандай сезишет. Алар психикалык ооруларга чалдыгып, өзгөчө депрессияга кабылат жана келечекке үмүтсүз карайт.

Суицидди дарылоо окумуштуулардын алдына бир кыйла татаал тапшырмаларды койду. Суицид коркунучу бар өспүрүмдөрдү дарылоонун ийгиликтүү ыкмаларын иштеп чыгуу зарыл. Окумуштуулар өзүнө кол салуу алдын алуу боюнча программаларды иштеп чыгат, бирок мындай программалар коркунучтун жалпы факторлорун же өспүрүмдөр арасындагы өзүнө кол салуу деңгээлин төмөндөтө алабы, чындыгында, кеп ушунда.

Ошол эле учурда суицид боюнча изилдөөлөрдүн улам көбөйүшү бул көйгөдү чечүүгө үмүт туудурат. Баарынан маанилүүсү, окумуштуулар азыр бул маселени чечкенге жалпы коомчулукту аралаштырууда. Алар өзүнө кол салуу жөнүндө маалыматтарды жайылтууга чакырууда жана бул программалар жаштарга да, улгайгандарга да арналган. Мындай көрүнүш өзүнө кол салуу толугураак түшүнүүгө жана окумуштуулардын жана консультанттардын кийлигишүүсү ийгиликтүү болоруна алып келет. Буга карабастан, суицид бул жашоодон түңүлгөн жалгыз адамдын актысы, мындай жорук чынында эле коомго жана өзгөчө өспүрүмдөрдүн психикасына күчтүү таасир берет. Ошондуктан мында оолукма өспүрүмдөр менен иштөөнүн ар кандай технологиясын пайдалануу маанилүү.

**Бөлүмдүн максаты:** Суицид түшүнүгү менен, суицид ниеттеринин жаралуу факторлору менен таанышуу, ошондой эле суицид актысын алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө үйрөтүү.



01

# Суицид жана анын түрлөрү

**Максаты:** Суицид түшүнүгү менен, суицид ниеттеринин жаралуу факторлору менен таанышуу, ошондой эле суицидге жакын адамдарды таанып билүүгө катышуучуларды үйрөтүү. Суицид актысын токтотуу боюнча чаралар менен таанышуу.

**Убактысы: 1 саат 25 мүн**.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Материалдар | Убактысы |
|---|---|---|---|
| | Пре-Тест | | 10 мүн. |
| 1. | Суицид түшүнүгү жана статистика | | 25 мүн. |
| 2. | Суицид жүрүм-турум түрлөрү жана себептери | | 25 мүн. |
| 3. | Суициддин белгилери | | 25 мүн. |

## Пре-тест:

1. Мектебиңердеги акыркы жылдардагы суицид учурлары силерге белгилүүбү?

☐ Ооба ☐ Жок

2. Анын себеби кандай болгон?

- 
- 
- 

3. Мектебиңердеги суициддин болуу мүмкүнчүлүктөрүнүн алды алынуудабы, кандай деп ойлосуңар?

☐ Ооба ☐ Жок

Болсо, кандай жол менен

4. Суицидди алдын алуу үчүн кандай чараларды көрүү керек?

| Суицид себептери: | Аны алдын алуу чаралары: |
| --- | --- |
| • | 1. |
| | 2. |
| | 3. |
| • | 1. |
| | 2. |
| | 3. |

5. Суицидге барууда адамдын жүрүм-турумунда кандай өзгөрүүлөр болушу мүмкүн, силердин оюңар боюнча?

Мисалы: Шайыр адам түнт болуп кетет

- 
- 
- 

6. Эгер суициддин белгилерин байкасаңар, эмне кылмаксыңар (бир нече жооп тандасаңар болот)

- [ ] Суицидге жакын адам жөнүндө достор менен ушакташуу
- [ ] Бул тууралуу ишенген мугалимге айтуу
- [ ] Эгер жашыруун сырды сактай алса ата-энелер менен кеңешүү
- [ ] Эч нерсе кылбайм. Мунун эмне кереги бар мага?

Башка

## 1. Суицид түшүнүгү

Суицид (лат. *sui caedere* – өзүн өлтүрүү) – эреже катары, ыктыярдуу жана өз алдынча өз өмүрүнө өзү билип туруп кол салуу. Суицидге классикалык аныктаманы Э. Дюркгейм берген. Анын түшүндүрмөсү боюнча, суицид деп өлгөн адам өзү себепкер болгон иш-аракеттин соңунда аткарылган ар бир өлүмгө кириптер кылган кырдаал эсептелет. Суицид коомдогу, адамдар ортосундагы мамиледеги көйгөдү ачык күбөлөндүрөт. Мында адам жеке кайгысына, көңүл калуусуна жана пессимизмге сугарылган суук ойлордон арылууга кадимки жолду тандабай, аны биротоло чечүүнүн, болгондо да өз жанын кыюу менен өзү да, өзүн коштогон проблемаларды да ала кетүүнү, же кимдир бирөөгө болгон таарынычын ушундай аянычтуу жана өтө кайгылуу жол менен билдирүүнү көздөйт. Суицидге болгон аракет көпчүлүк учурда узак убакыт оору менен коштолот же такыр эле майып кылып тынат. Суицид коомчулук тарыхында ачууну, капачылыкты билдирүүнүн, мазактоого карата каршылыктын, өз намысына чыдабай актануунун, башка адамга ишенимдүүлүгүн далилдөөнүн бир ыкмасы катары айтылып келет.

Суицид коркунучу жогору болгон топко адистер төмөнкүлөрдү киргизет:

- Үйдөгшү зомбулукка кабылган аялдарды;
- Өспүрүмдөр, же медицинада айтылгандай, жыныстык жактан жетилүү курагындагы өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү жанын кыюусу;
- Мөөнөттүү кызматтагы аскер кызматчылары

**Кыргызстандагы суицид статистикасы:**
Жашы жете электердин арасында суицид жылдан жылга көбөйүп жатканын кейиштүү статистика көрсөтөт.

| 2009-2013-жылдары 512 өспүрүм суицидге кабылган[1]: | |
|---|---|
| Жыл: | Мектеп окуучуларынын саны: |
| 2009 | 76 |
| 2010 | 96 |
| 2011 | 94 |
| 2012 | 121 |
| 2013 | 125 |

Эгер мектебиңерде болгон суицид окуясы эсиңерде болсо, бул форманы толтургула:

| Жыл | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 |
|---|---|---|---|---|
| Класстын номери | | | | |

1 http://ktrk.kg/ru/content/chto-tolkaet-podrostkov-svesti-schety-s-zhiznyu

**2. Суицид жүрүм-турумунун түрлөрү жана анын себептери**

**Суицид жүрүм-туруму үч топко бөлүнөт:**

| Чыныгы суицид | Көрсөтмө суицид | Жашыруун суицид |
|---|---|---|

**Чыныгы суицид** – адамда өз өмүрүнө кол салууга олуттуу өбөлгөнүн болушу менен мүнөздөлөт. Айрыкча бул жашы өткөн адамдар жана өспүрүмдөрдө көп кездешет. Бул жаш курактагы адамдар өзүн сындоого жана жүрүм турумун талдоого көбүрөөк чалдыгышат, ошондуктан, булардын арасында өз өмүрүнө кол салгандар көп кездешет. Орто жаштагы адамдар ата-энесинин же балдарынын алдында жоопкерчиликти алып жүрүшөт, ошондуктан мындай жоруктарды көп жасашпайт. Мындай суициддин түрүндө адамдар көбүрөөк депрессияга кабылышат, алардын маанайы чөгөт жана жашоого болгон кызыгуусу жоголот.

**Көрсөтмө суицид** – суициддин бардык түрлөрүнүн ичинен көп учурда өлүм менен аяктабайт. Бул өспүрүмдөрдө (психикалык туруксуз абалдагы адамдарда), эмоционалдуу аялдарда кездешет. Бул алар үчүн өзүлөрүнүн сезимин көрсөтүүнүн жана адамдарды өзүлөрүнүн көйгөйлөрүнө аралаштыруунун ыкмасы болот. Алар өлүмдү каалабайт, жөн гана айланадагы адамдарды коркутууга умтулушат. Айрыкча, алар дары-дармектер менен ууланышат (бирок өлүмгө алып келе турган өлчөмдө ичишпейт), тамырын кесишет же асылып өлүүнү көрсөтүшөт.

**Жашыруун суицид** дайыма өлүм менен аяктайт. Адамдар акыл-эси менен түюуп, атайлап өлүмгө алып келе турган экстремалдуу жагдайларды издешет. Ал спорттун түрү, авто унаада катуу жүрүү же "кагылыш" түйүндөрүнө саякаттоо болушу мүмкүн. Алар суицид түз ыкмасын жасай албайт жана бул көйгөйдү чечүү үчүн башка чечимди издөөгө аракет кылышат. Мындай суицид мамилеси өзүнө көңүл бурдурат, бирок алар баш ийбейт жана коркунуч жөнүндө айтылган сөзгө көңүл бургулары келбейт, анткени алар ошону гана күтүп жатышат.

Адам өзү себеп болгон суициддин бардыгын эле өзүнө кол салуу деп айтууга болбойт. Өзүнүн авто унаасын айдап бара жатып уктап кетип бакты сүзүп өлгөн адамдын өзүн атайлап өлтүрөм деген ою жок. Ошентип, Эдвин Шнейдман суициддин *алдын ала даярдалган өлүм* – адам өзүнүн жашоосун максаттуу жана эс-акылы менен токтотуу аракетин жасаган өз өмүрүн кыюу актысы деп аныктаган.

**Суицид** – адам өзүнүн жашоосун максаттуу жана эс-акылы менен токтотуу аракетин жасаган өз өмүрүн кыюу актысы.

**3. Суициддин белгилери**

Суицидге ниеттенген адамдардын ичинен 70%дан 75% га чейинкиси тигил же бул себептен өзүнүн ниет кылганын ачыкка чыгарышат. Кээде бул көп билинбеген кыйытма болушу мүмкүн, коркутуулар көбүнчө оңой таанылып калат. Алар оюн айтууга жана аларды уга турган адам табууга мүмкүндүк издешет. Бирок көп учурда аларды эч ким укпайт. Эгерде адам суицидге барууну чындап кааласа, анда бул жөнүндө бир катар мүнөздүү белгилер боюнча байкаса болот, алар төрт түргө бөлүнөт: сөз түрүндө, жүрүм-турум, тышкы жана жагдайлуу.

**Суициддеги жүрүм-турум** – *бул* суицидге *болгон активдүүлүктүн пайда болушу – өзүнө кол салуусуна барууга болгон ойлор, ниет, ал жөнүндө айтуу, коркутуулар, аракеттер.*

**Суициддеги жүрүм-турумду изилдөөдө төмөндөгү белгилерди айырмалап билүү зарыл:**

| **Сөз түрүндөгү белгилер:** | **Жүрүм-турум белгилери:** | **Тышкы белгилер:** | **Жагдайлуу белгилер:** |
|---|---|---|---|
| 1. *Көбүнчө өзүлөрүнүн ички абалы жөнүндө айтышат:*<br>- «Мен өз өмүрүмдү кыюуну чечтим»;<br>- «кийинки дүйшөмбүдө мен бул дүйнөдө жок болом …»;<br>- «Андан көрө өлүп калыш керек»;<br>- «Жашадым, жетишет»;<br>- «Жашоомду жек көрөм!»;<br>- «Бир гана жол – бул өлүм!»;<br>- «Мен мындан ары мындай жашагым келбейт»;<br>- «Мени мындан ары көрбөйсүң!»;<br>- «Мындан кийин мен жөнүндө тынчсызданбайсың»;<br>- «Мен мындан кийин эч кимге көйгөй жаратпайм».<br>2. *Өзүнө өзү кол салуу темасында көп тамаша кылышат.*<br>3. *Өлүм жөнүндө маселелерге аябай кызыгышат.* | 1. *Иштерин тартипке салуу.* Өзүнө кол сала турган өспүрүмдөрдөн бири жакшы көргөн буюмдарын таратышат, экинчиси өлөрдүн алдында “өздөрүнүн иштерин тартипке келтирүүнү” зарыл деп эсептешет. Өспүрүмдөрдүн берешендиги белгилүү, бирок эгерде алар эч бир себепсиз баалуу буюмдарын белекке беришсе жана бул белектер өзгөчө кымбат болсо, бул шектенүүгө алып келиши керек.<br>2. *Кечирүү.* Жашоосунун ар кандай убагында көмөк көрсөткөндүгү үчүн ар түрдүү адамдарга ыраазычылык билдирүү формасында болушу мүмкүн.<br>2. *Чечкиндүү өзгөрүүлөрдү көрсөтөт:* мисалы: тамактануу. Табити жакшы өспүрүмдөр табитин жоготот, ал эми табити начарлар жакшы тамактанып калат. | • көңүлсүз болуу (кайгылуу мимика), гипомимия, амимия;<br>• акырын бир тондуу үн, жай кеп;<br>• жооптордун кыскалыгы, жооп жок болгондук;<br>• тез экспрессивдүү кеп;<br>• жалпы кыймылдын жайлашы, иш кылбагандык;<br>• айлана менен байланышууга умтулуу, түшүнүк издөө, дарыгерден жардам суроо апелляциясы;<br>• өзүнүн азап чегүүсүнө эгоцентристик. | Адам өзүнө өзү кол салуусу мүмкүн, эгерде ал:<br>1. Социалдык жактан бөлүнгөн болсо (достору жок же бир гана досу болсо), өзүн катардан чыккандай сезсе;<br>2. Туруксуз абалда жашаса (үй-бүлөдө, ата-энеси же ата-энесинин бири-бири менен болгон мамилелеринде олуттуу кризис болсо);<br>3. Өзүн күч колдонгон, сексуалдык же эмоционалдык зомбулуктун курмандыгы катарында сезсе;<br>4. Өзүн өзү өлтүрүү аракетин мурда да жасаса;<br>5. Досторунун, тааныштарынын же үй-бүлө мүчөлөрүнүн биринин өзүн өзү өлтүргөндүгүнүн таасиринде өз өмүрүнө кол салууга ыктаса;<br>6. Оор айрылууну башынан өткөргөн болсо (качандыр бир болгон жакындарынын өлүмү, ата-энелердин ажырашуусу). |



# 02

# Суициддин алдын алуу

**Максаты:** Өзүн-өзү өлтүрүү актысын токтотуу боюнча чаралар менен таанышуу

**Убактысы:** 1 саат 40 мүн.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Убактысы |
|---|---|---|
| 1. | Суицидди алдын алуу | 15 мүн. |
| 2. | Кейс үстүдө иштөө | 40 мүн. |
| 3. | Суицидди алдын алуу боюнча чаралар | 20 мүн. |
| 4. | Корутунду | 10 мүн. |
| | Пост-тест | 15 мүн. |

## 1. Суицидди алдын алуу

Суицид ачык асмандан түшкөн чагылган эмес: суицидге барууга ою бар окуучулар өзүлөрүнүн ниети жөнүндө айланасындагыларга ачык билгизишет жана тиешелүү чараларды колдонуу үчүн көп мүмкүнчүлүктөрдү калтырышат. Суицидди токтотуу мектептин администрациясы жана окуучулар үчүн стратегиялык маанилүү милдеттери болуп эсептелет, муну чечүү үчүн төмөндөгүлөр зарыл:

- жеке кайгылары бар окуучуларды өз убагында табуу жана аларга психологиялык жардам көрсөтүү;
- жаш балдар жана өспүрүмдөр менен ишенимдүү маектешүү жолу аркылуу алар менен жакын мамиле түзүү, аларды түшүнүүгө аракет жасоо жана жардам берүү;
- ички кайгыларды жеңилдетүү;
- байкагычтыкты көрсөтүү жана өзүнө кол салуу ниетинин белгилерин, оозеки айтууларды же жүрүм-турумунун өзгөрүшүн өз убагында таанып билүү;
- Сабакка жетишүүсү начар болгон окуучулардын окуусуна жардам берүү;
- Сабакка катышуусун жана калтыруусун көзөмөлдөө;
- Өзүнө өзү кол салуунун мүмкүн болгон каражаттарын – уулуу заттарды жана кооптуу медикаменттерди, пестициддерди, ок атуучу же башка куралды ж.б.у.с. пайдаланууга чек коюу боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу;
- Мугалимдерге жана мектептин башка жумушчуларына иштеген жериндеги стрессти жеңүүдө көмөк көрсөтүү.
- Психикалык бузулуусу жана спирт ичимдигин жана баңгизатты ашыкча колдонгондугуна байланыштуу окуучуларды өз убагында дарылоого жөнөтүү.

## 2. Кейс үстүндө иштөө

Төмөндө суицид актысынан чоң апасы сактап калган 15 жашар Чолпондун тарыхы жазылган.

Катышуучуларга кейс менен таанышуу үчүн 20 мүнөт жана төмөндө жазылган суроолорго жооп берүү үчүн дагы 20 мүнөт убакыт берилет:

*Чолпон*

*2012-жылы Чалдыбардагы 15 жашар онунчу класстын окуучусу өзүнө өзү кол салууну чечкен. Бирок Майрам эже,Чолпондун чоң апасы, капыстан Чолпондун керебетинин астынан жип таап алган. Ошентип ал небересинин өзүнө өзү кол салуусун токтоткон.*

*Өзүнүн небереси менен сүйлөшкөндөн кийин Майрам эже табылган жиптин эмнеге арналгандыгын жана небересинин чыныгы ниетин түшүнгөн.*

*Майрам эже небересинин өзүнө өзү кол салуу менен жашоодон кетүү каалоосун билип шок абалда калган жана Чолпондун натыйжасыз жаман каталыгын токтотуу үчүн чараларды токтоосуз көрүүнү чечкен.Майрам эженин биринчи жасаган иши Чолпондун ата-энеси менен олуттуу маектешүүсү болду. Алардын жоопкерчиликсиз жашап жаткандыгын, өзүлөрүнүн кызы менен алек болбогондорун жана татыктуу көңүл бурбагандыктарын түшүнгөн. Алар эч качан Чолпондун мектептеги ийгиликтерине кызыгышкан эмес, үй тиричилигин жасоого мажбурлашчу жана аны үйдө жалгыз көп калтырышчу, Майрам эже башка кыштакта жашачу жана конокко көп келчү эмес. Чолпондун ата-энеси кызынын акыркы убактарда кайгылуу жүргөнүн жана көп сүйлөбөй калганын байкашчу, бирок буга көп маани беришчү эмес жана анын абалын жакшыртуу үчүн кандайдыр бир аракеттерди көрүшкөн эмес.Чолпон катуу апатияда жүргөнүн жана жашоодон көңүлү калганын айтканын классташтары билдиришкен. Мисалга, социалдык тармактардагы анын беттеринде “Менин жашоомдо бары жаман. Бир гана суроо бар; “Эмне үчүн жашап жүрөм?!”, “Жашагым келбейт” ж.б. деген сыяктуу статустар пайда болуп жүргөн. Аны менен бирге, мектеп мугалимдеринин айтуусунда, Чолпон досторунун арасында абройго ээ эмес эле жана сабактарына көп жетишчү эмес.Чолпон бир нече ирет өзүнүн жакындарынын жана тааныштарынын көңүлүн өзүнө бурдургусу келген, бирок жардам ала алган эмес. Анын натыйжасында социалдык тармактагы өзүнүн бетин жок кылып салган, бул кылганы классташтарын таң калтырган. Кийинчерээк Чолпон өзүнүн ниетин жалгыздык сезими, ата-энесинин карабагандыгы жана колдоонун жоктугу, мектептеги көйгөйлөрү менен түшүндүргөн.*

*Чолпон азыр реабилитациялык борбордо дарылануудан өтүп жатат жана өзүнүн ата-энеси менен психиатрга барып турат.Мектептин администрациясы суицидди токтотуу жана мектептин социализациясында Чолпонго мындан ары жардам берүү үчүн окуучулар менен профилактикалык иштерди өткөрдү.Эми Чолпондун ата-энеси жашоосун өзгөртүп, кызына көбүрөөк көңүл буруп калышты, бул Чолпондун абалына жакшы таасир берди. Чолпондун жаңы достору пайда болду жана ал коомдук жашоого аралашуусу жакшырды, жана аны курчап турган анын суицидге баруу оюнан чыгууга жардам беришти.*

*Чолпон 17 жашта жана ал өзүнүн өмүрүн кыюуга болгон андагы абалды жана ойун кайыруу менен эстейт. “Азыр мен 15 жашыма кайра барсам мындай аракеттерди жасоодон алыс болмокмун”, - дейт Чолпон. Ал окуусун ийгиликтүү аяктап, Бишкектин эң жакшы университеттерине тапшырды. Мунун баары ошондо ага кыйынчылыктарды өтүүгө жардам берген анын курдаштарынын жана ата-энесинин көмөгүнөн улам экендигин мойнуна алат. Азыр ал “Назик” реабилитациялык борбордо иштейт жана “татаал” өспүрүмдөргө психологиялык кеңеш берет.*

1. *Эгерде силер Чолпондун ордунда болсоңор эмне кылмаксыңар?*
2. *Силердин оюңарда Майрам эже Чолпондун ата-энесине жана мектебинин администрациясына билдиргени туура болдубу?*
3. *Силердин оюңарда Чолпон ата-энесинин жана классташтарынын жардамысыз өзүнө кол салуу сезимин жеңе алмак беле?*

### 3. Суицидди алдын алуу боюнча чаралар

**Өзүнүн досунун, класссташынын, таанышынын же тууганынын суицидге багытталган жүрүм-турумунун белгилерин байкаса, тең насаатчы кандай чараларды колдонушу мүмкүн:**
Суицидге барууга жакын болгон жаштар адатта жардамды түз издешпейт; бирок ата-энеси, мектеп администрациясы, же курдаштары анын жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөрдү байкоо менен аны сактап калуу үчүн аракеттерди жасашы мүмкүн.

**Адамды уккандан кийин анын өмүрүн сактап калсаң болот!**

Эгер силер өз өмүрүнө кол салууга бет алып калган кимдир-бирөөнү байкап калсаңар же ал адамда суицид белгилери бар экенине шек санасаңар, анда силер анын өмүрүн сактап кала аласыңар, жөн эле аны угуп койгула! Ооба, өз өмүрүнө кол салгысы келгендердин көбү эч кимге керек эмеспиз, эми башка жол жок, бизди ким ойлоп, күтмөк эле деп ойлошот.

Силер адамды угуп жатканда психологиялык деңгээлде ага болгон камкордугуңарды жана анын өмүрүнө көңүл кош эмес экендигиңерди билдиресиңер. Төмөндө мындай учурда эмне кылуу керек жана эмне кылбоо керектиги тууралуу жөнөкөй кеңештер келтирилет.
Суицидге багытталган жүрүм-турумдар байкалганда, тең насаатчы (топтун ар бир мүчөсү) төмөндө берилген алгачкы кадамдарды жасашы шарт:
- тынчтыкты сактоо;
- андан өзүнө кол салуу жөнүндө ойлонуп жаткандыгы тууралуу түз суроо;
- ал адамдын амандыгы тууралуу тынчсыздануу жана аны эч кандай талкууга албоо;
- аны аягына чейин угуу;
- ага абалдан чыгуу жолунун бар экендигин, жардам берилерин жана ал өзүн ар дайым эле ушундай сезбестигин айтып ишендирүү;
- аны сынга албоо, жемелебөө;
- аны дайым көзөмөлгө алуу, мындай абалда жалгыз калтырбоо;
- өмүргө зыян келтире турган каражаттарды алып таштоо, көздөн далда кылуу.

*Андан ары*
- Жардамга кайрылуу керек: силер таанышыңардын өзүнө кол салуу жасай турган аракетин жашырбастан, ал тууралуу анын ата-энесине, мугалимдерине же мектептеги психологго бул окуя жөнүндө (бирок өтө сак болуу менен жана бул адамга жардам берем деген ишенич менен) билдирүүңөр керек.
- Ата-энелер мектептеги же коомдук психологиялык борборлорго мүмкүн болушунча тез кайрылышы керек.

Андан кийин силер ал адамды өзүңөрдүн сабактарга катыштыруу аркылуу ага өзүнүн топко керек экенин сезүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен аны социалдык турмушка тартууга болгон бардык мүмкүнчүлүгүңөрдү жумшооңор керек. Силер тобуңардагы милдеттенмелерди бөлүштүрүүдө ага кызыктуу болгон белгилүү бир милдеттенмени берсеңер болот. Бирок эч убакта бул маалыматты силердин топтун мүчөсү болбогон башка балдарга айтпагыла. Ошондой эле мектеп администрациясынын жана мектеп психологунун өз милдеттенмелерин аткаруусун көзөмөлдөп туруу зарыл. Аны менен өзүнө кол салууга багыттаган абалынан толук чыгып, кадимки турмушка аралашуусуна чейин болуу шарт.

**Эмнелерди кылбоо керек:**
- жабыркаган адамдын көйгөйлөрүн өзүңөрчө чечүүгө аракет кылбагыла, эч кандай кеңешти бербегиле;

- анын сезими туура эмес жана ал маанисиз (мисалы, бир болбогон нерсе деп айтуу) экенин айтпагыла;
- өзүңөрдүн көйгөйлөрдү айтпагыла (мындай кадам пессимисттик маанайды күчөтүп жибериши мүмкүн);

Эгер өзүн өзү өлтүрүү аракети болсо, мектепте иштегендерге, мугалим, мектеп психологу жана соцпедагогту тезинен маалымдоо керек.

Мектептерде мектепте иштегендерди, айрыкча мугалимдерди, ошондой эле окуучуларды жана алардын ата-энелерин мектептеги өзүнө кол салуу аракеттери болгону жөнүндө маалымат берүүгө карата атайын нускамалар болушу шарт. Бул чаралар өзүнө кол салуу аракеттерин, т.а. “жугуштуу кеселди” алдын алууга багытталган.

Башка эле бир өспүрүм эркек баланын, ал тургай кыздын дагы өз өмүрүнө кол салуусу дагы анын жүрүм-турумун өзгөртүп алар барган кадамды кайталоого баш байлашы мүмкүн.

Мектеп окуучулары, кызматчылары жана ата-энелер калган окуучулардын сак болушу үчүн өзүн өзү өлтүрүү жана мындай кадамга барууга болгон аракеттер тууралуу адилетүү жана объективдүү кабарланып турушу керек.

Суицид белгилери жана аны алдын алуу чаралары менен таанышкандан кийин, силер тең насаатчы, классташ же дос катары адамдын өз өмүрүнө кол салуусун алдын алсаңар болот. Көп нерселер ата-энелерден жана мектеп администрациясынан көз каранды, бирок силердин жогоруда айтылган алгачкы иш-аракеттериңер силерге жакын адамдын бүтүндөй өмүрүн сактап калууга жардам берет.

### 4. Корутунду

Албетте, адамдын жашоодон өз ыктыяры менен кечип кетиши, анын кайталангыс трагедиясы. Суицидге баргандардын арасында көпчүлүгү өзүн карабай таштап койгондор, ичкиликке берилип кеткендер жана баңгилер, психикалык жактан оорулар болгонуна карабастан, биринчи кезекте арабыздан акыл-парасаты, ар-намысы бийик адамдар да кетип жатпайбы. Адамды акыркы кадамга баруусун алдын алып калууга болобу? Болот. Адамдардын жашоосун өзгөртүшүбүз керек. Ар бир адам үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр тууралуу сөздү кечке эле айта бербей аны камсыздаган реалдуу шарттарга өтүшүбүз керек. Адам өзүн өз өлкөсүндө, өз көчөсүндө, өз үйүндө корголгонун сезе билиши керек. Адамдар аларды кимдир бирөө коргоого аларын же алганынан ишенишпейт. Өзүнө кол салуу – адамдар ажырымынын тамырлап бараткан көрүнүшүнүн күбөсү. Адамдын дүйнө менен болгон байланышы начарлай баштаганда, бирөө анын ордун толтурууну ичкиликтен издей баштайт, экинчиси баңгизатынан, ал эми үчүнчүсү ал бул жашоого такыр керегим жок деп кыжаалат ойго түшүп, кыйналып-кысыла баштайт. Кандай болгон күндө да калк турмушу кайнаган бул жашоодон өзүн жалгыз сезгендер арабыздан айтпай кетип калып жатпайбы. Курч мүнөздөгү адеп-ахлактык каатчылыкты баштан өткөргөндөн кийин, алар курчаган чөйрөнүн көңүл буруусуна абдан муктаж болуп калышат.

## Пост-тест:

1. “Суицид жана аны алдын алуу” сессиясынан кандай маанилүү сабактарды алдыңар?

2. Силердин топ мектебиңер коопсуз жана тынч болуусу үчүн муну кантип колдонушу мүмкүн?

3. Суициддин кандай түрлөрүн санай аласыңар жана алардын айырмасы:

4. Силер жана мектебиңердин администрациясы суицид актысын алдын алуу боюнча иш-аракеттерди көрө алабы?

☐ Ооба ☐ Жок

5. Суицид актысын алдын алуу боюнча бир нече чараларды келтиргиле:

- 
- 
- 

6. Суициддин кандай белгилерин айталасыңар?

- 
- 
- 

7. Суицидти алдын алуу боюнча кандайдыр бир иш-аракетти көрдүңөр беле?

☐ Ооба ☐ Жок

Эгер ооба болсо, кандай?

8. Силердин мектептеги суицидди алдын алуу боюнча алгачкы иш-аракеттериңер:

Bibliography:
http://centercep.ru/stati/8-klinicheskaya-psihologiya-i-psihoterapiya/132-suicid-o-merah-profilaktiki-suicida-sredi-detey-i-podrostkov.html

## Мады айылынын Курманжан датка орто мектебинин тең насаатчысынын ийгилиги

Ош областындагы Кара-Суу районуна караштуу Мады айылынын Курманжан датка орто мектебинин тең насаатчысынын ийгилигинин тарыхы.

«Өз мектебиңде бейпилдикти жана коопсуздукту бардык кыздар жана балдар үчүн сен жасай аласың жана жасашың керек!» Бул принцип Ош областындагы Кара-Суу районундагы Мады айылынын Курманжан датка орто мектебинин тең насаатчылары тарабынан сакталат.

Бул мектептин тең насаатчылары өз курбуларын гендердик теңчилик маселелеринде, адам укуктарында, дүйнөнү курууда, келишпестиктерде жана өз коомунда оң социалдык алмашуулар үчүн эдвокасинин куралдарын колдонууга үйрөтөт жана алып жүрүүчүлөрдөн болуп саналат. Ошондой эле өз курбуларына өз мектебин, айылын, шаарын, коомун кантип элестетүүсүнө мүмкүндүк берет. Өз күчтөрүн, билим, билгичтик, көндүмдөрүн өз заманында дүйнөнү алга жылдырууга жана толеранттулукка берүүгө даяр.

Келдибек кызы Кичиайым 9-класстын окуучусу. Өз курбуларынын гендердик теңчилик чөйрөсүндө кызыкчылыктарын бир түрдөн экинчи түргө өзгөртүүгө жетишти. Социалдык педагог менен биргелешип иш планын түздү. Жолугушуулар графигин, өз тобу менен ийгиликти сактап калуу маанилүүлүгүнө көңүл бөлдү. Анын планын ийгилик көрсөткүчү-маалымат кампаниясынын ала качууга каршы иш-чарасы жумалык мектептин планына киргизилгендигинде болду. Бул процессте эң маанилүүсү – жаш балдар кыз ала качууну түп тамырынан жок кылууга демилге көтөрүштү жана алга бир кадам таштагандыгы болду.

«Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосу өлкөнүн көпчүлүк окуучуларына, жаштарды окутууга, келишпестиктерди чечүүдө жана анализдөө процессинде кыздар жана балдардын тең укукта катышуусун алга жылдырууга карата чыгарылган.

## Бишкек шаарынын № 69 мектебинин тең насаатчысынын ийгилиги

Менин атым Махабат Айдарова. Бишкек шаарынын № 69 мектебинин 9-классынын бүтүрүүчүсүмүн. 2014-жылдын сентябрь айынан баштап, мен Кыргызстандагы «ООН-Женщины» структурасынын «Кыз-келиндердин мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү жана гендердик теңчиликти орнотуу» долбоорунун тең насаатчысымын. Эн мыкты кандидат катары мектептен шайландым. Интервьюда өз апам жөнүндө баяндадым. Менин эң алгачкы максатым - бул энелерге жардам берүү. Сентябрь айынын аягында тең насаатчылар тренинге катышты. Бул долбоордун башында катышуучулардын өз күчүнө ишеними аз болду, топ адамдардын алдында сүйлөй албай койдук. Башында биз тренингдерди өзүбүздүн классташтарыбызга өттүк. Акырындык менен өз күчүбүзгө ишеним пайда болду. Мектептин администрациясынын колдоосу менен алыскы аймактардан келген завучтарга тренинг өткөздүк. Аларга биздин тренингке, «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» аттуу колдонмобузга жана алардын мектебинде дагы бул долбоордун болушуна кызыгышты.

2015-жылдын январь айында биздин мектеп администрациясы бир нече тренингтерди биздин мектеп окуучуларына өткөзүшүн талап кылышты. Темалары: «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук», «Жашы жете электер менен нике кыюу» жана «Репродуктивдүү ден соолук». Ошондой эле биздин мектеп окуучуларынын ата-энелери үчүн «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук» аттуу деликаттык темасында презентация өткөздүк. Бул долбоорго катышканым үчүн өзүмө ишенич пайда болду, жаңы билим тажрыйба жана топ адамдардын алдында кенен сүйлөгөндү үйрөндүм.

Бул долбоордон өз күчүмө ишенип, бирөөнү күтпөй аракет кылуу керектигин билдим. Эгерде менин апам өзү үчүн татаал чечим кабыл албаганда бул иштин баары ишке ашмак эмес. Үй-бүлөдөгү зордук- зомбулуктун себебинен, Бишкекке көчүүгө мажбур болдук. Көп эле үй-бүлөдө «чыдасаң бүлө бол» деген үмүт менен жашашат. Бирок менин апам менин жана синдимдин келечегин ойлоп, ушул кадамга барды. Башында Бишкекте татаал күндөрдү өткөздүк.

Апам экөөбүз үчүн ошол убакытта чечилгис көптөгөн суроолор болгон: «Эми эмне кылабыз?» жана «Жашоодогу кыйынчылыкка кантип туруштук бериш керек?». Ошол кезде бизге көптөгөн жакшы адамдар кездешти жана колдоо көрсөтүштү. Мен апам менен сыймыктанам жана ага абдан ыраазымын. Апамдын мага болгон башкы насааты «Артты карабай, алдыга кадам жаса!».

Сөзүмдүн аягында, Аялдар- ааламда зор күч. Анын күчтүүлүгү ушунда – дүйнөнү өзүнүн назиктиги, эмгекчилдиги, мээрими, кайраттуулугу менен асылдандырып турат. Аял, эне жок жерди элестетүү мүмкүн эмес. Ар бир үй эненин кеңешине, акылына муктаж демекчимин.

## БУУнун башкы секретары Пан Ги Мун жана анын жубайы Пан айым менен теӊ насаатчыларыбыздын жолугуушусу

Биздин долбоор республиканын алтымышка жакын мектебинде жүрүп жатат. Биздин теӊ насаатчыларыбыз ар кандай акцияларды өткөзүп жана ар кандай иш-чараларга катышат. Мисалы, эӊ мыкты жана активдүү теӊ насаатчыларыбыз өлкөбүздүн бардык аймактарынан Ош шаарына келип, БУУнун башкы секретары Пан Ги Мун жана анын жубайы Пан айым менен жолуга алышты. БУУнун башкы секретары Пан Ги Мун Германия жана Орто Азияга болгон сапарынын алкагында Кыргызстанда 10-июнда болду. Ош шаарында «Эненин көз жашы» аттуу мемориалдык эстеликке гүл койду. Ошондон соӊ, картеж экиге бөлүнүп, Пан айым «Сулайман тоо» тарыхый-комплексинде болду.

«Сулайман тоонун» комплексинин экскурсиясынын сонунда теӊ насаатчылар өз өнөрүн көрсөтө алышты. Теӊ насаатчылар улуттук бий «Кара жоргону», форум театр «Ала качууну» көрсөттү. «Манас» эпосунан үзүндүнү айтып беришти.

Ош шаарынын Кара-Суу районунун теӊ насаатчысы Аймээрим 11-класстын окуучусуна таасир калтырды. Пан айымды коштоп жүргөн Кыргыз Республикасынын Билим берүү министири Элвира Сариева болгондугун белгиледи. Пан айымдын сапарынын программасынын алкагында биздин теӊ насаатчыларыбыздын иш-чарасы орун алган эмес. Бирок «Кара-жорго» бийи, форум театрынын койгон «Ала качуусу» жана «Манас» эпосунун үзүндүсүн айтып бергенден кийин, бул Пан айым үчүн күтүлбөгөн жагымдуу белек болгонун белгилеп кетти. Билим берүү министири дагы теӊ насаатчылардын талантын белгилеп, ыраазычылыгын билдирди.





05

# Аксакалдар соту


Аксакалдар соту түшүнүгү жана алардын ыйгарым укуктары 150

Сот процессин сахналаштыруу 158

# Киришүү

«Кыргыз Республикасында жарандар аксакалдар сотторун уюштурууга укуктуу. Аксакалдар сотторун уюштуруу тартиби, алардын ыйгарым укуктары жана ишмердиги мыйзам менен аныкталат».

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренеси

**Бөлүмдүн максаты:** Кыргыз Республикасындагы аксакалдар соттору жөнүндө мыйзам боюнча негизги билимдерди алууда, аталган институт менен тыгыз кызматташууну белгилөөдө жана тиричилик көйгөйлөрүн чечүүдө аны алгачкы курал катары пайдаланууда турат.

Маңызы боюнча аксакалдар соттору элдик акыйкатчы катары, өзгөчө дасыккан юристтери жок, калктын укуктук маалыматты алууга мүмкүнчүлүгү болбогон айылдарда болот. Ушуга байланыштуу айыл жергесиндеги талаш кырдаалдар чоң чатакка айланып, ага жакындары кошо аралашып, өз учурунда чечилбей, келишпес душмандыкка айлануучу көрүнүшкө кириптер кылышы мүмкүн. Ошондуктан бул этапта өзгөчө айыл жеринде бардык чырлуу кырдаалдарды ишендирүү, коомдук таасир, тараптардын ымаласына жетишүү жана адилет, республика мыйзамдарына жана башка ченемдик актыларга каршы келбеген чечимдерди чыгаруу жолу менен чечүү үчүн аксакалдар сотунун бейформал ишин уюштуруу абдан маанилүү.

Бул бөлүм жергиликтүү деңгээлде аксакалдар соту институту жана алардын мыйзамга ылайык ыйгарым укуктары менен, ошондой эле катышуучулардын бул институтка карата мамилесин чыр-чатактарды чечүү ыкмаларынын бири катары калыптандыруу үчүн тааныштырууга арналган.

## Пре-тест:

1. Аксакалдар соту деген эмне?

2. Силер жамаатыңардагы аксакалдар сотунун иш-чаралар жөнүндө уктуңар беле?

☐ Ооба ☐ Жок

3. Ким аксакалдар сотунун мүчөсү боло алат?

4. Аялдар аксакалдар сотуна мүчө боло алабы?

☐ Ооба ☐ Жок

5. Аксакалдар соту кандай иштерди карарын билесиңерби?

6. Аксакалдар сотунун жол-жобосу адилеттүү болот деп эсептейсиңерби?

- Ооба (эмнеге?)
- Жок (эмнеге?)



# 01

# Аксакалдар соту түшүнүгү жана алардын ыйгарым укуктары

# 1-сессия: Аксакалдар соту түшүнүгү жана алардын ыйгарым укуктары

**Сессиянын максаты:** Аксакалдар сотунун катышуучусуна бул институт тарабынан негизги милдеттерди, функцияларды жана иштерди (материалдарды) кароо тартибин жана аксакалдар сотуна катышуучуларга мамилени, чыр-чатактарды чечүү ыкмаларынын бири катары түшүндүрүү.

**Күтүлгөн натыйжалар::**

Бул сессияны өткөрүүнүн натыйжасында катышуучулар төмөнкүлөрдү билишет:
- аксакалдар соту деген эмне?
- аксакалдар сотунун негизги функцияларын жана милдеттерин;
- аксакалдар соту тарабынан иштерди (материалдарды) кароо тартибин.

Ошондой эле сессиянын жыйынтыгында катышуучулар төмөнкүлөрдү үйрөнөт:
- аксакалдар соту тарабынан каралуучу иштердин категориясын аныктоону;
- кайрылууга мүмкүн болгон аксакалдар сотунун жана анын мүчөлөрүнүн дарегин табууну.

Сессиянын жыйынтыгында катышуучулардын төмөнкүлөргө болгон мамилелери өзгөрөт, алар:

• аксакалдар сотуна мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоочу, жарандык иштерди караган карама-каршылык болгон жерге тартылып, өз коомунда укук бузууларды алдын алуучу институт катары мамиле кылууга;

• мыйзамга, морал жана адеп нормаларына, тарыхый жол менен калыптанган каада-салттарга урматтоо менен мамиле кылууга үйрөнөт.

**Убактысы:** 2 саат 5 мүн.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Өткөрүү ыкмалар | Материалдар | Убактысы |
|---|---|---|---|---|
| | Пре-тест | | | 5 мүн. |
| *1* | Аксакалдар соту түшүнүгү | Акыл чабыты | Флипчарт, скотч, маркерлер, А4 кагаз, стикерлер | 10 мүн. |
| 2 | Аксакалдар сотунун негизги милдеттери жана функциялары | Чакан лекция | | 10 мүн. |
| 3 | Аксакалдар соту тарабынан каралуучу иштер (материалдар)./ Аксакалдар сотторунда иштi (материалдарды) кароо тартиби | Роль аткаруу оюну, имитациялоо | | 45 мүн. |
| 4 | Аксакалдар сотторунда иштерди жана соттук териштирүүлөрдү кароого жана изидөөгө талап болгон убакыт | Чакан лекция | | 30 мүн. |
| 5 | Жыйынтык чыгаруу. Алынган маалыматты бышыктоо. | Талкуу. Ачык суроолор | | 25 мүн. |

## 1. Аксакалдар соту түшүнүгү

Фасилитатор катышуучулардан “Акыл чабыты” ыкмасынын жардамы менен “Аксакалдар соттору” аныктамасы менен алар “Аксакалдар соту” деген аныктаманы укканда эмнени түшүнөрүн жана бул сөз айкашын укканда кандай ассоциация пайда болорун сурайт. Андан кийин катышуучулар катары өз пикирлерин айтат, андан соң фасилитатор бардык сөздөрдү жалпылап, аксакалдар сотунун өздүк аныктамасын флипчартта белгилөө менен берет.

### Аксакалдар соттору түшүнүгү

**Аксакалдар соттору** - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

Аксакалдар соттору  Кыргызстан үчүн уникалдуу көрүнүш болуп эсептелет. Аксакалдар соту башка өлкөлөрдө жашаган учурда анын уникалдуулугу ал өзүнө аялдарды эле эмес, жаштарды да камтыганында болуп эсептелет. Андан тышкары, алар укуктук системада расмий түрдө бекитилген. Алардын ролу жазык мыйзамдары менен жөнгө салынуучу талаш-тартыштарды эмес, жарандык мыйзамдар менен жөнгө салынган иштерди кароодо так аныкталган. Алардын негизги максаты болуп, жергиликтүү коомчулуктун деңгээлинде майда барат маселелерди ийкем чечүүдө жана коомдогу карама-каршылыктар менен пикир келишпестиктерди алдын алуу. Алар өзгөчө үй-бүлө маселелери боюнча келип чыккан чыр-чатактардын алдын алууга багытталган. Алар кыз ала качуунун жана үй-бүлөдөгү зомбулуктун алдын алат, бирок ала качуу менен үй-бүлөдөгү зомбулук кесепети оорлоп кеткен учурда сот системасын алмаштыра албайт.

### Аксакалдар соту жөнүндө мыйзамдан үзүндү

**Аксакалдар соттору** - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди ушул Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

**Аксакалдар соттору** - жарандардын, жергиликтүү кеңештердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка өкүлчүлүктүү органынын чогулушунун чечими боюнча айылдардын, шаарчалардын, шаарлардын аймагында аксакалдардан, урматтуу жана кадыр-барктуу эркектер жана аялдардан уюштурулушу мүмкүн.

**Аксакалдар соттору** - юридикалык жак болуп эсептелбейт жана юстиция органдарында катталууга алынбайт. Аксакалдар сотторунун аталышы жазылган мөөрү жана штамптары болот.

### Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизи

Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары түзөт.

Аксакалдар соттору, ошондой эле өзүнүн ишинде өздөрүнүн абийирин, жеке ынанымдарын, Кыргызстандын элдеринин үрп-адаттарынан жана салт-санаасынан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ченемдерин жетекчиликке алышат.

**2. Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери**

**Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери:**

- жарандардын бузулган же талаш-тартышка түшкөн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтүү жана айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын аймагында укук бузуулардын алдын алуу;
- жарандарды мыйзамды, үрп-адаттардан жана салттардан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун ченемдерин урматтоого тарбиялоо болуп саналат.

Аксакалдар соттору ынандыруу жана коомдук таасир көрсөтүү, тараптардын жарашуусуна жетишүү жана республиканын мыйзамдары менен башка ченемдик актыларына каршы келбеген, акыйкат чечим чыгаруу жолу менен иштейт.

**Аксакалдар сотторунун функциялары**

Аксакалдар соттору төмөнкүлөрдү карайт жана чечет:

- жарандык-процесстик мыйзамдарда каралган тартипте жарандык иштер боюнча жергиликтүү соттор тарабынан жөнөтүлгөн;
- жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык коомдук таасир көрсөтүү чараларын колдонуу үчүн соттор, прокурорлор, прокурордун санкциясы менен тергөө жана алгачкы тергөө органдары тарабынан жөнөтүлгөн кыскартылган жазык иштери боюнча материалдарды.

Аксакалдар соттору тарабынан, ошондой эле тараптарды жана ушул Мыйзамда каралган башка иштерди жараштырууга жетишүү максатында мүлктүк жана үй-бүлөдөгү талаш-тартыштарды чечүү үчүн жарандардын өздөрүнүн арызы боюнча (тараптардын макулдугу менен) иштер каралышы мүмкүн.

Аксакалдар соттору мурда эле сот чечими чыгарылган, административдик жаза чаралар көрүлгөн же өзүнүн компетенциясынын чегинде аксакалдар сотунун чечими чыккан материалдарды карай албайт.

**Аксакалдар соту менен кантип байланыш түзсө болот?**

Аксакалдар соттору Бишкектин ар бир районунда жана кичирайонунда иштейт. Алар ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка шаарларда да бар. Кошумча маалымат алуу үчүн жергилитктүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылып, аксакалдар мүчөлөрүнүн тизмесин сурагыла.

**3. Аксакалдар соту тарабынан каралуучу иштер (материалдар)/ Аксакалдар сотторунда ишти (материалдарды) кароо тартиби**

Аксакалдар соттору төмөнкү иштерди (материалдарды) карай алат:

а) жарандардын мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштары жөнүндө:
- мүлктүк карыздарды төлөтүп алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайра суратып алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайтарып алуу боюнча;
- сактоого коюлган мүлктү кайтарып алуу боюнча;
- ижаралык төлөөнү өндүрүп алуу боюнча;
- зыян келтирилген мүлктүн ордун толтуруу боюнча;
- жубайлардын жалпы орток мүлкүн бөлүштүрүү боюнча;
- улуттук нике мамилелери жана нике-үй-бүлө мамилелери менен байланышкан каада-салттар боюнча;

б) ата-энелердин, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн балдарды багуу жана тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

в) бойго жеткен балдардын эмгекке жарамсыз ата-энелерин же аларды белгиленген тартипте тарбиялаган жана баккан адамдарды багуу боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

г) эмгек келишими боюнча аткарылган иш үчүн акы төлөө жөнүндө;

д) жер участокторун пайдалануучулардын ортосундагы сугат боюнча талаштар.

**Аксакалдар соттору жазык ишине байланыштуу маселелерди карай албайт.**

Алар кыз ала качууну алдын ала алат, ошентсе да алар укук бузулгандан кийинки ишти карай албайт, анткени бул учурда күнөөлүү адамдар менен укук коргоо органдары жана сот адилеттиги органдары КР мыйзамдарына ылайык иш жүргүзөт.

Аксакалдар соттору жубайлардын ортосундагы дайым болуп келген мүлк талашууларды карай алат. Бирок эгер аялы күйөөсүнөн токмок жесе, ишти аксакалдар соту эмес, укук коргоо органдары жана сот адилеттигин ишке ашыруу сектору карайт. Тиешелүү аксакалдар соту бир күчкө салып нике кыйдыруу мамилелерине карата кийлигишип, ал кандай болгону тууралуу дагы унчукпай калбастан, өз ойлорун айтып, калыстык кылууга тийиш!

**Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароосунун убактысы жана орду**

Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароо убактысы соттун төрагасы тарабынан аныкталат. Аксакалдар сотунда катышуусу зарыл болгон адамдарды отурумга чакыруу соттун төрагасы тарабынан милициянын бөлүктүк инспектору аркылуу жүргүзүлөт. Бул адамдарды кабарлоо өз учурунда, бирок кеминде үч күн мурда жүргүзүлөт.

Эгерде аксакалдар соттору ишти кароонун башка ордун аныктабаса, аксакалдар соттору ишти (материалдарды), жергиликтүү айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңештер бөлүп берген жайларда карайт.

Аксакалдар соту төмөнкүдөй учурларда:

- эгерде Аксакалдар сотунун карамагындагы аймакта укук бузуулар болсо;
- эгерде жоопкер Аксакалдар сотунун карамагындагы аймакта жашап, ал эми арыз берүүчүлөр башка аймакта жашаган болсо, арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча;
- эгерде укук бузуучу, болбосо жабырлануучу, жабырлануучу болбосо жоопкер Аксакалдар сотунун карамагындагы аймакта жашаса, башка аксакалдар сотторунун өтүнүчү боюнча ишти (материалдарды) карайт.

**Аксакалдар сотторунун ишти (материалдарды) кароонун негизи**

Аксакалдар сотторунун ишти (материалдарды) кароо үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп эсептелет:

а) тийиштүү айыл өкмөтүнүн, райондук (шаардык) кеңештердин сунушу;

б) административдик жаза берүү укугуна ээ мамлекеттик органдын же анын кызмат адамынын берген иши;

в) териштирүү жана тергөө, ошондой эле соттун белгиленген тартипте берген иши;

г) жарандардын арызы;

д) башка аксакалдар сотторунун арыздары.

**Ишти (материалдарды) кароого даярдоо боюнча аксакалдар сотунун иш-аракети**

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) кароо менен байланыштуу арыздарды жана башка материалдарды текшерүүнү жүргүзөт. Текшерүүнү соттун төрагасы, ошондой эле анын тапшыруусу боюнча соттун мүчөсү жүргүзө алат.

Зарыл болгондо аксакалдар сотуна тартылган адам, жабырлануучу, күбөлөр сурак беришет же алардан түшүнүк алышат.

Анын жыйынтыктары боюнча, текшерүү жүргүзгөн адам корутунду жазат, анда иштин нукура жагдайы, жасалган жоруктун себептери, аксакалдар сотуна тартылган адам жөнүндөгү маалыматтар көрсөтүлөт.

**Талаш-тартыштын катышуучуларын колдо болгон материалдар менен тааныштыруу**

Аксакалдар соту аксакалдар сотуна тартылган адамды, ошондой эле жабырлануучуну жана талаш-тартыштын башка катышуучуларын колдо болгон материалдар менен тааныштырууга милдеттүү.

Сотко тартылгандар, анын катышуучулары кошумча материалдарды суратып алуу жөнүндө расмий өтүнүч менен сотко кайрылууга укуктуу.

**Соттун жыйналышын ачуу**

Ишти (материалдарды) кароо үчүн белгиленген убакытта төрага, болбосо анын тапшыруусу боюнча аксакалдар сотунун бир мүчөсү аксакалдар сотунун жыйналышын ачат жана кайсы иштер (материалдар) карала тургандыгын жарыялайт.

**Процесске катышуучу адамдардын келүүсүн текшерүү жана алардын укуктарын түшүндүрүү**

Төрагалык кылуучу жыйналыш ачылгандан кийин сотко чакырылган адамдардын келгендигин тактайт, сотко тартылганга, жабырлануучуга жана процесстин башка катышуучуларына алардын укуктары жөнүндө түшүндүрөт, ошондон кийин адамдардан соттун курамынан баш тартуу же расмий өтүнүчтөрү бар же жок экендигин, ал эми мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча тараптардын алардын ишин аксакалдар сотунда кароосуна макулдугун тактайт.

Процесске катышып жаткан адамдар далилдерди текшерүүгө катышууга жана расмий өтүнүч билдирүүгө, анын ичинде кошумча материалдарды суратып алууга укуктуу.

**Олуттуулугу боюнча ишти кароо**

Баш тартуу жана расмий өтүнүү жөнүндө маселе чечилгенден кийин төрагалык кылуучу сотко тартылган адамдын жоругунун же укук бузуусунун олуттуулугун, ошондой эле жүргүзүлгөн текшерүүнүн, ал эми жарандардын арыздары боюнча талаш-тартыштын жүйөсү жана маңызы боюнча натыйжасын баяндайт.

Сот андан кийин сотко тартылгандын, жабырлануучунун, жоопкердин, күбөлөрдүн жана башка процесске катышуучулардын түшүндүрмөлөрүн угат жана иш боюнча зарыл материалдардын бардыгын карайт.

Процесске катышуучулар тарабынан толуктоолор жок болсо, төрагалык кылуучу «ишти кароо аяктады» деп жарыялайт жана сот чечим чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө кетет.

Кандайдыр бир кошумча маалымдоолорду же маалыматтарды алуу зарыл болуп калган учурда сот жоруктун же укук бузуунун жарандардын арызынын олуттуулугу боюнча чечим чыгарбастан туруп, кийинкиге калтырууга же аны башка мөөнөткө которууга укуктуу.

Аксакалдар сотторунда ишти териштирүү акысыз жүргүзүлөт.

**Аксакалдар сотунун жыйынынын соттук протоколу**

Иш каралып жаткан учурда аксакалдар сотунун мүчөсү протокол жүргүзөт.

Аксакалдар сотунун протоколунда соттун курамы жөнүндө маалымдоолор, иштин мүнөзү, аны кароонун убактысы жана орду, ишти кароодо аксакалдар сотунун жыйынына катышкан адамдар жөнүндө маалыматтар, алардын арызы жана кыскача сөзү (түшүндүрмөсү, расмий өтүнүчү) жана кабыл алынган чечим камтылууга тийиш.

Аксакалдар сотунун жыйынынын протоколуна төрагалык кылуучунун жана катчынын колу коюлат.

**Роль аткаруу оюну, имитациялоо**

**Максаты:** Катышуучулардын аксакалдар сотунун ролунда ишти кароо тартибине көндүмдөрдү өздөштүрүүсү.

**Оюндун жүрүшү:**

Фасилитатор катышуучуларды үч топко бөлөт. Ар бир топ белгиленген төмөнкү материалдыарды карайт, мисалы, мүлктү талашуу боюнча ишти, анда доогер - мурдагы аялы, ал эми жоопкер – мурдагы күйөөсү. Топторго даярдануу үчүн 15 мүнөт жана тааныштыруу үчүн 10 мүнөт берет.

**4. Аксакалдар сотторунда иштерди жана соттук териштирүүлөрдү кароого жана изилдөөгө талап болгон убакыт**

**Аксакалдар сотторунда иштерди (материалдарды) кароо мөөнөттөрү**

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) ал сотко келип түшкөн учурдан тартып 15 күндүк мөөнөттө карайт. Зарыл болгон учурларда (материалдарды) иштерди кароонун мөөнөтү материалдарды суратып алуу, болбосо сотко катышуучулардын кошумча маалыматтарды берүүсүнүн мөөнөтүнө узартылышы мүмкүн, бирок ал 15 күндөн ашпайт.

Эгерде бир ай бою кворум болбой калган учурларда аксакалдар сотторунун башка чечими кабыл алынбаса, аксакалдар сотторуна тийиштүү мамлекеттик органдар же алардын кызмат адамдары тарабынан өткөрүлүп берилген иштери (материалдары), ошондой эле жарандардан түшкөн арыздарды алар кайра суратып ала алышат.

**5. Жыйынтык чыгаруу. Алынган маалыматты бышыктоо.**

Фасилитатор ачык суроолор ыкмасы менен корутундулайт:

1. «Аксакалдар соту» деген эмне?
2. Аксакалдар соту кандай функцияларга ээ?
3. Аксакалдар сотунун негизги милдеттери?
4. Аксакалдар соту кандай иштерди (материалдарды) карайт?
5. Кандай деп ойлойсуңар, аксакалдар соту чыр-чатактарды чечүүнүн натыйжалуу ыкмаларынын бири боло алабы?

**Үй тапшырмасы**

Тең насаатчыларга соттордун биринен интервью алуу же бул баптын (главанын) экинчи сессиясы башталганча аксакалдар сотунун соттук жыйынына катышуу тапшырмасы берилет.

Көптөгөн айыл өкмөттөрүндө же шаарларда аксакалдар соттору бар. Иликтөөнүн жыйынтыктары алардын кээ бирлери жакшы иштейт, калгандары өз милдеттенмелерин тиешелүү деңгээлде аткарбайт, ал эми үчүнчүлөрү формалдуу гана иштеп, ишти деле карашпайт.

Силердин айыл өкмөттө же шаарда аксакалдар соту бар экенин билгиле. Андан кийин соттордун биринен интервью алып же сот жыйынына катышкыла.

Биринчиден, айыл өкмөтүнө барып, соттордун инсандыгы жана аксакалдар сотунун байланыштары тууралуу маалымат алгыла. Андан кийин соттордун бири менен байланышып, жакынкы күндөрдө же жумалардагы сот жыйындары болорун сурагыла. Анткени аксакалдар соту дайыма жыйын уюштуруп турбайт, ошондуктан жакынкы убакта жыйынына катыша албайсыңар. Альтернативалуу вариант катары сот менен интервьюну пландап, ага баргыла, же аны мектебиңерге чакыргыла. Анткени аксакалдар соту коомдук функцияны аткарат, алар Силер менен жолугууга кызыкдар болушу керек. Эгер алар каалабаса, класс жетекчиңерден же директордон алар менен байланышып, жолугушуу өткөрүү жөнүндө сүйлөшүп берүүсүн өтүнгүлө.

Аксакалдар сотунун өкүлдөрүнөн интервью алуу үчүн болжолдуу суроолор:

- Соттордун курагы канчада?
- Сот кызматына дайындалган эркектер жана аялдар барбы?
- Аксакалдар сотуна сотторду кантип дайындайт жана алардын кызмат мөөнөтү кандай?
- Эгер силер көп улуттуу айыл өкмөтүндө же шаарда жашасаңар, аксакалдар сотуна башка улуттун өкүлдөрү киргенби?
- Аксакалдар соту кандай иштерди карайт?
- Эки тарап тең өкүмгө канааттанган учурлардын канчасы катталган жана бир тарап формалдуу сот системасынан чыгымынын ордун толтурууну талап кылган учурлар барбы?
- Аксакалдар соту кыз ала качууга, үй зомбулугуна жана башка жазык иштерине байланышкан иштерди карайбы? Өзүңөргө белгилүү болгондой, аксакалдар соту формалдуу сот системасы кароого тийиш болгон жазык иштерин карай албайт.
- Аксакалдар соту коомдогу тынчтыкты сакктоо үчүн канчалык натыйжалуу?

Мындан тышкары башка суроолорду да берсеңер болот, бирок аны соттордон интервью ала турган курдаштарыңыр менен бирге алдын ала даярдап алгыла.

Суроолор, жооптор жана байкоолорду документтештиргениңерди жана топтогу курдаштар менен аны талкуулаганыңарды тастыктап алгыла.

Аксакалдар сотунун сотунан интервью алуу же биринчи сессия бүткөндөн кийин бир нече күндүн ичинде сот жыйынын байкоо, силерге бул бөлүмдүн экинчи сессиясына даярданууга жардам берет. Силер анда аксакалдар соту тарабынан өтүүчү сот процессин сахналаштырасыңар.



# 02

# Сот процессин сахналаштыруу

**Сессиянын максаты:** Сот процессин ойноп, сахналаштыруу аркылуу өтүлгөн материалдарды кайталоо жана бышыктоо.

**Убактысы:** 2 саат 5 мүн.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Ыкмалар | Убактысы | Материалдар |
|---|---|---|---|---|
| | Өтүлгөн материалды кайталоо | Арт жакты көрсөткөн күзгү, ачык жана жабык суроолор | 10 мүн. | Флипчарт, скотч, маркерлер, А4 кагаз, стикерлер |
| | Аксакалдар сотундагы сот процессин ойноп сахналаштыруу | Роль аткаруу, тууроо, стоп-кадр, талкуу, суроо-жооп | 1 саат 30 мүн. | |
| | Жыйынтык чыгаруу. Алынган маалыматты бышыктоо. | Сурамжылоо | 20 мүн. | |
| | Пост-тест | | 5 мүн. | |

### 1. Өтүлгөн материалдарды кайталоо

**«Карусель» көнүгүүсү**

**Көнүгүүнүн жүрүшү:**
Фасилитатор топту "эсеп" принциби боюнча, "биринчиге жана экинчиге" бөлүштүрөт. "Биринчи" номерлер ички, ал эми "экинчилер" – тышкы айлампаны түзөт. Ички жана тышкы айлампанын катышуучулары бири-бирине карап туруусу зарыл.

Баарына бир суроо берилет? "Биринчи" номер "экинчисине", ал эми "экинчиси" – "биринчисине" жооп берет. Андан кийин "биринчилер" солго жылып, ал эми "экинчилер" ордунда клаат. Кийинки суроо берилет. "Экинчилер" оңго жылат, ал эми "биринчилер" ордунда калат.

### 2. Аксакалдар сотундагы сот процессин сахналаштыруу

Фасилитатор катышуучулар тобу менен бирге аксакалдар сотундагы сот процессин сахналаштырууну уюштурат. Көнүгүүгө тартылбаган катышуучулар байкоочулардын ролун ойнойт. Соттун өнүгүү деңгээли боюнча, зарылдык боюнча, "Стоп-кадр" методун колдонуу менен токтоп, катышуучулардын көңүлүн маанилүү учурларга буруу зарыл.

Оюндук сот процессинин аягында фасилитатор ачык суроолорду берет, алгач комментарийлерди, байкоочулардын, андан кийин роль ойногон катышуучулардын жоопторун угат. Андан кийин көрсөтүлгөн оюндук сот процесси боюнча билимди бышыктоо боюнча талкуу уюштурат.

**Баа жана сот процессин ойноп сахналаштыруу боюнча кайра байланыш**
Фасилитатор суроолор жана бул ыкманын 4 этабы түшүрүлгөн флипти илет:

**КАМК**
**К – көз караш**
**А – аргумент**
**М – мисал**
**К – корутунду**

Фасилитатор этаптарды түшүндүрөт жана катышуучулар берген суроолорго жооп берет. Андан кийин ар бир этаптан мисал келтирет.

*Мисал:*
**К** – Мен имарат ичинде тамеки чегүүгө мыйзам менен тыюу салууну колдойм
**А** – Тамеки чегүү тамеки чеккендерге да, имарат ичиндеги тамеки чекпеген адамдарга да зыяндуу
**М** – Иликтөөлөр көрсөткөндөй, пассивдүү тамеки чегүү рак оорусуна алып келет
**К** – Ошондуктан мен имарат ичинде тамеки чеккендерди административдик жоопкерчиликке тартууну колдойм.

Бул ыкма боюнча, ишти баштаардан мурда, «КАМК боюнча баалоо критерийлери» таблицасы аркылуу катышуучуларды баалап, талдап, корутунду бере турган бир байкоочу фасилитатор тарабынан дайындалышы керек. Фасилитатор өз кезегинде ал байкоочунун ишине баа берет. Ошондой эле бул таблица менен баалоо аркылуу фасилитатор же окутуучу жалпылоого, талдоого жана ага реакция кылууга мүмкүнчүлүк алат.

Байкоочу таблица боюнча, жыйынтык чыгарып, терс натыйжалар көп экенин аныктаса, фасилитатор же окутуучу сабактын жүрүшүндө бир нерсени аткарбай койгонун түшүнүүсү керек (бул жерде ал реакция кылышы керек) т.а. бул кенемтени толтурушу кажет. Ошондой эле, таблицаны 10 баллдык шкала менен баалоо жана бул таблицаны катышуучуларга байкоочу жыйынтыкты жарыялардын алдында таратуу өтө маанилүү. Бул катышуучулар алар кандай ченөлчөмдөр менен баалана турганын билиши үчүн зарыл.

**КАМК ыкмасы боюнча баалоо критерийлери**

| | Критерийлер | Артыкчылык-кемчилик (максимум 10 балл) + | - |
|---|---|---|---|
| **Көз караш** | • Так түшүндүрүлдү;<br>• Аудиториянын түшүнүүсү үчүн ылайыкталган. | | |
| **Аргумент** | • Коомдук баалуулуктарга, документтерге, бул суроолорго, ченемдик актыларга шилтемелер пайдаланылат;<br>• Ишенимдүү болуп эсептелет. | | |
| **Мисал** | • Ишенимдүү жана натыйжасын коомчулук үчүн көрсөттү;<br>• Мисалда булактарга шилтемелер бар. | | |
| **Корутунду** | • Позиция маңызы кыска берилген;<br>• Проблемаларды чечүү үчүн конкреттүү иш-аракеттер сунушталган. | | |
| | **Баллдардын суммасы:** | | |

Фасилитатор топко суроо берет. Катышуучуларга - бул маселе боюнча белгилүү пикирди иштеп чыгып, КАМК ыкмасына ылайык айтат.

Байкоочу болуп эсептелген катышуучулардын бири (ал жөнүндө жогоруда айтылган) ыкманын катышуучуларын баалайт жана көнүгүү аяктаганда топту натыйжалар менен тааныштырат, ал «КАМК боюнча баалоо критерийлери» таблицасынын негизинде чыгарылат.

Аягында катышуучуларга түркүн түстүү стикерлер таратылат (кызыл – 5 балл, сары – 4 балл, жашыл – 3 балл, кызгылт сары – 2 балл) жана өтүлгөн сабакты беш баллдык шкала боюнча тиешелүү түстөгү стикерди жабыштыруу менен баалоо мүмкүнчүлүгү берилет.

### 3. Жыйынтык чыгаруу. Алынган маалыматты бышыктоо.

Сессиянын башында айтылган күтүлгөн натыйжаларга таянуу менен, жаңы катышуучулар тема боюнча эмне билгенин суроо керек.

**Сурамжылоо**

1. «Аксакалдар соту» деген эмне?

2. Аксакалдар соту бизге эмне үчүн керек?

3. Аксакалдар сотунун негизги милдеттери жана функциялары эмнеде?

4. Аксакалдар соту тарабынан кандай иштер каралат? Мисал келтиргиле.

5. Талаш-тартыш болгондо кайда, кимге жана кантип кайрылуу керек?

## Пост-тест:

1. Аксакалдар сотуна жазык иши, мисалы, ала качуу же үйдөгү зомбулук менен кайрыла аласыңарбы?

☐ Ооба ☐ Жок

2. Аксакалдар сотунун негизги милдеттери кандай?

3. Аксакалдар сотуна ким мүчө боло алат?

4. Аксакалдар сотунда чечим кабыл алуу үчүн эмне негиз болуп берет?

5. Аксакалдар соту өз чечимин негиздей турган кээ бир баалуулуктарды санай аласыңарбы?

6. Аксакалдар соту менен кантип байланыша аласыңар?

Силер канча жашта экениңер маанилүү эмес, баары силердин билимиңерден, эркиңерден жана мүнөзүңөрдөн көз каранды. Андыктан, 26 жаш курагында эле сот болуп калуу толук мүмкүн.

*Окуу үчүн кошумча материал*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Бишкек шаары, 2002-жылдын 5-июлу № 113

## АКСАКАЛДАР СОТТОРУ ЖӨНҮНДӨ

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158, 2009-жылдын 12-июнундагы № 181, 2013-жылдын 30-июлундагы № 169 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

Ушул Мыйзам аксакалдар сотторунун укуктук негиздерин, уюштурулуш жана иш принциптерин аныктайт.

### I Бөлүм
### Жалпы жоболор

#### 1-статья. Аксакалдар соттору

Аксакалдар соттору - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, кылмыш иштерин кароо укугуна ээ башка укук коргоо органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди ушул Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.

Аксакалдар соттору жарандардын, жергиликтүү кеңештердин чогулушунун чечими боюнча, айылдардын, шаарчалардын, шаарлардын аймагында аксакалдардан, урматтуу жана кадыр-барктуу эркектер жана аялдардан уюштурулушу мүмкүн.

Аксакалдар соттору юридикалык жак болуп эсептелбейт жана юстиция органдарында катталууга алынбайт. Аксакалдар сотторунун аталышы жазылган мөөрү жана штамптары болот.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158, 2009-жылдын 12-июнундагы № 181, 2013-жылдын 30-июлундагы № 169 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

#### 2-статья. Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизи

Аксакалдар сотторунун ишинин укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары түзөт.

Аксакалдар соттору, ошондой эле өзүнүн ишинде өздөрүнүн абийирин, жеке ынанымдарын, Кыргызстандын элдеринин үрп-адаттарынан жана салт-санаасынан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ченемдерин жетекчиликке алышат.

#### 3-статья. Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери

Аксакалдар сотторунун негизги милдеттери:

- жарандардын бузулган же талаш-тартышка түшкөн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- мыйзамдуулукту жана укук тартибин чыңдоого көмөк көрсөтүү жана айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын аймагында укук бузуулардын алдын алуу;
- жарандарды мыйзамды, үрп-адаттардан жана салттардан улам тарыхый жактан калыптанган адеп-ахлактыктын жана ыймандуулуктун ченемдерин урматтоого тарбиялоо болуп саналат.

Аксакалдар соттору ынандыруу жана коомдук таасир көрсөтүү, тараптардын жарашуусуна жетишүү жана республиканын мыйзамдары менен башка ченемдик актыларына каршы келбеген, акыйкат чечим чыгаруу жолу менен иштейт.

4-статья. Аксакалдар сотторунун иш-милдеттери

Аксакалдар соттору:

- жарандык-процесстик мыйзамдарда каралган тартипте жарандык иштер боюнча жергиликтүү соттор тарабынан жөнөтүлгөн;
- жазык-процесстик мыйзамдарына ылайык коомдук таасир көрсөтүү чараларын колдонуу үчүн соттор, прокурорлор, прокурордун санкциясы менен тергөө жана алгачкы тергөө органдары тарабынан жөнөтүлгөн кыскартылган жазык иштери боюнча материалдарды.

Аксакалдар соттору тарабынан, ошондой эле тараптарды жана ушул Мыйзамда каралган башка иштерди жараштырууга жетишүү максатында мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштарды чечүү үчүн жарандардын өздөрүнүн арызы боюнча (тараптардын макулдугу менен) иштер каралышы мүмкүн.

Аксакалдар соттору мурда эле сот чечими чыгарылган, административдик жаза чаралар көрүлгөн же өзүнүн компетенциясынын чегинде аксакалдар сотунун чечими чыккан материалдарды кароого акысыз.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

5-статья. Сот өндүрүшү жүргүзүлгөн тил

Аксакалдар сотунун сот өндүрүшү мамлекеттик же расмий тилде, болбосо ошол жердеги калктын көпчүлүгүнүн тилинде жүргүзүлөт.

Аксакалдар соту жазуу жүзүндөгү бардык далилдерди ишти кароодо колдонулууга тийиш болгон тилге котортуп берүүсүн тараптардан талап кыла алат.

6-статья. Аксакалдар сот өндүрүшүнүн айкындуулугу

Аксакалдар сотторунда териштирүү ачык жүргүзүлөт.

Он алты жашка чыга элек адамдардын иштеринде, үй-бүлөлүк талаш-тартыштарда тараптардын биринин өтүнүчү менен ишке катышкандардын жашоо-турмушунун купуя сырлары жөнүндө маалыматтардын таралышын алдын алуу максатында соттун жүйөлөштүрүлгөн чечими боюнча жабык жыйналышка жол берилет.

Аксакалдар соту өзүнүн жыйналышында жыйналышка катышуучулардын түшүндүрмөлөрүн угууга, соттордо жана жыйналышка катышуучуларда болгон документтерди жарыялоого милдеттүү.

7-статья. Иштерди кароодогу коллегиялуулук

Аксакалдар сотторунда иштер коллегиялуу-төрагалык кылуучу менен соттун мүчөлөрүнүн курамында каралат.

Аксакалдар соту иштерди курамдын үчтөн экиси катышканда кароого укуктуу, алардын саны так эмес болууга тийиш.

## II Бөлүм
## Аксакалдар сотторун уюштуруу тартиби

8-статья. Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнүн саны

Аксакалдар соттору 5тен кем эмес жана 9дан ашык эмес адамдардын курамында шайланат, ошону менен бирге алардын саны милдеттүү түрдө так эмес болууга тийиш.

9-статья. Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүнө карата коюлган талаптар

Аксакалдар сотунун курамына элүү жашка чыккан, бүткөн жалпы орто билимге ээ, көрсөтүлгөн жерде беш жылдан кем эмес жашаган, айылдардын, шаарчалардын жана шаарлардын калкынын арасында урмат-сыйга жана кадыр-баркка ээ, ишкердик жана адеп-ахлактык сапаттары боюнча аксакалдар сотторунун алдына коюлган милдеттерди аткарууга жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жарандары шайлана алышат.

Аксакалдар сотунун мүчөлүгүнө талапкерлер жарандар (тургундар) жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлөт.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158, 2009-жылдын 12-июнундагы № 181, 2013-жылдын 30-июлундагы № 169 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

10-статья. Аксакалдар сотторун түзүүнүн принциптери

Аксакалдар соттору эреже катары айылдарда жана шаарчаларда бир калктуу конушта - бир аксакалдар соту, болбосо бир айыл өкмөтүндө - бир аксакалдар соту принциби боюнча түзүлөт.

Шаарларда аксакалдар соттору:

- эгерде тургундарынын саны 25 миңден ашпаса бир аксакалдар соту;
- эгерде тургундарынын саны 25 миңден 50 миңге чейинди түзсө, эки аксакалдар соту жана ушул сыяктуу принцип боюнча түзүлөт.

Кичи райондору бар шаарларда аксакалдар соттору тургундардын санына карабастан, бир кичи райондо - бир аксакалдар соту принциби боюнча түзүлөт.

11-статья. Аксакалдар сотторун шайлоонун тартиби

Аксакалдар сотторунун мүчөлөрү жашаган жери боюнча жарандардын жалпы чогулуштарында, ошондой эле коомчулуктун Кеңештеринин конференцияларында, айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессияларында ачык добуш берүү менен үч жылдык мөөнөткө шайланышат. Аксакалдар сотторунун төрагаларын өздөрүнүн ичинен аксакалдар сотторунун мүчөлөрү шайлайт.

Аксакалдар сотторун шайлоо боюнча чогулуштар тийиштүү жергиликтүү айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңештер, болбосо 50дөн кем эмес сандагы жарандардын демилгеси боюнча чакырылат. Шайлоо күнү жөнүндө билдирүү тийиштүү райондук (шаардык) кеңеш тарабынан бир ай мурда кабарланат.

Чогулушка катышкандардын көпчүлүк добушун алган жарандар соттун курамына шайланды деп эсептелинет. Эгерде чогулушка ошол калктуу конуштун аракетке жөндөмдүү 50дөн кем эмес жарандары катышса, чогулуш ыйгарым укуктуу деп эсептелинет.

Аксакалдар сотторунун мүчөлөрү өздөрүнүн курамынан төраганы жана катчыны шайлашат.

Бир почта боюнча жашаган жана бир үй-бүлөгө кирген адамдардын атынан алардын өкүлү (үй-бүлө башы же үй-бүлөнүн башка мүчөсү) чыга алат.

Коомдук кеңештин, айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессияларынын чечимдерин кабыл алуунун тартиби алардын уставдары жана регламенттери менен жөнгө салынат.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

12-статья. Аксакалдар сотторун каттоо

Ушул Мыйзамдын жоболорунун талаптарына ылайык уюштурулган аксакалдар соттору райондук (шаардык) кеңештерде катталат.

Аксакалдар сотторун каттоо үчүн райондук (шаардык) кеңештерге ошол калктуу конуштун тургундарынын чогулушунун протоколу, болбосо аксакалдар сотун уюштуруу жана анын

мүчөлөрүн шайлоону ырастаган тийиштүү коомчулуктун Кеңешинин конференциясынын протоколу, ошол аймакта жашагандардын сандык курамы жөнүндө мамлекеттик органдын маалым каты, шайланган аксакалдар сотунун мүчөлөрү кол койгон аксакалдар сотун каттоо жөнүндөгү арыз, аксакалдар сотунун мүчөлөрүнүн паспортторунун көчүрмөлөрү берилет.

Аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн тийиштүү коомчулуктун Кеңештеринин конференцияларында шайлоодо, ошол аймакта жашагандардын сандык курамы жөнүндөгү мамлекеттик органдын маалымкаты талап кылынбайт.

Райондук (шаардык) кеңештердин талабы боюнча, аксакалдар сотун уюштурууга байланыштуу башка документтер да берилет.

Караңыз:

КР Өкмөтүнүн 2003-жылдын 3-апрелиндеги № 182 "Кыргыз Республикасынын аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн күбөлүктөр менен камсыз кылуу жөнүндө" токтому

### 13-статья. Аксакалдар сотунун мүчөсүнөн баш тартуу билдирүү

Аксакалдар сотунун мүчөсү, эгерде ал талашып-тартышкан тараптардын жакын тууганы болсо, ошондой эле соттун мүчөсү иштин жыйынтыгына кызыкдар деп эсептөөгө негиз берген башка жагдайлар болсо, иштерди (материалдарды) кароого катыша албайт.

Аксакалдар сотунун мүчөсүнөн баш тартуу билдирүү:

- ишке катышкан жактардын арызы боюнча;
- аксакалдар сотунун башка мүчөлөрүнүн арыздары боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.

Аксакалдар сотунун мүчөсү ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер менен өзүнүн баш тартуусу жүнүндөгү арызы боюнча баш тартууга тийиш.

Аксакалдар соту аксакалдар сотунун мүчөсүнүн баш тартуу билдирүү же өзүнүн баш тартуусу жөнүндөгү арызды карап, анын жыйынтыгында иштин маңызы боюнча чечим кабыл алат.

Аксакалдар сотунун мүчөсүнөн баш тартуу аксакалдар сотунун өзүнүн мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынган чечими боюнча жүргүзүлөт.

### 14-статья. Аксакалдар сотунун мүчөсүн соттун курамынан чыгаруу

Аксакалдар сотунун мүчөсү соттун курамынан төмөнкүдөй негиздер боюнча чыгарылышы мүмкүн:

- аксакалдар сотунун мүчөлүгүнөн баш тартуу;
- аксакалдар сотунун мүчөсүнүн өлүмү;
- ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн бүтүүсү;
- жашаган жеринин өзгөрүшү (ошол калктуу конуштан көчүп кетүүсү);
- жазык жоопкерчилигине тартылуусу жана соттолуусу;
- аксакалдар сотунун мүчөсүн чакыртып алуу.

Аксакалдар сотунун мүчөсү аны шайлаган жарандардын жалпы чогулушу, тийиштүү Коомдук кеңештердин конференциясы, болбосо айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессиялары тарабынан:

- эгерде ага жүктөлгөн милдеттерди аткара албаса;
- татыксыз жүрүм-турумуна байланыштуу;
- эгерде укук бузууларды жана аксакалдар сотунун мүчөсүнүн наамына ылайык келбеген башка жоруктарды жасаса, кайра чакыртылып алынышы мүмкүн.

Соттун чыгарылган мүчөсүнүн ордуна аксакалдар сотунун жаңы мүчөсүн шайлоо ушул Мыйзамдын 11-статьясында каралган тартипте жүргүзүлөт.

Аксакалдар сотунун ыйгарым укугунун мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу соттун курамынан чыгарылган мүчөсү кайрадан шайланышы мүмкүн.

## III Бөлүм
## Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароосунун тартиби

### 15-статья. Аксакалдар соттору караган иштер (материалдар)

Аксакалдар соттору төмөнкүдөй иштерди (материалдарды) кароого укуктуу:
а) жарандардын мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштары жөнүндө:
- мүлктүк карыздарды төлөтүп алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайра суратып алуу боюнча;
- мүлктү бөлөк бирөөнүн мыйзамсыз ээлөөсүнөн кайтарып алуу боюнча;
- сактоого коюлган мүлктү кайтарып алуу боюнча;
- ижаралык төлөөнү өндүрүп алуу боюнча;
- зыян келтирилген мүлктүн ордун толтуруу боюнча;
- жубайлардын жалпы орток мүлкүн бөлүштүрүү боюнча;
- улуттук нике мамилелери жана нике-үй-бүлө мамилелери менен байланышкан каада-салттар боюнча;

б) ата-энелердин, үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн балдарды багуу жана тарбиялоо боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

в) бойго жеткен балдардын эмгекке жарамсыз ата-энелерин же аларды белгиленген тартипте тарбиялаган жана баккан адамдарды багуу боюнча милдеттерин аткарбаганы жөнүндө;

г) эмгек келишими боюнча аткарылган иш үчүн акы төлөө жөнүндө;

д) жер участокторун пайдалануучулардын ортосундагы сугат боюнча талаштар;

е) коомдон обочолонтуу менен байланышпаган жаза каралган анчейин оор эмес кылмыштар боюнча.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158, 2013-жылдын 30-июлундагы № 169 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

### 16-статья. Аксакалдар сотторунда иштерди (материалдарды) кароо мөөнөттөрү

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) ал сотко келип түшкөн учурдан тартып 15 күндүк мөөнөттө карайт. Зарыл болгон учурларда (материалдарды) иштерди кароонун мөөнөтү материалдарды суратып алуу, болбосо сотко катышуучулардын кошумча маалыматтарды берүүсүнүн мөөнөтүнө узартылышы мүмкүн, бирок ал 15 күндөн ашпайт.

Эгерде бир ай бою кворум болбой калган учурларда аксакалдар сотторунун башка чечими кабыл алынбаса, аксакалдар сотторуна тийиштүү мамлекеттик органдар же алардын кызмат адамдары тарабынан өткөрүлүп берилген иштери (материалдары), ошондой эле жарандардан түшкөн арыздарды алар кайра суратып ала алышат.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

### 17-статья. Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароосунун убактысы жана орду

Аксакалдар сотторунун иштерди (материалдарды) кароо убактысы соттун төрагасы тарабынан аныкталат. Аксакалдар сотунда катышуусу зарыл болгон адамдарды кеңешмесине чакыруу соттун төрагасы тарабынан милициянын бөлүктүк инспектору аркылуу жүргүзүлөт. Бул адамдарды кабарлоо өз учурунда, бирок кеминде үч күн мурда жүргүзүлөт.

Эгерде аксакалдар соттору ишти кароонун башка ордун аныктабаса, аксакалдар соттору ишти (материалдарды), жергиликтүү айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңештер бөлүп берген жайларда карайт.

Аксакалдар соту төмөнкүдөй учурларда:
- эгерде анын аймагында укук бузуулар болсо;
- жашаган жерине карабастан эгерде жоопкер анын аймагында жашаса арыз берүүчүлөрдүн өтүнүчү боюнча;

- эгерде укук бузуучу, болбосо жабырлануучу, жабырлануучу болбосо жоопкер анын аймагында жашаса, башка аксакалдар сотторунун өтүнүчү боюнча ишти (материалдарды) карайт.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

### 18-статья. Аксакалдар сотторунун ишти (материалдарды) кароонун негизи

Аксакалдар сотторунун ишти (материалдарды) кароо үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп эсептелет:

а) тийиштүү айыл өкмөтүнүн, райондук (шаардык) кеңештердин сунушу;

б) административдик жаза берүү укугуна ээ мамлекеттик органдын же анын кызмат адамынын берген иши;

в) сот, прокурор жана кылмыш иштерин кароо укугуна ээ башка укук коргоо органдары тарабынан өткөрүлүп берилген материалдар;

г) жарандардын арызы;

д) башка аксакалдар сотторунун арыздары.

(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 169 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

### 19-статья. Ишти (материалдарды) кароого даярдоо боюнча аксакалдар сотунун иш-аракети

Аксакалдар соту ишти (материалдарды) кароо менен байланыштуу арыздарды жана башка материалдарды текшерүүнү жүргүзөт. Текшерүүнү соттун төрагасы, ошондой эле анын тапшыруусу боюнча соттун мүчөсү жүргүзө алат.

Зарыл болгондо аксакалдар сотуна тартылган адам, жабырлануучу, күбөлөр сурак беришет же алардан түшүнүк алышат.

Анын жыйынтыктары боюнча текшерүү жүргүзгөн адам корутунду жазат, анда иштин нукура жагдайы, жасалган жоруктун себептери, аксакалдар сотуна тартылган адам жөнүндөгү маалыматтар көрсөтүлөт.

### 20-статья. Талаш-тартыштын катышуучуларын колдо болгон материалдар менен тааныштыруу

Аксакалдар соту аксакалдар сотуна тартылган адамды, ошондой эле жабырлануучуну жана талаш-тартыштын башка катышуучуларын колдо болгон материалдар менен тааныштырууга милдеттүү.

Сотко тартылгандар, анын катышуучулары кошумча материалдарды суратып алуу жөнүндө расмий өтүнүч менен сотко кайрылууга укуктуу.

### 21-статья. Соттун жыйналышын ачуу

Ишти (материалдарды) кароо үчүн белгиленген убакытта төрага, болбосо анын тапшыруусу боюнча аксакалдар сотунун бир мүчөсү аксакалдар сотунун жыйналышын ачат жана кайсы иштер (материалдар) карала тургандыгын жарыялайт.

### 22-статья. Процесске катышуучу адамдардын келүүсүн текшерүү жана алардын укуктарын түшүндүрүү

Төрагалык кылуучу жыйналыш ачылгандан кийин сотко чакырылган адамдардын келгендигин тактайт, сотко тартылганга, жабырлануучуга жана процесстин башка катышуучуларына алардын укуктары жөнүндө түшүндүрөт, ошондон кийин адамдардан соттун курамынан баш тартуу же расмий өтүнүчтөрү бар же жок экендигин, ал эми мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча тараптардын алардын ишин аксакалдар сотунда кароосуна макулдугун тактайт.

Процесске катышып жаткан адамдар далилдерди текшерүүгө катышууга жана расмий өтүнүч билдирүүгө, анын ичинде кошумча материалдарды сүратып алууга укуктуу.
(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

23-статья. Олуттуулугу боюнча ишти кароо

Баш тартуу жана расмий өтүнүү жөнүндө маселе чечилгенден кийин төрагалык кылуучу сотко тартылган адамдын жоругунун же укук бузуусунун олуттуулугун, ошондой эле жүргүзүлгөн текшерүүнүн, ал эми жарандардын арыздары боюнча талаш-тартыштын жүйөсү жана маңызы боюнча натыйжасын баяндайт.
Сот андан кийин сотко тартылгандын, жабырлануучунун, жоопкердин, күбөлөрдүн жана башка процесске катышуучулардын түшүндүрмөлөрүн угат жана иш боюнча зарыл материалдардын бардыгын карайт.
Процесске катышуучулар тарабынан толуктоолор жок болсо, төрагалык кылуучу «ишти кароо аяктады» деп жарыялайт жана сот чечим чыгаруу үчүн өзүнчө бөлмөгө кетет.
Кандайдыр бир кошумча маалымдоолорду же маалыматтарды алуу зарыл болуп калган учурда, сот жоруктун же укук бузуунун жарандардын арызынын олуттуулугу боюнча чечим чыгарбастан туруп, кийинкиге калтырууга же аны башка мөөнөткө которууга укуктуу.
Аксакалдар сотторунда ишти териштирүү акысыз жүргүзүлөт.
(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

24-статья. Аксакалдар сотунун кеңешмесинин соттук протоколу

Иш каралып жаткан учурда аксакалдар сотунун мүчөсү протокол жүргүзөт.
Аксакалдар сотунун протоколунда соттун курамы жөнүндө маалымдоолор, иштин мүнөзү, аны кароонун убактысы жана орду, ишти кароодо аксакалдар сотунун кеңешмесине катышкан адамдар жөнүндө маалыматтар, алардын арызы жана кыскача сөзү (түшүндүрмөсү, расмий өтүнүчү) жана кабыл алынган чечим камтылууга тийиш.
Аксакалдар сотунун кеңешмесинин протоколуна төрагалык кылуучунун жана катчынын колу коюлат.
(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

## IV Бөлүм
## Аксакалдар сотунун чечими

25-статья. Чечим чыгаруу
Аксакалдар сотунун олуттуулугу боюнча чыгарылган токтому чечим түрүндө болот.
Аксакалдар сотунун чечими ишти кароого катышкан соттун бардык мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Чечимге макул болбогон соттун мүчөсү өзүнүн өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө берет, ал чечимге тиркелет.

26-статья. Чечимдин негиздүүлүгү
Сот чечиминде соттун кеңешмесинде текшерилген гана далилдерге негиздейт.

27-статья. Соттун чечиминин формасы жана мазмуну
Аксакалдар сотунун чечими жазуу жүзүндө баяндалып, анда төмөндөгүлөр көрсөтүлөт:
- чыгарылган чечимдин убактысы жана орду, чечим чыгарган соттун аталышы, ишти кароого катышкан соттор менен адамдардын курамы;
- талаш-тартыштын предмети же укук бузуунун мазмуну;
- сот тарабынан аныкталган иштин жагдайы, иштин жагдайы жөнүндө сот чыгарган тыянактын далилдери, соттун тигил же бул далилдерди четке каккан жүйө-себептери;
- чечим кабыл алууда сот жетекчиликке алган мыйзамдар;

- каралган материал боюнча аксакалдар соту кабыл алган корутунду;
- кабыл алынган чечимге даттануунун мөөнөтү жана тартиби;
- чечимди аткаруунун мөөнөтү.

Чечимге аксакалдар сотунун кеңешмесинде ал жарыялангaнга чейин төрагалык кылуучунун жана соттун мүчөлөрүнүн колу коюлат.

## V Бөлүм
## Аксакалдар соттору колдонгон таасир көрсөтүү чаралары

### 28-статья. Таасир көрсөтүү чаралары

Аксакалдар соту сотко тартылгандын күнөөсүн аныктоо менен төмөндөгү таасир көрсөтүү чараларынын бирөөнү колдонуу жөнүндө чечим чыгарат:

а) эскертүү берүү;

б) жабырланган тараптан эл алдында кечирим суроого милдеттендирүү;

в) коомдук уяткаруу жарыялоо;

г) материалдык зыяндын ордун толтурууну күнөөлүү тарапка милдеттендирүү;

д) Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген эң төмөнкү үч айлык акыга чейинки өлчөмүндө акчалай жаза пул салуу.

Үй-бүлөлүк талаш-тартышта сот каралып жаткан талаш-тартыштын негизи боюнча чечим кабыл алат.

Эгерде аксакалдар соту мүлк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар боюнча тараптардын жарашуусуна жетише албаса, ал каралып жаткан иштин негизи боюнча чечим кабыл алат.

Административдик укук бузган адамга карата колдонулган коомдук таасир көрсөтүү чарасы жөнүндө аксакалдар соту 10 күндүк мөөнөттүн ичинде материалды жөнөткөн органга (кызмат адамына) билдирүүгө милдеттүү.

Сот адамдын кадыр-баркына шек келтирген жаза жөнүндө чечим чыгарууга акысы жок.

Коомдук таасир көрсөтүү чараларынын белгиленген тизмеси толук делип эсептелинет жана кеңири чечмеленүүгө жатпайт.

Ушул Мыйзамда каралбаган таасир көрсөтүү чаралары колдонулган учурда, андай жаза мыйзамсыз деп эсептелет жана аткарууга жатпайт.

(КР 2003-жылдын 30-июлундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

### 29-статья. Акчалай жаза пулду бөлүштүрүү

Айыл же шаарча кеңешинин алдында түзүлгөн аксакалдар сотунун салган акчалай жаза пулдары баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештердин бюджетине төгүлөт.

Шаарларда түзүлгөн аймактык өз алдынча башкаруудагы Коомдук кеңешинин алдындагы аксакалдар соту салган акчалай жаза пулдар төмөндөгүчө бөлүштүрүлөт:

30 пайызы - аксакалдар соту турган аймактын баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештин бюджетине;

70 пайызы - аксакалдар соту түзүлгөн аймактык өз алдынча башкаруудагы Коомдук кеңештин эсебине.

## VI Бөлүм
## Аксакалдар сотторунун чечимдерине даттануунун жана аны аткаруунун тартиби

### 30-статья. Аксакалдар сотунун чечимдерине даттануунун тартиби

Аксакалдар сотунун чыгарган чечимине чечим чыгарылган адам жана ишти кароого катышкан башка адамдар тарабынан чечим чыгарылгандан тартып 10 күндүн ичинде даттанылышы мүмкүн.

Даттануу аксакалдар соту түзүлгөн аймактагы райондук же шаардык сотко берилет.

Даттануу ал келип түшкөн күндөн тартып 10 күндүн ичинде райондук же шаардык соттун судьясынын жеке өзү тарабынан каралат. Мында сот аксакалдар сотунун чыгарган чечими Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Мыйзамга, ошондой эле иштин жагдайларына ылайык келишин текшерет.

Эгерде райондук же шаардык сот даттанууну негиздүү деп тапса, анда ал жүйөлөштүрүү менен аксакалдар сотунун чечимин жокко чыгарат жана материалды кайра кароого жөнөтөт, болбосо ишти токтотот.

### 31-статья. Аксакалдар сотторунун чечимдерин аткаруунун тартиби

Келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндөгү, болбосо мүлктүк өндүрүү жөнүндөгү аксакалдар сотунун чечими сотко тартылган адам тарабынан соттун чечиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө аткарылууга тийиш.

Аксакалдар соту өзүнүн чечимдеринин аткарылышына көзөмөл кылат.

### 32-статья. Аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартуу

Тараптар белгиленген мөөнөттө чечимди аткарбаган учурда мажбурлап аткарууга аткартуу баракчасын аксакалдар соту жайгашкан аймактагы райондук же шаардык сот тарабынан берилет.

Аксакалдар сотунун чечимин мажбурлап аткартууга аткартуу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз анын пайдасына чечим чыгарган тараптын аймагында турган райондук же шаардык сотко берилет.

Арыз чечимди аткаруу мөөнөтү бүткөн күндөн тартып бир айдын ичинде берилиши мүмкүн.

Арызга аксакалдар сотунун чечими аткарылбай калгандыгын ырастоочу документтер тиркелет.

Белгиленген мөөнөтүнөн өткөрүү менен, болбосо зарыл документтер тиркелбей берилген арыз, каралбастан райондук же шаардык сот тарабынан кайтарылып берилет.

Аткаруу баракчасын берүү жөнүндөгү арыз берүүнүн мөөнөтү жүйөлүү себептерден улам өткөрүлүп жибергенде тараптардын өтүнүчү боюнча мөөнөт райондук же шаардык сот тарабынан калыбына келтирилиши мүмкүн.

Арызды шаардык же райондук сот алган күндөн тартып бир айлык мөөнөттө судья жеке өзү карайт. Мында сот аксакалдар сотунун чечими Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамына ылайык келишин текшерет.

Арызды кароонун жыйынтыктары боюнча аткартуу баракчасын берүү, болбосо аны берүүдөн баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылат.

## VII Бөлүм
## Аксакалдар сотторунун башка органдар менен өз ара мамилеси

### 33-статья. Аксакалдар сотторун материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу

Аксакалдар сотторунун ишин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жана аксакалдар сотторунун мүчөлөрүн акчалай сыйлоо тийиштүү айыл өкмөтүнүн, райондук (шаардык) кеңештин каражаттарынын, ошондой эле ар кандай юридикалык жактардан жана жарандардан түшкөн каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Аксакалдар сотторунун каражаттарды пайдалануу тартиби тийиштүү областтык кеңеш менен макулдашылып, айыл өкмөтү, райондук (шаардык) кеңеш кабыл алган регламент менен белгиленет.

### 34-статья. Аксакалдар сотуна усулдук жана башка жардамдарды көрсөтүү

Аксакалдар сотуна мыйзамдарды колдонуу боюнча усулдук жардам алардын аймагында түзүлгөн райондук (шаардык) соттор тарабынан көрсөтүлөт.

Аксакалдар сотторунун кеңешмесинде укук тартибин, ошондой эле зарыл болгон учурда аксакалдар сотторунун заседаниесине укук бузгандарды, жооп берүүчүлөрдү мажбурлап алып келүүнү ички иштер органы камсыз кылат.

35-статья. Аксакалдар сотторунун отчеттуулугу

Аксакалдар соттору каралган иштин (материалдардын) статистикалык эсебин жүргүзүшөт.

Аксакалдар соттору өзүнүн иши жөнүндө жылына бир жолудан кем эмес аны түзгөн жарандардын жалпы чогулушуна, Коомдук кеңештин конференциясына, айылдык, шаарчалык, райондук (шаардык) кеңештердин сессияларына отчет берет.

36-статья. Аксакалдар сотторунун иштеринин сакталышы

Аксакалдар сотунун иштери материал каралып бүткөндөн кийин тийиштүү айыл өкмөтүнө, райондук (шаардык) кеңештерге сактоо үчүн өткөрүлүп берилет.

## VIII Бөлүм
## Корутунду жобо

37-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2002-жылдын 12-июлунда № 52 жарыяланды


Ушул Мыйзам кабыл алынганга чейин түзүлгөн аксакалдар соттору иштеп жаткан статусун сактап калат.

Түзүлүп жана иштеп жаткан бирок райондук (шаардык) кеңештердин эсепке алуу каттоосунан өтпөгөн аксакалдар соттору, бир айлык мөөнөт ичинде ушул Мыйзамдын 12-статьясынын талаптарына ылайык каттоодон өтүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Президенти  А.Акаев

2002-жылдын 4-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган




# Укук элчи

06

Укук элчинин ролу жана ыйгарым укугу | 175

# Киришүү

**Бөлүмдүн максаты:** Тең насаатчыларды «Укук Элчи» түшүнүгү, анын ролу жана укуктары менен таныштыруу; Укук Элчинин иш-чараларын аткаруу үчүн керектүү болгон билим жана шыктарды үйрөнүү, атап айтканда, укуктук жана маалыматтык жардамды көрсөтүү жана укук коргоо органдардын иш-аракетине жана сот адилеттик секторундагы адамдардын укуктарын бузуу маселелерине мониторинг жүргүзүү болуп эсептелет.

Бул бөлүм жогорку класстагы мектеп окуучуларынын жана коомубузда Гендердик адилеттүүлүктү жана кыздарга зомбулук көрсөтпөө практикасын орнотууда өз салымын кошууга далалат кылган жигердүү жаштардын дараметин жогорулатууга, мыйзамдар жана адам укугу жана милдеттери боюнча кеңеш берүүнү каалаган, өзгөчө өз кызыкчылыгын ишенимдүү коргой албагандарга арналат.

Бул бөлүмдө берилген маалымат окутуу жана андан кийин Укук Элчи (бейформал укуктук жардамчы) статусун алуусу жана досторуна, курбуларына, классташтарына жана башкаларга кеңеш берип, сот адилеттигин ишке ашыруу тармагында иштегендер менен өз ара кызматташууда өз кызыкчылыгын коргой алуусуна арналган. Аны менен бирге, алар көбүнчөсү өз клиенттерин кайрылуулары менен адвокат, милиция, жергиликтүү өз башкармаларынын мүчөлөрү түрдүү профессионалдарга жиберишерин түшүнүшөт. Укук Элчи бул бөлүмдүн негизинде жаш адамдардын, көбүнчө кыздардын укуктарын бузуу фактыларын алардын коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү жана укук  үстөмдүгүнө жетүү аркылуу өз салмагын кошо алышат.



# 01

# Укук Элчинин ролу жана ыйгарым укугу

# 1-сессия: Укук Элчинин ролу жана ыйгарым укугу

**Сессиянын максаты:** Өзүнүн курдаштары менен бейформал кардарларга кеңеш берүү үчүн Укук Элчи (бейформал укуктук жардамчылардын) ролу жана ыйгарым укуктары жөнүндө билүү.

**Убактысы:** 2 саат.

**Сессиянын планы:**

| № | Аталышы | Ыкмасы | Убактысы |
|---|---|---|---|
| | Пре-тест | | 10 мүн. |
| 1 | Укук Элчи – бул ким? | Акыл чабыты.<br>Жалпы талкуу. | 15 мүн. |
| 2 | Укук Элчинин ыйгарым укуктары жана функциялары | Топтордо иштөө: «Укук Элчинин функциялары»<br>Презентация<br>Жалпы талкуу | 25 мүн. |
| 3. | Укук Элчинин ролу | Топтордо иштөө: «Укук Элчинин ролу»<br>Презентация<br>Жалпы талкуу | 25 мүн. |
| 4 | Укук Элчи эмнени билиши керек | Жалпы талкуу<br>Презентация | 15 мүн. |
| 5. | Иш-аракеттердин планын иштеп чыгуу | Жекече же топтогу практикалык иштер | 20 мүн. |
| | Пост-тест | | 10 мүн. |

## Пре-тест (туура деп эсептеген бир же бир нече туура жоопторду тандагыла):

1. Мыйзамга ылайык өлкөбүздө кимдин укугу жана мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк

- [ ] Эркектердин
- [ ] Аялдардын
- [ ] Алар бирдей
- [ ] Башкалардын

2. Адам укугун, өзгөчө аялдардын жана кыздардын укугун коргоонун коомчулук үчүн зарылдыгы барбы?

- [ ] Ооба, анткени бийлик, укук коргоо органдары жана башка органдардын колунан келбейт
- [ ] Жок, бизге жардам берүүнүн зарылдыгы жок, анткени мамлекет баарын жакшы коргоого алган жана жарандык коомду жана жарандарды тартууга мыйзам тыюу салат
- [ ] Башка

3. Укук Элчи – бул:

- [ ] 9-10 же 11-класстардын ар бир окуучусу
- [ ] Мыйзам кандай иштээри жөнүндө түшүнүгү бар жана укук коргоо органдарынын, сот системасынын өкүлдөрүнө же дасыккан адистерге кайрылуу үчүн кесиптик жардамга муктаж адамдарга бул билимди бөлүшкүсү келген адам
- [ ] Сөзсүз кыз бала, эгер анын ата-энесинин бирөөсү юрист болсо
- [ ] Сөзсүз эркек бала, эгер ал класстын старостасы болсо
- [ ] Жооп берүүдөн кыйналып турам

4. Укук Элчи:

- [ ] Бейформал укуктук маалымат, кеңеш жана кимге кайрылууга мүмкүн экенин билдире турган жолдомо берет
- [ ] Досторуна жана курдаштарына алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө кеңеш берет
- [ ] Укук коргоо органдарынын жана активдүү жарандар катары сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун ишине мониторингди жүргүзөт
- [ ] Мектепте жакшы окуйт жана староста катары шайланат

5. Укук Элчи өз милдеттерин аткаруу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- [ ] Укук коргоо органдары менен мамиле түзүүсү
- [ ] Жергиликтүү бийлик органдары менен мамиле түзүүсү
- [ ] Сот адилеттиги органдары менен мамиле түзүүсү
- [ ] Укук Элчи жергиликтүү өз алдынча башкаруу же сот адилеттиги органдары менен кандайдыр бир формалдуу байланыш түзбөстөн эле иштей алат
- [ ] КР колдонуудагы мыйзамдарын жана ЧУА (ченемдик укуктук актыларды) билүүсү керек
- [ ] Ал сунуштай ала турган кеңешти берүүнү чектелишин билүүсү зарыл

6. Силер Укук Элчи болгуңар келеби?

- [ ] Ооба, азыр болгум келет
- [ ] Жок, Укук Элчи катары менин милдеттенмелерим жөнүндө маалыматты алмайынча болгум келбейт
- [ ] Жок, эгер мен материалдык пайда албасам, өз билимдеримди эмнеге башка бирөөгө жардам берүүгө пайдаланмак элем

## 1. Укук Элчи – бул ким?

**Укук Элчи** – бул атайын окуудан өткөн жана жаштарга, айрыкча, азыркы учурда зомбулук же укук бузуу жагдайларына кабылган кыздарга акысыз укуктук жардам жана маалыматтык колдоо көрсөтүүчү бейформал укуктук жардамчылар.

**Укук Элчи** – «Менин коопсуз жана бейпил мектебим» колдонмосунун алкагында бул активдүү «агенттер», өз коомунда гендердик теңчиликти жана адилеттикти жүргүзүүчүлөр, алар: жаштардын укуктук жардам жана маалымат алуусун камсыздайт, ошондой эле кыздарга зомбулук көрсөткөн учурларды аныктайт, укук коргоо органдарынын жана сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун иштерине мониторинг жүргүзөт жана укук коргоо жаатында мыйзамдын толук ишке ашуусун камсыздайт.

**Укук Элчи** – «МКБМ» колдонмосунун алкагында тиешелүү окуудан ийгиликтүү өткөн жана башкаларга ыктыярдуу жардам бергиси келген, өзүн окуган жеринен жакшы көрсөтө алган, өз ишмердигин ишке ашырууга моралдык жана ишмердик сапаты жагынан жарактуу насаатчы болуп эсептелет.

## 2. Укук Элчинин укуктары жана функциялары

**Топтордо иштөө:**

Фасилитатор катышуучуларды 5-6 адамдан бир нече топко бөлүп, 15 мүн. ичинде Укук Элчинин функциясын иштеп чыгууну тапшырат.

Фасилитатор топторго өзүнүн иштелмелерин сунуштап, жыйынтыктарды жалпылап жана аларды колдонмодогу иштелмелер менен салыштырат.

- Укук Элчи тең насаатчынын жетекчилиги же ишенимдүү мектеп педагогунун жетекчилиги менен иштейт. Алар өз иш-аракеттерин талкуулап, берилген сунуштамаларды эске алат.
- Укук Элчи жаштарга, көбүнчө кыздарга алардын укуктары бузулганда маалыматтык жана юридикалык колдоо көрсөтөт. Бирок алар өз укуктарынын чектелиши жөнүндө маалыматы бар жана кардарларды зарылдык болгондо кесипкөй кызматкерлерге ылайыктуу органдарга жана институттарга жөнөтүүгө даяр.
- Укук Элчи мектеп администрациясы, жергиликтүү бийлик органдары, ошондой эле укук коргоо органдары менен өз ара кызматташат. Бул алар жабыр тарткандарга укук коргоо органдарында кылмыш ишин каттоого же эгер иш кылмыштуу болуп эсептелсе мындай иштер тууралуу укук коргоо органдарына өздөрү кабарларын түшүндүрөт жана мамлекет буга мыйзамга ылайык чара көрүшү керек.
- Укук Элчи укук коргоо органдарынын жана сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун иши, көбүнчө укугу бузулган жаш адамдарга карата мыйзамдын толук жана адилеттүү жүзөгө ашыруу боюнча маалыматты топтоо жана жалпылоону ишке ашырат. Бул алар укук коргоо органдарында же прокурор тарабынан тапшырылган иштерди текшерет дегенди түшүндүрөт.
- Укук Элчи колдонмонун мазмуну боюнча өзүнүн курдаштарына, көбүнчө жаштарга машыгуу өткөрөт жана алардын укуктарынын сакталганына кандай ишенүү керектигин, ошондой эле укук коргоо органдары жана сот адилеттигин ишке ашыруу сектору тараптан ар бир адамдын укугун коргоону камсыздайт.
- Укук Элчи өз компетенциясын - мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу боюнча үйрөтүүчү иш-чараларга катышат.
- Укук Элчи анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтире турган иш чараларды өткөрүүгө тартылбайт.

### 3. Укук Элчинин ролу

**Топтордо иштөө:**

Фасилитатор катышуучуларды 5-6 адамдан бир нече топко бөлөт жана 15 мүн. ичинде Укук Элчинин ролун аныктайт.

Фасилитатор топторго өзүнүн иштелмелерин сунуштоого жана жыйынтыктарын жалпылап, аларды колдонмодогу иштелмелер менен салыштырат.

- Укук коргоо органдары менен конструктивдүү мамиле куруп, анын натыйжасында жаштардын, көбүнчө кыздардын укугун коргоодо өнөк болуп калат.
- Мындай ыйгарым укуктуу адамдардын арасында жаш адамдардын укуктарынын бузулуу фактылары боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүүнү мыкты түшүнүүнү калыптандыруу үчүн жергиликтүү прокурорлор менен тыгыз иштейт.
- Ушундай эле иш жергиликтүү соттордун жана аксакалдар сотунун соттору менен коомчулуктун деңгээлинде өткөрүлөт. Мындай аксакалдар соту жарандык иштерди кароодо конституциялык роль ойнойт, бирок буга карабастан алар жазык укугу, атап айтканда, жаш кыздардын укугу маселесине тартылат (мисалы, кыз ала качуу), ошентип, алар өз ыйгарым укуктарынын чегинен чыгып кетет, бул жер-жерлерде адам укуктары боюнча кырдаал үчүн олуттуу натыйжалар менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келет.
- Өз кызматтарын сунуштоо үчүн коомдук иш-чараларды пайдалануу үчүн жергиликтүү курултай менен иштөө (коомчулукту башкаруу жана өнүктүрүү маселелерин талкуулоо үчүн чечимдерди кабыл алууга жоопту адамдар топтолот, тигил же бул ишти сунуштап, аны жактайт).
- Мектеп рекетчилигинин азайышына, жаштардын, анын ичинде кыздарды өз укуктары жөнүндө маалыматын жогорулатууга көмөк көрсөтөт, бул аныгында сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун жана коопсуздук секторунун ортосунда кызматташууну түзөт.
- Мамлекеттик органдарга, ЖМК же Кыргызстанда аккредитацияланган, адам укуктарынын бузулушун алдын алуу боюнча кабар бере турган жана жардам көрсөтө турган эл аралык уюмдарга кабарларды даярдоо үчүн КР Кылмыш-жаза кодексинин 154-155-беренелерине ылайык жаштардын, айрыкча, кыздардын укугун коргоо боюнча сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун канааттандырарлыксыз иш учурларын документтештирет.
- Билим берүү мекемелери, сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун өкүлдөрү жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара тыгыз кызматташат, бул программанын аягында эдвокаси жана мониторингдин жергиликтүү жол-жоболорун түзөт, аны максаттуу топ жаштарга таасир тийгизген же жаш кыздарга багытталган (мисалы, кыз ала качуу) адам укуктарын бузуу фактыларын аныктоо боюнча ыйгарым укуктуу адамдар менен андан ары иштөөдө пайдаланышат.

### 4. Укук Элчи эмнени билиши керек

Кыргыз Республикасынын Конституциясын

«Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо жөнүндө» мыйзамдын тиешелүү үзүндүлөрүн;

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, атап айтканда 154 жана 155 ст. беренелерин;

«Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзамдын тиешелүү үзүндүлөрүн.

## Пост-тест:

**(туура деп эсептеген бир же бир нече туура жооптору тандагыла):**

1.Мыйзамдарга ылайык биздин өлкөдө ким көбүрөөк укуктарга жана мүмкүнчүлүктөргө ээ?

- ☐ Эркектер
- ☐ Аялдар
- ☐ Алар бирдей
- ☐ Башкалар

1. Адам, өзгөчө аялдардын жана кыздардын укуктарын коргоо коомчулук үчүн зарылдыгы барбы?

- ☐ Ооба, анткени бийлик, укук коргоо органдары жана башка органдардын колунан келбейт
- ☐ Жок, бизге жардам берүүнүн зарылдыгы жок, анткени мамлекет баарыбызды жакшы коргойт жана жарандык коомдун жана жарандардын тартылышына мыйзам жол бербейт
- ☐ Башка

3. Укук Элчи – бул

- ☐ 9-10-же 11-класстардын ар бир окуучусу
- ☐ Мыйзам кандай иштээри жөнүндө түшүнүгү бар жана укук коргоо органдарынын, сот системасынын өкүлдөрүнө же дасыккан адистерге кайрылуу үчүн кесиптик жардамга муктаж адамдарга бул билимди бөлүшкүсү келген адам
- ☐ Сөзсүз кыз бала, эгер анын ата-энесинин бирөөсү юрист болсо
- ☐ Сөзсүз эркек бала, эгер ал класстын старостасы болсо
- ☐ Жооп берүүдөн кыйналып турам

4. Укук Элчи:

- ☐ Бейформал укуктук маалымат, кеңеш жана кимге кайрылууга мүмкүн экенин билдире турган жолдомо берет
- ☐ Досторун жана курдаштарын алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө кеңеш берет
- ☐ Укук коргоо органдарынын жана активдүү жарандар катары сот адилеттигин ишке ашыруу секторунун ишине мониторинг жүргүзөт
- ☐ Мектепте жакшы окуйт жана староста катары шайланат

5. Укук Элчи өз милдеттерин аткаруу үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- [ ] Укук коргоо органдары менен мамиле түзүүсү
- [ ] Жергиликтүү бийлик органдары менен мамиле түзүүсү
- [ ] Сот адилеттиги органдары менен мамиле түзүүсү
- [ ] Укук Элчи жергиликтүү өз алдынча башкаруу же сот адилеттиги органдары менен кандайдыр бир формалдуу байланыш түзбөстөн эле иштей алат
- [ ] КР колдонуудагы мыйзамдарын жана ЧУА (ченемдик укуктук актыларды) билүүсү
- [ ] Ал сунуштай ала турган кеңешти берүүнү чектелишин билүүсү зарыл

6. Силер Укук Элчи болгуңар келеби?

- [ ] Ооба, азыр болгум келет
- [ ] Жок, Укук Элчи катары менин милдеттенмелерим жөнүндө маалыматты алмайынча болгум келбейт
- [ ] Жок, эгер мен материалдык пайда албасам, өз билимдеримди эмнеге башка бирөөгө жардам берүүгө пайдаланмак элем

# Мазмун


Биздин коопсуз жана бейпил мектебибиз 5

1-бөлүм. Тимбилдинг жана «Теңме-Тең» принциби 13

1-сессия: Тимбилдинг 15

2-сессия: «Теңме-Тең» принциби (ТТП) 30

2-бөлүм. Гендердик адилетүүлүк жана адам укуктары 37

1-сессия: Адам укугунун жана аял укугунун тарыхы 42

2-сессия: Гендер жана гендердик зомбулук 64

3-сессия: Кызды күч колдонуп ала качуу 72

4-сессия: Үй-бүлөдөгү зомбулук 86

5-сессия: Жашы жете электер менен никеге туруу 98

3-бөлүм. Эдвокаси 107

1-сессия: Аракет кылчу кез келди! Эдвокаси 109

2-сессия: Кампаниянын стратегиясынын пландоо 115

4-бөлүм. Суицид жана аны алдын алуу чаралары 130

1-сессия: Суицид жана анын түрлөрү 132

2-сессия: Суициддин алдын алуу 139

5-бөлүм. Аксакалдар соту 148

1-сессия: Аксакалдар соттору түшүнүгү жана алардын ыйгарым укуктары 150

2-сессия: Сот процессин сахналаштыруу 158

6-бөлүм. Укук Элчи 173

1-сессия: Укук Элчинин ролу жана ыйгарым укугу 175